# СЕНИН КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШҮҢ

## МАКУЛДАШУУНУН КҮЧҮ

ГЭРИ КИСИ

# СЕНИН КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШҮҢ

## МАКУЛДАШУУНУН КҮЧҮ

ГЭРИ КИСИ

**Your Financial Revolution,**
***The Power of Allegiance, Kyrgyz***

Copyright © 2021 by Gary Keesee

Originally published in English
Copyright © 2015 by Gary Keesee
ISBN : 978-0-9729035-9-2

Gary Keesee Ministries,
P.O. Box 779, New Albany,
OH 43054, USA

GaryKeesee.com

This book is a FREE GIFT from Gary Keesee Ministries and is
NOT FOR SALE

**Сенин каржылык төңкөрүшүң,**
***Макулдашуунун күчү, Кыргыз тилинде***

© 2021, Гэри Киси

Алгач англис тилинде басылып чыккан
© 2015, Гэри Киси
ISBN : 978-0-9729035-9-2

Гэри Кисинин кызматы,
П/Я 779, Нью Албани,
Огайо 43054, АКШ

GaryKeesee.com

Бул китеп – Гэри Кисинин Кызматынан белек жана САТУУГА БОЛБОЙТ

Бул китепте Гэри Киси каржылык жактан жакырчылык абалда болгондон кийин, жашоосу канчалык тез өзгөргөндүгү жөнүндө айтып берет. Бул китепте автор библиялык керемет принциптерге алып барган үмүтсүз абалын чын жүрөктөн айтып берет. Так ошол принциптер аны ийгиликтүү жана баталуу жашоого алып чыккан.

# МАЗМУНУ


АЛГЫ СӨЗ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5

КИРИШҮҮ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 7

**1-БӨЛҮМ.** ПАДЫШАЧЫЛЫК . . . . . . . . . . . . . . . . . . 21

**2-БӨЛҮМ.** КӨГҮЛТҮР ЖАРЫК . . . . . . . . . . . . . . . . 67

**3-БӨЛҮМ.** КУДАЙ, СУРАНАМ, МАГА ЫРАЙЫМ КЫЛ! 77

**4-БӨЛҮМ.** ЭБЕГЕЙСИЗ ЧОҢ БАЛЫК. . . . . . . . . . . . . . 111

**5-БӨЛҮМ.** БУЛ ТАНДОО КИМДИКИ БОЛГОН? . . . . . 121

**6-БӨЛҮМ.** ТЕҢИРДИН БАТАСЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . 161

**7-БӨЛҮМ.** ЭШИК . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 183

**8-БӨЛҮМ.** МАКУЛДАШУУНУН КҮЧҮ . . . . . . . . . . . . 193

**9-БӨЛҮМ.** СИЛЕР АЛАРГА ТАМАК БЕРГИЛЕ . . . . . . . 203

**10-БӨЛҮМ.** ТЕРДЕБЕШ КЕРЕК, ЖЫЙНАШ КЕРЕК! . . 219

**11-БӨЛҮМ.** БАСКАНГА КАРАГАНДА УЧКАН ОҢОЙ! . 227

# АЛГЫ СӨЗ

Бир нече жылдар мурда Кудай мени жана аялым Дренданы алып өткөн саякат жөнүндө айтып берүүгө карата менде каалоо пайда болду. Биздин турмушубузда абдан эле чоң өзгөрүү болду! Ушул бир нече жылдын ичинде Библиядагы Ыйса жасаган кереметтер көз алдыбызда болуп жатканын көрдүк: өлгөн адамдын кантип тирилгенин; шал болуп калган адам ордунан туруп жана эртеси күнү эле жумушка кеткендигин; сансыз адамдар айыгышып жана жүз миңдеген адамдарда каржы жаатындагы жыргалчылыктар калыбына келгендигин көрдүк. Бирок, биз үчүн кереметтердин эң бир чоңу – бул жеке биздин үй-бүлөнүн башынан өткөн кереметтер эле.

Менин максатым – силерди толук айкындыктагы ушул саякатка чакыруу, ал менин жашоомду өзгөрткөн сыяктуу эле, силердин жашооңорду да өзгөртсүн. Бул таржымалды бир китепте толугу менен айтып берүүгө мүмкүн эмес. Бул силердин менин жашоомду өзгөрткөн, Кудайдын Падышачылыгынын сырларын ача турган жана өзүңөрдүн жеке каржылык төңкөрүшүңөрдү ишке ашырууга жардам бере турган китептердин сериясынын биринчиси. Бул мен үчүн өтө кубанычтуу саякат жана ал эч качан бүтпөйт. Биз ар дайым үйрөнүүнү улантабыз! Кудайдын Падышачылыгын таанып-билүү түгөнбөйт.

Мен Кудайга абдан ыраазымын: Анын мээрими бизди күн сайын жаңылап турат, Ал бизди куткаруу жолуна багыттоодо

чыдамкайлык менен кечиримге толгон. Силерди бул саякатка чакырууда, менин эң сонун жубайым Дренда жөнүндө айтпай коё албайм. Анын Кудайга арналган жүрөгү, анын сүйүүсү жана чыдамкайлыгы мага күчтөнүүгө, алсыздыктарды жеңип өтүүгө жана мен ушунчалык муктаж болуп жаткан нерселерге Кудайдан жооп алууга жардам берди. Зор кубанычта силер менен бөлүшкүм келет:

Сенин каржылык төңкөрүшүң

*Макулдашуунун күчү*



# КИРИШҮҮ

*Жанымдан тынчтык кетти, жакшы күн жөнүндө унутуп койдум.*

– Жеремиянын ыйы 3:17

Мен бир нерсе жакшы болбой жатканын, ал тургай, такыр эле жакшы эмес экендигин түшүнүп ойгондум. Акыл-эсим катуу коркунучка курчалып калды. Өзүмдүн тилимди түшүнбөй турдум; колдорум, буттарым жана бетимдин бир жагы уктап калды. Мен Дренданы ойготтум жана ага эмне болуп жатканымды кыйналып атып түшүндүрдүм, анткени бетим, тилим менин эркиме баш ийбей атты. Ага өз акыбалымды түшүндүрүүгө аракеттенип жатып, жүрөгүм сайгылашып жатканын баамдадым жана мага дем алуу оор болуп жатты. Ал тура калып, анан дароо сыйына баштады. Акырындык менен бул таң калыштуу жана коркунучтуу сезимдер басаңдады. Мен кайрадан төшөккө жаттым жана Дренда мага жегенге бирдемелерди алып келди. Денем менен эмне болуп өткөнүн сезген коркунуч жана дүрбөлөң менен жаткан бойдон эле сыйына баштадым. Мага дүрбөлөңдүн түрү келди: коркунуч, мен мындайды мурда эч качан сезген эмес элем, ал сезим менин акыл-эсиме чабуул коюп жатты.

Карыздын жүгү менен жашаганым жана ар дайым эле акчанын

жетишсиздиги, менин күнүмдүк жашоомо коркунучтарды алып келген эле. Акыркы бир нече жылдын аралыгында каржылык кырдаалымдын начарлаганынан улам, мен ушунчалык катуу стресске түшүп кеткен болчумун. Мен сатуу иштери менен алектенгендигиме байланыштуу түшкөн пайыздан көз каранды болчумун, анан каржылык планда менде эч нерсе болбой жатты. Биз 1800-жылы курулган фермердик анча чоң эмес үйдү арендага алып турганбыз, анан ал ошол мезгилден бери аны такыр эле оңдоп-түздөбөгөндөй көрүнүп турган. Балким, мен бир аз күчөтүп жиберип жаткандырмын, бирок, үй чынында эле абдан эле жаман абалда болчу. Терезе жыгачтарында жаракалар болгондуктан, так эле биздин конок үйүбүздө чөптөр өсүп турчу. Көптөгөн айнектер талкаланып калгандыктан, биз аларды катуу кагаздар менен жабыштырып койгон болчубуз. Анткен менен, Дренда мунун баарын биздин үйгө айланта алды. Бирок, ал тургай, анын өзгөчө таң калардык жөндөмдүүлүгү дагы бул үйдүн олуттуу кемчилдиги бар экендигин жашыра албай калды.

Биздин колубузда болгон нерселердин бардыгы да ошол – талкаланган абалда болчу! Биздин эки машинабыз тең 300миң км. ди жүрүп койгон эски машиналар болчу, араңдап атып от алчу. Эки балабыз кайрымдуулук үйүнөн жараксыз деп чыгарылган төшөктөрдө укташчу, ал эми алардын бөлмөсүндөгү килемче жол боюндагы таштандыдан табылган болчу. Биз дайыма карызга алчубуз, ким болсо дагы бир аз жардам бере ала турган болсо, ошолордун баарынан алчубуз. Биз эртең баары жакшы болот деген үмүттө, эптеп өлбөстүн күнүн көрүү үчүн, араңдан зорго бир учун бир учуна жалгаштырып жашачубуз.

Лимиттен ашып кеткен он кредиттик картам жана бир нече ай мурда жаап салышкан 28 жылдык пайыз менен алынган кредитим коллекторлорго өткөрүлгөн эле. Менин машинам үчүн төлөй турган төлөмүм (ошол эски машиналарга төлөчүмүн дагы) 120 күн өтүп кеткен эле, төлөй албагандык үчүн менде аларды

алдырып коюу коркунучу да бар эле. Мен төлөй турган ар бир эсептин мөөнөтү өтүп кеткен болчу. Мага карата соттук токтом чыккан эле, мал-мүлкүм арестке коюлган, күн сайын эртең менен мени коллекторлордун чалган коңгуроосу ойготоор эле. Андан тышкары менин салык кызматынын алдында да карызым бар болчу, анан алар дагы салык төлөбөгөндүгүм үчүн доо арызын беришкен эле. Биз Дренда экөөбүз ата-энелерибизге да 26 миң доллар карыз болуп калганбыз, алар да бизге жардам берүүдөн чарчашкан. Муздаткычыбыз тамак-ашка толгон кез сейрек болчу. Бизде дайыма электр жарыгын үзүп коёт деген коркунуч бар болчу, кээде андай коркунуч ай сайын келчү. Мен жетер чегине жетип калган болчумун.

Эми ошол стресс менин денемди бир нерсе кыла баштады. Мен бир нече дарыгердин кабыл алуусунда болдум, алар мени дүрбөлөңгө түшүүнүн чабуулуна кабылгандыгымды айтышты да, мага антидепрессант жазып беришти. Тилекке каршы, "приступтар" менен дүрбөлөңдөр уланып жатты жана алар ушунчалык тез-тез болгондуктан, ал тургай, сыртка чыккандан да коркуп калдым. Ушундай көңүлсүз күндөрдө мен жоопторду издегенди улантып жаттым. Кант, крахмал же кофеин кошулган бир нече азыктардын: дүрбөлөңгө түшүүгө ыңгайлаштыргандыгын байкап калдым. Эми мен жегенден да коркуп, ар кандай тамакка шектенүү менен карап калдым. Акыр-аягында иштей албагандай абалга жетип калдым, анан албетте каржылык көйгөйүбүз ого бетер тереңдеп кетти.

Менин аялым күйөөсүн жоготуп коюудан коркуп, кооптонуп; кийинчерээк ал өзү айтып бергенине караганда, биздин балдарыбызды жалгыз кантип өстүрөм деп ойлонуп да баштаган экен. Мен Кудайга жооп беришин суранып, жалбарып жаттым, эмне менен күрөшүүм керектиги тууралуу тажрыйбам да, билимим да жок болчу. Врачтар менин абалымды сүрөттөөдө татаал терминдерди колдонушуп, ал айыкпай турган оору

экендигин, менин өмүр бою даары ичип жүрөөрүмдү айтып жатышты. Башка дарыгерлер болсо, мен кант диабети менен ооруп калуу коркунучунун алдында турганымды жана такай анализдерди тапшырып турушум керектигин, карыган сайын бул оору күчөй берерин айтып жатышты.

Мен машайакчы болгондугума карабастан, тажрыйбага ээ эмес болчумун жана рухий дүйнөдө душманга кантип каршы турганды билбейт элем. Ушул этапта мен караңгылыктын күчтөрүнүн чабуулунун астында калганымды түшүнгөн эмесмин. Көйгөйдүн баары менин денемде болуп жатат деп ойлоп, Кудайдан аны айыктыруусун эле суранып жаттым. Машайакчы болгондуктан, менин жообум Кудай экендигин билчүмүн, бирок, ошол эле мезгилде мен Кудайдан абдан алыс болчумун. Врачтардын баары менин абалымды ар кандай диагноздор менен атап жана баарын эле психологиялык көйгөйлөр менен байланыштырып жатышты, аларды толтура даарылар менен гана даарылаш керек болчу. Мен мурда айтып кеткендей, бул оору даарылангыс оору экен жана медикаменттер менин психикалык абалыма жардам берүү үчүн гана керек болуп жатты. Анын үстүнө дарылар терс таасирин тийгизип, эч кандай жардам берген деле эмес. Менин оюмча алар тескерисинче, өзүмдү тумандын арасында калгандай сезген абалда калтырган, мен көзөмөлдөй албаган коркунучтар жана ойлор менен кыйналган симптомдорду алып келди. Мен жооп таба албай жаттым жана мага эч нерсе жардам бере албай жатты. Ушинтип бир нече жумага уланды, симптомдор менен кошо мендеги коркунуч да өстү, анан да коркунуч бүт жашоомду ээлеп алды.

Анан бир жолу кечинде Кудайды издөөгө аракет кылып жаткан кезимде олуттуу жетишкендикке жеттим. Эркиндигимдин эң бир маанилүү ачкычын таптым. Мен шаршемби күндөгү жыйындын кечки кызматында болчумун. Табынуу жана даңктоо учурунда менде дүрбөлөңгө түшүүнүн интенсивдүү көрүнүшү башталды.

Мен көңүл чөккөн абалда элем, анан албетте сыйынууга муктаж экендигимди билип турдум, ошондуктан бүт жыйындын көзүнчө алдыга чыктым. Иш жүзүндө кызматты алагды кылып аткандыгыма карабастан, алдыга чыктым анткени, мага баары бир болуп турган. Мен өтө чоң жыйынга барчумун, кайтаруучу мени таанытбайт болчу, бирок, даңктоодогу бир киши эле мени билер эле. Ушунчалык көңүл чөккөн абалда болгондугуман улам, сахнага сойлоп чыккандай эле болдум жана бардык адамдардын көз карашы мага багытталды. Тартип сакчылыгындагы өкүлдөр мени алып кетели деп аракеттенишип калганда, даңктоо тобундагы мени тааныган адам кырдаалды дароо түшүнө койду. Ал мен тууралуу кайтаруучуга айта баштады, анын жүзү акырындык менен жумшара баштады. Анан кайтаруучу мага жакын келип, сыйына баштады. Досум кайтаруучуга менин оорум тууралуу айтыптыр.

Кайтаруучу мага карап туруп, анан минтип айтты: “Анда алсыроо”. Ушул сөз менен ал менин башыма колун койду да, анан ошол жинге кетүүгө буйрук берди. Ошол мезгилде таң калыштуу нерсе болду: мен бошондум! Көптөгөн айлардан бери мен эми гана өзүмдү жакшы сездим – коркунуч дагы, кыйнаган ойлор дагы жок, жөн гана терең тынчтыкты сездим. Ыраазы болдум деп айта турган болсом – анда ал эч нерсе дебей эле калгандык болуп эсептелет. Мен таң калдым дейин десем – бул менин сезимдеримди өтө эле алыстан көрсөтүп калмак. Мен өзүмдү пыр сыяктуу өтө жеңил сезип жаттым жана кубанычтан жыргап жаттым.

Чогулуштан кийин Дренда жана мен, бир нече досторубуз менен майрамдоо үчүн **Pizza Hut** пиццерияга бардык. Мен ал жакта отуруп алып пицца жеп атканмын, анан капысынан эле радиодон ыр угуп калдым: анан күтүлбөгөн эле жерден коркунуч сезими мага кайрадан келип, жабуу сыяктуу эле мени жаап калды. Ушул учурда мен кайрадан бул караңгылыктын жини

экенин сезип калдым. Кайтаруучу бул алсыздыктын жини деп айткан болчу, бирок, мен анын эмне экендигин билген эмесмин, ошондуктан бир аз тынчым кетип турду. Мен чогулуш убагында айыктым деп ойлоптурмун, бирок, андай болбой чыкты. Кийинки күнү дагы мен дүрбөлөңгө түшүү менен күрөштүм, бирок, жакында эле жыйында эмнени башыман өткөргөнүмдү эстөөнү унуткан жокмун. Качан кайтаруучу мага сыйынганда, ал айыгуу үчүн сыйынган жок. Ал караңгылыктын жиндеринин үстүнөн бийлик алды. Кайтаруучунун аракетинен улам менин абалымдын өзгөрүлгөндүгү анын оору менен эмес, жиндерге байланыштуу экендигин билдирип турду. (Көрдүңөрбү, мен Машайакта ушунчалык жеткилең болбогондуктан улам, мунун баарын түшүнгөн эмесмин). Ал мезгилде мен рухий согуш тууралуу өтө аз билчүмүн, анткен менен, жиндердин чынында эле бар экендигин билчүмүн. Алардын бирөөсүн көргөнмүн дагы.

Өспүрүм кезимде мен ата-энеме тиешелүү пицца жасаган эки жерде иштеп калдым. Бир жолу кечинде бир киши келип, жергиликтүү методикалык жыйында ойгонуу боюнча чогулуш өткөрөм деп калды. Ал мени да кел деп чакырды. Ал өз сөзүн мындай сүйлөм менен бүтүрдү: “Ыйса Библияда жасаган нерселерин, дагы деле жасап жатат”. Бул менин көңүлүмдү бурду. Мен жыйында өстүм. Мен бешинчи класста экенимде, жайкы Библиялык мектепте өз жүрөгүмдү Теңирге бердим. Бирок, ошол жылдардын баарында мен кимдир бирөөнүн Кудайдын күчү менен айыккандыгын деле көрбөдүм, - Кудай кылды деп ынана тургандай, менин көңүлүмдү бура тургандай эч нерсе деле болгон жок. Мектепте окуп жүргөн кездеримде, акырындык менен мен Теңирден алыстай бердим. Мезгил-мезгили менен мен кайрадан жыйынга барууга аракет кылып жүрдүм, бирок, бул кызыгуу тез эле жоголуп баратты. Ошентсе да, мага кайрылган адам, кандайдыр башкача болчу. Ыйса Библияда кылган нерселерин дагы деле кылып жатабы? Мага ал эмне тууралуу айтып жаткандыгын көрүү

кызык болду. Менин бир нече кызматчыларым да ошол жыйынга барышар эле, алар да мени чакыра беришкендиктен, барууну чечтим.

Биринчи эле жолу ал жакта болгон кезимде мен мурда эч качан башымдан өткөрбөгөндөй, Кудайдын жанымда экендигин сездим. Мен физикалык түрдө Анын бар экендигин сезип турдум: ал сезим ушунчалык чындык болчу! Ал киши сүйлөп жаткан сөз ушунчалык күчкө толо эле, анан ал кимдир бирөө өз өмүрүн Ыйсага арнагысы келеби же арналуусун жаңылагысы келеби деп сураганда, мен колумду көтөрдүм. Мына, сага! Бул эмне деген кеч болуп кетти!? Мен ушунчалык шыктанып турдум. Мен ар бир адамга Кудай кандай гана улуу экендигин айткым келип турду.

Ал мезгилде интернет дагы, CD – дисктери, кассеталар дагы жок болчу, болгону телевизордогу үч гана канал бар эле. Шаар кичинекей эле, айрыкча кечинде адамдар эмне менен алектенүүнү да билбей калышаар эле. Ошондуктан, адатта өспүрүмдөр кечинде пицца жасалган жердин жанына чогулушуп, анан түнгө чейин ошол жерде отурушаар эле. Жума жана ишемби күндөрү биз түнкү саат бирде жабылчубуз, ал эми анын жанында машиналар толуп кетчү. Мага улам-улам чыгып аларды кубалаганга туура келчү, анткени бизге келген кардарлардын машиналарын коёрго орун калбай калчу. Жаштардын ортосунда чыгып кеткен мушташты басуу үчүн жана аларды үйлөрүнө кубалаш үчүн биз бир нече жолу полицияны да чакырганбыз. Бирок, эми менде бир идея пайда болду. Бул өспүрүмдөргө Ыйса тууралуу айтуу керек. Ошондуктан, мен аларга чыгып, эгерде алар ушул жерде калууну каалаша турган болушса, анда мен пиццага келген кардарлар тарагандан кийин ал жерде, Библияны окуп-үйрөнүү принциптерин өтөөрүм тууралуу айттым. Биз жабылгандан кийин жууп-тазалоо иштерин да кылчубуз, анан элестетсеңер, ошол түнкү бир жарымда мен кидир-бирөө жарым келет деп оюма да келген эмес. Бирок билесиңерби, бир нече адам келди жана

бир нече кызматчылар да жумуштан кийин калышты. Биринчи эле кечки жолугушуубузда өспүрүмдөрдүн бирөөсү Машайакка кызмат кылууну каалагандыгын айтты жана ал үчүн эмне кылуу керектигин менден сурады. Менин алдымда күтүлбөгөн эле бир көйгөй пайда болду, анткени мен окуянын мындай вариантын ойлогон эмесмин. Мен өзүм да Библия тууралуу эч нерсе билбестигимди унутпагыла, бирок, мага берилген жооп катары бир жерди окудум.

> *Ошондо мындай болот: Теңирдин ысымын чакырган ар бир адам куткарылат".*
>
> **–** Элчилердин иштери 2:21

Бул өтө эле жөнөкөй көрүнүп жатты, ошондуктан мен так ушундай кылууну чечтим. Ал өспүрүм мага суроо менен келгенде, калгандарынын баары тарап кетишти, анткени мен ага креслого отуруп жана Ыйсанын ысымын чакырууну сунуштаган болчумун. Мен бул оңой эле болот деп ойлогом, бирок, арадан эки мүнөттөй убакыт өтсө да, ал бир да сөз айта албай жатты. Ал мени укпай калды го деген ой менен, мен өз айткандарымды кайрадан кайталадым. Кайра эле тынчтык. Анан мен анын калчылдап аткандыгын көрүп калдым. Анын жүзүнө карап туруп, Ыйсанын атын атоо өтө кыйынга туруп жатканын түшүндүм. Анан ал кандайдыр бир дамба жарылып кеткен сыяктуу болуп, "Ыйса" деп айтты, анан гана анын жүзүндө бейкуттук пайда болду. Демек, иштеди! Кимдир бирөө өз жүрөгүн Теңирге бергиси келсе, мен дайыма ушундай кылып жүрдүм. Мен аларды креслого отургузуп, анан Ыйсанын ысымын чакырууну сунуштачумун. Дээрлик эч ким дароо Анын ысымын чакыра алчу эмес. Алар калчылдап барып, анан абдан кыйналуу менен Ыйсанын ысымын айтып, анан ошондон кийин гана бейкутукка ээ болушчу.

Бир жолу мен аркы бир бөлмөдө камыр жууруп жаткам, анан

эшиктин түрсүлүн угуп калдым. Эшикти ачып мен эки өспүрүмдүн турганын көрдүм, аларга мен мурда Машайак жөнүндө айтып берген болчумун. Мен аларды киргиле дедим, алардын бирөөсү өз жүрөгүн Ыйсага арнагысы келип жатканын айтты. Мен аны стулга отургуздум, адаттагыдай эле ал да калчылдай баштады, анан гана барып Ыйсанын ысымын чакырды. Мен кылчайып карап калып, бир өспүрүмдүн менден кетенчиктеп баратканын көрдүм, анан бирөө кубалагандай болуп, бурчка тыгылып калды. Ал дубалды тырмап баштады, мүмкүн болушунча менден алыстоого аракет кылып жатты. Бул аябай таң калыштуу эле, мен буга түшүндүрмө таба алган жокмун.

Ага карап турганда менде мындай ойлор пайда болуп кетти: «Балким, бул жин эмеспи?» Мен бул чөйрөдө эч кандай тажрыйбага ээ эмесмин, бирок, Ыйык Китептен жиндер жөнүндө окугам. Мындай жапайы жүрүм-турумга байланыштуу башка түшүндүрмө таба алган жокмун. Ошондо мен: «Ыйса, бул жинби?» деп сурадым. Анан күтүлбөгөн жерден, кимдир бирөө көшөгөнү алып салгандай: мен өспүрүмдүн жанында асылып турган жинди көрдүм. Ал бийиктикги бир метрдей экен, анан жигитти буттары менен кысып тургандай болуп, ага асылып туруптур. Алар менден жиндин кандай болгонун сурашат. Ал бир аз маймылга окшош, бирок, андан да башкача эле. Ал маймылдай түктүү, колу узун, бирок, көздөрү кызарган; түрү суук болчу. Ошол көздөрдү караганда чынын айтсам, катуу кыйкырып жибердим. Мен анын көздөрүнөн көргөн жек көрүүчүлүк адам чыдагыс болчу. Бул көздөрдө болгон нерселерди сүрөттөө кыйын, бирок, ал жек көрүүчүлүктү - тешип жиберүүчү жамандыкты, иш жүзүндө колго кармап көргөндөй гана көрүш керек болчу. Ошол эле маалда мен бул жандыктын жөн эле жек көрбөй тургандыгын түшүндүм - ал каарданууга толуп-ташып турган.

Эми эмне? Бул желмогузду көргөндө эмне кыларымды билбедим. Бирок, эгерде биз Ыйсанын ысымы менен Анын

Падышачылыгына кире турган болсок, анда бул жиндин үстүнөн бийлик болушу керек деп ойлогом, ошондуктан мен катуу кыйкырып: «Ыйсанын аты менен!» дедим. Көшөгө дароо жабылды. Ак жана кара түстөгү сыналгылар эсиңердеби: аларды өчүргөндө, экранда акыркы кадрлардан кичине из калат да, анан акырындап өчөт. Мени менен да ошондой болду: мага эми ал жандык көрүнбөстөн, анын жоголуп бараткан көлөкөсү гана көрүнүп калды. Көшөгө жабылганда, өспүрүм капысынан имараттан чуркап чыкты.

Ошентип, жин-перилердин тирүү экенин билдим. Менин көйгөйүмдүн жин-перилер экендигин түшүнүп, дароо ошону менен алектенип, ошондон бери эркиндикте жашап келе жатканымды айткым келет. Бирок, бул дароо ишке ашкан жок. Өкүнүчтүү, бирок, чындык: ушунча жылдар аралыгында жыйында жүрсөм да, мен Машаякта ким экенимди түшүнүүгө убакыт бөлгөн жокмун; өзүмдүн мыйзамдуу укугумду душманга каршы колдонууну үйрөнө албаган экем. Бирок, ошол учурда мен жин-перилер менен алышып жатканымды түшүнүп, аны жеңип алууну үйрөнө аларыма аябай кубандым. Жин-перилер менин бийлигиме баш ийиши керектигин түшүнүүм үчүн жетиштүү эле билим бар эле, бирок, андай болгон жок жана мен уялып кеттим. Бир нече күндөн кийин, менин көйгөйүм чынында эле караңгылыктын жиндери аркылуу келгенин далилдеген дагы бир тынчсыздануум пайда болду.

Мен уктоочу бөлмөмдө болуп, рух менен сыйынып, мага эмне болуп жатканын билгим келди. Сыйынып жатканда, күтүлбөгөн жерден кайтаруучунун сыйынуусунан кийинкидей болгон жеңилдик жана эркиндикти сездим. Ошол кечте мен эки сааттай эркиндикке ээ болдум, бирок, андан кийин мурунку абал кайтып келди. Эгерде ал сыйынууга ушундай таасирленип жаткан болсо демек, мен жин менен байланышта болуп жатканымды түшүнүп турдум. Мен кайрадан сыйынгым келди, бирок, эч нерсе болгон

жок. Андан кийин рухий согуш жөнүндө колумдан келгендин бардыгын окуп, Машайакта өзүмдүн ким экендигимди жарыялай баштадым, бирок, абал өзгөргөн жок. Ошол мен жиндин үстүнөн бийлик жүргүзө алган жалгыз гана учурум болду. Менин башым маң болуп жана эмне кылышымды көрсөтүп берүүсүн Кудайдан жигерденип сурана баштадым. Толук эркиндикке жете албасам дагы, бирок, мындан ары дүрбөлөңгө түшүп, үрөй учурган жок! Жеңиштерге жетиштим. Мен таңууланып жаткан ойлор жана депрессия менен күрөшүүнү уланттым, бирок, күчтөнүп баратам деп ишенчүмүн. Мен күн сайын биздин Машайактагы бийлигибиз жөнүндө Библия эмнелерди үйрөтөрүн изилдөө менен убакыт өткөрүп жүрдүм.

Бир күнү күндүз менин кеңсемде иштеп жатып, мага тааныш болгон сезимдер: коркуу жана үйрөй учуу менен күрөшүп жаттым. Сыйынып, коркуу рухун кетирүүгө аракет кылдым, бирок, адаттагыдай эле майнап чыккан жок. Бир маалда мен капысынан эле Теңирдин үнүн уктум. Ал мага “бул жинге жогол деп буйрук кыл” деди жана аны үндү бийик чыгара бийлик менен айтуу керектигин айтты. Анан ал мага руханий бийликке болгон көз карашымды таптакыр өзгөрткөн бир нерсени айтты. Ал мени жинге чыгып кетүүгө буйрук кылып жатканда, сезимдериме көңүл бурбоо керектигин, сезип жаткан же көрүп турган нерселерге эмес, бирок, Анын Сөзүндө туруууга үндөгөн. Бул учурда мен кеңседе болчумун жана кызматчыларым тегеректе турушкандыктан, мен ордуман тура калып, шайтанга катуу кыйкыра албадым. Ошондуктан, мен дааратканага барып, катуу үн чыгарып: “Ыйсанын атынан, коркуу сезими мен сени байлаймын. Сенин жасап жаткан иштериң мыйзамсыз жана мен сага Ыйсанын атынан чыгып кетүүгө буйрук кылам» дедим. Мен бирок, эч кандай өзгөрүүнү сезген жокмун. Бирок, мен Теңирдин: «Сезимдериңе эч качан маани бербе», - дегенин эстедим. Анан ошондо Ал мага ушул рухту бергендиги үчүн Кудайга ыраазычылык

билдирип, эркиндигим үчүн Аны даңктай баштадым. Кеңсеме кайтып келип, жумушка кириштим. Мен дасторконго отурдум, бирок, эч кандай өзгөрүүнү сезбесем дагы, коркунуч мага чабуул койгон кездерде жөн гана Кудайга ыраазычылыгымды айта бердим. Мен кардарларымдын ишинин үстүндө иштеп жаткам, анан күтүлбөгөн жерден Кудайдын катышуусун сезип, кара, буурул булут мени таштап кетип жаткандыгын жана менин кеңсемдин шыптарын аралап өтүп, эрип бара жатканын көрдүм.

Мен эркиндик алдым!

Жиндерден коркуу сезими жоголду, эгерде эми ал кайтып келсе да, мен аны кантип жеңишим керектигин билмекмин. Бул ушундай бир кубаныч болду! Дрендага чалып, эмне болгонун айтып бердим. Ал дароо келип жана биз токтолбостон сүйүктүү кытай рестораныбызда менин эркиндигимди белгилейбиз дедик. Айткым келген нерсе, ошол күндөн тартып мага коркуу сезимине көп жолу туруштук берүүгө туура келди, анткени жиндер ушунчалык оңой эле багынып бербейт эле. Ал жин жоголгонуна карабастан, жашоомдо каржылык башаламандык өкүм сүрүп жатты. Каржылык жактан коркуу сезими кайрадан менде негизделип алууга аракеттенип жатты, ошондуктан, акыл-эсимде сабырдуу болууну үйрөнүүгө туура келди.

Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө руханий сабак алуу менен жана башка дагы салгылаштарды жүргүзүүгө туура келди. Мен бул таржымалды жеке тажрыйбамдан билгенимден улам, каржылык "стресстин" адамдарга кандайча таасир тийгизип, алардын жанын кыйнаган коркуу сезимин кантип ачып берерин түшүнүшүңөр үчүн айттым.

Менин ошол жерде болгонумду билишиңерди каалайм.

Ошентип, кандай гана кыйынчылыкка дуушар болсок дагы, үмүт бар. Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө мурунураак билсем, кандай гана жакшы болмок! Биз Дренда экөөбүз мындан эчак эле

чыгып кетишибиз мүмкүн экендигине карабастан, тогуз жылдан бери каржылык башаламандыкта жашап келгенибиз кандай гана өкүнүчтүү!

Тилекке каршы, биздин каржылык башаламандык “радардагы” *(радар - бул абадагы, деңиздеги жана жер бетиндеги обьектилердин аралыгын, ылдамдыгын, геометриялык параметрин аныктоочу радиолокациялык станция)* сигнал болгон эмес - бул раддардын өзү болгон. Бул биздин жашообуздун чагылышы болчу. Тогуз жылдык тынымсыз карыздар, басынткан жагдайлар жана окуялар жөнүндө эскерүүлөр болчу... Мунун бардыгын тез арада унуткум келет. Менин баталуу зайыбым! Ал көптөгөн жылдар бою ушуну баштан кечирди, ошондуктан, мен ага бүгүн колумдан келишинче бардык жактан бата берүүгө аракет кылам.

Теңир мени жиндерден коркуу сезимин жеңүүгө үйрөткөндөй эле, Ал каржылык жагына да рухий жактан кантип кароону үйрөтө баштады. Кудай Дренда менен мага акча жөнүндө ачып берген нерсе жашообузду түп-тамырынан бери өзгөрттү, ошондуктан, биз анын калган бөлүгүн башкалардын ушул принциптерди түшүнүүсүнө жардам берүүгө арнадык.

Дренда экөөбүз акчага зар болуп жүргөн абалдан автоунааларды накталай акчага сатып алган, эч кандай карыз болбой туруп кыялдагы үйүбүздү курган, көптөгөн компанияларды түзүп, “Акча маселесин чечүү” (Fixing the Money Thing) деп аталган, жер жүзү боюнча күн сайын көрсөтүлө турган теле.көрсөтүү программасын ачкан абалга жеттик. Дренда ошондой эле, жума сайын “Drenda TV” деп аталган ABC Family программасын алып барат, анын максаты үй-бүлөлөргө жардам берүү жана аялдарга колдоо көрсөтүү. Азыр жума сайын миңдеген адамдарга Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө окутуп жаткан “Ишеним Жашоосу” (Faith Life Church) деген Жыйынды ачуу үчүн Кудайдын жетекчилигин сездик. Бүгүн

биз өз ишмердүүлүктөрүбүз үчүн миллиондогон долларларды сарптайбыз; айына 200 миң доллардан ашык - телевизор үчүн гана сарпталат. Албетте, эгерде Кудай бизди ушунун баарына үйрөтпөсө, ушул сериядагы китептерде силерге үйрөткүбүз келген нерселердин бардыгы болмок эмес. Бул китепти дагы бир каржы тууралуу жыйнак деп эсептешиңерди каалабайм. Бул жөн гана бюджетти кантип туура түзүү керектиги боюнча дагы бир окутуу эмес, бирок, ал окутуу дагы абдан бир маанилүү жана зарыл нерсе. Бул кирешенин жоктугу жана чыгымдарды кыскартуу керектиги жөнүндө кайра каралып жаткан эски тема эмес.

Бул китеп революция жөнүндө, жакырчылык менен муунтуп жаткан караңгылыктын падышачылыгына каршы көтөрүлүш жөнүндө. Бул моюнтуруктан кантип арылуу жана жаңы жашоону кантип баштоо жөнүндөгү китеп. Менин жообум кандайдыр бир универсалдуу каржылык кеңеш болбой калды. Мен толугу менен каржылык төңкөрүш керек экендигин түшүндүм –

**КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШ!**

1-бөлүм

# ПАДЫШАЧЫЛЫК

Кириш сөздө мен коркуу сезими менин жашоомду кантип жалмап салганы жөнүндө айтып бердим, ошондуктан, силер менен биргеликтеги биздин саякатты силер үчүн абдан маанилүү болгон билдирүү менен баштоо зарыл деп ойлойм: КОРКУНУЧ МЕНЕН ЖАШООГО КӨНҮП АЛБАГЫЛА! Менин жана миллиондогон башка адамдардын жашоосундагыдай эле, коркунуч ар кандай жиндердин таасирине, башаламандыкка, депрессияга жол ачат. Менимче, каржылык башаламандык - адамдардын өмүрүнө коркунуч туудурган эң бир олуттуу коркунучтуу көйгөйлөрдүн бири. 34 жылдан бери каржылык пландоо компаниям аркылуу адамдарга каржылык маселеде жардам берип келем жана мен каржылык кыйынчылыктар менен күрөшүп жаткан жалгыз адам эмес экендигимди байкадым.

Мен бул теманы изилдеп чыктым, чындыгында Америка калкынын 23 пайызы карыз милдеттенмелери боюнча эң аз салымдарды төлөбөй, анан акырындап отуруп толук каржылык кудуретсиздик абалга түшүп калышат экен. Бул бүтүндөй өлкөнүн төрттөн бир бөлүгүн түзөт! Кырк жети миллион адам – бул калктын алтыдан бири - азык-түлүк талондору боюнча камсыздоодо турушат, он үй-бүлөнүн сегизи маянадан маянага чейин эптеп

эле жашашат. Бул биздин мамлекеттин 18 триллион $ды түзгөн тышкы карызын айтпаганда эле, эч качан төлөй албай тургандай карыз. Ошондой эле, мен биздин өлкөнүн аларды кайтарып берүүнүн кандайдыр бир механизмдери жок болуп туруп эле, 120 триллион долларлык карыз милдеттенмелери жөнүндө айткан да жокмун. Биз олуттуу каржылык көйгөйлөр бар өлкөдө жашайбыз! Мен өзүмдүн жеке жашоомдон улам билген нерсе, акчанын чечилбей жаткан көйгөйлөрү жана каржылык стресс коркунучту жашоо образына айландырып коёрун билем.

Бирок, жооптор бар! Силер эркин боло аласыңар! Бул тууралуу Ыйык Китепте так айтылат: Ыйса жакырларга Жакшы Кабар айтуу үчүн келген!

> *Теңирдин Руху менде, анткени Теңир мени жакырларга Жакшы Кабар таратуу үчүн майлады.*
>
> – Ышайа 61: 1

Кедей адам үчүн эмне жакшы жаңылык болушу мүмкүн? Анын эркин боло алгандыгы! Бул кандайча болушу мүмкүн экендиги тууралуу балким, силердин такыр эле түшүнүгүңөр жок болушу мүмкүн. Мен да, жашоомдун кайсы бир учурларында, такыр эле алсыз болуп калгам. Эч кимге карыз болбой, анан капчыгымда жок дегенде жүз доллар бар деген ой, мен үчүн ушунчалык чындыкка коошпогон нерседей туюлган. Эгерде баары ушунчалык коркунучтуу жана кайгылуу болбогон болсо, анда мен ага күлүп карамакмын.

Тогуз жылдык муктаждык жана эптеп күн көрүү мен үчүн терең эмоционалдык “шок” болду. Каржылык стресс бизди бардыгынан ажыратат. Ошол жылдардагы үй-бүлөлүк видеолорду көргөндө аябай уялып кетем. Видеодо мен кеңседе узак күн иштегенден кийин үйгө келем, анан унаадан түшкөнүмдө менин сүйүктүү балдарым чуркап келип, буттарымдан кучактап, жармашышып:

«Атаке! Салам!» деп кыйкырышат. Мен аларга жооп бербейм, ал тургай, аларга карабайм дагы. Мен ушунчалык стрессте болуп, көңүлүм чөккөндүктөн, ал тургай, чынында эмне маанилүү экенин да түшүнбөйм.

**ТЕҢИРДИН РУХУ МЕНДЕ, АНТКЕНИ ТЕҢИР МЕНИ ЖАКЫРЛАРГА ЖАКШЫ КАБАР ТАРАТУУГА МАЙЛАДЫ.**

**– ЫШАЙА 61: 1**

Ошол күндөрдөгү менин ой жүгүртүү принциптерим бир жолу сууда сүзүү сабагында менин үйрөнгөндөрүмдү эске салат. Эгер кимдир бирөө чөгүп баратып, жардамга чакыра турган болсо, анда этият болуш керек. Эмне үчүн? Чөгүп бараткан адамдар аман калууга ушунчалык тырышкандыктан, алар өзүлөрү каалабай туруп эле, силерди да кошо чөктүрүп кетиши мүмкүн. Ошондой абалда мен да болчумун - айланада эмне болуп жаткандыгын байкабаган, бир нерсе кылып жаткан, бирок, ошол эле учурда эч нерсе сезбеген зомби сыяктуу элем. Күйөө катары да мен ийгиликке жеткен эмесмин. Ата катары да мен ийгиликке жеткен жокмун. Үй-бүлөнүн багуучусу катары да мен ийгиликке жеткен жокмун. Менин жашоом мына мындай тартипте гана болчу – кубаныч да жок, кыял да жок, аян да жок жана депрессияга толгон.

Ошол күндөрү Огайо штатындагы Колумбуста курулуш иштери башталган. Бардык жерде үйлөр пайда болду жана биздин шаарда көп жыл катары менен Үй Парады болуп өттү. Эгер анын эмне экендигин билбесеңиз, мен түшүндүрүп берем. Үйлөрдүн парады - бул өзгөчө дизайнерди жана мүмкүнчүлүктөрдү, ошондой эле жаңы курулуш жана жасалгалоо технологияларын көрсөтүүнү каалаган ар кандай куруучулар тарабынан курулган үйлөрдүн көргөзмөсү. Биздин райондо бул иш-чара миңдеген адамдар үчүн абдан популярдуу жана сүйүктүү болду. Бирок, үйлөрдүн парады менин үрөйүмдү учурду. Мен жакырчылыкта жашап жатып,

Дренданын ал жакка барып, ушул үйлөрдүн бардыгын көрүшүн каалаган жокмун. Мен каржылык кыйынчылыктарымдан улам өзүмдү аябай жаман сезип жүргөнүмдө, анан менин аялым да ал жакка барып, чындыгында эле баары бизде кандай гана жаман экендигин билишин каалабадым. Азыр мен ал оюмдун канчалык акылсыздык болгонун түшүнүп жатам, бирок, ошол кезде менин көз карашым ошондой болчу. Эгер ал жакка барса, ал да ошондой үйлөргө ээ болууну каалаарын билчүмүн. Ошондуктан, жылдан жыл өткөн сайын эле мен: «Жок!» дей берчүмүн, бирок, акыр аягында мен макул болуп, барабыз деп чечтим.

Силер элестетип жаткандай, үйлөр эң эле сонун, кооз эле. Ушундан улам, 1800-жылы курулган биздин кичинекей ферма үйүбүз жашаганга жараксыздай сезилип, кыйратууга ылайыктуудай болуп турат. Бир нече үйлөрдү карап чыккандан кийин, биз көчөгө чыктык да, андан кийин Дренда жанымда жок экендигин байкадым. Анын кайда экенин билүү үчүн айлананы карадым, тилекке каршы, ал биз эми эле чыгып кеткен үйдүн жанында туруп, анын көзүнөн жаш агып жатканын көрдүм. Мен анын жанына басып барып, анан бир акылсыз суроо бердим: «Эмне болду?» Дегеле эмне болгонун түшүнбөй жаткан кишидеймин. Ал мага карап: «Менде качан үй болот?» деп сурады. Башымда ойлор тегеренип жатты: "Үй? Ушул сыяктуубу? Ооба, алардын бардыгы 500дөн 700 миң долларга чейин турат. Мен ижарага төлөө үчүн 300 доллар чогултуп алсам кана эле" дедим. Тилекке каршы, мен бул кырдаалдан чыгуунун эч кандай жолун көргөн жокмун жана менин сулуу, кымбаттуу аялыма сунуштай турган эч нерсем жок болчу. Коркунуч менен ийгиликсиздик акылыма жана иш-аракеттериме тоскоол болуп жатты. Бул мен эмес элем; менин кубанычыма, бакытыма эмне болду? Мен бардыгын каржылык стресстин призмасы аркылуу көрө баштадым.

Түнкү саат эки-үчтөр болду, мен уктай албай жаткам. Ийне менен сайгылаган сыяктуу оору менин бетимди жана жаагымды тешип

кеткендей болду, ошондо мен көңүлүм чөгүү менен, жеңилденүүгө муктаж болуп турдум. Отуз алты саат мурун инфекцияны токтотуу үчүн менин тишимдин тамырындагы каналды тазалашкандыктан, жаагым шардай болуп шишип кеткен эле. Оору менен ыңгайсыздык адам чыдай алгыстай эле. Мен ооруну басаңдатуу үчүн "тиленолду" ар бир төрт саатта ичтим, бирок көп деле жардам берген жок. Ошентип, мен өз бөлмөмдө отурам, уктай албайм, дагы бир дозада дары ичип жатам, көзүм "Tylenol" пакетине түштү жана мен көрсөтмөлөрдү окуп чыктым. Тиленолду кантип ичүүнү билбей калганымдан улам эмес, жөн гана эмне кыларымды билбегендиктен, улам эле окуп жаттым, биз эрте менен сулу кабыктарынан жасалган боткону жеп жатып, анын коробкасынын сыртындагы жазууларды окугандай эле окуп жаттым.

Кимдир бирөөгө чындыгында кызыктуу болгону үчүн эмес, жөн гана куту ошол жерде турганы үчүн окучубуз. Ошентип мен окуп жатам... Ооба, ооба, төрт саат сайын эки таблетка, дагы эмне бар? Суткасына он таблеткадан ашык эмес ичүү керек. Эмне? 24 саатта ондон ашык таблетка болбойт беле? Менин мээм бир кишинин төрт саат сайын ичкенде, ал ичкен таблеткалардын санын көбөйтүп койду, анткени мен акыркы эки күндүн ичинде - күнүнө он эки таблетка, башкача айтканда, эң көп дозадан да эки таблетка көбүрөөк ичкем. Бир маалда капысынан эле менин ашказаным тырышып, катуу болуп калды жана мени коркунуч каптап алды.

Тогуз жыл бою муктаж болуп, күйөө же ата катары, же үй-бүлө баккан адам катары ийгиликке жете албай жүргөндүк мени эмоционалдык кыйроого алып келди. Дарыгерлер мени кандайдыр бир жол менен колдоо үчүн, антидепрессанттарды ичүүгө өткөрүштү. Бирок, дары-дармектер мага эч кандай жардам берген жок. Ошентип, мен ал жакта тишимдеги инфекция менен отурдум, эки түн уктабадым, оору ушунчалык чыдагыс болуп, мен кайра эле уктай албай койдум.

Эми “тиленол” жөнүндөгү көрсөтмөлөрдү окуп чыккандан кийин, менде тынчсыздануунун дагы бир себеби - дары-дармектерди ашыкча дозада ичүү жөнүндөгү тынчсыздануу пайда болгондугун түшүндүм. Тиленолдун ашыкча дозасы мага эмне үчүн коркунуч туудураарын билчү эмесмин, бирок, бул нерсенин зыяндуу эмес экенине көзүм жетчү, анткени ал ар кайсы бурчтагы эле дарыканаларда сатыла берчү. Өндүрүшчүлөр таңгакка амдуу жол-жоболорго ылайык эле эскертүүлөрдү жазып коюшкан деп ойлогом. Эки таблетканы ашыкча ичип коюу менен олуттуу көйгөй болушу мүмкүн деп элестете алган жокмун. Бирок, коркуу сезими эсимди оодарып, ушул маалыматты колдонуп, «Эгер мындай болсо, эмне болот?...» деген ойлор менен чабуул коё баштады. Ошондуктан, өзүмдү тынчтандырыш үчүн, уулангандыкты текшерүү борборуна чалып, билип алууну чечтим. Алар мага эч кандай жаман нерсе болгон жок деп айтышат деген ишенимде болдум.

Зымдын экинчи жагындагы кыз өз тармагындагы кесипкөй адамдай көрүндү, анан ал мага кантип жардам бере аларын сурады. Мен акыркы 36 саат ичинде тиленолду төрт саат сайын ичип келгем деп түшүндүрдүм, натыйжада суткасына ондун ордуна он эки таблетка болгонун, бирок, жазылганда ондон ашпаш керектиги эскертилгендигин айттым. Мен дагы эки таблетканы ашыкча ичкендигим мага олуттуу зыян келтирбестиги тууралуу тактап алайын деп чалып жатканымды айттым.

Тыным болуп, компьютердин клавиатурасынан баскычтардын үнү угулуп жатты. Андан кийин, мен силерге сөзмө сөз келтирген бул сөздөр айтылды: «Мырза, бизде адам дозадан ашып кеткен учурларда кантип тирүү калаарын билбейбиз». Эмне? Мен сизди туура түшүнүп жатамбы? Албетте жок! Мен ага 24 сааттык норма эки гана таблеткадан ашып кеткенин жана мунун баары болгону, эки эле күндө ушундай болгонун айтып бердим. Бул жолу ал катуураак үн менен мындай деди: «Мырза, дагы кайталайм, бизде мындай ашыкча дозадан адам аман калган учур болгон

эмес. Сиз тез жардам бөлмөсүнө ТОКТООСУЗ келишиңиз керек!»

Мен ага эмне болгонун түшүндүрүп берүүгө дагы бир жолу аракет кылдым, анткени ал мени туура эмес түшүнгөндүгүнө көзүм жетип турду, бирок, ал мени төмөнкү сөздөр менен бөлүп койду: «Ооруканага силер өзүңөр келесиңерби, же болбосо, мен силерге тез жардам жиберем» деди. Мен таң калып эле калдым! «Мен өзүм келем» - деп күңкүлдөп койдум. «Силер кайсы ооруканага баратасыңар?» Мен ага жооп бердим жана кыз трубканы илип койду.

Мен таң калып эле калдым. Эртең мененки саат тогузда мага абдан маанилүү жолугушуу белгиленди, ал эми азыр болсо, түнкү үч жарым болду. Мен өзүмдү уктоочу бөлмөгө сүйрөп барып, Дренданы ойготуп, эмне болгонун ага айтып бердим. Ал мага тынчсызданУУ жана өкүнүч менен карады. Анын күйөөсү бир нече айдан бери өзүн таң калыштуу алып жүрдү жана ал баарын өз колунда кармап жүрүүдө калуудан тажап жүргөн, анын баары жетишпей аткансып, эми бул дагыбы? «Гэри, болгону дагы эки таблетка гана көп го. Бул сени өлтүрбөй тургандыгын түшүнүп эле турасың го. Аларга кайра чалчы",- деди ал. Бирок, коркунуч акылга сыйбаган жана кыйнаган нерсе. «Кыз ал мени өлтүрүшү мүмкүн деди. Мен ооруканага барышым керек.» «Балким, сен тамашалап жатасың», - деген көз караашты көрүп турдум аялымдын көздөрүнөн, анан уктоочу бөлмөдөн чыктым.

Ооруканага жакындаганда, ак халатчан эки жигит мени тез жардам бөлмөсүнүн кире беришинде күтүп жаткандыгын көрдүм. Мен токтоп турганда, алар мага келип: «Сиз Гэри Кисисизби?» - деп, шашылыш түрдө мени дарыгер текшерүүсүнө алып жөнөштү. Тез жардам бөлмөсүн аралап баратып, менин аты-жөнүм жазылган «Гэри Киси – ашыкча доза алган» деп жазылган тактайды көрдүм.

Мен буга ишене алган жокмун. Мен бул окуямды кыскартып айтайын: кыскасы, доктур менин канымдын анализин алып,

кирди да, анан мындай деди: "Эмнеге сиз бул жакка келдиңиз? Кандагы **тиленолдун** деңгээли ал тургай, баш ооруну басаңдатуу үчүн да жетиштүү эмес. Качан мен ууланууну көзөмөлдөө борборуна кайрылганымды айтканымда, ал күлүп жиберди. Бул мага күлкүлүү көрүнгөн жок. Айрыкча, почта аркылуу бизге эки миң долларлык эсеп келгенде, бул күлкүлүү эмес болчу. Шайтан мени дагы бир жолу отургузуп жана тоноп кетти.

Кудайдын Падышачылыгы өзүмө ачылганга чейин менин жашоом кандай болгонун түшүнүшүңөр үчүн, мен ушул окуяларды айтып берип жатам. Ооба, мен машайакчы болгом. Ооба, мен жыйынга ондук бөлүктөрүмдү бердим. Ооба, мен жыйында кандайдыр бир убакыттар ичинде даңктоо кызматын алып баргам. Ооба, мен Кудайды сүйчүмүн. Бирок, бир нерсе туура эмес болгон, такыр эле туура эмес болгон! Мен Кудай кантип мени коркунучтун жинине каршы күрөшүүгө үйрөткөнүн, антидепрессанттардан жана тынчсыздануунун чабуулдарынан кантип арылганым жөнүндө буга чейин жазгам. Бирок, биринчи кезекте мен коркуу сезиминдеги кырдаалдардан, менин үмүтсүз каржылык абалым аркылуу келген коркунучтун жининен эркин эмес болчумун! Мен дагы эле күн сайын катуу кысымга кабылып, эсептерди төлөөгө акча табууга, ошондой эле, бөгөттөлгөн он кредиттик картаны, үч насыяны төлөп, салык карызын төлөп, тууган-туушкандарга карыздарды төлөп, коллекторлор менен сот аткаруучулардын көптөгөн талаптарын канааттандырууга аракеттенип жаттым.

Мен биздин жашоо каржылык башаламандыкта болгондугун айтып өттүм. Стресс жана эмоционалдык дүрбөлөң менин жашоомдун режими болуп калды. Биз машайакчылар элек, бирок каржылык жактан өлүп жаттык; менин кредиттик карталарым биринин артынан бири бөгөттөлүп жатты. Мага мүлкүмдү тартып алыш үчүн сот буйруктары чыгарылды, насыяларды берүүдөн баш тартышты, ар дайым бизди кредиторлор чакырып жатышты.

Биздин каржылык жактан кыйналып турган мезгилибизде, бизнес жетиштүү киреше алып келбей калганда, тамак-аш сатып алууга да эч нерсебиз жок болуп калган учурлар болду.

**МЕНИН КУДАЙЫМ СИЛЕРДИН БАРДЫК КЕМ-КАРЧЫҢАРДЫ МАШАЙАК ЫЙСА АРКЫЛУУ ӨЗҮНҮН ДАҢКТУУ БАЙЛЫГЫ МЕНЕН ТОЛУКТАЙТ.**

**– ФИЛИППИЛИКТЕРГЕ 4:19**

Үй-бүлөбүз менен отун күйүп жаткан мештин тегерегиндеги конок бөлмөнсүнө чогулууга аргасыз болдук, анткени үйдү суюк отун менен жылытууга мүмкүнчүлүгүбүз жок болчу. Биз “Макдоналдстагы” Happy Meal.ге жетип, аны балдар менен бөлүшүү үчүн, жоголгон тыйындарды дивандар менен креслолордун кычыктарынан издеп табууга аракеттенип жаттык.

Насыя берүүчүлөр мага телефон чалганда, алардан кантип кутулуп кетүүнү үйрөнүп алган элем, бирок, бир күнү мен карыз болгон компания акчаларын кайтарып алуу үчүн адвокат жалдаптыр. Ал киши чалып, атын атабастан жөн гана: «Акча үч күндүн ичинде талап кылынат, же мен өзүмдүн кардарымдын атынан сотко арыз жазам» деди.

Мен кыйналдым. Айла жок эле. Мага ишеним жок болчу. Мен досторумдун баарынан карыз алгам жана ошол учурда өзүмдүн чекке жеткенимди түшүндүм. Мен уктоочу бөлмөмө кирип, керебеттин үстүнө кулап түшүп, Кудайга жалына баштадым. Ошол замат мен Анын үнүн уктум. Мен көп жолу уккан Ыйык Жазуудагы текст эсиме түштү.

> *Менин Кудайым силердин бардык кем-карчыңарды Машайак Ыйса аркылуу Өзүнүн даңктуу байлыгы менен толуктайт.*
>
> – Филиппиликтерге 4:19

Мен Теңирге бул аятты көптөн бери билем деп жооп бердим, бирок, менин муктаждыктарым канааттандырылган жок! Ал менин суроомо дароо жооп берди: “Ооба, бирок, бул менин күнөөм эмес. Менин Падышачылыгым кандайча иштээрин түшүнүүгө убакыт тапкан жоксуң. Ишенимдүү адамдардын көпчүлүгү Байыркы Келишимдеги Израилдей жашашат – кулдардай болуп. Алар карыз жана каржылык кулчулукта жашашат. Мен Өзүмдүн элимдин эркин болушун каалайм.»

Мен Дрендага Теңир айткандын бардыгын айтып берүү үчүн, тез эле ылдый түшүп келдим. Мен Кудайды издебегендигиме жана Анын Падышачылыгынын кандайча түзүлгөндүгүн билбегендигим үчүн анын алдында өкүнүп тобо кылдым. Чындыгында, ошол учурда биз Кудай Өзүнүн Падышачылыгынын түзүлүшү жөнүндө айтып берип жатканда эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын түшүнгөн да жокпуз. Акыры, биз дайыма эле жыйында болчубуз да, дээрлик ар дайым эле ондуктарды берчүбүз жана Кудайды сүйчүбүз.

Биз Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө баарын билебиз деп ойлочубуз. Канткен менен, ооба, биз Асманга бараткан жолдо болчубуз, бирок, Асман бийлигин биздин жашообузга алып келип, жер бетиндеги жагдайларга кандайча таасир этүү керектигин билген эмеспиз. Ошентип, биз Ыйык Китепти изилдей баштадык жана Падышачылык жөнүндө айтканда эмнени айткысы келип жаткандыгы жөнүндө Кудай биз менен сүйлөшө баштады. Биз биле баштагандар бизди таң калтырды! Караңгы бөлмөдө жарыкты күйгүзгөндөй эле болду. Биз жашообузда биринчи жолу өзүбүздүн каржылык абалыбызды чечүүгө жооп таптык.

**Кудайым, Падышачылык жөнүндө сүйлөшкөндө эмнени айткың келет?**

Кудай мага анын Падышачылыгынын түзүлүшүн эч качан изилдеген эмес экенимди айтканда, мен бир аз оңтойсуздандым. Падышачылык деген эмне? Дренда экөөбүздө ал жөнүндө

түшүнүгүбүз жок болчу. Биз сыйынып, Кудайдан бизге эмнени айтканын сурадык: «Теңир, бизге Сенин Падышачылыгың эмнени билдирерин үйрөт!» Алгач мен бул эмне деген Падышалык экендигин түшүнүшүм керек болчу.

Бул түшүнүктү батыштыктар түшүнүшү кыйын деп ойлойм, анткени, биз Американын демократиясында жана эркиндигинде жашап жатабыз. Кудайдын Падышачылыгы – бул демократия эмес; ал Падыша бар болгон Падышачылык. Падышачылыктын бийлиги Падышачылыкта мамлекеттик органдар жана ушул бийликтин астында иштеген адамдар аркылуу ыйгарым укуктарды берүү аркылуу жайылтылат. Айланаңда адамдардын тобун чогултуу - бул падышачылык эмес. Силердин айланаңарда миллион адам чогулушу мүмкүн, бирок, ал падышачылык болбойт. Падышачылык - бул бир эле мыйзамга жана өкмөткө баш ийип чогулган адамдардын тобу. Сөздүк падышачылыкка төмөнкүдөй аныктама берет: «Падышачылык - бул башында падыша же ханыша турган мамлекет же өкмөт.»

Ар бир “Белек” майрамында биз Ыйсанын жерге келгендигин майрамдайбыз, бирок, Ал Өзүнүн Падышачылыгын Өзү менен кошо алып келгенин билбейбиз. Ыйык Китепте бул жөнүндө мындайча айтылат:

> *Анткени бизге наристе төрөлдү, бизге Уул берилди. Бийлик кылуу Анын ийнинде, Ага: Кереметтүү, Кеңешчи, Күчтүү Кудай, Түбөлүктүн Атасы, Тынчтыктын Төрөсү деген ат коюлат. Ал Өзүнүн падышачылыгын адилеттик менен, чындык менен бүгүнкү күндөн тартып түбөлүккө бекитиши жана бекемдеши үчүн, Дөөттүн тагында жана анын падышачылыгында Анын бийлиги жана тынчтык чексиз өсөт. Муну Себайот Теңирдин кызганычы ишке ашырат.*
>
> – Ышайа 9:6-7

Ыйса - бул өкмөттүн башчысы жана Аны биздин жеке Куткаруучубуз катары кабыл алуу менен, биз Анын Падышачылыгынын бир бөлүгү, анын жарандары болуп калабыз. Биз жаран статусун алып эле койбостон, Анын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү - Кудайдын уул-кыздары болуп калабыз.

*Ал эми Аны кабыл алып, Ага ишенгендерге Кудайдын балдары болуу бийлиги берилди. Алар кандан эмес, дененин каалоосу менен эмес, эркектин каалоосу менен эмес, Кудайдан төрөлүштү.*

– Жакан 1:12-13

*Демек, силер эми чоочундар жана келгиндер эмессиңер, ыйыктардын мекендештерисиңер жана Кудайдын Өз элисиңер.*

– Эфестиктерге 2:19

Кудайдын үй-бүлөсүнө мүчө болуу менен, ошого жараша биз Кудай ээлик кылган нерсенин бардыгынын бир бөлүгү болуп калабыз. Бирок, биз Анын Улуу башкаруусунун астындагы жарандар болуп калдык. Бул ошол башкармалыктын чегиндеги мыйзамдуу укуктардын жана артыкчылыктардын болушун билдирет.

Менин айтып жатканымды жакшыраак түшүнүш үчүн, АКШнын жараны болуу деген эмнени билдирерин карап көрөлү. Силер Америка Кошмо Штаттарынын жараны катары, мыйзамдуу укукка ээсиңер. Силердин мыйзамдуу укуктарыңар Конституцияда жана өкмөт тарабынан кабыл алынган мыйзамдарда жазылган. Бул мыйзамдар жана укуктар ал ким болбосун, ар бир жаранга тиешелүү. Бул укуктар биздин сезимдерибизден же акыл-эсибизден көз каранды эмес. Жок, алар мыйзам менен бекитилген жана Американы өз үйү деп санаган ар бир жаранга тиешелүү.

Кээде, жаран өзүнүн укуктарын билбе калышы да мүмкүн, бирок ага карабастан, ал Америка Кошмо Штаттарынын жараны болгондуктан, анда ал укуктар бар.

Бул жерде ойлонуп көрө турган көп нерсе бар жана бул Кудай жөнүндө түшүнүгүңүздү өзгөртүп, Кудайдан алган жөндөмүңүзгө таасир этет деп ишенем. Эгерде, бул жерде, Америка Кошмо Штаттарында, кимдир бирөө же бир нерсе силердин укугуңарды тартып алууга аракет кылса же силерге мыйзамсыз бир нерсе жасаса, анда биз сот адилеттигинин тутумуна кайрылабыз (адилеттүүлүк мыйзамды күчүнө киргизүү, колдонуу дегенди билдирет) - бул биздин укугубузду коргогон процесс. Биз сотко барабыз, ал эми судья болсо сиздин кандай көрүнгөнүңүзгө, бай же кедей экениңизге карабайт. Ал мыйзамга карайт. Анын милдети - мыйзамды ар бир белгилүү учурда колдонууга киргизүү. Бул биздин коопсуздугубуз: биздин мыйзамдуу укуктарыбыз бар жана өкмөт бул укуктарды Америка Кошмо Штаттарынын сот системасы аркылуу ишке ашырат. Эми ушул ойду эске алып, Ышайа китебинин 9-бөлүмүнө кайрылалы, анда Ыйсанын Өзүнүн бийлигин жерге алып келиши жөнүндө сөз болот:

> *Ал Өзүнүн падышачылыгын адилеттик менен, чындык менен бүгүнкү күндөн тартып түбөлүккө бекитиши жана бекемдеши үчүн, Дөөттүн тагында жана анын падышачылыгында Анын бийлиги жана тынчтык чексиз өсөт. Муну Себайот Теңирдин кызганычы ишке ашырат.*
>
> – Ышайа 9:7

Бул текстте Кудайдын Падышачылыгы силерин мыйзамдуу укуктарыңарды ишке киргизүүнү кабыл алуу жана жүзөгө ашыруу аркылуу мыйзамды ишке киргизүүчү сот тарабынан орнотулуп, бекемделет деп айтылат. Силердин мыйзамдуу укуктарыңар -

Кудай адилдик деп атаган нерсе, же ал туура деп эсептеген нерсе - Анын мыйзамы. Кудай силерге Өзүнүн Падышачылыгынын көз карашы боюнча туура деп эсептеген нерсени бере алат, бул Падышалыктын жарандары катары силерге Анын адилеттигине жол ачат - бул болсо, силерге убада кылынган нерсени алаарыңарга кепилдик берет. Кудай бизге Өзүнүн Сөзүн - Анын Падышачылыгында биздин укуктарыбыз жазылган Ыйык Китепте ачып берди. Мына ушул Жакшы Кабар! Кудайдын убадалары жөнүндө Библияда айтылган сөздөрдүн бардыгы силердики, анткени силер Анын Падышачылыгынын жаранысыңар!

Экинчи Корунттуктарга 1: 20да Кудайдын ар бир убадасы (ар бир убада!) «ооба» жана «оомийн» деп айтылат. Ал мурунтан эле чечилген, бекитилген жана буга чейин эле силерге таандык эле.

> *Кудайдын бардык убадалары Машайак аркылуу «ооба». Ошол себептүү Кудай даңкталыш үчүн Машайак аркылуу Кудайга «Оомийн» дейбиз.*
>
> – 2 Корунттуктарга 1:20.

Кудайдын Падышачылыгынын негизи - бул акыйкаттык жана адилеттик. Ал бекем, солкулдагыс. Эми бул жөнүндө мындайча ойлонуп көргүлө: «Эгер мен Кудайдын Падышалыгынын мыйзамын (Анын эрки) билсем жана мен Анын адилеттүүлүгүнө жете алганымды билсем - бул мыйзам мага анда эмне айтылса ошого кепилдик бере турган болсо, ошондо мен эч нерседен коркпой, ишенимдүү боло алам».

> *Анын алдында кандай кайраттуулукка ээбиз: Анын эрки боюнча эмнени сурасак да, Ал бизди угат. Эмнени сурасак да, Ал бизди угарын билсек, Андан сураганыбызды аларыбызды да билебиз.*
>
> – 1Жакан 5:14-15

Бул текстте Кудай бизди угаары тууралуу айтылган, бирок, биздин сөздөрдүн үн толкундары аркылуу угулушу жөнүндө эмес; анда Ал менин ишимди угары тууралуу айтылат. Сот адилеттигин орнотуу максатында бир ишти карап жаткан судьяны элестетип көрсөңөр. Сот жана судья ар бир жаранга адилеттүүлүктү камсыз кылууга дайындалган. Судьянын чечими сезимдерге эмес, мыйзамга негизделген жана ал мыйзам ар бир жаранга карата колдонулушу керектигине көз салууга тийиш. Сот адилеттигин жазуу жүзүндөгү мыйзамга ылайык жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу үчүн судья дайындалган.

**КУДАЙДЫН ПАДЫШАЧЫЛЫГЫ МЫЙЗАМДАР МЕНЕН БАШКАРЫЛАТ ЖАНА АЛ МЫЙЗАМДАР ЭЧ БИР ӨЗГӨРҮЛБӨЙТ.**

Кудай менен болгондо болсо, Анын тактысы (бийлик орду) жана бийлиги Ыйсага келген жана Анын Падышачылыгынын жарандары болгон адамдардын бардыгына адилеттүүлүктү (Анын эркинин аткарылышын) камсыз кылат.

Сураныч, бул ойду шашпай, акырындык менен окуп чыгып жана анын Кудай жөнүндөгү азыркы көз карашыңарга таасир этишине мүмкүнчүлүк бергиле. Көпчүлүк адамдар Кудай түзүлгөн кырдаалга байланыштуу чечим чыгарат деп ойлошот, бирок, андай эмес. Ал - Анын мыйзамдары өзгөрүлбөгөн Падышачылыктын Падышасы. Ал Өзүнүн мыйзамдарынын чегинен тышкары чечимдерди кабыл албайт. Ошентип, биз Андан бир нерсе сураганга чейин эле Анын жообу кандай болорун билебиз. Анан да, өз көзүбүз менен көрбөй туруп эле, Анын мыйзамында айтылгандарды, кабыл алабыз деп ишенсек болот, анткени, Ал Өз мыйзамдарынын ишке ашырылышы үчүн бийлиги бар экендигин билебиз.

Качан биз Дренда экөөбүз Падышачылыктагы мыйзамдуу укуктарыбызды изилдей баштаганыбызда, Кудай жана Ыйык

Китеп жөнүндөгү түшүнүгүбүз түп тамырынан өзгөрдү. Бул жаңы түшүнүктүн натыйжасы, өзгөрүлгөн жашоо болду. Биз Кудайдан бир нерсе сурап, Ага жалынып-жалбарууну токтоттук. Кудайдын Сөзүнө ылайык, бизге Анын Падышачылыгынын жарандары катары эчак эле баары берилип коюлгандыгын билдик. Эми укугубуз боюнча биз өзүбүзгө тиешелүү болгон нерсени алууну үйрөнүп жана аны жер бетиндеги чындыкка айландыра башташыбыз керек. Бул тууралуу чекти накталай акчага айландырып көрүңүз.

Мүмкүн силердин эсебиңерде көп акча болсо да, накталай акча алуу үчүн, билдирүү (заявление) жазып, бекитилген процессти колдонушуңар керек. Биз кандайдыр бир нерсеге карата өз укугубузду билдиргенибизге жараша, же ал тургай, ага ээ болуп калган болсок деле, ар кайсы тутумда белгиленген бир жараян бар.

> *Бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын кудайлык күчү бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген. Буга биз Аны таанып билүү аркылуу ээ болдук.*
>
> **–** 2 Петир 1:3

Бирок, жыйындар дүйнөсүндө кээ бир башаламандыктар келип чыгат. Көптөгөн машайакчылар Кудай адамдын жашоосунда бир нерсени Өз алдынча эле чечет деп ойлошот. Башкача айтканда, алар Ал бир кишиге бата берүүнү, же башка бир кишиге бата бербөөнү Өз алдынча эле чечип коёт деп ойлошот. Алар Кудай адамдардын көзөмөлүндө болбогон нерселерге жол берип коёт деп ишенишет. Кудай бир адамды айыктырат, бирок, башкасын айыктырбайт деп ойлошот. Машайакчылардын көпчүлүгү Кудайдан жардам сурап жалбарышат, ал эми, Ал адамдарга жардам берүү үчүн колунан келгендин бардыгын жасап койгон.

Ал аларга Падышачылыкты берген! Бардык Падышачылыкты!

Мени менен акча жөнүндө сүйлөшүп жана Падышачылык жөнүндө окутуп баштоо менен, Кудай мага Жазуудагы ушул текстти берди:

> *«Руху жакырлар, бактылуусуңар, анткени Кудайдын Падышачылыгы силердики.*
>
> – Лука 6:20

Кудай менин акчамдын жообу Анын Падышачылыгы экендигин жана мен аны жердеги турмушта Ыйса кандай кылган болсо, ошондой кылууну түшүнүү менен, аны менен "бириге", алаарымды айтып жатты. Башында мен бул жөнүндө эмне болгонун так түшүнбөгөндүгүмдү мойнума алам. Бирок, Кудайдын сөздөрү жөнүндө улам-улам ойлонуп, падышалыктар чындыгында эле мыйзамдар менен башкарылаарын түшүндүм. Белгилүү бир мыйзамдын иш-аракетин жана таасирин таанууга болот жана анын ар дайым бирдей иштей тургандыгына ишенүүгө болот, анткени ал мыйзамдар өзгөрбөйт. Мен буга чейин бул жөнүндө руханий жактан эч качан ойлоп көргөн эмесмин. Анткен менен, эгер ушундай боло турган болсо жана Кудайдын Падышалычыгы чынында эле ушундай жол менен иштеп жатса, анда мен бул мыйзамдарды окуп-үйрөнүп, аларды колдонуп, анан бул мыйзамдардын артыкчылыктарынын аракеттерин өз жашоомдо колдоно аларымды түшүндүм.

Мен жерди башкаруучу мыйзамдар өзгөрүлбөс экендигин түшүндүм. Айтмакчы, биз алардын туруктуу жана өзгөрүлгүс иш-аракеттерине ишенсек болот, бул бизге бүгүнкү күндө адамдарды Айга учурууга жана учактарда учууга мүмкүнчүлүк берет. Бирок, бул түшүнүктү машайакчылардын көпчүлүгү Кудай менен байланыштырууда колдонушпайт. Анын ордуна, алар чынында эле бир нерсеге муктаж болуп жаткандарын айтып, Кудайга

жалынып-жалбарып ыйлашып, Кудай алар үчүн кам көрүүгө же кам көрбөөгө тандоо кыла тургандай, Аны ишендиргенге аракеттенишет.

Жыйында боло турган конференцияда мен сөз сүйлөшүм керек деп элестетип көрсөңүз. Иш-чаранын жүрүшүндө бүт жыйын боюнча ал жерде жарык болушу үчүн сыйынабы? Алар орозо кармашып жана жалбарышып: «Кудайым, бул иш-чара биз үчүн абдан маанилүү окуя экендигин жана бизге кандай гана жарык керек экендигин билесиңби?» дешеби? Мен антип ойлобойм. Анын үстүнө, бул кызматты пландаштырып жатып да, жарыктын болушу жөнүндө эч ким оюна да албайт. Эгер алар ошол кечинде конференцияга келишкенде, кандайдыр бир себептер менен жарык жок болсо, электр берүүчүгө телефон чалып, жарыкты күйгүзүшүн жалбарып өтүнүшөбү? Эгер алар чалып калса, трубканы алган адам бир-эки секунд гана угуп туруп, анан жанында турган кесиптешине минтип айтмак: “Бизде бул жакта кандайдыр бир оорулуулар”. Андан кийин силерге минтип авйтмак: “Уксаңар. Силерге жарык берилет. Силердин өзүңөрдө кандайдыр бир көйгөй бар”.

Качан бул мисалды конференцияда келтирген кезимде, баары күлүшөт. Эмне үчүн экенин билесиңерби? Анткени, шаарды электр жарыгы менен камсыз кылуучу компанияга чалып, жалынып-жалбарып, жарык берүүнү суранып ыйламсырасаңар - бул бир кызыктай сезилет. Көпчүлүк адамдар эмне кылуу керектигин жакшы билишет – жөн гана жарыкты тамызуучуну басып коюу керек. Бул ушунчалык жөнөкөй! Эч кандай эмоционалдык стресс - жөн гана тамызгыны (выключатель) басып коюңуз. Билесиңерби, эмне үчүн адамдар жарыкты күйгүзүп жатып, стресске түшүшпөйт? Себеби, жарыктын жаркырашын КҮТӨБҮЗ. Электр жарыгы кандайча иштээрин билишкендиктен, алар күйүп турушат. Алар электр энергиясын жөнгө салуучу МЫЙЗАМДЫ түшүнүшөт жана бул мыйзам эч качан өзгөрбөй тургандыгын билишет.

Бирок, эгерде силер мындан бир миң жыл мурун артка бара турган болсоңор жана бүт шаарды айнек лампалардын жардамы менен жарыктандырылат деп айта баштасаңар, анда силерди акылсыз деп ойлошмок. Эгерде силердин ата-бабаларыңар шаардын бүтүндөй бир кварталы айнек лампочкалар менен жарык болуп турганын көрүшсө, анда бул керемет деп айтышмак. Адам түшүндүрө албаган нерселердин бардыгын алар керемет деп аташкан. Бирок, бул чындыгында керемет эмес, бул жөн гана электр энергиясынын мыйзамынын иш-аракети, ал бардыгы үчүн, аны качандыр бир кезде изилдеген адамдардын бардыгы үчүн иштейт.

Ошентип, биз электр энергиясынын кандайча иштээрин түшүнөбүз же электр энергиясын жөнгө салуучу мыйзамдарга байланыштуу оюбузду жаңыладык деп айтсак болот. Эми биз алардын иштешин күтөбүз жана алардын кандай иштеп жаткандыгына таң калбайбыз. Күтүлбөгөн жерден электр жарыгы жок болуп кала турган болсо, биз мына ошол нерсеге көбүрөөк таң калабыз. Мыйзамдарды изилдеп, аларды жазып алгандан кийин, биз эми аналогия боюнча, дүйнө жүзүнө бүт электр энергиясын өткөрө алабыз. Кандайча? Адамдарга ушул мыйзамдарды үйрөтүү жана аларды электр энергиясын пайдалануунун бардык артыкчылыктарынан ырахат алышына үйрөтүү менен. Мунун баары мүмкүн, анткени биз электр энергиясын жөнгө салуучу мыйзамды түшүнүп калдык. Рухий мыйзамдар жөнүндө да ушуну эле айтууга болот. Эгерде биз аларды түшүнбөсөк, зарыл болгон учурда аларды колдоно албай калабыз.

Учкан учакты көргөндө, биз: «Оо, кандай керемет!» деп айтпайбыз. Жок, биз учактардын кандайча учканын жана эмне үчүн учканын билебиз да. Эгерде биз миң жыл артка кайтсак жана Airbus A380 эки каттамдуу реактивдүү учак адамдардын башынан учуп өтөн болсо, анда эл эмне демек? Алар муну керемет деп айтышмак. Мен Airbus A380дин көрүнүктүүлүгү - салмагы 500

тоннадан ашык, 800дөн ашык кишинин сыйымдуулугу, саатына болжол менен 900 км ылдамдыгы жана 15 миң километрге чейинки аралыкта тынымсыз рейстерди жасай алышы менен макулмун. Ал ушунчалык таң калыштуу болгондуктан, силер муну керемет деп ойлой баштадыңар! Бирок, бул керемет эмес. Биз бул учакты жараткан инженерлерге кайрыла алабыз жана алар бизге физика мыйзамдарын колдонуп, ал кантип учат деп айтып беришет. Алар бизге колдонулган бурама жана ар бир детал жөнүндө айтып беришет. Учакта биринчи жолу отурган бир дагы инженер, биринчи жолу учуп жатып: «Карачы! Бул нерсе учуп кетет деп, чындыгында эле ишене албайм!» деп айтпайт. Дагы бир жолу кайталайм, биз учакка ишеним менен отурабыз, анткени, биз физикалык өзгөрүлбөгөн мыйзамдардын негизинде учуп кетерибизди билебиз. Ушул мыйзамдардын чегинде турсак, анда учак учуп кетет. Эсиңизде болсун: мыйзамдар өзгөрбөйт!

Физика мыйзамдары өзгөрүлө турган болсо, биз эч качан учак менен учууга макул болмок эмеспиз. Элестетип көрсөңүз: сиз учак билетин сатып алдыңыз, ошондо билетте мындай деп жазылган: «Сиз бул учак менен өзүңүздү тобокелге салып, коркунуч менен учуп барасыз, анткени аэродинамика мыйзамы туруксуз. Эч ким так билбейт. Сиз өзүңүздүн жолуңуз болот деп ойлойсузбу? Сизге жагымдуу учууну каалайбыз". Же дагы башка бир мисал: акыркы жолу сиз качан күтүлбөгөн жерден креслоңуздун үстүнөн учуп кеттиңиз эле? Мындай болгон жок беле? Эмнеге? Себеби тартылуу мыйзамы өзгөрүлбөйт.

Булардын баары - Кудай жараткан табияттын физикалык мыйзамдары. Бирок, сиз билесизби? Анын Падышачылыгынын рухий мыйзамдары да ушундайча иштейт - алар өзгөрүлбөйт! Кудай мага өзүнүн Падышачылыгы жөнүндө айтканга чейин мен албетте, жердеги мыйзамдар кандайча иштээрин билчүмүн, бирок, Кудайдын Падышачылыгында баары башкача деп ойлочумун. Мен Кудай эмнени кааласа, ошону кылат деп эсептейм.

Бирок, мен андай эмес деп таптым. Анын Падышачылыгындагы рухий мыйзамдар өзгөрбөй тургандыгын жана аларды изилдеп, түшүнүп, колдонууга болорун билгенде, Ыйса эмне үчүн: «Кудайдын Падышачылыгы ушундай» деп айтканын түшүндүм. Ал Кудайдын Падышачылыгын адамдардын анын кандайча иштээрин түшүнүшү үчүн, аны жер бетиндеги кандайдыр бир көрүнүштөргө салыштырган. Бир маалда башымда капысынан лампа жанды. Менин башыма бул ой келди: «Эгер Кудай бизге Падышачылыкты берсе, жана Ал чындыгында аны берген болсо жана Падышачылык эч качан өзгөрүлбөй турган мыйзамдар менен башкарыла турган болсо, анда демек мен бул мыйзамдарды окуп, аларды жашоомдо колдоно алам».

> *Кичинекей үйүр, коркпо! Анткени Атаңар силерге Падышачылыкты бергиси келет.*
>
> – Лука 12:32

Ошол күнү мен руханий изилдөөчү болдум! Мен Библияны таптакыр жаңы жарык менен көрдүм. Аны окуп жатып, мен: «Балыктар эмне үчүн көбөйдү? Адам эмне үчүн айыгып кетти? Нан эмне үчүн мынчалык көп? « жана башка суроолорду бердим. Кудайдан ушул жерде жашырылган мыйзамдарды ачып берүүсүн сурап, Библияны изилдөөгө ушунчалык киришкенде, укмуштуудай ажайыптар болду!

Эсиңердеби, адвокат телефон чалган күнү Теңирдин мага кандайча сүйлөгөнүн жана Кудай менин көйгөйүм Анын Падышачылыгынын түзүлүшүн изилдөөгө убакыт бөлбөгөнүм экендигин айткандыгы; кандайча ылдыйга түшүп, аялыма Теңирди издебей, үй-бүлөбүздү ушундай кейиштүү абалга алып келгендигим тууралуу өкүнүп айткандыгым? Биздин суроолорубузга берилүүчү жооптор Кудайдын Падышачылыгында экенине, ишенүү деген эмнени билдирерин биз билген эмеспиз.

Дагы бир жолу кайталайм, биз жыйында, Асманга барчу жолдо болчубуз, Теңирди жакшы көрчүбүз, бирок, Кудайдын «Падышачылык» деген сөз менен эмнени айтып жаткандыгын түшүнгөн эмеспиз. Биз реалдуу көйгөйгө туш болдук жана адвокат анын акчасын үч күндүн ичинде бериши керектигин айтканда, эмне кылуу керек экендигин билбей калдык. Эгер анын айтканын аткарбасак, иш сотко өткөрүлөт.

Мына ошентип, Кудайды сыноо учуру да келди. Бул менин акча көйгөйү боюнча биринчи тажрыйбам болчу жана мен Теңирден «Падышачылык» деп айткандан кийин эмнени айткысы келгенин сурадым. Ошентип, эмне болгонун айтып берүүгө уруксат эткиле. Эсиңерде болсо керек, адвокат мага үч күн мөөнөт бергендиги эсиңердеби, ал маалда менде бир тыйын да жок болчу! Көңүлүм чөгүп, уктоочу бөлмөмө бекинип алып, анан Кудайга жалбара баштадым. Мен кайгыда калдым! Ошол кезде Ал менин суроолорума күткөн жообум Анын Падышачылыгы экендигин айткан эле, бирок, мен ал жөнүндө эч кандай түшүнүгүм жок болчу, ошентсе да, бирок мен билүүгө-үйрөнүүгө даяр элем.

Эки күндөн кийин кардар менен анын камсыздандыруусу жөнүндө жолугушууга барганы жаттым. Ошол күндөрү адатта мен машинемди кардарымдын үйүнүн артына токтотуп койчумун. Мен эч качан анын үйүнүн алдына токтоп турган эмесмин, анткени менин унаам жакшы абалда эмес болчу. Качан мен машинамды от алдыра баштаганымда көчө бүтүндөй ак түтүнгө толуп кетти. Эгерде мен кардарымдан кетип баратып, бүт көчөнү ак түтүнгө толтура турган болсом, бул менин бизнесиме эч кандай жардам бербей тургандыгын билчүмүн. Бул менин каржылык аброюма терс таасирин тийгизет деп ойлогом, анткени, мен кардарларга жүз миңдеген долларларды инвестициялоону сунуш кылып жатам жана жалпысынан мен ушунчалык мыкты каржы менеджермин, бирок, мен өзүм араңдап зорго от алган машинеде жүрөм. Ошол кечте да ошондой эле болду.

Бирок, кардарымды таштап кетип бара жатып, анын менден кийин машиненин артынан басып баратканын байкап жүрөгүм түштү. Ал менден эч нерсе каалаган жок, биз жөн гана сүйлөштүк. Бирок, эми мен машинаны от алдыра баштаганда ал жанымда турар бекен деп бир аз тынчсыздандым? Мен өзүмдүн машинама отурган кезде да сүйлөшүүлөрүбүздү улантып жатканбыз. Мен ачык терезеден сүйлөшүүнү улантып отуруп, ал азыр мени менен коштошуп кетет, анан ал узап кеткенче мен бир-эки мүнөттөй бир нерсе кылып жаткандай түр көрсөтүп турам да, анан кетем деп ойлодум. Бирок, ал кетип калган жок. Акыры, ал мага жакшы кечти каалады, унаадан бир-эки кадам ары басты да, ошол жерде туруп алды. Мен тузакка түшкөнүмдү түшүнүп, моторду ишке киргиздим, балким, бул жолу ак түтүн каптабайт деп үмүттөнгөн элем, бирок, үмүтүм куру бекер болду. Ошол замат көчө көздү ачыштырган ачуу түтүнгө толуп кетти.

Ал киши шашкалактай мага колун булгап, машинени өчүрүүнү айтты. Ал келип, терезе аркылуу капотту ачууну өтүндү, анткени ал бир кездерде унаа механиги болуп иштегендигин жана бир нерсени текшергиси келгенин айтты. Бир мүнөттөн кийин ал мындай деди: «Мен так ушундай болсо керек деп ойлодум эле: цилиндрдин башындагы прокладка бузулду. Унааны үйгө айдап, тез арада оңдош керек» деди. Мен ага ыраазычылык билдирдим, бирок, бул диагноз мен үчүн эч кандай мааниге ээ эмес эле. Баары бир оңдоого акчам жок болчу.

Менин офисим кардардын үйүнөн тогуз чакырым аралыкта эле, ал жакка барганча баягы эле депрессиянын тааныш жуурканы кайрадан мени жаап калды. Бирок, айдап баратып, Теңирдин айткандарын эстеп, Аны менен машинам жөнүндө сүйлөшө баштадым. «Теңир, менде мындай унааны оңдоого акчам жок. Мен дагы деле ага карызмын жана аны мындай абалда сатып жибере да албайм. Мен жөн гана эмне кыларымды да билбейм. Эгер ал күйүп кетсе деле жакшы болмок? Ошондо

камсыздандыруу компаниясы төлөп бермек да, мен андан арылмакмын». Менин офисимден беш чакырымдай алыстыкта капоттун үстүндөгү көбүктү байкадым. Мурда андай болгон эмес. Көбүк көбөйгөндөн көбөйө берди жана мен кеңсенин жанындагы унаа токтотуучу жайга токтоп калганда, көбүк жалын мамысына айланды. Мен таң калдым; унаанын алдынкы бөлүгү толугу менен күйүп кетти, жалындар эки метрдей бийиктиктикке жогору көтөрүлдү.

Мен тез эле кеңсеге чуркап барып, өрт өчүрүүчүлөрдү чакырдым. Эртеси, камсыздандыруу компаниясы өрттөнүп кеткен унаа үчүн мага камсыздандыруу акысын төлөп берди. Алар мага авто унаанын карызын толугу менен төлөп бергендиктерин айтышты. Ошондон кийин дагы үч күн мурун мага чалган адвокаттын өтүнүчүн төлөп берүүгө жеткидей дагы акчам бар болуп калды. Дренда экөөбүз таң калдык. Биз эмне деп ойлоорубузду да билбей калдык. Кудай биз менен иштеп жаткандыгын жана бир нерсе өзгөрө баштагандыгын түшүндүк. Бирок, Падышачылыкка болгон ишенимибиз жаңыча жол менен сыналып көрүлүшү керек болчу, ал биздин кийинки бардык жылдарыбызга туура жолду көрсөтүп бериши керек эле.

**ОШОЛ УЧУРДА КУДАЙДЫН СИСТЕМАСЫ ИШТЕЙ ТУРГАНДЫГЫН БИЗ ӨЗҮБҮЗ ҮЧҮН ДАЛИЛДЕГЕНБИЗ ЖАНА КУДАЙДЫН ПАДЫШАЧЫЛЫГЫНДАГЫ СИСТЕМАНЫ ИЗИЛДӨӨНҮ ЖАНА КОЛДОНУУНУ УЛАНТАБЫЗ ДЕП ЧЕЧКЕНБИЗ.**

Кичи автобус өрттөнүп кеткенден кийин биз албетте кубанып калдык, бирок, күтүлбөгөн жерден машинебиз жок калганын билдик. Биз ага акча төлөп, адвокаттын алдында да карызыбыз жок болгону менен, жаңы минивэнге да акча жок болчу. Унаабызды жоготуп алгандыгыбызды уккандан кийин, атам чалып, бизге жаңы

кичи автобус сатып алууга жардам бергиси келгенин айтты. Биз бул кабарга аябай кубандык. Атам экөөбүз жергиликтүү унаа сатуучуга барып, Дренда экөөбүзгө тең жаккан микроавтобус тандап алдык. Менин атам бизге 5 миң долларды берүүгө даяр экендигин айтты, ал эми унаа болсо, 17 миң доллардай турат экен. Биз 12 миң кошумча төлөшүбүз керек болчу. Каалабастан жүрөгүм сыздап туруп, насыяга арызды толтурдум, атам дагы кол койду. Насыя боюнча чечим эртең менен кабыл алынышы керек болчу.

Насыя ала албай калганыбызды түшүнүп, ошол түнү уктай албай койдук. Теңир бизге эми эле ушул жөнүндө айткан эле. Бирок, унаасуз калгандыктан, өзүмдү басынгандай сезип, багынып берүүгө даяр болуп калдым. Укмуш өткөн уйкусуз түндөн кийин, Дренда экөөбүз насыя алуу үчүн документтерге кол койбойбуз деп макулдаштык. Мен атама телефон чалып, берешен-марттык менен кылган сунушу үчүн ырахмат айттым, бирок, биз аны четке кагууга мажбур экендигибизди айттым. Анан дилерлерге чалып, аларга да ушул нерсени айттым. Алар абдан нааразы болушту, анткени, насыяга берилген арыз канааттандырылган болчу жана унааны алып кетүүгө болмок. Мындай жагдайда Кудай бизге кандайча жардам берээрин билбегенибиз менен, өзүбүздөгү тынчтыкты сездик.

Бул мезгилде Дренда гараждагы арзан эски буюмдардын бир нечесин саткан болчу. Ал биздин минивен өрттөнүп кеткенге чейин бир ай мурда эмеректердин топтомун сатууга даяр болгон бир кишиге билдирүү калтырган. Бирок, ал байланышкан жок. Биздин минивен күйүп кеткенден эки күндөн кийин, ал чалып, антиквардык эмеректерге толгон үч устакананы миң долларга жакын суммага сатууга макул болду. Дренда эмерек сатуу боюнча аукциондук компания менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, комиссиянын жардамы менен алардан акчанын ордуна колдонулган унааны алууну сунуш кылды, бирок, жакшы абалда. Ошентип, бизге мыкты унаа табылды, ал үчүн биз төлөбөйбүз,

насыялар боюнча дагы карызыбыз жабылды.

Мына сага! Падышачылык ушундайча иштейт тура! Ошол учурда биз Кудайдын тутуму иштеп жаткандыгын өзүбүзгө далилдеп, Кудайдын Падышачылыгынын тутумун (системасын) мындан ары да изилдөөнү жана колдонууну уланта берүүнү чечтик. Силер: «Сиз кайсы принципти колдондуңуз?» деп сурашыңар мүмкүн. Эң негизгиси, карызга батпоо, тескерисинче, Кудайдан муктаж экендигиңерди айтып суранып жана Ага жоопту кантип кабыл алышыбыз керектигин көрсөтүп берүүгө мүмкүнчүлүк беришибиз керек.

Кичи автобус менен болгон окуя менин бүйүрүмдү кызытып койду жана андан бир нече ай мурун болгон дагы бир окуяны эсиме салды. Бирок, ал учурда Кудай мага эмнени көрсөткүсү келгенин түшүнгөн эмесмин. Кудайдын Падышачылыгынын принциптеринин бирдиктүү көрүнүшү катары табышмактар али башыма сыя эле.

Маралга мергенчилик кылууну жакшы көрчүмүн, бирок, дайыма үйгө куру кол келет болчумун. Мен аңчылыкка чыктым, суукта отурдум, бирок, аягында майнап чыкпай калчу. Кеп менин мергенчиликти жакшы көргөндүгүмдө эмес эле, балдарды багышым керек болчу, ошондо биз үчүн маралдын эти да артыкчылык кылмак эмес, кептин баары ушунда эле. Мурда аңчылыкта бир топ ийгиликтерге жетишкендигим менен, көп жылдардан бери үйгө эт алып келе элекмин. Бир күнү аңчылык мезгилдин жакындап келе жатканын ойлоп отуруп, Теңирдин үнүн уктум: «Ушул жылы бугуга кантип жетишүү керектигин көрсөтүп берүүгө мага мүмкүнчүлүк бер.» Көңүлүм чөгүп: "Бугуга кантип жетүүнү көрсөтүүбү? Мунун баары эмнени билдирет? « Бул сөздөр жөнүндө ойлонгондо, мен чынында эле каржылык жактан үрөн сээп же белек берип, андан кийин гана марал түрүндө оруп алгым келди. Марк 11: 24кө ылайык, себүү деген, сураган

нерсемди чындыгында көрө электе эле алдым деп ишенишим керек экендигин, Теңир мага айтып жаткандыгын сездим:

> *Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле, ошондо силерге берилет.*
>
> – Марк 11:24

Машайакчы катары мен ар дайым жыйынды курмандык берүү менен колдоп жүргөн болсом дагы, мындай максаттуу себүү, сыйынып жатканда ишеним менен, алып койгондой болуп сыйынуу мен үчүн жаңы нерсе болду. Чекти алып жана ага кол койдум: «1987-жылкы бугу үчүн.» Анан мен ушул чекке колумду коюп сыйындым дагы, ишеним менен кызматтардын бирине курмандык катары жибердим, аны жиберип жатып мен өзүмдүн бугумду кабыл алып жатам деп сездим.

Оклахома штатындагы Талса шаарында жашаганымда, менде эч нерсе жок болчу, бирок, жыйындагы бир досум мени аны менен чогуу ыраазычылык күнүндө чоң энесине баруу үчүн шаардын сыртына кетүүгө чакырды. Анын айтымында, алардын фермасынан алыс эмес жерде бугулар бар экен. Ошентип, бүт үй-бүлө Ыраазычылык күнү эртең менен тамак-аштан жана баарлашуудан ырахат алып, маралга ууга чыгуу үчүн жөнөп калышты.

Досум мени кайсы жакка жөнөтүүнү билбеди. Бирок, токой менен курчалган жайыт бар болчу, ошондуктан, ал жакка барып, ошол жерде өсүп турган чоң дарактын далдаасына отурууну сунуш кылды. Эми ошол көрүнүштү элестетиңиз. Мен ошол даракка жөлөнүп, чөптө дарактын жанында токойдун бет маңдайында отурам, менден жүз метр алыстыкта жайгашкан токойду карап отурам. Муну эстөө менен мен азыр, бактын жанындагы ачык талаада отуруу аңчы үчүн эң сонун орун эмес экендигин түшүнөм.

Отуз-кырк мүнөттөн кийин марал талаадан чуркап өтүп, токойду көздөй жөнөдү. Мен ал жөнүндө эч шектенген эмесмин. Экөөбүздүн ортобузда баягы дарак болгондуктан, ал мени көргөн жок, мен аны көргөн жокмун. Токой жакка чуркап баратып, марал түз эле мен отурган даракты көздөй чуркады, анткени ал жерде менин отурганымды байкабады. Ал даракка чуркап келип, менин жытымды жыттады да, токтоп калды. Ал даракты тегеренип жүрүп анан бири-бирибизден беш метр гана аралыкта бири-бирибиз менен тиктешип калдык. Кимди ким таң калтырганын билбейм – ал мениби же мен аныбы, айтор, бугу убакытты текке кетирбей, катуу кыйкырып алып токойду көздөй безип жөнөдү. Отурган бойдон мылтыкты колума кармап, көзүм менен мээлейин деп жатсам, бугу абдан тездик менен менден качып кетти.

Дароо эле айта турган нерсем – толук ылдамдыкта чуркап бара жаткан ак куйруктуу бугуну алыскы жерден атып түшүү оңой иш эмес экен. Чынын айтканда, мен буга чейин чуркаган маралды атып көргөн эмесмин. Мен аларды бутага араң илиндиргеним эсимде, анткени, алар тез чуркаган кезде азыркы ак куйрук бугудай болуп, улам жогору карай секирип турушчу. Бирок, мен мээлеп, "курокту" басканымда, марал жыгылды. Мен таң калдым! Булардын бардыгы бир нече секунда ичинде болду. Жүз метрдей аралык болчу, бирок, менин атканым кыя кеткен жок.

Досум атылган үндү угуп келип, жакын жердеги жаткан маралды көрүп мени куттуктады. Мен ошол замат Теңир мага маралды кантип алсам болорун айткандыгын айта баштадым; Мен ага карап: «Бул марал менин аңчылык жөндөмүмдүн айынан азыр бул жерде жатат деп ойлобойм» дедим. Мен күрмөмдүн чөнтөгүнөн бир кагаз алып чыктым, ага мен чекти толтурган күнү: «Ыйсанын атынан, мен 1987-жылы марал алам деп ишенем» деп жазган болчумун. Төмөн жагында мен ошол сыйынуу менен сыйынган күчүндүн датасы көрсөтүлгөн болчу. Мен аны досума көрсөтүп, Теңирдин мага эмне кыл деп айтканын айта баштадым.

Бул окуя менин көңүлүмдү бурду. Мен анын Кудай экенине шектенген жокмун. Бирок, кандайдыр бир себептер менен Падышачылыктын мыйзамына биригип жатканымды түшүнгөн жокмун. Чындыгында, мен «Падышачылык» деген түшүнүктү дагы деле карап чыга элек болчумун. Марал атуу эң сонун болду, бирок, бул кайра эле иштей береби? Падышачылыктын мыйзамдарынын принциптеринин кантип таасир этээрин түшүнбөгөндүктөн, бугуларга талаага чыгууга эмне түрткү бергенин билген жокмун. Ошондуктан, мен Кудай эмне кылгандыгын өзүм үчүн белгилеп койдум да, анан кийинки аңчылык мезгилинде да аны кайрадан баштан өткөрүү мүмкүнчүлүгүн кызыккан чыдамсыздык менен күтүп жаттым. Бирок, ал келе электе эле биздин кичи автобус күйүп кетти. Андан кийин башка машинабыз пайда болду, ага сиз төлөбөйсүз дешкен. Кудай менин көңүлүмдү толук бойдон бурду. Эми мен кийинки аңчылык мезгилдин келерин чыдамсыздык менен күтүп жаттым. Мен өзүмдүн теориялык жактан билгендеримди текшерип көрүп, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө көбүрөөк билгим келди. Бугуга мергенчилик кылуу сезону алыс эмес эле!

Ошол биринчи кийикти мен Оклахома штатында 1987-жылы күзүндө атып алгам. Бирок, 1988-жылы июлда биз чоңойгон Огайо шаарына көчүп бардык. Мен балалыгымды ошол жерде өткөргөм, бирок, мен он эки жылдай убакыттан бери ал жакка бара элек элем. Мен ал жерде жашап жүргөндө, эч качан маралга ийгиликтүү аңчылык кыла алган эмесмин. ир нече жолу мергенчиликке барган болсом да, бир да бугуну жолуктурган эмесмин. Биз Огайо шаарчасында таунхаусту ижарага алып, ошол жерде жашап калдык, бирок, мен аңчылыкка кайда барууну да билбей турганымды түшүндүм. Бала кезимде атамдын үйүнүн маңдайындагы суунун жээгинде коён ууладым. Мен ал жерге көп жылдар бою катары менен капкан койдум, бирок, буга чейин бир дагы маралды көргөн эмесмин, жада калса алардын ал жакта болгондугунун белгиси

дагы болгон эмес. Бир күнү, мен колледжде окуп жүргөндө, агам мага чалып, атамдын үйүнүн жанындагы арыктын жээгинде бугу көргөнүн айтып аябай кубанды. Биз аябай таң калганбыз.

Ошол сүйлөшүүнү эстеп, аңчылык мезгилинин ачылыш күнү дарыяга түшүүнү чечтим. Мен агама чалып, мага так кайда баруу керектигин сурадым. Ал бир нече жылдан бери ал жерлерде болбогондугуна карабастан, ал суунун жана токойдун чек арасындагы чоң кленди жакшы эстеп калган экен, анан ал мага ошол жер жакшы болот деп айткан. Мен ушул дайрага жакын жерде чоңойгондуктан жана ал жерлердин майда-баратына чейин билгендиктен, мен үчүн ал кленди табуу кыйын болгон жок.

Дренда экөөбүз бир жыл мурун Оклахома штатында Теңирибиз бизге үйрөткөн нерсени эстедик - үрөн сээп, жазып алып, Марк 11: 24кө ылайык сыйынганда жооп алган элек. Ошол учурда Огайодо чектөө коюлган: ар кандай жыныстагы эки бугуну алууга болот деген, бирок, биз Кудайдан алгач бир кийикти, кийинчерээк экинчисин сурайбыз деп ойлогонбуз. Дренда экөөбүз кийикке үрөн сээп, анан сыйынганыбызда аны алдык деп ишенгенбиз. Таң калыштуусу, ошол сезондун ачылыш аземинен кырк мүнөттөн кийин мен бир эмес, эки кийик аттым. Мына сага! Биз чындыгында эле, кандайдыр бир ачылыш жасадык!

Бир айдан кийин бир бизнес идея жөнүндө түш көрдүм. Бул бизнес мен камсыздандыруу бизнесинде алган бардык финансылык билимдеримди жана жөндөмдөрүмдү өздөштүргөн идея эле, бирок, түшүмдө ал башка максатты көздөгөн. Мен бул түштү толук түшүнгөн жокмун, бирок, Кудай мени өз бизнесимди баштоого жана сегиз жыл иштеген компаниямдан кетүүгө багыттап жатканына толук ишендим. Ошол түш көргөн маалымда мен дагы эле камсыздандыруу жана баалуу кагаздарды сатуу менен алектенчүмүн.

Ошол жумада, түш көргөн кезимде, биз бир үй-бүлөгө конок

болуп барып, өмүрдү камсыздандыруу жөнүндө сүйлөшүшүбүз керек эле. Камсыздандырууну алуу алардын чыныгы муктаждыгы же көйгөйү эмес экендигин билчүмүн. Алар карызга белчесинен батып, айлык бюджети ушунчалык кыйын абалда турган. Адатта, кардарлар менен иштөөдө мен анкета толтуруп, бардык каржылык маалыматтарды көрсөтүүнү суранам, ошонун негизинде мен аларга камсыздандыруунун кайсы түрү туура келерин аныктайм. Ошол күнү кечинде ушул үй-бүлө үчүн абдан тынчсызданып, капа болдум. Мен аларга жардам бергим келди, бирок, кантип жардам береримди билбедим. Мен алардын анкетасын колума кармап алып, айрым варианттарды карай баштадым. Каржылык эсептөөлөрдү жүргүзүп жатып, мен камсыздандыруу темасынан тышкары алардын ай сайынкы бюджетинен бир аз акча бөлүп коюуга боло тургандыгын билдим. Кээ бир пункттарды иретке келтирип, жөнөкөй гана эсептөөлөрдү жүргүзгөндөн кийин, бул үй-бүлө жети жылдын ичинде кирешесин өзгөртпөстөн туруп эле, ипотека насыясынан да, карыздарынан да кутула аларына көзүм жетти.

**ЖЕТИ ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕ КИРЕШЕСИН ӨЗГӨРТПӨСТӨН ТУРУП ЭЛЕ, ИПОТЕКА НАСЫЯСЫНАН ДА, КАРЫЗДАРЫНАН ДА КУТУЛУУГА БОЛОРУН ТҮШҮНҮП, АЯБАЙ ТАҢ КАЛДЫМ.**

Ошол учурда мен каржы тармагында сегиз жыл иштегем, бирок, мындай болушу мүмкүн деген сөздөрдү эч качан жана эч кимден уккан эмесмин. Кайра-кайра кагаздарды санап, карап чыгып, бир эле жоопко келдим: алты жыл эки ай - ошондо алар карыздан кутулушат. Андан кийин кардар папкалары бар шкафка барып, башка адамдардын анкеталарын алып чыктым. Мен дагы ушундай эсептөөлөрдү жүргүзүп, бирдей жыйынтыкка келдим: жети жылга жетпеген убакыт - жана карыз жок. Чынын айтсам, ушул сандар мени таң калтырды.

Мен чындыгында кардарларыма жагууну каалadым, ошондуктан, мен камсыздандыруу боюнча жолугушуу учурунда алардын абалынан чыгуунун жолун так көрсөтө алган сонун презентация даярдоону чечтим. Мен бул үй-бүлөдөн аябай тынчсыздандым. Каржылык стресс жашоонун ар бир жагына кандай таасир этерин жеке өз тажрыйбам менен билип, алар туш болгон кырдаал үмүтсүз эместигин көрсөткүм келди. Ошентип, мен өзүмдүн кичинекей презентациямды кардарларыма тартууладым, анан баарын сандар менен тастыктаганда, алар таң калып отурушту. Мен аларга карыздан бат эле кутула тургандыгын көрсөткөндө, күйөөсү ордунан ыргып туруп, көзүнө жаш алып, мага ырахмат айта баштады. Бул мага теледеги шоу программаларда адамдар лотереяны же баш байгени утуп алган учурларды эске салды. Алар менин айткандарыма ишене алышкан жок. Бул алар үчүн да, мен үчүн да абдан таасирдүү болду.

Ушул жолугушуу жөнүндө ойлонуп жатып, мен кардарлардын кирешелерин (актив) кайра бөлүштүрүп, сандар менен иштөө аркылуу, жети жылга жетпеген убакыттын ичинде адамдар өзүлөрүн каржылык кыйынчылыктардан кантип арылтууга боло тургандыгын көрсөтө алдым деген ойдон алыстай албай койдум. Аларга кандай таасир эткенин жана кандай үмүт бергенин көрдүм. Анан мен башка кардарларымдын документтерин карап чыгып, алардын да жети жылга жетпеген убакытта карызынан кутула турган адамдардын категориясына кирээр-кирбесин эсептеп көрдүм жана адамдардын 85 пайызы ошондой боштондукка жете алышаарын көрүп, таң калдым. Бирок, бул жөнүндө аларга ким айтып берет? Ошентип, өткөн жолугушуу жөнүндө ой жүгүртүп, кардарларымдын документтерин карап жатып, мен өз бизнесимди ачып жана адамдарга менин сунуш кылган планыма ылайык карыздан кутулууга жардам бере алам деген түшүнүккө келдим.

Ошол учурда, менин өзүмдө деле карызым бар болчу жана каржылык стресстеги баштан өткөрүп жаткан адамдарга

боорукердик менен мамиле кылдым. Мага жаңы миссиям камсыздандырууну сатуудан көбүрөөк жакты. Мен өзүмдүн камсыздандыруу боюнча бардык кардарларыма презентация бере баштадым жана алардын бардыгы таң калышты.

Бирок, муну бизнес-модель деп эсептөөдөн мурун, мен бир нече көйгөйлөрдү чечип алышым керек болчу. Биринчиден, презентацияны эсептөө жана даярдоо көп убакытты талап кылды, анткени, мен анын бардыгын кол менен жасадым. Экинчиден, мындан кантип акча тапсам болот? Натыйжада, мен программалык камсыздоону иштеп чыгуучу менен макулдаштым, ал каржы пландарын тезирээк даярдашым үчүн керек болгон программаны түздү. Экинчи маселе боюнча, мен адамдардан карыздан кутулуу үчүн акча ала албастыгымды билдим, анткени, аларда мындай акча жок болчу. Мен бул жөнүндө сыйына баштадым.

Анан ошентип, бир жолу мага бир түшүнүк келди. Кудай мага кандайча компания түзүп, адамдарга жардам берип, алардан эч кандай акча албастан туруп, ошол эле учурда өзүмө да акча таап алышым керектиги жөнүндөгү идеяны бергендигин түшүнүп турдум. Планым боюнча, мен «жоголгон акчалар» деп атаган нерсени издеп тапсам болот - бул кардарда бар акчалар, бирок, ал аларды көрбөйт. Мисалы, мен кардардын мүлкүнө төлөнгөн пайыздарды салыштырам: унаа, үй, өмүрдү жана ден-соолукту камсыздандыруу, акчаны үнөмдөө мүмкүнчүлүгүн издөө. Мен, адатта, ипотека ставкаларын текшерем жана төмөн пайыздык чендер менен кайра каржылоонун мааниси бар-жогун билем. Мен көп нерсени ушинтип текшерем, бирок, мен бизнестин ушул чөйрөлөрүнүн бардыгы боюнча адис эмесмин. Андан кийин мен кардарга акчаны кантип үнөмдөө керектигин мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп, же менин идеяларымды өз алдынча ишке ашыра турган компанияга кайрылууну же болбосо, мен тапкан жана кызматтары арзаныраак болгон компанияны табууну сунуш кылам. Анан мен күтүлбөгөн жерден бул компаниялардан кардарларды таап

келгеним үчүн сый акы алсам болоорлугун билдим.

Чындыгында, мен кардарларыма тигил же бул компанияны же өнүмдү сунуштап, бүт ишти аткардым. Алар кыла турган иштин баары – жөн гана менин кардарларымды жумушка алып барыштары керек эле. Ошентип, кызмат көрсөтүүчүлөргө, компаниянын өкүлдөрүнө жана башка адистерге кайрыла баштадым, аларды кардарларыма сунуш кылдым; мен аларга эмне кылып жатканымды түшүндүрүп берип жана ошол ишим үчүн кээ бир сыйлыктарды алсам болобу деп сурадым. Бардыгы: «Ооба» дешти. Мен анан ошол иштерди кыла баштадым. Эски компанияны калтырып, адамдарга карыздан кутулуу үчүн жардам берүү менен өзүмө да иштей баштадым. Бизнес иштей баштады, киреше түшө баштады, натыйжада Дренда экөөбүз эки жарым жылдын ичинде карыздардан кутулдук! Биз абдан шыктандык! (Эгерде силер карыздан кутулуу боюнча акысыз план түзүүнү кааласаңар, анда 1-800-815-0818 номерине чалгыла. Азыр, 28 жылдан кийин, дагы деле биз ал жумушту жасайбыз!)

Кудай бизге Өзүнүн Падышачылыгынын структурасын уламдан-улам ачып берген сайын, биз күн сайын жаңы нерсени билип жаттык. Кардарлар менен жолугушуунун биринде, Кудай мага жумушчуларды жалдап, бизнести жогорку деңгээлге көтөрө алаарымды айтты. Мен жумушчуларды жалдап, бизнесибиз гүлдөп баштады. Башында мен айтып кеткендей, биз авто унааларыбызды накталай акчалар менен сатып ала баштадык жана кыялдагы үйүбүздү курууну баштадык. Жаңы кызматкерлер менен ай сайын боло турган жолугушууларда, мен аларга Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө айтып бердим. Ал адамдарды менин коомума тарта баштады – анткени, бул бизнес мүмкүнчүлүктөрүнө байланыштуу гана эмес, ошондой эле, Кудайдын Падышачылыгы жана андагы принциптерди өз жашоолорунда кантип колдонуу жөнүндө да кызыгуулар башталды.

Кудай мага укмуштуу сабактарды бере баштады, анан албетте, ал сабактардын көпчүлүгү жыл сайын аңчылыктан үйрөнгөн сабактар эле. Мени менен чындыкка коошпогон окуялар болуп жатты. Эгерде мен аларды өз көзүм менен көрбөсөм, ишенмек да эмесмин. Ар бир окуя мага Падышачылыктын мурда болуп көрбөгөн жаңы жактарын үйрөтүп жатты. Бул китепте алардын бир азын гана камтыймын, бирок, эгер сиз бул темага чын дилден кызыгып жатсаңыз, анда менин веб-сайтымдан **«Охота по вере» (**Faith Hunt) аттуу китебимди таба аласыз.

Падышачылык жөнүндөгү жаңы билимди аңчылыкка колдоно баштагандан эки жыл өткөндөн кийин, мындай бир окуя болду. Мен буга чейин жазганымдай, Кудай мага бугу үчүн үрөн сээп, аны сыйынууда ишке ашкан далилдей кабыл алышым керектигин көрсөттү жана мен өзүмдүн түшүмүмдү 30-45 мүнөттүн ичинде кийик түрүндө ар дайым алып турдум. Баса, мындай көрүнүш 28 жылдан бери болуп келет. Ошентип, ошол жылы, адаттагыдай эле, бугулардын пайда болушунан таптакыр күмөн санабай, аңчылыкка чыктым. Бир нече мүнөттөн кийин мен бугунун эки жүз метрдей аралыкта кошунамдын жерин көздөй басып бараткынын көрдүм. Бугулар токойго кирери менен кантип жашынып калаарын, мен аны жоготуп коёрумду билчү элем, бирок, ошол эле учурда бул бугу меники болорун дагы билип турдум. Бул окуя мен кайыш же үн менен азгырып аңчылык кылуунун сырларын үйрөнгөнгө чейин эле болгон. Бирок, бугу менин кошунамдын токоюна дээрлик жашынып алгансыды, мен бул кийик менин түшүмүм экендигин билип турсам да, эч нерсеге жарабай, колумдан эч нерсе келбей туруп калдым. Анан күтүлбөгөн жерден рухумдан уктум: «Бугуларга айт, жаныңа келсин». «Эмне? Маралдарды мага кел деп айтайынбы? Бул эмнени билдирет?» Канткен менен, мен чечим кабыл алып, катуу сүйлөдүм, бирок, анчалык деле катуу эмес, бугу мени уккандай: «Бугу, токто, бурулуп мен жашынып турган бактын жанына кел». Мен аркан менен аңчылык кылып,

аны дарактын жанына туруу жөнүндөгү сөз айкашымдын акыркы бөлүгүнө коштум, анткени, бугунун жетишээрлик жакын болушун кааладым. Эгер менин ишенимим бугуну мага алып келе турган болсо, анда ал бактын жанына да келсин, ошондо жаза тайбай атууга болот деп ойлогом.

Таң каласыңар, бирок, менин сөздөрүмдөн кийин бугу токтоп, артка бурулуп, мени көздөй жөнөдү, түз эле мен баш калкалап турган бакка. Мен аябай таң калдым, бирок, ал ушул эки жүз метр аралыкты басып өтүп, мен турган жерден үч метр төмөн жерде дарактын түбүндө туруп калды. Менде эч кандай маскировка, атайын жыпар жыттуу жана үндүү азгырыктар болгон эмес - бир гана мен жана Кудай, ал эми бугулар так эле менин алдымда турушту. Менин оюмча, бул учурда эч кимдин кыя атышы мүмкүн эмес. Бугуну чоң кубаныч менен үйгө алып келдим жана азыр эле күбө болгон нерселер башыман чыкпай койду. Кантип эле мен ага буюрганым үчүн, бугу мага келди экен? Бардыгы так эле ушундай көрүнүп турду.

Биз Огайо штатында 40 гектар ферманы ижарага алдык - ал жерде талаалар, кичинекей токой жана жээгинде бадал өскөн дарыя бар эле. Кыш айларында, айрыкча кар жааганда, биз коён уулаганды жакшы көрчүбүз. Огайо штатында, коёндорго аңчылык кылуу мезгили менен кошо кыргоолдун аңчылык мезгили да башталат, бирок, биз аларды чарбабыздан бир да жолу көрбөдүк.

Ошол күнү биз коён уулаганга барып, суунун башына жакын калганда, кыргоолду чоочутуп алдык. Мен тез арада бутага отура калып, ок чыгардым. Мылтыкты басканда куштун канатын гана жарадар кылганымды түшүндүм. Кыргоол жерге кулады, бирок, ошол эле учурда ордунан ыргып туруп качып кетти. Кыргоолдор 50 км/саат ылдамдыкка чейин чуркай алышат, биздин жигит болсо муну далилдөө үчүн бар күчүн жумшады. Жер жаңы жааган карга жамынып турган, куш ачык талаа менен чуркап өткөндүктөн, мен

анын качып кетип бара жаткан жолундагы ар бир кадамын оңой эле ээрчип жүрүп отурдум.

Мен кыргоолду качырып жибердим деп ойлонуп, бир нече убакытка чейин айласыз турдум, бирок, рухта ал абалыма карама-каршы бир нерсени сездим. Аңчылык кылып жүргөндөгү бугуларды токтотуп, жаныма келүүгө буйрук бергеним эсиме түштү. Бул жолу дагы ушундай аракет кылып көрүшүм керек деп ойлоп, ошондуктан катуу кыйкырдым: «Кыргоол, Ыйсанын атынан, ТОКТОП ТУР!» Күтүлбөгөн жерден чымчык көзүмө көрүнбөй калды, анын алдыга же артка жылганын көргөн жокмун. Талаа даана көрүнүп, кыргоол мен кыйкырган учурда токтой калды. Менин уулум Тим мени менен болчу жана ал минтип айтты: “Ата, кыргоол сиз кыйкырган учурда токтоп калды”. Бирок, ал кайда кетти? Тим экөөбүз из кууп жүрүп отуруп, аны анан так эле кардын үстүнөн көрдүк. Ал башын карга тыгып алыптыр, ал эми, тулкусу толугу менен ачык болчу. Ал жерде бир аз чөп бар эле, ошондуктан, биз аны көрбөй калыптырбыз. Ал өлүп калдыбы? Мен аны өйдө көтөрдүм, ал дароо канаттарын каккылап, катуу кыйкыра баштады. Ал тип-тирүү эле болчу! Кийинчерээк кушту союп жатканда, мен аткан октон канатынын бир аз гана жаракат алганын байкадык. Тим экөөбүз бири-бирибизге аябай таң калып карадык. Биздин өз көзүбүз менен көргөндөргө эч ким ишенбейт эле.

Жогоруда айткандай, Огайо штатында маралдарды атып алууга чектөө коюлган: ар кандай жыныстагы экини гана, бирок жылына бир гана эркегин атып алса болот. Мамлекеттик бийлик бугулардын санын бир аз азайтуу үчүн, ургаачыларга көбүрөөк аңчылык кылууга мүмкүнчүлүк берүүнү каалаган. Ошентип, мен эркек менен ургаачы алам деп, үрөн септим. Андан кийин 30 же 40 мүнөттөн кийин, так сааты менен, бир эркек пайда болду. Менин кийинки чыгышыма, бир ургаачы пайда болду. Менин көз алдымда: “Коё турсаңар, бугулар мен үрөн сепкенде кандай жазган болсом, ошол тартипте пайда болуп жатышат. Ушул чын

элеби? Башка тартипте жазсам эмне болмок эле? « Мен көбүнчө бир эркек жана бир ургаачыга септим, алар анан так ушундай тартипте келишкен. Бирок, мен бул жолу ургаачыга анан эркекке септим, анан ошондой тартипте болуп, адегенде ургаачы келди, андан кийин эркеги келди. Менин теориямды текшерүү үчүн буйрукту бир нече жолу өзгөрттүм, ал ар бир жолу иштеп жатты. Ушунун бардыгын көрүп, мен Кудайдын Падышачылыгын терең урматтап, ал жөнүндө канчалык аз билээримди түшүндүм. Бир нерсе анык болду: менин жашоомдо мен элестеткенден да көп сандаган ыйгарым укуктарым бар экендигин Теңирибиз мага көрсөтүп берип жатты.

Кошумча катары айткым келет, азыр бугуларга аңчылык кылуу мезгили 2015-жылга туура келет. Мен бугуга үрөндү төрт тиштен ашык мүйүзү менен септим, ошондой эле бир жаштагы ургаачы жана бир жаштагы эркек - эт үчүн. Азыр, сааттын жебеси боюнча, мүйүзүндө алты бутагы бар бугу түз менин дарагыма келет, бир аздан кийин бир жашар ургаачы пайда болот. Ал эми, кийинки жолу жаш эркекти алаарымды так билем. Менин оюмча, бул бир кызыктай угулат, мен жөн гана сизге аңчылыкта эмне болуп жатканымды айтып жатам.

Бирок, бир окуя ушунчалык ачык болгондуктан, мени коркутканга чейин барды. Мен төрт тиштен ашык мүйүзү бар бугуга үрөн сээп койдум, ошондой эле, мүйүзү жок жаш бугуга да (жаш бугу мүйүзү кичинекей болуп, түгүнүн астында катылып турса, ургаачы деп санайт). Мен адаттагыдай эле мергенчиликке чыгып, он беш мүнөттөн кийин сегиз тиш мүйүздүү бугуга ээ болдум. Кийинки жолу мергенчиликке чыксам, жаш бугу алдыман чыгат деп ишенгем.

Эки жумадан кийин мен мергенчиликке чыгып, кадимкидей эле, дарактын артына жашына отурдум жана менден үч жүз метр алыстыкта жайлоону аралап өтүп, сегиз бутактуу мүйүзү бар

кооз эликти көрдүм. Ал түз эле менин дарагыма карай жөнөдү. Курстан тайбай, ал бардык талааны аралап өтүп, бактын жанына келип, жыйырма секунддай ошол жерде турду. Андан кийин ал бурулуп, келген жол менен артка кайтты. Огайо штатында бир гана эркек бугуга уруксат берилгенин эсиңерде болсо керек, менде бул жылы ага чейин эле сегиз тиш мүйүздүү кийик болгон. Ошондуктан, мен жөн гана бул сулуу бугуга карап, атпай койдум. Бул менин башымды айландырды. Биринчи жолу менин башыма мергенчилик учурунда марал ушунчалык жакын келип калды, бирок, ал мен үрөн сепкен марал эмес. Бул бугунун талаадан өтүп, менин дарагыма келип, дарактын түбүндө туруп, андан кийин ошол эле жол менен артка кайтып кетиши мага абдан кызыктай сезилди. Бул бугу бир тапшырманы аткарып жаткандай сезилди. Эртең менен жаш кийикти күттүм, бирок, ал такыр келген жок.

Кечинде мен өзүмдүн иш бөлмөмдө отуруп, эмне болуп кетти деп бир аз кабатыр болдум. Бир жерден ката кетти. Мүйүзү жок, жаш кийик келе турган болчу. Эмне үчүн сегиз мүйүздүү эркек кийик келди? Мен рухта сыйынып, Кудайдан ушул жагдай тууралуу сурай баштадым. Мен Аны уктум, Ал: «Өзүңдүн үрөнүңө кара» деди. Менин үрөнүмө карашым керекпи? Эмне сепкенимди билем. Банк менин бардык чектеримдин көчүрмөсүн чыгарат, ошондуктан мен керектүү көчүрмөсүн алып чыгып, жазууну карадым. Мен үрөндү эки марал үчүн септим деп ойлодум: төрт же андан көбүрөөк тиш мүйүздүү бир эркек жана мүйүзсүз жаш бугу, ал ургаачы деп эсептелет. Бирок, чекте мындай деп жазылган экен: «Эки бугу, мүйүзү төрт тиште же андан көп, мүйүзү жок бир бугу». Жазганда мен эки гана бугу жөнүндө ойлонуп жаттым: бирөөсү мүйүздүү, бирөөсү мүйүзсүз, бирок, андай болгон жок. Мен: «Төрт тиштен ашык мүйүздүү эки марал, мүйүзсүз бир марал» деп жаздым. Баары канча болот ошондо? Үчөө, анан экинчиси, биринчисиндей эле, төрт бутактуу мүйүздөр менен болгон. Муну көргөндө, мен таң калып туруп калдым. Сегиз

бутактуу бугу чындыгында тапшырманы аткарган экен. Ал ошол жерде Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамы аркылуу пайда болушу керек болчу. Мен ордуман ыргып туруп, кубанганымдан кыйкыра баштадым жана үйдү айланып чуркадым. Мына сага!!!

Ошол эле учурда, көргөндөрүм мени чоочутту. Эгер Кудайдын Падышачылыгы ушунчалык так жана даана болсо, анда мен дагы да этият болушум керек. Мен өзүм каалабаган окуяларды байкабай кыймылга келтирдим, бирок, алар руханий мыйзамды канчалык колдонгондугума жараша болду. Көпчүлүк адамдар, анын ичинде өзүм дагы, аны өзүлөрүнө өзүлөрү алып келүү менен, каалабаган эле нерселерди жашоодо өз баштарынан өткөрүүгө мажбур болуп жатышканын эми түшүнө баштадым. Ыйсанын анжир дарагын сөз менен өлтүргөнүн, дагы бир жолкусунда Лазарды мүрзөдөн чакырганын эстесеңер. Эки кырдаалда тең бир эле мыйзам колдонулган, бирок, ар кандай максаттарда. Кийинки жолу мергенчиликке чыксам, жаш бугу келди – так эле мен өзүм үрөн сепкендей.

Бул окуялардын бардыгы мени таң калтырды жана менин Падышачылык жөнүндөгү түшүнүгүмө зор таасир этти. Эми мен Кудайдын Падышачылыгы абдан так иштерин эч бир күмөн санабай билип калдым. Буга биз таң калышыбыз керекпи? Жерде иштеп жаткан жаратылыштын ар кандай мыйзамы эле абдан так. Руханий мыйзамдар рухтар дүйнөсүнөн ишке киргизилген физикалык мыйзамдардай эле иштейт деп эч качан билген эмесмин. Бул жөнүндө билишим керек эле, бирок, билген эмесмин. Бирок, мен эми Падышачылыктын мыйзамдарынын канчалык так экендигин түшүндүм.

Мен силерге аңчылыкта болгон дагы бир окуяны айтып берейин (мага аңчылык учурунда алган сабактарым аябай жагат, андыктан силерге сабырдуу болууга туура келет). Падышачылыктын мыйзамдары канчалык так таасир этээрин билгенден кийин, дагы

да тагыраак бир эксперимент өткөрүүнү чечтим. Ошол жылы мен жети бутактуу мүйүзү бар бугуга үрөн себүүнү чечтим. Адатта, бугулардын эки жак мүйүзүндө бирдей бутактар болот. Төрт бутак - бул эки тараптагы эки бутакты билдирет; сегиз бутак эки тараптан төрт, ж.б.у.с. Ар кандай себептерден улам, бугулардын мүйүздөрүндө бирдей эмес бутактары болуп калат. Бирок, адатта, мен белгилегендей, бутактардын саны эки тарапта бирдей болот.

Мен кадимкидей эмес, өзгөчө бир нерсеге болгон ишенимимди бошоткум келди, ошондуктан, тажрыйба өткөрүүнү чечтим. Канчалык конкреттүү болсок, ошончолук көпкө күтүүгө туура келерин жана аны жүзөгө ашыруу үчүн Ыйык Рухтун көрсөтмөлөрү канчалык так болоорун билдим. Ошентип, аркан менен аңчылык кылуу сезону башталды, бирок, мен эми аңчылыкка чыгуунун кереги жок экендигин түшүндүм. Менин кийиктеримдин ал жерде жок экендигин билчүмүн. Мен октябрь айын бүт күттүм жана рухум менен түшүндүм: «Ал азырынча ал жерде жок». Бул менин көңүлүмдү бир аз капалантты: токой күзгү түстөргө боёлуп турду, мен абдан мергенчиликке баргым келди. Бирок, мен күтүп жаттым.

**МЕН ПАДЫШАЧЫЛЫКТЫН МЫЙЗАМДАРЫ АБДАН ТАК ЭКЕНИНЕ ШЕК САНАГАН ЖОКМУН.**

Ошентип, ушундай нерсе болуп өттү. Бир күнү кечинде мен конок бөлмөсүндө, аялымдын биздикине Джорджиден келген ата-энеси менен сүйлөшүп отуруп, Падышачылыктын мыйзамдарынын так экенинен шек санаган жокмун. Анан эртең эрте менен менин саатым келет деп уктум. Ал жерде эртең жети мүйүздүү эркек кийик болот! Эртең кийикти алам деп бүт үй-бүлөгө айттым.

Мен аябай шыктанып ойгонуп, таңга маал сыртка чыктым. Мен жашынуучу жайда, дарактын башына аркан менен чыгып туруп, менин токойлорум менен чектешкен беш гектарга жакын

саздак жерди карап турдум. Бул жер абдан кооз жер. Ал жерде туруп, өрдөктөрдүн кантип учканын, саздактардын четине чыккан ондатрларды, кээде жада калса, норкалардын пайда болгонун көрө аласың. Саздын тегерегинде токойлор бар, ал жерде бугулар көп эс алышат. Ошентип, мен жашынган жайымда турдум, бирок эч нерсе болгон жок. Мен 45 мүнөт, бир саат күттүм, эч нерсе жок.

Талаанын экинчи жагында, мен унаанын эшиги ачылып, жабылганын уктум - мен Дренданын ата-энеси Джорджиге кетүүгө камынып жатышканын билдим. Мен алар кеткенге чейин эртең мененки тамакты алар менен ичем деп убада берип жана эртең мененки тамакты өзүм жасайын дегем. Менин баштапкы планым - бугуну таң эрте атып, андан кийин эртең мененки тамактануу үчүн үйгө кайтуу эле. Бирок, бугу таптакыр эле көрүнбөйт, мен каалабастан туруп, аргасыздан гана бактын ичинде жашынып турган жеримден ылдый түшүп, үйгө жөнөдүм. Тажрыйбамдан улам, кийиктердин эрте менен сазга келерин билчүмүн, анткени, бул жерде алардын сүйүктүү эс алуучу жайы бар. О, бугулардын каалаган мүнөттө пайда болоорун түшүнүп турдум, бирок, мен көпкө кала албайт элем. Бул дагы башка күнү эртең менен дагы бир жолу аңчылыкка чыгууга аргасыз болом дегенди билдирет эле.

Үйдөгүлөрдүн бардыгы менен учурашып, эртең мененки тамакты жасай баштадым. Эртең мененки тамакты биздин үйдө мен гана бышырам жана ушул убакка чейин ушундай гана болуп келгени менин эсимде. Менде дан эгиндеринен жасалган вафли үчүн өзгөчө рецепт бар, алар таптакыр укмуштай болуп чыгат, мага ишенип коё берсеңер болот. Жумуртка, колбаса жана сыр менюну толуктайт, бирок, менин эртең мененки тамагымдын ушунчалык даамдуу болушунун эң негизги өзгөчөлүгү, албетте, табигый клен сиробу. Огайо - клен сиробу өндүрүлүп, сатылган жер. Менин үйүмдө жасалма клен сиробунун пайда болушуна эч качан жол бербейм - бул табигый гана нерсе! Ошентип, мен эртең

мененки тамакты жасап жатам, биздин ашкананын терезелери токой менен сазга карап турат. Анан капысынан талаадан өтүп, сазга бет алган маралды көрдүм. Мен: «Менин маралым!» деп кыйкырып, эртең мененки тамакты аяктап коюуну айтууга үлгүрдүм да, анан чуркап жөнөдүм!

Мен бугулардын бул талааны кантип кесип өткөнүн бир эмес, бир нече жолу көргөн элем, ошондуктан, анын кайда баратканын так билчүмүн. Эгер мен бугулар келгенге чейин өз ордума жетип, жашырынып калсам, анда атып алсам болот деп ойлогом. Бирок, буга чейин маралга жетип, даракка чыгуу оңой болбойт. Мен АЗЫР ТОКТООСУЗ чуркашым керек! Эшиктен чуркап чыгып, чуркап бара жатып эле, арканды колго кармай кеттим да, талааны айланып чуркадым, анан акырын баш калкалоочу жайга кирдим. Баары жакшы жүрүп жатканда, бугу көрүнбөйт.

Мен баш калкалоочу жайга чыгып, отурарым менен сазды аралап, түз эле мен отурган жакка бет алган маралдарды көрдүм. Бугу аны ээрчип жүргөн ургаачысынан башка эч нерсеге көңүл бурган жок; ал мени көргөн жок жана менин жытымды да сезген жок. Ургаачы кийик менден анча алыс эмес жерде оттоп, сазды көздөй жылып отурду, бугу да ошол эле жол менен келе жатты. Андан жакшы кырдаалды элестете алган жокмун. Марал менден жыйырма метр алыстыкта болчу, мен кылдаттык менен бутага алып, аркадан жебени аттым. Ошол эле секундда жебени аткандан кийин мен октун туура эмес кеткенин түшүндүм. Чындыкты айтышыбыз керек: мен талааны, саздарды аралап чуркап жүрүп, бугулардан ашып түшүүгө аракет кылып, демим чыкпай жатты.

Жебенин өтө ылдый учканын көрүп, эч кандай талуу жерине тийген жокмун деп капа болдум. Атылгандан кийин, бугу саз менен чектешкен бадалдын арасына секирип кирип, анан акырындык менен көздөн кайым болду. Байкашымча, аркан менен аңчылык кылганда, ок атылгандан кийин, кээде бугу эмне болгонун дароо

эле түшүнө бербейт. Көбүнчө алар адамды байкабай же жыты жыттанбаса, жөн эле кетип калышат. Ошондой эле, бугу жаракат алса, ал көбүнчө бадалдын арасына түшүп, алыска кетпей тургандыгын билчүмүн. Ошол кийиктер мени көрбөгөндүктөн, мен жашырынып жаткан жерден акырын чыгып, келген жолум менен үйгө жөнөдүм - бугунун үрөйүн учурбоо үчүн узак айланма жол болчу.

Үйгө келсем, бардыгы эмне болду, мен кийик таптымбы деп сурай башташты. Бул кандай болгонун айтып, анан уулдарымдын мени ээрчип барып, бугуну бадалдын арасынан сууруп чыгууга жардам бериштерин сурандым, ошондо мен аны атып алам.

Биз бадалдарды курчап, акырындап жакындаша баштадык. Бир маалда балам кийиктен чоочуп кетип, бийик чөптөрдүн үстүнөн секире баштаганын көрдүм. Ал менден элүү метр алыстыкта болуп, оңдон солго жылып кетти. Күтүлбөгөн жерден бугу талаанын четиндеги экинчи уулумду көрдү. Бул аны жөн эле коркуткан адам эмес экендигин түшүнүп, кайсы жол коопсузураак экендигин билбей, бугу өзүнүн куткарылуу мүмкүнчүлүгүн тез колдонуп калуу үчүн аракет кылууга токтоп калды. Бугу али мени көрө элек. Ал менден 60 метр алыстыкта туруп, уулумду карап турду. Аркандын күчү ушул аралыктан кийикти алууга жетиштүү эле, бирок, жебенин тактыгы жоголот. Мен буга чейин аркан менен атып көргөн эмесмин. Мындан тышкары, секундасына 120 метр ылдамдыкта жебелерди аттыра турган жаңы, кымбат баалуу аркан эмес эле. Менин арканымдын атуу тактыгы 30-35 метрге чейин чектелген.

Бугулар мен жакка бурулуп, капталынан жайбаракат тургандыктан, мен атууну чечтим. Мен арканды көтөрүп, бутага алып, жебени аттым. Жебе бугунун ичине учуп кирип, моюнуна так урулганын карап, таң калып турдум. Жебе бугунун мойнун тешип өткөн (деталдары үчүн кечиресиз), эми ал мойнунун эки

тарабынан теӊ чыгып турду. Бугу бадалдын арасына чуркап кирип, көздөн кайым болду. Акырын басып бадалдын жанына бардым. Ал ошол жерде болчу! Жебе өз ишин жасады, ал эми бугу меники болду!

Мага уулум Тим келгенде, мени бугунун мүйүзүндөгү бутактардын саны эӊ көп кызыктырды. Ошол учурга чейин менде аларды санаганга мүмкүнчүлүк болгон жок, бирок, азыр эсептеп чыктык: алардын саны жетөө эле. Жакшылап карасак, чындыгында сегиз бутак болгонун көрдүк, бирок, алардын бири сынып калгандыктан, жетөөсү калыптыр. Тим экөөбүз абдан таӊ калып, анан Теӊирибизди даӊктадык. Кудайдын Падышачылыгы таӊ калыштуу! Биз ошол жерде туруп минтип ойлодук: “Падышачылык жөнүндө бизге бирөө ишенеби? Кудайдын Падышачылыгы ушундайча иреттелгенин кимдир бирөө билеби?“

Мен силерди кептин төркүнүн түшүндү го деп ойлойм. Кудайдын Падышачылыгында абдан так мыйзамдар орнотулган жана алардын өзгөрүүсүз иштешине ишенсеӊер болот. Бул мыйзамдар бардык тармактарда, анын ичинде акча жаатында да колдонуларын билгенде, аябай кубандым. Мен бул мыйзамдарды изилдей алмакмын. Мен рухий изилдөөчү болуп, Кудайдын Падышачылыгы кандай иштээрин билишим керек болчу. Кудай, мага жардам берчи!

2-бөлүм

# КӨГҮЛТҮР ЖАРЫК

Дренда экөөбүздүн жашообузда Падышачылыктын иш-аракет кылып жаткандыгын көргөнүбүздө, биз толугу менен карыздан кутулуп, билгендерибизди айлана-чөйрөбүздүн баарына бөлүшкүбүз келди. Угууга даяр болгондордун бардыгы менен бул жөнүндө сүйлөштүк; ошондон кийин биз жыйын ачтык, мен дагы бизнес кылууну уланта бердим. Бирок, мен рухта дагы да чоңураак бир нерсе бар экендигин сездим; бул эмне экенин билген эмесмин, бирок, мен адамдарга Падышачылык жөнүндө айтып берүү үчүн, Кудай мени жетектеп баратканын түшүндүм.

2005-жылы мен өзүмдүн жашоомду өзгөрткөн Падышачылыктын каржылык принциптерин айтып бере турган, "Каржылык төңкөрүш" деп аталган беш жолку жолугушуудагы конференцияны өткөрүүнү кааладым. Мен методисттер жыйынында чоңойгом, анан кээде бизде мындай бир жумага созулган жандандыруу конференциялары болуп турчу. Рухта мен дал ушул үлгүнү көргөн элем - беш жолугушуу, анда мен адамдарга Кудай каржы жаатында мага ачып берген түшүнүктөрүн жана принциптерин жеткирүүгө мүмкүнчүлүк алам. Буга чейин мен эч качан ушул принциптерди бириктирип, системалаштырууга аракет

кылган эмесмин. Бирок, мен рухта, өзүмдүн беш жыйналышта каржы жөнүндө насаат айтканымды көрдүм.

Бул жөнүндө сыйынып жүргөнүмдө, бир күнү көптөн бери көрө элек досум Лэрриге жолугуп калдым. Ал Албанияда конференция өткөргөнү жаткандыгын айтып, мени ошол жерде спикер болууга чакырды. Лэрри 12 жылдай Албанияда миссионер болуп кызмат кылган жана ал өлкөгө таасири күч эле. Ушунча алыс аралыкты кыдыруу, мен үчүн жаңы нерсе болду. Мен эч качан мынчалык алыс жол жүргөн эмесмин, Албанияда болгон да эмесмин, атүгүл бул өлкөнүн кайда экендигин билбейт деле болчумун. Лэрри бул иш-чара бүткүл өлкө кайтаруучулар чогулган, улуттук масштабдагы иш-чара болот деп жана менин Падышачылык жана каржы жөнүндө айткан сөздөрүм баарына пайдалуу болоорун айтып, мени кубаттады. Лэрри конференцияда мен эки-үч чогулушта кызмат кыларымды айтты. Беш жолугушуу жөнүндө сөз болбосо дагы, бөлүшкүм келген нерселер жөнүндө сүйлөй алаарым үчүн аябай кубанып турдум. Ошондуктан да, мен барсам аябай бактылуу болом дедим.

Албанияда учактан түшкөндө, Лэрри мени: «Гэри, биздин спикерлердин бири акыркы мүнөттө келе албай калгандыгын айтты. Ошондуктан, сага беш жолку чогулушта кызмат кылууга туура келет» деп айтуу менен, мени тосуп алды. Жүрөгүм дүкүлдөп кетти. Мына, сага! Мен мунун баарын Кудай жасап жаткандыгын билчүмүн жана рух аркылуу алган нерселеримдин кандайча ишке ашырыла тургандыгын көргүм келди. Менин жазууларым жанымда болчу, бирок, аларды мен беш жолку кызмат үчүн бөлүштүргөн жок элем. Ошентип, мен күн сайын сабак берип, андан кийин кайтып келип, рухта сыйынып, кийинки насаатка конспектилерди жазып турдум. Ар бир жолугушууда укмуштуудай майлоо болду.

Алдын ала айта кете турган нерсе, мен ал жакка барганда Албания

өтө жакыр өлкө болгонун айткым келет. Адамдын бир айлык кирешеси болжол менен 500 долларды түзгөн, ал эми пара алуу - бул адамдардын жашоо образы болгон. Каржы маселеси боюнча алар менен кантип сүйлөшөм деп ойлонуп жатып, аны алардын кандайча кабыл алышарына көзүм жетпеди. Сөз баарына таасирдүү болоорун билчүмүн, бирок, анын бардыгы мен үчүн таптакыр жаңы тажрыйба болду. Биринчи жолугушуу учурунда сабак бергенимде, мени менен угуучулардын ортосунда дубал бар экендигин сездим. Экинчи кызмат учурунда мен адамдардын рухий ачкачылыгын байкадым, жүздөрүнөн Падышачылык жөнүндөгү кабарды уккан сайын, алардын ишеними өскөнүн байкадым. Күндө машыккан сайын, бул адамдар шыктанышып, Кудайдын Падышачылыгы менен кубанышты деп ишенимдүү түрдө эле айта алам.

Менин акыркы окутуум болгон күнү кечинде, Теңир мага жергиликтүү жыйындар үчүн кайрымдуулук чогултууну айтты. Мен буга ишене алган жокмун, анткени биринчиден, бул менин чогулушум эмес; экинчиден, эл кандай кабыл алаарын билген эмесмин. Лэрри экөөбүз жергиликтүү кайтаруучулардын унаа чыгымдарына жана башка чыгымдарын жабуу үчүн көп акча салдык. Мен Лэрри менен сүйлөштүм, ал менин кайрымдуулук чогултуумду айтты.

Ошентип, акыркы кызмат учурунда мен ушул конференция үчүн кайрымдуулук чогултууга чакырдым, майлоо ушунчалык күчтүү болгондуктан, мен араңдан зорго туруштук бере алдым. Элдер кайрымдуулуктарын көтөрүп келе жатканда бийлеп, кубанып жатышты. Адамдар себетке акча салып жатышты, ал себеттерди кармап турган тартип кызматчылары ыйлап, буттарында араң турушту. Мурда мен буга чейин эч качан курмандыктарды чогултуу учурунда мындай нерсени көргөн эмесмин. Адамдар өз белектерин кандай гана кубаныч менен көтөрүп келип жаткандыгын, кантип бийлеп, кыйкырганын көрүп,

ушундай баалуу үрөн сепкендердин майланышына жана чын ыкластуу ишенимине таң калып отурдум.

Лэрри көргөндөрүнө аябай таасирленди. Кечки кызматтан кийин анын үйүнө алып барган эки баштык толгон-токой жардамыбыз дагы таң калтырды. Лэрри адатта жыйында бирден гана баштык чогултушканын, ал дагы толук эмес болгондугун айтты. Биз бул сумкаларды эл көп жүргөн көчөдөн Лэрри жашаган чакан батирге кылдаттык менен көтөрүп келдик.

Анын батирине кирип, бөлмөдө отуруп, сумкаларды ачып, акчаны санадык. Лэрри саналгандарды столдун үстүнө койгондо, сөз менен айтып жеткирүү кыйын болгон нерсе болду. Бир маалда бөлмө жарык жана көгүш туманга толуп, бизди Кудайдын катышуусу каптады. Биз жөн гана бөлмөнү толтурган майлоонун астында отурдук. Башкаларга насаат айтып жатканда же сыйынып жаткандагы майлоолордон башкача майлоо болчу. Кудайдын катышуусу ушул туман ичинде болгон. Бул ыйык болчу; мен Кудайдын Өзүнүн катышуусунун так борборунда экенимди түшүндүм. Ал барган сайын күчтөнө берди. Биздин колубуздан келгени, болгону ыйлап эле отуруп калдык. Анан мен ушул үйүлүп жаткан акчанын ортосунда кичинекей үстөлдө эркектин нике шакегин көрдүм. Кайрымдуулук үчүн акчасы жок бирөө эң кымбат нерсени бергенине таң калдым.

Теңирим ошол учурда мага сүйлөдү:

- Мен сени элдерге Падышачылыктын принциптери жана каржы жөнүндө билим берүүгө чакырам. Бул шакек бүгүн чоң ишеним менен алынып келинди. Мен аны сен алып, ушул иш-чараны эскертип туруучу катары сактап коюуңду каалайм. Шакек нике келишиминин символу болгондой эле, Менин элим менен түзгөн келишимимди - Мен аларга кам көрөрүмдү жарыялай тургандыгыңды бил. Ошондой эле, Мен сени кайда багыттасам дагы, ал үчүн жетиштүү акча бере турганымды билгин.

Ошол күнү түнү бою уктай албай жаттым. Мен Лэрринин үйүндө калдым, майлоо да ошол жерде калды. Атлантика аркылуу үйгө учкан убактынын бардыгында уктай албай жаттым. Менин колумдан келгени - терезеден карап, учуп келе жаткан сегиз саат бою ыйлап гана келдим. Ошондо Теңир мени менен сүйлөшкөндөн кийин, мен 46 саат уктай албай койдум. Ошол кечтен кийин бир нече ай бою башыман өткөн нерселерди эстеген сайын, мен дагы бир жолу ошол сезимди баштан кечирип, ыйлай баштадым.

Мен Лэрриге шакек жөнүндө Теңирдин мага айтканын айткан жокмун. Чогулган акча Албаниядагы жыйындарга таандык болчу, мен ал шакекти сатууга жана төлөөгө болот деп билчүмүн, бирок, менде бул шакек жөнүндө Кудайдан сөзү бар эле. Ошол себептен Лэрри мени чакырып алып, Теңирибиз ага ушул шакекти мага бер деди деп айтканына аябай кубандым. Мен аны стендге койдум, азыр ал менин иш бөлмөмдө сакталып турат. Мен олуттуу каржылык кыйынчылыктар менен бет келиштим деп ойлогон учурларым болгон; ошондо мен бул шакекти карап, ошол күнү кечинде Теңирдин мага айткан сөздөрүн эстедим. Кудайдын ишенимдүү болгондугуна жана ал көрсөткөн багытта жүрүү үчүн, мага керектүү нерселердин бардыгын бергендигине эч кандай шек санабайм. Албанияда ошол күнү кечинде менин жашоом өзгөрүлдү, бирок, Кудай мага алдыда дагы бир топ нерсени көрсөткүсү келди.

Албаниядан үйгө учуп келгенде, Падышачылык жөнүндөгү кабарды каалаган жериме, бутум жеткен жердин баарына жеткирүүгө аябай дилгир болдум. Мен бул маалыматты жеткирүүгө дилгирленип, дагы беш жолу жолугушуу өткөргүм келип, ошол эле жерде ошол нерсе болгон-болбогонун көргүм келди. Мага көпкө күтүүгө туура келген жок. Ютадагы бир пастор мени ошол беш чогулушту өткөрүүгө чакырды. Ал Лэрриден алардын да биз менен тагдырлаш экенин угуп, менин келишимди

каалаптыр. Ал чакан жана өтө кедей индиялык жыйындарынын биринин кайтаруучусу болгон. Аларга каржылык жардам керек болчу, эгер Лэрринин айткандары чын болсо, анда ал мени аларга жардам бере алат деп ойлоду.

Ошентип, мен ал жакка учуп келип, жекшемби күнү эртең менен жана кечинде, андан кийин ар түнү шаршемби күнгө чейин жолугушууларды өткөрүп турдум. Албаниядагыдай эле беш жыйналыш жана ошол эле жооп. Элдер жыйындын акыркы түнү кубанып, бийлешти, конференция учурунда аябай майланышты. Бул жолу мен көгүлтүр отту көргөн жокмун, бирок, беш насааттын баарында абдан күчтүү майлоону сездим. Жабылуу чогулушунан кийин, мен Албанияда Лэрри сыяктуу болуп, үй-бүлөлүү 17 жубайлар кандай гана чоң жардам бергенин көрүп, аябай таң калдым. Акчаны атайын баштыкка салып, мөөр басып, эртеси эсептөө үчүн иш бөлмөмө алып бардым.

Эртеси эртең менен кеңседен мага чалышты. Бул менин катчым болгон, анын үнүнөн бир нерсе болгонун билдим. Анын үнү калтырап, ыйлап жатканы угулуп турду. Анын биринчи эле айткан сөздөрү булар болду: «Пастор, кечээ сиз алып келген акча менен бир нерсе болуп жатат». “Эмне дейсиң, Трейси?” – деп сурадым мен. Трейси акчаны эсептөө үчүн баштыкты ачканда, ошол замат абдан күчтүү майлоо келип, ал жерге кулап түшкөнүн айта баштады. Менин экинчи катчым ызы-чууну угуп, ал жакка шашып барганда, ал дагы ал майлоонун таасири астында калчылдап баштаптыр. Трейси: «Ютада бул акча менен эмне болду эле?» – деди. Мен ага билбейм дедим.

Бир-эки жумадан кийин, мен Огайонун түштүгүндөгү кичинекей жыйында ошол эле принциптерди үйрөттүм. Бул жыйынга алгачкы төрт насыяттын DVDлерин, алдын ала жөнөткөнбүз жана алар мурунку төрт жумада аларды карап чыгышкан. Бешинчи насаатты айтуу үчүн жекшемби күнү кечинде келдим. Майлоо

кайрадан ушунчалык күчтүү болуп, туруштук берүү кыйын болду. Кайрымдуулук чогултууда мен мурунку жолугушуулардагыдай эле жоопту сездим. Адамдар чоң кубаныч менен курмандыктарды беришти. Кайрымдуулук чогултуу үчүн алдына себет коюлуп, адамдар кайрымдуулук каражаттарын коюу үчүн ага басып келип жатышты. Бул жолу дагы бир жолу көгүш жарык жаркырады. Кайрымдуулук себети диаметри бир жарым метрдей болгон шар менен курчалды. Майлоо ушунчалык күчтүү болгондуктан, кызматтан кийин унаага жетүү үчүн мага жардам керек болду, анткени, мен өзүм баса албай калдым.

Ошол учурда мен эмне болуп жаткандыгын түшүнгөн жокмун, буга чейин мындай нерсе жөнүндө уккан да эмесмин. Мен конференцияларды өткөрүүнү улантып жаттым жана майлоо да аябай күчтүү болду. Бир нече конференцияларда көк жалын кайрадан пайда болду. Мен үчүн табышмактуу болгон нерсе бул болду, эмне үчүн көк жарык так ошол акчанын үстүндө пайда болуп жаткандыгы. Акчаны эсептей турган убак келгенде, менин кызматкерлериме оңой болгон жок.

**ЫЙСА БИЗДИН АСМАНГА КЕТҮҮ УКУГУБУЗ ҮЧҮН ГАНА ТӨЛӨБӨСТӨН, БИЗГЕ КУДАЙДЫН УУЛДАРЫ ЖАНА КЫЗДАРЫ БОЛУП ЖАШАП, АНЫН ПАДЫШАЧЫЛЫГЫНЫН УШУЛ ЖЕРДЕГИ АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫНАН ПАЙДАЛАНУУГА ДА МҮМКҮНЧҮЛҮК БЕРДИ.**

Лэрри Албанияда столдун үстүнө кантип акчаларды койгону жана Кудайдын катышуусу келгендиги эсиңерде чыгаар? Качан биз ушул кайрымдуулук акчаларын алганда, биз дароо майлоону сезип, титирей баштаганбыз. Билем, бул таң калыштуу угулат, бирок, бизде чындыгында ушундай болгон.

Руханий изилдөөчү катары, бул мени таң калтырды, мен бул жөнүндө Теңирден сурадым. Ал мени менен сүйлөшүп, эмне үчүн мынчалык күчтүү майлоонун

курмандыкка дал келгенин айтты. Анын айтымында, көптөгөн адамдар курмандык чалышат: бирок, өз милдетин сезүү менен же мыйзамды сактоо менен. Ыйса биздин Асманга баруу укугубуз үчүн гана кун төлөбөстөн, бизге Кудайдын уулдары жана кыздары болуп жашап, Падышачылыгынын артыкчылыктарынан пайдаланып, ушул жерде жашоого да мүмкүнчүлүк берди. Айрымдар муну осуят катары жасашат, бирок, тартуу кылуу менен бирге ишенимди бошотушпайт. Көптөр, эгер андай болбосо, Кудай аларга ачууланат деп корккконунан беришет. Башкалары болсо, эсепти төлөшү керек деп ойлогондой беришет. Кудай Анын Падышачылыгы жөнүндө окутуп, Падышачылыктын жашыруун каржы принциптерин ачып бергенимде, адамдардын жүрөгүндө ишеним өсө баштай тургандыгын айтты. Андан кийин алар чыныгы ишеним менен курмандыктарды беришип жана ошондуктан да Падышачылык менен байланыш орнотушат, ошондуктан да майлоо келет.

2005-жылы Албанияга болгон сапарымдан кийин менин жашоом бир топ өзгөрдү. Дренда экөөбүз Падышачылык жөнүндөгү Жакшы Кабарды адамдарга айтууну аябай кааладык, ошондуктан, көптөгөн адамдардын жан дүйнөсүнө жетүү үчүн, теле көрсөтүүнү баштоону чечтик. Бүгүнкү күндө биз адамдарга көп жылдар мурун мага ачкан Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө күбөлөндүрүү үчүн, жылына миллиондогон акчаларды жумшап жатабыз. Бирок, силер дагы Падышачылык жөнүндөгү Жакшы Кабарды укпагандырсыңар. Биз дагы силер сыяктуу эле болчубуз - Бейишке барабыз деп ишенгенбиз, бирок, Асманды жерге кантип алып келүүнү билген эмеспиз.

Ыйса биздин Асманга кетүү укугубуз үчүн гана кун төлөбөстөн, бизге Кудайдын уулдары жана кыздары болуп жашап, Падышачылыгынын жердеги артыкчылыктарынан да пайдаланууга мүмкүнчүлүк берди. Бирок, андан да маанилүүсү, биз Инжилдеги Жакшы Кабарды бөлүшүшүбүз керек болгон

миллиондогон адамдар бар жана бул үчүн албетте акча талап кылат. Адамдар бизди карап жатышат. Биздин жашоо башкалардан айырмаланып турушу керек!

Ушундай майлоонун келиши үчүн, мен Албанияда эмнени үйрөттүм? Кудай Мага башка элдерге насаат айтуу боюнча так эмнени айтты? Бул китепте ушул жөнүндө сөз болуп жатат жана бул чындык бир кезде менин жашоомду өзгөрткөндөй, силердин да жашооңорду өзгөртө алат деп ишенем.

3 – бөлүм

# КУДАЙ, СУРАНАМ, МАГА ЫРАЙЫМ КЫЛ!

Джерри менин иш бөлмөмө телефон чалып, мен ага жакын турганда мени менен жолугушууга жана тамактанууга мүмкүнчүлүк сурады. Мен анын жанындагы шаардагы телекөрсөтүүгө интервью бердим, ал менин материалдарымды изилдеп, телеберүүлөрдү көргөндөн кийин жашоосу кандайча өзгөргөнүн айтып бергиси келди. Биз Джерри менен буга чейин бир да жолу жолуккан эмеспиз, бир-эки жолу гана телефон аркылуу сүйлөшкөнбүз. Мен: «Албетте» дедим. Баары бир түшкү тамакты ичишибиз керек эле, ошондуктан, мен ал жерде жүргөндө аны менен таанышып, анын окуясын угууга кубанычта болом деп ойлодум.

Ошентип, түшкү тамактанууда жолугуштук. Джерри уулу менен бирге келиптир. Ал өзүнүн таржымалын айта баштады. Джерри 30 жыл бою кайтаруучу болуп кызмат кылган, бирок, инсульттан кийин майып болуп, ишке жараксыз болуп калгандыктан, кызматтан кетүүгө аргасыз болгон. Инсульттан кийин жашоо кыйындай баштады. Ал иштей албагандыктан, каржылык туруктуулук мурдакы көрүнүш болуп калган, алардын үйү сатыкка коюлган. Коммуналдык тейлөөлөр үчүн акы төлөө жана азык-

түлүк сатып алуу да түйшүктүү маселе болуп калды. Чындыгында, Джерри айткандай, баары ушунчалык начар болгондуктан, бир күнү ал бир колуна октолгон тапанча, экинчи колуна Ыйык Китепти кармап отуруп алып, жашоосу менен коштошо турган кез келди деп ойлоду.

Ушундай үмүтсүз кырдаалда Джерри биздин телекөрсөтүүнү көрүп отуруп, менин айрым материалдарымды алууга заказ берди. Анын айтымында, материалдарды алган кезде, ал негизги эсептерди төлөө жана азык-түлүк сатып алуу үчүн эки миң долларга аябай муктаж болуп турган. Ал жүрөгүндө ишеним өсө баштаганга чейин биздин материалдарды улам-улам уга бериптир. Ал ушунчалык муктаж болгон эки миң үчүн Кудайга ишенүүнү чечти, ошондуктан, Дренда экөөбүз биринчи кийикти алуу үчүн бир кезде эмне кылган болсок, ал да ошондой кылыптыр. Ал эки миң долларга үрөн сээп, кагазга жазып, Марк 11: 24кө ылайык, акча алган деп эсептеген-ишенген күнү менен убактысын белгилеп, чекти биздин кызматка жөнөткөн экен.

Мен Джерри менен сүйлөшпөгөндүктөн, эмне болуп жаткандыгын билген эмесмин. Анын айтымында, бир жарым жумадан кийин эшикке бир киши келип, аны менен сүйлөшсөк болобу деп сураптыр. Джерри ал адам менен мурунтан тааныш болгон, бирок, алар көптөн бери сүйлөшө элек болчу. Алар бир аз сүйлөшүштү, андан кийин ал киши Жерриге эки миң долларга чек берүү үчүн токтоп калганын айткан. Анын айтымында, дээрлик бир жарым жума мурун, баланча күнү, баланча учурда, Ыйык Рух Джерриге ушул акчаны берип коюу жөнүндө аны менен сүйлөшкөн.

Джерри аң-таң болуп туруп калат. Ал ошол замат капчыгын алып чыгып, анда ошол кагазды алып карайт, анда абдан керек болгон эки миң долларды алдым деп эсептеген күнү жана убактысы жазылган. Джерринин кагазындагы күн менен убакыт

тигил кишинин Джерриге эки миң доллар беришим керек деп эсептеген мезгилге дал келди. Джерри бул кокустук эмес экендигин түшүнгөн, бул Кудайдын Падышачылыгынын түздөн-түз жообу, тактап айтканда, Падышалыктын мыйзамдарынын иштеп жаткандыгы деп түшүнгөн.

Джерри өз окуясын улантып, анын жети баласы бар экендигин жана бир уулунан башкасынын бардыгы үй-бүлөлүү экендигин айтты. Ал 16 жаштагы жигит түшкү тамак учурунда биз менен чогуу болгон. Ал атасынын башынан өткөн нерселерди көрүп, Кудайдан алыстап кеткен эле. Ал Кудайга ачууланган, анткени атасы Ага 30 жыл бою ишенимдүү болгон жана уулуна Кудай атасын таштап кеткендей сезилген.

Джерри уулунун жүрөгүнө жол издеп жатып, эми анын акылына бул ой келди. Менин материалдарымдан ал Кудай мага кийиктерди ишеним аркылуу кантип уулоону үйрөткөнүн үйрөндү. Падышачылыктын мыйзамдарын билүү аркылуу, быйыл кантип бугу алса болорун айтып берди. Уулу, бир аз ойлонуп туруп, макул болуп, экөө тең Джерри буга чейин эки миң долларга жасагандай, ишенимин бошотууну чечишти. Жигит сегиз мүнөттүн ичинде кийигин алыптыр! Джерри уулу менен бугуларды касаптын дүкөнүнө айдап бара жатканда, алардын машинасында менин материалдарым бар диск бар болчу. Джери бугуларды дүкөнгө берүүгө барган, ал эми уулу машинада калып, аны угам деди. Джерри кайтып келгенде, уулу ага мындай деди: “Ата, мен ушул жылдары бир нерсени колдон чыгарып жибердик окшойт деп ойлойм. Бул бугу - Кудайдын Падышачылыгынын натыйжасы деп билем» деди.

Анын уулу өзүнүн жашоосун кайрадан Теңирге арноону чечип, эгер Теңир аларга эки миң доллар жана бугу берген болсо, анда ал үйдүн депозитин төлөө үчүн зарыл болгон 17 миң долларды да бере алат деп айткан. Дал ушул мезгилде мен Джерри менен

биринчи жолу кездештим. Джерриден үйдүн карызын төлөө үчүн себилген үрөн менен кат алганым эсимде. Каттын мазмуну кыска болчу, анда жөн гана аларга керектүү нерселер жазылган эле. Ипотекалык насыядан, үйдү сатып алуу өтүнүчүнөн башка эч нерсе болгон эмес. Мен дагы ушул катка колумду коюп, алар менен сыйынууда макул болгонум эсимде. Мен муну кылган учурум так эсимде турат.

Джерри таржымал кайрадан кайталанды деп айтты. Эки жумадай өткөндөн кийин, аларды көргөнү дагы бир адам келди. Джерри аны мурун кандайдыр бир учурда билген. Ал киши карызга сатылып жаткан мүлктөрдүн тизмесинде алардын үйүн көргөнүн айтып, Джерриден үйдү сатып алуу, чыгарып алуу үчүн канча акча керектигин сурады. Джерри сумманы атады - 17 миң доллар. Ал киши толук суммага чек жазып, кетип калды. Джерри көзүн албай, чекти карап турду. Ресторандагы столдо менин маңдайымда отуруп, окуянын ушул жерине жеткенде, Джерри көз жашын көлдөтүп, адамдарга Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө билим бергеним үчүн мага ыраазычылыгын билдирди. Ал балдарынын бардыгы мындан Кудайдын колун көргөндүктөрүнө аябай кубангандыгын айтты, анан бул нерсе ага Падышачылык жөнүндө алар менен сүйлөшүү үчүн мүмкүнчүлүк берди. Бул мага аябай жагат! Бул Кудайдын Падышачылыгынын чындыгы жана мен адамдарга ал жөнүндө айтып, андан кийин алардын окуяларын уга алганым менен баталуумун. Көрүнүп тургандай, Джерри боор ооруну күткөн жок, тескерисинче боло турган жоопту күттү жана ал аларды Кудайдын Падышачылыгынан тапты.

Джерринин окуясы боюнча дагы бир нерсени тактагым келет. Адамдар анын үйүнө келип, ага акча беришкендей сезилсе дагы, силер диванга отуруп алып Coca-Cola ичип отурганыңарда, каржы маселеңер чечилип калат деген туура эмес ойдо калышыңарды каалабайм. Жок, силерге керектүү нерсенин түшүмүн жыйноого катышуу керек. Джерринин окуясында ал отуз жыл пастор болгон.

Ал бул адамдардын жүрөгүнө узак убакытка чейин ишенимди сепкен. Экинчиси: Джерри инсульттун кесепетинен улам эч нерсе кыла алган жок. Джерри өзү сепкен талаадан - анын жыйынындагы адамдардан оруп алган, ал алардын жашоосуна көп жылдар бою үрөн отургузган эле.

**СИЛЕРГЕ ЧЫНДЫКТЫ АЙТЫП КОЁЮН, ЭГЕРДЕ СИЛЕРДИН САРЫ КЫЧЫ ДАНЫНДАЙ ЭЛЕ ИШЕНИМИҢЕР БОЛСО, БУЛ ТООГО: «БУЛ ЖЕРДЕН ТИГИ ЖЕРГЕ ЖЫЛ», - ДЕСЕҢЕР, АЛ ЖЫЛАТ. СИЛЕР ҮЧҮН МҮМКҮН БОЛБОГОН ЭЧ НЕРСЕ БОЛБОЙТ.**

**– МАТАЙ 17:20**

Ошондой эле, Джерри инсульттун кесепетинен толугу менен айыгып кеткенин билишиңизди каалайм. Түшкү тамакта жолукканга чейин ал 30 килограммдан ашык ашыкча салмак таштады. Кудайга шүгүр, ал Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү чындыкты кабыл алды. Сиз: «Албетте, Джерри пастор болгон. Ал Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө баарын билчү» дээрсиңер. Көрсө жок, мен андай болгон бир гана ал жалгыз эмес экендигин билем. Тилекке каршы, жыйындагы көптөгөн адамдар Кудайдын Падышачылыгы менен кантип байланышууну жана кантип жоопторду алууну билишпейт. Матайдан Жакшы Кабардагы окуя көптөгөн адамдардын ой жүгүртүүлөрүнүн көрүнүшүн чагылдырат:

Алар элдин арасына келишкенде, бир адам Ыйсанын алдына келип, чөгөлөп: «Теңир! Менин уулума ырайым кыла көр! Анын элирмеси бар, аябай кыйналат. Бирде отко, бирде сууга боюн таштап жиберет. Аны Сенин шакирттериңе алып келсем, алар айыктыра албай коюшту», - деди.

*Ошондо Ыйса: «Оо ишенимсиз, бузулган муун! Качанга чейин силер менен болом? Качанга чейин силерге чыдайм? Баланы бул жерге, Мага алып келгиле», -*

*деди. Ыйса буйрук берери менен, баладан жин чыгып кетти. Бала ошол замат айыгып калды.*

*Ыйса жалгыз калганда, шакирттер келип: «Эмне үчүн биз жинди кууп чыгара албай койдук?», - деп сурашты. Ыйса аларга: «Ишенимиңердин аздыгынан улам! Силерге чындыкты айтып коёюн, эгерде силердин сары кычы данындай эле ишенимиңер болсо, бул тоого: «Бул жерден тиги жерге жыл», - десеңер, ал жылат. Силер үчүн мүмкүн болбогон эч нерсе болбойт.*

– Матай 17:14-20

Бул окуядан биз айласы кеткен адамды көрөбүз: анын уулу жиндер тарабынан кыйналып, өмүр менен өлүмдүн босогосунда турат. Ыйсанын кызматы, жиндерди кууп чыгаруу жөнүндө уккан адам, Ал баласын айыктырышы үчүн, Ага алып барууну чечет. Бирок, ал жерге келгенде, Ыйса үч шакирти менен тоого сыйынганы кеткенин байкайт. Ал жерде болгон башка шакирттер, бул көйгөй эмес дешти, анткени, Ыйса аларга Ыйсанын ысымы менен ыйгарым укук бергенден бери жиндерди кууп чыгышкан, ошондуктан, алар бул кишинин уулуна кам көрө алышмак. Бирок, жигит үчүн сыйынгандан кийин, алар жинди кууп чыгара албай тургандыктарын түшүнүштү. Канчалык аракет кылышпасын, жин кетпей койду. Атасы нааразы болуп, Ыйсаны ээрчип келген элдин баары дүрбөлөңгө түшүштү.

Так ушул учурда, Ыйса үч шакирти менен тоодон түшүп келип, алардын тынчсызданганын көрүп, эмне болуп жатканын сурады. Баланын атасы уулун шакирттерге алып келгенин, бирок, алар жинди кууп чыгара албагандыгын түшүндүрөт. Ошондо атасы көпчүлүк адамдар кризиске туш болуп, кырдаалды жөндөй албай жатканда эмне кылышкан болсо ошону кылат - ал Ыйсага кайрылып, ырайым сурайт. Ырайым сурап кайрылуу абдан жакшы жана туура нерседей сезилгени менен, айрыкча сен айлаң кетип

турган учурда, сага болбогон сыяктуу эле, ал бул адам үчүн да жооп болгон эмес. Ыйсадагы боорукердикти ойготкусу келген атасы, жиндин баланы кантип кыйнап, аны өлтүрүүгө аракет кылып, отко ыргытып жаткандыгы жөнүндө айтып берет. Ыйса аны токтотту. Ага байкуш баланын азап чегүүсү жөнүндө андан ары угуунун кажети жок болчу. Ал ачууланып*: «О, ишенимсиз жана бузуку муун! Качанга чейин сени менен болом? Качанга чейин сага чыдайм? Аны бул жерге Мага алып келгиле»* деди. Ыйса жиндин кууп чыгарылбай калган себебин бир сүйлөм менен түшүндүрөт.

Ыйсанын сөздөрүнүн маанисин тереңирээк түшүнүү үчүн, биз турган негизди дагы бир жолу баса белгилөө керек: Кудай эч качан калп айтпайт жана калп айта албайт. Анын айткандары чындык болуп эсептелет. Буга макул болгондон кийин, биз кырдаалга баа берип, төмөнкүдөй тыянак чыгарсак болот: «Жиндер СӨЗСҮЗ чыгышы керек!» Эгер алар чыкпаса, анда бир нерсе туура эмес болуп жатат, кептин баары Кудайда эмес, кеп бизде болуп жатат. Кудайдан бир нерсе ала албасак, көйгөй ар дайым өзүбүздүн ичибизде экендигин унутпайлы. Ыйса жиндин кетпешинин себеби, ишенбестиктен жана бузуку ой жүгүртүүдөн деп түшүндүргөн. Бул эки себеп жөнүндө кийинчерээк кененирээк сүйлөшөбүз. Ал эми, азыркы учурда маектешүүбүздөгү атасы менен баласына көңүл бургум келет.

Атасы баласы үчүн абдан үмүтсүздүктө калган. Шакирттер сыйынгандан кийин натыйжа чыкпаганда, ал үмүттөнбөй калды. Ал эч кандай жооп алган жок. Анын бир гана үмүтү текке кетти. Бир гана нерсе калды - ырайым сурап сыйынуу. «Ырайым суроо» деген сөз айкашы жардам берүүгө күчү жана бийлиги бар, бирок, жардам бергиси келбеген бирөөнүн бар экендигин айгинелейт. Ошондуктан, Ыйсада боорукердик сезимин ойготуу үчүн, баланын башынан өткөн азап-тозокторду санап берүү гана калган эле.

Ачыгын айтканда, адамдардын көпчүлүгү ушинтип сыйынышат:

Кудай аларга жардам бере турган күчкө ээ экендигин билишет, бирок, анын муну кылгысы келерине ишенишпейт, ошондуктан алар Андан ырайым сурашат. Алар узак сыйынышат, көп сөздөрдү айтышат, азап чегүүлөрүн деталдаштырышат жана жагдайларды түшүндүрүшөт. “Ата, Сен билесиң да: мага жума күнгө чейин акча керек; Кудай жардам берчи, суранам» дейт. Же: “Теңирим, Сен менин баламды айыктырсаң, мен Сага өмүр бою кызмат кылам. Суранам, Кудай!» дешет. Мени адамдар туш болгон кырдаалдын оордугун баалабай жатат деп ойлобогула. Мен силердин Ыйсанын канчалык тез кабыл алганын көрүшүңөрдү каалайм: баланы эркиндикке чыгарып, Анын күчү көрүнгөнгө чейин көп убакыт деле өтпөдү. Мында Кудайдын жүрөгү, Анын каалоосу. Мээримдүүлүктө, күчтө же бийликте Анда кемчилдик болбойт, жок. Көйгөй таптакыр мында эмес, ошондой эле бул окуяда дагы. Ыйса көйгөйдүн өзөгүн - ишенимсиздик жана бузуку ой жүгүртүү деп көрсөткөн. Башкача айтканда, туура эмес ой жүгүртүү жана ишенимдин жоктугу, мындайда Падышачылыктын көрүнүшүнө жол берилбейт.

Бул окуяда талкуулай турган көп нерсе бар жана ал өз ичине Падышалыктын жана анын иштешинин көптөгөн ачкычтарын камтыйт. Мен азыр бул жерде билишибиз керек болгон нерселерге терең сүңгүп киргим келбейт, бирок, жок дегенде аларды санап өтөйүн жана бул жерде колдонулган мыйзамдар кандайча иштээрин кийинчерээк изилдейбиз.

Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө мыйзамды түшүнүү үчүн, биз баштапкы жана негизги нерселер эмне экендигин өздөштүрүшүбүз керек: Кудай Адам атага жердеги бардык бийликти берген. Адам ага бийлик кылышы керек болчу.

> *Анан Кудай мындай деди: «Биздин бейнебиз боюнча Өзүбүзгө окшоштуруп адам жараталы. Алар деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, малдарга,*

*жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларга, бүт жер үстүнө бийлик кылышсын».*

– Башталыш 1:26

Эврейлерге 2: 7-8де да бул жөнүндө ачык-айкын айтылат деп ойлойм:

*Сен аны периштелердин алдында бир аз убакытка эле басынттың. Ага урмат менен атак-даңкты таажы кылып кийгиздиң. Аны Өз колуң менен жасагандарыңдын үстүнө башчы кылып койдуң. Бардыгын бут алдына жыгып, багындырып бердиң». Бардыгын Ага багындырып бердиң, Ага багындырылбаган нерсе калган жок, бирок, баары Ага багындырылганын азырынча көрө элекпиз.*

Азыркы учурда биз үчүн бир нерсени түшүнүү маанилүү: мыйзамдуу ыйгарым укукка ээ болгон эркек же аял Асмандагы бийликти бошотмоюнча, Кудай жер бетинде (адамдардын падышачылыгында) Өз бийлигин ишке ашыра албайт.

Мына Ыйса эмне үчүн Өз шакирттерине Матай 18: 18де Ыйса шакирттерине минтип айткан:

*Силерге чындыкты айтып коёюн, жер үстүндө эмнени байласаңар, асманда да ошол байлануу болот. Жер үстүндө эмнени чечсеңер, асманда да ошол чечилүү болот.*

Дагы бир жолу кайталайм, Асман жер жүзүндө адам аркылуу гана өзүн көрсөтүүгө укуктуу, бирок, адам бул жерде өз ыйгарым укуктарын жоготкон. Ошондуктан да, Ыйса эркек же аял Асмандагы күчтү жер бетине коё берсе, Асман аларды колдойт деп айткан. Эгер муну биз жасабасак, анда Асман да кыла албайт. Эгер бул идея силерге кызыктай сезилсе, анда токтоп калбагыла. Кийинчерээк

бул темада кененирээк айтып берем. Бирок, эми бул чындыкты кабыл алышыңар керек, жин баладан чыкпагандыгынын себеби: анткени **ал аны жасоого милдеттүү эмес болчу!** Ал жерде калууга анын мыйзамдуу укугу бар болчу. Дагы бир жолу кайталайм: Ыйса жиндин чыкпагандыгын ишенимдин жетишсиздигинен же юрисдикциянын жоктугунан чыккан жок деп айткан. Адам ата өзүнүн тил албастыгы аркылуу аны атайылап четке каккан кезде, Кудай адамдардын иштери боюнча өзүнүн юрисдикциясын жоготкон. Дал ушул маалда шайтан адамзаттын үстүнөн юрисдикцияга ээ болгон.

**БИРОК, БУЛ ЖЕРДЕ СЕН ЖӨНҮНДӨ АЙТЫЛЫП ЖАТКАН ЖОК, ДОСУМ! СЕНДЕ ПАДЫШАЧЫЛЫКТЫН АДИЛЕТТҮҮЛҮГҮНӨ КИРҮҮГӨ ЖОЛ БАР. СЕНИН КӨЙГӨЙЛӨРҮҢӨ ЖООП БАР.**

> *Ошондо шайтан Аны бийик тоого чыгарып, көз ирмемде Ага дүйнөнүн бүт падышачылыктарын көрсөтүп: «Сага ушул падышачылыктардын баарынын үстүнөн болгон бийликти жана алардын атак-даңкын берем. Анткени ал мага берилген, мен аны кимге кааласам, ошого берем. Ошондуктан, эгерде Сен мага таазим кылсаң, баары Сеники болот», – деди.*
>
> – Лука 4: 5-7.

Ошондуктан, Кудай жердеги мыйзамдуу күчүн жоготту, анткени ал аны алып жүргөн адамды жоготуп койду - Адамдан айрылды. Жогоруда айткандай, бир аздан кийин бул темага кененирээк токтолобуз; менин бул окуяны мисалга келтиргенимдин негизги себеби, Ыйсадан кайрымдуулук сураган атасынын маанайын жана үмүтүн үзгүлтүккө учуратпоо. Сураныч, кийинки бир нече сүйлөмдү жакшылап окуп чыксаңар.

Эгерде жардамга муктаж адам менен иш алып барууга мандат же мыйзам, же сот адилеттигин ишке ашыруу тутуму жок болсо, анда кайрымдуулукту сурануу гана калган болот. Мен муну башкача айтайын: эгерде адамда көйгөйлүү кырдаалда жардам алууга укуктук мүмкүнчүлүктөрү жок болсо жана сот адилеттигин жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда ал жооп алаарына ишенбейт. Болгону жалдырап кайрылуудан башка жол калбайт.

Бирок, бул сен жөнүндө эмес, досум! Сенде Падышачылыктын сот адилеттигине карата жол бар. Сенин көйгөйлөрүңө жооп бар. Кудайдын Падышачылыгы калыс мыйзамдар менен башкарылаарын унутпагыла; бул мыйзамдар Падышачылыктын жараны болгон жана Падышачылыктын карамагында турган ар бир адамга жеткиликтүү. Буга чейин бул китепте айткандай, Кудайдын Падышачылыгы адилеттүүлүккө (Кудайдын мыйзамына ылайык туура деп эсептелген нерсени жүзөгө ашыруу үчүн, Кудайдын бийлигине ээ болгон укуктук процесс) жана акыйкаттыкка негизделген. Жин баладан чыккан жок, анткени анын себеби бар эле, бул Кудайдын алсыздыгынан же Анын эркинин өзгөрүшүнөн эмес болчу. Ыйса муну шакирттерин канчалык айыптап жана жинди тезинен кууп чыккандыгы менен көрсөтөт.

**АДАМГА ЖЕР ҮСТҮНДӨ МЫЙЗАМДУУ БИЙЛИК БЕРИЛГЕНДИКТЕН, ЖЕР ҮСТҮНДӨ БИЙЛИГИ БАР АЯЛ ЖЕ ЭРКЕК АСМАНДЫН АЙТКАНДАРЫНА ТОЛУК ИШЕНИП, ЖЕРГЕ ОШОЛ БИЙЛИКТИ БОШОТМОЮНЧА, КУДАЙДЫН БИЙЛИГИ ЖАНА ТААСИРИ КЫЙМЫЛГА КЕЛЕ АЛБАЙТ.**

Көптөгөн машайакчылар, Кудайдын Падышачылыгынын көрүнүшүн көрбөй, «Жиндердин баары эле чыга бербейт» деп, окууларын өзгөртүшөт. Алар Кудайдын бардык күчкө жана бийликке ээ экендигин билишет,

ошондуктан, Кудай жерде эмне кааласа, ошону жасай алат деп ишенишет, эгер жин чыкпаса, анда Кудай аны кууп чыгарбоо чечимин кабыл алган дешет. Досум, бул түшүнүк таптакыр туура эмес. Ыйса ал тууралуу бул учурда асмандын күчүн ачыкка чыгарууга АЛАРДЫН өзүлөрүнүн бузуку ой жүгүртүүлөрү жана ишенбестиги себеп болгонун айткан. Башка жол менен айтып көрөйүн: жиндин чыкпаганынын себеби мыйзамдуу болгон – бүттү, чекит. Жин чыгып кетүүгө милдеттүү эмес болчу, анткени Асмандын күчүн жана Кудайдын мыйзамынын аткарылышын мындай кырдаалга алып келе турган эч ким жок болчу. «Бирок, Гэри, алар аны кууп чыгууга аракет кылышкан!» Ооба, бирок мен айткандай, мыйзамдын көз-карашы боюнча, жин чыгып кетүүгө милдеттүү эмес болчу. Эмне үчүн? Дагы кайталайм, анткени, Асманда жинди кубалап чыгууга юрисдикция жок болчу.

Башкача айтканда, мен дагы эле ушуну айтам. Бул адамдар бузуку ой жүгүртүшүп, бул кырдаалга карата Кудайдын Сөзү боюнча алып караганда жакшы же алгылыктуу эмес нерсени, туура жана алгылыктуу дешкен. Ишенбөөчүлүк да чоң көйгөй болчу, анткени, жерде Асман юрисдикцияга ээ болушу үчүн ишеним керек. Шакирттери ага ишенишкен жок, бирок, жиндин чыгып кетишине толук ишеништи. Алар коркушту.

Адамга жер үстүндөгү мыйзамдуу бийлик берилгендиктен, жер үстүндө бийлиги бар эркек же аял Асмандын айткандарына толук ишенип, жерге ошол бийликти бошотмоюнча, Кудайдын бийлиги жана таасири кыймылга келе албайт. Баса, биздин жүрөгүбүз Асмандын айткандарына толук ишенип калса, анда ошол ишеним деп аталат жана ал күнү ал жерде ишенимдүү адам болгон эмес. Бул жагдайда аларда асмандагы юрисдикциянын пайда болушуна жол бербеген эки ача ойлор жана күмөн саноолор болгон. Бирок, Ыйсада ишеним болгон, ал жиндин кетерин так билген! Ыйса бийликти колдонгон жана жин жок болгон. «Бирок, Гэри, Ыйса жинди кууп чыгара алды, анткени ал Ыйса да.» Чынбы? Келгиле

анда, Марк 6: 5ти окуп көрөлү, анда Ыйса өз жерине кантип кызмат кылганы келгендиги сүрөттөлгөн:

*Ыйса бул жерде кээ бир эле оорулуулардын үстүнө колун коюп, аларды айыктыргандан башка эч кандай керемет көрсөткөн жок.*

– МАРК 6: 5

Ыйсанын айыктыра турган күчү бар экенине макулсуңар да, туурабы? Анда мага түшүндүрүп берсеңер, эмне үчүн бул окуяда ал каалаганынын баарын жасай алган жок? Муктаждык бар болчу, бирок, Ага бир нерсе тоскоол болду. Биз 6-аятта: «Ал алардын ишенбестигине таң калды» деген түшүндүрмөнү табабыз. Ишеним (Асман менен макулдашуу) жерде иш жүргүзүүгө Асманга мыйзамдуу укук берет. Мисалы, бул принципти Машаякка келип, куткарылууга ээ болгон жолуңуздан оңой эле көрө аласыз.

*Себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат.*

– Римдиктерге 10:10

Сиз жүрөгүңүздө ишенип (Асман эмне дейт) жана акталууну кабыл алдыңыз. Актоо - бул сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун мыйзамдуу мөөнөтү, демек, эми Асмандын жердеги чындыкта аракеттенүүгө мыйзамдуу укугу бар. Бул принципти жакшыраак түшүнүү үчүн, Адам атага жер үстүндө бийлик жүргүзүү укугу берилгенин жана адамдар дагы эле ошол бийликке ээ экендигин эсибизге салалы. Муну адам жер бетинде рухий жактан башкара албай тургандыгы менен чаташтырбоо керек, анткени, ал бул башкарууну Эйден багында шайтанга берген. Адам жердик чындыкка ээ болгон азыркы мыйзамдуу абалды Кудай буза албайт. Ошондуктан, Кудай мыйзамдуу түрдө жетип жана

жердеги чындыкта көрүнүшү үчүн, Асман менен макулдашууда боло ала турган эркек же аялга муктаж.

Римдиктер 10: 10дон асмандагы күч менен бийликтин жердеги чындыкка айланып кетиши үчүн эки шарттын аткарылышы керектигин байкайсыңар. Мен жогоруда айткандай биринчиси: биз толугу менен ишенип жана бүткүл жүрөгүбүз менен Асмандын айткандарына макул болушубуз керек; бул ишеним деп аталат. Экинчи түшүнүшүбүз керек болгон нерсе: биздин ишенимибиз Асманды автоматтык түрдө бошото албайт. Таң калып жатасыңарбы? Мен түшүндүрүп берем. Жарык которгучун (выключатель) элестетип көрсөңөр. Зымдарда буга чейин электр тогу бар, бирок, дагы деле болсо жарыкты күйгүзүү үчүн которгучту басуу керек. Асмандын айткандарына жүрөгүбүз менен ишенсек, ал Асман менен байланышууну мыйзамдуу же негиздүү кылат. Бирок, андан кийин биз бул күчтү жер жүзүндө колдонушубуз керек. Менин мисалымдагыдай эле, бизге которгучтун баскычын басууга туура келет. Биз муну күнөөбүздү мойнубузга алып, ачыкка чыгарып жатканда Падышалыктын бийлигинин негизинде иш алып барып жаткан учурда жасайбыз.

Мен өз сөзүмдү кайталап жатканымды билем, бирок, эгерде Асман силерге арнап берген нерсени алгыңар келсе, Падышачылыктын бул мыйзамын түшүнүү силердин ӨМҮРҮҢӨР ҮЧҮН МААНИЛҮҮ. Куткарылууну кабыл алганыңардай эле, Асмандан ала турган нерселердин бардыгын - Асмандын айткандарына жүрөгүңөрдө ишенип, андан кийин аны моюнга алуу же иш-аракет кылуу менен аласыңар.

Ыйса окуткан жана жер бетинде көрсөткөн Падышачылык шакирттер үчүн таптакыр белгисиз болчу. Шакирттери көп жолу көргөндөрүнөн адашып калганын көрөбүз. Менин оюмча, бала менен болгон окуяда шакирттер жиндердин көрүнүшүнөн коркушкан, ошондуктан да, аларда эки ача ойлор пайда болуп,

алардын ишенимдерин жокко чыгарган. Менин оюмча, алар жинди кууп чыгууга барганда, ал көрүнүп калды окшойт: балким, ал баланы жерге таштап, бүтүндөй шоу уюштургандыр.

Бул коркуу сезимин пайда кылса керек. Кыязы, алар чындыгында эле коркушкандыр. Мен азыр ойлонуп жатам, бирок, бир нерсеге толук ишенем: алардын жүрөктөрүн Асман менен биригүүдөн алыстатып жана ишенбестикке алып келген бир нерсе болушу керек эле. Ыйса тескерисинче, бул жагдай боюнча Асмандын айткандарына толугу менен макул болгон жана жинди сыртка куулуп чыгууга буйрук берген. Демек, жин баланы таштабагандыгындагы кеп Асманда эмес, маселе жердеги чөйрөдө болгонун көрөбүз.

**ОШОНДУКТАН СИЛЕРГЕ АЙТЫП КОЁЮН, ЭМНЕГЕ СЫЙЫНСАҢАР ДА ЖАНА ЭМНЕНИ СУРАСАҢАР ДА, АЛАРЫҢАРГА ИШЕНГИЛЕ, ОШОНДО СИЛЕРГЕ БЕРИЛЕТ.**

**– МАРК 11:24.**

Эгер Кудайдын Падышачылыгынын жердеги чындыкта кандайча чагылдырылышын сүрөттөө үчүн Ыйык Жазуунун бир гана текстин тандап алууга мүмкүнчүлүгүм болсо, анда Марк 11: 22-24тү алмакмын. Контекстти түшүнүү үчүн жогорудагы бир-эки аятты карасаңар; Ыйса анжир дарагына бир сөз айтканда, ал куурап калды. Жемиш таппай, Ыйса аны каргады. Эртеси шакирттер бактын жанынан өтүп бара жатып, анын куурап калганын көрүштү. Петир көргөнүнө таң калып, Ыйсага мындай деди:

*Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Кудайга ишенгиле. Силерге чындыкты айтып коёюн, ким бул тоого: "Ордуңан көтөрүлүп, деңизге түш", – десе жана ичинен шектенбей, айткан сөзү аткарыларына ишенсе, айтканындай болот. Ошондуктан силерге*

*айтып коёюн, Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле, ошондо силерге берилет.*

– Марк 11:22-24

Петир болгон окуяга таң калганын байкагыла. Бул кандайча болушу мүмкүн? Ыйса жөн гана даракка айтты. Ошентип, дарак Ыйсанын сөздөрүн кабыл алып, куурап калганы шексиз. Андан кийин Ыйса Петирге чындыкты - Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамын айтат. Ыйсанын түшүндүрмөсү Кудайдын Падышачылыгы жердеги чындык менен кандайча өз ара байланышта экендигин жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Бул мисалда биз жогоруда айтылган бир эле мыйзамдын иш жүзүндөгү аракетин көрөбүз: жердеги эркек жана аял, Асмандын айткандарына толук ишенет (демек, акталат), эми асмандагы күчтү айтат же бошотот. Албетте, бул адам азыркы учурда Ыйса Машаяктын Өзү, бирок, Ыйса шакирттерине Ал жасаган нерсени ар бир адам жасай ала тургандыгын абдан эле ачык-айкын түшүндүрүп берди.

Эгер адамдар муну чындап билишсе жана Ыйса үйрөткөн мыйзамды түшүнүшсө, анда бул алардын жашоосуна кескин таасирин тийгизет деген менин көз карашыма кошулат болушуңар керек деп ишенем. Падышалык менин үй-бүлөмдүн жашоосуна кандай таасир эткенин көрдүм, бирок, биз үйрөнгөн нерселерди бөлөк адамдарга үйрөткөндө башкалардын жашоосу да кандайча өзгөрүп жаткандыгы таң калыштуу болду. Ушул мыйзам көрсөтүлгөн биздин жыйында болгон окуяны айтып берейин. Падышачылык жана анын мыйзамдарынын иштеши жөнүндөгү билимге ээ болуу, көбүнчө өмүр менен өлүмгө байланыштуу болот. Бул окуяда да дал ушундай болгон.

Дженнифер биздин жыйынга келе баштады, ишеним жана Падышачылык жөнүндөгү окууларды уга баштады. Ал экинчи баласы менен кош бойлуу болуп, үйдө төрөөнү чечкендиктен, Падышалыктагы өз бийлигин жана укуктарын дилгирлик менен

колдонууну үйрөнө баштады. Ошентип, ал Кудайдын Сөзүндө балалуу болууга байланыштуу эмне деп айтылганын жана баласына карата Падышалыктын убадаларын кандайча колдонсо болорун изилдей баштады. Ал үйдө төрөө жакшы өтөөрүнө ишенген. Ал төрөт учурунда ага жардам берүү үчүн үйдө бир нече жолу төрөгөн жыйындагы бир аял жана акушерка менен келишим түздү.

Төрөй турган убакыт келгенге чейинки мезгилде Дженнифер ар бир чогулушта болгон жана Падышачылыктын принциптерин жөн эле сиңирип жатты. Бул идеялар ал үчүн жаңы болгон жана ал Кудайдын Падышалыгында чыныгы жоопторду ала аларыбызды абдан жактырган. Тилекке каршы, ушул убакыт аралыгында күйөөсү жекшембиде иштөөгө аргасыз болуп, көп учурда күйөөсү аны менен чогуу боло алган жок. Ошентип, бала төрөлө турган мезгил келди. Алар акушерканы жана жыйындагы бир тууганды чакырышты.

Түнкү саат эки-үчтөр чамасында төшөгүмдүн жанында телефон шыңгырады. Телефондон мен жыйындагы бир эженин кыйкырганын уктум: “Кайтаруучу, сыйын! Бала өлүү болуп төрөлдү!» Бул жаңылык мени бир заматта ойготту. Андан кийин аял мага тез жардам кызматы баланы жаңы гана ооруканага алып кеткенин айтты. Келгенден кийин дарыгерлер баланын өлгөнүн ырасташты.

Дренда экөөбүз ордубуздан ыргып туруп, тез кийиндик. Мен эмне кылуу керектигин угуп, рухта сыйына баштадым. Бул окуянын болушунан улам шайтан биздин жыйынга ушунчалык жыргагандык менен баткак ыргытып жиберерин түшүндүм. Менин көз алдымда: «Бала чарчап калды, анткени секта үйдө төрөлүүгө түрткү берет» деген аталыштагы материалдар жарк эте баштады. Чындыгында, биз ымыркайдын кайда төрөлүшү керектиги - ооруканада же үйдө жөнүндөгү маселеде эч качан өз позициябызды билдирген эмеспиз, бирок, биздин жыйындын

көптөгөн аялдары үйдө төрөлүүнү туура көрүшчү, бул чындык. Ооруканага бараткан жыйырма мүнөт ичинде Дренда экөөбүз рухта сыйына бердик. Жарым жолдо мен күтүлбөгөн жерден Кудайдын Руху мага түшкөнүн сезип, бала менен баары жайында болорун билдим. Ошол эле учурда, менин аялым мага кайрылып, Теңирибиз ага балада баары жакшы болот дегенин айтты.

Мен Теңирдин мени менен жана аялым менен сүйлөшкөнүн билгендиктен, тез жардам бөлүмүндө эмне болуп жаткандыгын тезирээк көргүм келди. Кирип барсам, кадимки кызгылтым эт ыйлап жаткан баланын жанында турган жети-сегиз медайым бар экен. Мен алардын жүздөрүн кылдаттык менен изилдеп чыктым. Адатта, аялдар тобу баланын жанында турганда, алардын жүздөрүндө жылмаюу пайда болот. Бирок, бул жолу эч кандай жылмаюулар жок. Ар биринин жүзүнөн “шок”тун көрүнүшүн байкадым.

Бизге чалган аялды да көрдүк. Ал тез жардам дарыгери жыйырма мүнөт мурун баланын өлүмүн билдиргендигин бизге дагы бир жолу айтты. Бала ооруканага жеткирилгенде, ал жерде да өлүм фактысы катталган, бирок, күтүлбөгөн жерден өзүнөн-өзү эле бала тирилди. Кудайга шүгүр! Дренда экөөбүз коркуп, титиреп, ымыркайды көргөнү келдик - Ыйык Рух айткандай, ал тирүү жана жакшы абалда эле.

Ошол эле учурда, дагы бир тез жардам кызматы ымыркайдын энеси Жениферди төрөт бөлүмүнө алып кетти. Демек, Дженнифер жаңы төрөлгөн кызынын абалы жөнүндө эч нерсе билген эмес. Менин аялым Дренда эненин абалын көрүү үчүн, төрөт үйүнүн кабатына көтөрүлдү. Бөлмөгө кирип, Дренда: «Дженнифер, балаң жакшы, ал аябай жакшынакай!» дейт. Дженнифердин жанында турган медайым анын сөзүн бөлүп: «Жок, ал бала алиге чейин моргдо жатса керек» деди. Менин аялым медайым терең жаңылды деп абдан катуу айтат.

Бүгүнкү күндө, Хейли деп аталган ал кичинекей кыз,

Кудайдын даңкы үчүн, бойго жеткен сулуу кыз болгон, мээсине же ден-соолугуна байланыштуу кандайдыр бир көйгөйлөр жок. Кудайдын Падышачылыгы руханий мыйзамдын негизинде иштей тургандыгын билгендиктен, мен бул нерсенин кокусунан эмес экендигин түшүнгөм. Ошондуктан, руханий изилдөөчү (машайакчылык илимин изилдөөчү эмес, Кудайдын Падышачылыгынын принциптерин изилдөөчү) болгондуктан, мен ал жерде эмне болгонун кеңири билгим келди.

Тез жардам Женнифердин үйүнө келгенде, доктурлар Хейлинин өлгөнүн айтышкан. Ошондой эле, ооруканага жеткенде, алар өлүм фактысын дагы бир жолу тастыкташкандыгын билдим. Эмне болду эле? Мен төрөттө жардам берген аялдан баарын толук айтып берүүсүн сурандым. Мен сырды издеп жаттым. Ал кыз төрөлгөнгө чейин бардыгы ойдогудай жүргөнүн айтты. Анда жашоонун белгилери жок болчу, анын бүт жагы көк түстө болчу. Акушерка баланы жандандырууга аракет кылган, бирок, колунан келген жок. Ошол учурда Дженнифердин үйүндө бир нече туугандары болгон, алар дүрбөлөңгө түшө баштaшкан. Бирок, Дженнифер аларга ишенимдүү түрдө тынчтанууну айткан. Анан ал күйөөсүн сөөмөйү менен көрсөтүп: “Унчукпа! Балада баары жакшы болот!» деген.

Мен аны ушул учурда токтотуп, Женифердин жолдошуна айткан сөздөрүн кайталап берүүсүн өтүндүм. Ал дагы бир жолу ошол нерсени айтты: Дженнифер күйөөсүн сөөмөйү менен көрсөтүп: “Унчукпа! Балада баары жакшы болот!» деген. Мына сага! Мына, ачкыч! Хейлинин өмүрүн сактап калган ошол көз ирмем, ошол жарыя! Мен өзүмдү негизги иштин чечилишин жаңы тапкан детектив катары сездим! Менин кубанычымда чек жок эле. Баардыгы ушунчалык жөнөкөй, бирок, ушунчалык терең! Бул жагдайга Дженнифер руханий мыйзамды колдонгон жана бул анын баласынын өмүрүн сактап калган! Жаңы эле билген нерселерим жөнүндө ойлондум жана алардын бардыгы мааниге ээ боло баштады.

Дженнифер күйөөсүнүн ишеними анчалык күчтүү эместигин билген, анткени, ал бошобогонуна байланыштуу көптөн бери жыйынга бара албай жүргөн. Дженнифер ошондой эле, күйөөсүнүн үй-бүлө башчысы катары төрөт учурунда болгон үрөй учурган окуяга макул болуп, балага болгон өкүмдү биротоло тастыктай алаарын түшүнгөн. Ошондуктан, ал биринчи кезекте күйөөсү менен сүйлөшүп, баланын өлүмү менен макул болушуна жол берген жок. Тескерисинче, Дженнифер баланын тирүү жана жакшы болуп кетерине ишенип, аны тайманбастык жана ишеним менен жарыялаган.

Дженнифер ооруканадан чыгары менен тез жардам бригадасы менен жолугуп, ошол күнү кечинде ооруканага бараткан жолдо алар наристе менен эмне кылышканын сурады. Алар аны түшүнбөй, бүшүркөгөндөй көз караш менен карап калышты.

- Эч нерсе, - алардын бири акыры үн катты.

- «Эч нерсе» дегениңиз кандай? - деп сурады Дженнифер. -Жандандыруу ишин жасадыңарбы?

- Жок, - дешти алар.

- Бала менен такыр эч нерсе кылган жоксуңарбы?

- Жок, - деп дагы бир жолу айтышты.

Алар кыздын өлүп калгандыгын жана аны тирилтүүгө эч ким үмүттөнбөгөнүн айтышты. Бирок, алар ооруканага келгенде, наристе күтүлбөгөн жерден ойгонуп кетти! Медиктердин тобу жетекчиликтин алкышына жана өзгөчө кырдаалдан ийгиликтүү чыгып кетишкендиги үчүн жыл сайын берилүүчү сыйлыкка ээ болушту. Бирок, алар эч нерсе кылышпагандыктарын моюндарына алышты.

Жакында биз Хейли менен анын энеси Дженниферди теле көрсөтүүгө чакырып, кайрадан Кудайдын Падышачылыгынын жеңишин көз жашыбыз менен майрамдадык. Мындай кырдаалда

Падышачылыктын бийлигинин рухий мыйзамдарынын негизинде иш-аракет кылууну билген адам болгонуна кубандык.

Бул окуяда биз Дженнифердин Асман айткандары менен толук макул болгонун жана аларга ишеним артканын, андан кийин өзүнүн сөзү аркылуу бул күчтү өзүнүн абалына киргизгенин көрөбүз. Мыйзам иштейт!

Биздин жыйындагы дагы бир үй-бүлө Кудайдын Падышачылыгынын ушул эле мыйзамы менен ушундай окуяга туш болушкан. Эки эже-сиңди чогуу түштөнүүнү чечишти, бирок, бул оңой иш эмес, анткени экөөндө биригип, он эки же он үч бала болгон. Түшкү тамак учурунда алар төрт жаштагы Жоелдин дайынсыз болуп жаткандыгын байкашты. Алар үйдү толугу менен тинтип, бирок, таба алышкан жок. Алар аны бир жерде жашынып жатат деп ойлошкон, бирок, кылдаттык менен издешкенден кийин, аны таба алышкан жок. Капысынан баланын апасы Тина тынчсызданып, арткы короодогу бассейн жөнүндө ойлонду. Ал өзүнүн жээни, 13 жаштагы Кортни менен бирге ал жакка чуркады. Тина үрөйү уча Жоелдин бассейндин түбүндө кыймылсыз жаткандыгын көрдү. Анын ал жерде канча убакыт болгонун эч ким билген эмес. Тина 911 деп кыйкырып, Джоелди алып чыгуу үчүн бассейнге секирди. Ал дем алган жок, кыймылдаган да жок, өлүп калган сыяктуу кубарып да кеткен эле.

Биздин балдар кызматына катышкан 13 жаштагы Кортни эжесине: “Жок, Тина эжеке, биз 911 номерине чалбайбыз; бизде бийлик бар. Биз сыйынышыбыз керек» деди. Экөө тең сыйына башташты, бирок, эч нерсе болгон жок. Тина дагы кыйкырды: «911ге чал!» Кортни «Тина эжеке, биз ага жашоону жарыялашыбыз керек» деди. Анан ал: «Жоел, Ыйсанын аты менен, ойгон!» деди. Джоэл күтүлбөгөн жерден дем алып, сууну түкүрүп, эсине келди; ал таптакыр нормалдуу абалда эле.

Бул окуя жөнүндө ойлонгондо, мен ар дайым таң калам,

баланын жакшы болгонуна эмес - чечүүчү учурда ушул 13 жаштагы кызга жана анын токтоолугуна таң калам. Стресстүү кырдаалда, жашоо жана өлүм маселеси чечилип жатканда, ал коркууга алдырган жок, тескерисинче, ал кырдаалды баалап жана керектүү чараларды көрө алды. Кортни Падышачылыктын принциптерин билүү - бул уккулуктуу насааттардан артык, бул - өмүр менен өлүмдүн иши экендигин дагы бир жолу ырастады!

Падышачылык мыйзамы кандайча иштээрине дагы бир жолу көңүл бурсаңар. Кортни адегенде сыйынуу керек деп айтты, бирок, эч нерсе болгон жок. Себеби, сыйынууда биз Кудайдын бийлигин жана күчүн бошотпойбуз. Бирок, биз жетекчилик сурап сыйынабыз. Ошол кырдаалда так ошондой талап кылынган. Андан кийин Кортни балада өмүрдү жарыялаш керек деди. Алар муну жасашканда, ал ойгонуп кетти да баары жакшы болду, аны менен бүгүнкү күнгө чейин бардыгы жакшы. Биз кайрадан Асмандын айткандарына толук ишенген жүрөктү көрүп жатабыз; бирок, бийлик ишенимде болгон адам аркылуу жер жүзүнө чыкканга чейин эч нерсе болбойт.

Мен сиздерге биздин үй-бүлөгө жакын дагы бир окуяны айткым келет. Дренданын агасы бешинчи наристесин төрөө үчүн жубайы Кэнди төрөт үйүнө алып барган. Дренда экөөбүз да эртең менен Кэндин толгоосу башталганда ооруканага келдик; биз үй-бүлөнүн жаңы мүчөсүн абдан көргүбүз келди. Биз келгенге төрөт эчак эле бүтүп калган болот деп ойлогонбуз. Бирок, баары ушунчалык бейкапардыкта өткөн эмес жана төрөт жаңы эле аяктаган. Төрөт бөлүмүнө кирген кезибизде, ымыркай Холландды жаңы төрөлгөн балдардын бөлмөсүнө көтөрүп бара жатышкан. Балким, силер өзүңөр билгендей, жаңы төрөлгөн балдардын палатасында айнек дубал бар, ал аркылуу ымыркайларды көрүүгө болот.

Качан алар ымыркай Холландды алып келишкенде, мен анын толугу менен апапакай экенин байкадым. Джонинин бардык

балдары ак жуумал, ошондуктан, төрөлгөндөн кийинки анын балдары үчүн бул кадимки эле нерсе деп ойлогом. Бирок, баары бир, мага бир нерсе туура эмес болуп жаткандай сезилди. Бир маалда бардык дарыгерлер чуркай башташты. Медайымдар тез арада пардаларды жаап салышты, мен эми эч нерсе көрө албай турдум, бирок, бул жаман жышаан экендигин билдим. Пардалар тартылып турса да, ал жакта жылчык калып, мен эмне болуп жаткандыгын көрүп жаттым. Медайымдар жабдыктарды берип турушту, доктур болсо Холландды жандандырууга киришти. Дарыгерлер эмне жөнүндө сүйлөшүп жаткандыгын угуу үчүн, мен жаңы төрөлгөн ымыркайдын бөлмөсүнүн экинчи эшигине бардым. Жүрөктүн кагышы жок, дарыгерлер аны калыбына келтире албай жатат дегенди үрөйүм уча уктум. Монитордогу жүрөктүн кагышынын үнү өтө сейрек болуп жаткандыгын угуп турдум. Мен бир жолу сокконун уктум, анан 15 же 20 секунд өттү, андан кийин дагы бир жолу угулду. Холланддын жүрөгү сокпой жатты.

**ПАДЫШАЧЫЛЫКТЫН МЫЙЗАМДАРЫ АР ДАЙЫМ ЖАНА АР БИР АДАМ ҮЧҮН ИШТЕЙ ТУРГАНДЫГЫ ЭСМҢЕРДЕ БОЛСУН!**

Дарыгер бөлмөдөн чыгып, Джонниге келди: “Иш жаман, Джонни. Өкүнүчтүү. Бирок, биз дагы деле болсо бир нерсе жасоого аракет кылып жатабыз,” – деди. Бизге ичкери кирүүгө уруксат берилген жок, ошондуктан, Дренда менен Джонни бөлмөнүн бир жагындагы каалгага, ал эми мен экинчи тараптагы эшикке колубузду коюп турдук. Биз Холланд жашайт, өлбөйт жана ал жакшы болот деп, Ыйсанын ысымы менен жарыялай баштадык. Бир маалда күтүлбөгөн жерден эле Джонни менен сүйлөшүп жаткан дарыгер бөлмөдөн бат эле чыгып кетти. Ал бизге эч нерсе дебей шыпылдап жаныбыздан өтүп кетти. Бир нече мүнөттөн кийин ал катуу үн чыгара: “Доктор, биз муну жасай албайбыз. Биздин оорукананын бул процедураны жүргүзүүгө укугу жок.

Бул канды алууга уруксат бере албайм «деп катуу сүйлөгөн бир медайымды ээрчитип келе жатты. Ал ага көңүл бурбай палатага кирип, көрсөтмөлөрдү алып, мен боолгологондой, процедураны аткарууну кылдаттык менен изилдей баштады. Мен пардалардагы жылчыктан карап, анын ордунан туруп, балага узун түтүкчөнү коюп баштаганын көрдүм. Анан анын балага кан берип жаткандыгын түшүндүм.

Бир маалда монитордун үнүн уктум, жүрөгү сого баштады. Ал күч алып, андан кийин жаңы төрөлгөн ымыркай үчүн нормага жетти. Бир мүнөттөн кийин дарыгер чыгып, минтип айтты: “Ал жакта периштелер бар эле. Кудай мага ушул бала менен жардам берди!» Биз анын титиреп жаткандыгын көрдүк. Кийинчерээк ал таптакыр анын милдети эместигин жана ал Кендини төрөтүү менен алектенбегенин билдик. Ал жөн гана башка бейтапты текшерүү үчүн ооруканага барып, ушул кырдаалдын катышуучусу болуп калды. Болгон окуялардын баарына ал өзү абдан таң калды, анткени, Холланддын жүрөгү 36 мүнөт соккон эмес!

Холланд бүгүнкү күндө төрт жаштагы, сүйкүмдүү, кадимкидей кыз. Биздин Падышачылыктын мыйзамын түшүнүүбүз ошол кырдаалды жөнгө салды деп бекем ишенем. Эшикке колумду коюп: “Биз кичинекей жээнибизди жерге бербейбиз! Биз буга макул эмеспиз!” деп сыйынганым дале эсимде.

Мен айткан ар бир окуяда Кудайдын Падышачылыгынын таасири жөнүндө ой жүгүртүүмдү жыйынтыктап жатып: Падышачылыктын мыйзамдары ар бир адам үчүн иштей тургандыгын унутпагыла дегим келет! Китептин башында эле мен табияттын жер бетиндеги мыйзамдары ошол эле натыйжаларды берет деп айткан элем. Алар өң карама эмес, жана аларды изилдеп, колдонгондордун бардыгы үчүн иштейт. АКШда электр энергиясы Африкадагыдай иштейт, эч кандай айырмасы жок.

Качан Кудайдын Падышачылыгы жашыруун болсо дагы,

Падышачылыктын мыйзамдары ачык-айкын экендигин түшүнө баштаганымда, мен суроолорума жооп тапканымды түшүндүм. Кудай менден өз баталарын жашырып койбогондугун же кыйынчылык учурунда мага жардам бергиси келбей койбогондугун түшүндүм. Жок, Кудай мага жашоом үчүн зарыл болгон нерселердин бардыгын Ыйса Машайак аркылуу берген, Ал мага Өзүнүн курмандык каны менен, мен үчүн Асманда эмне болсо, ошонун бардыгын ачып берген. Эми Падышачылык мен изилдеп жана жашоомдо колдоно турган так мыйзамдарга негизделгенин түшүндүм.

Ыйык Китептеги ар бир окуяны жаңыча көз караш менен окуй баштадым, Падышачылыктын башка мыйзамдарын ачып бере турган ачкычты издей баштадым. Мага буга чейин белгилүү болгон Ыйык Китептеги окуяларда эмне үчүн андай болгонун түшүнүү үчүн, өзүмдү рухий дүйнөнү изилдөөгө арнадым.

Көптөгөн адамдарга Ыйык Жазуудагы 1 Жакандагы аят кызыктай же таң калыштуу болуп көрүнөт. Билем, силер аны мурун окугансыңар, бирок келгиле, ушул текстти дагы бир жолу окуп чыгалы, анткени ал биздин жообубуз болгон чындыкты билдирет.

> *Анын алдында кандай кайраттуулукка ээбиз: Анын эрки боюнча эмнени сурасак да, Ал бизди угат. Эмнени сурасак да, Ал бизди угарын билсек, Андан сураганыбызды аларыбызды да БИЛЕБИЗ.*
>
> – 1Жакан 5:14-15

Мен бул аятты жакшы көрөм, анткени, анда мыйзам жөнүндө сөз болот жана мыйзам бизге сот адилеттигин жүзөгө ашырууга ишеним берет. Бул биздин жигердүүлүгүбүз: эгер биз Кудайдын каалоосу боюнча бир нерсе сурасак (мыйзамга ылайык же Кудай туура деп атаган), анда Ал бизди угат. Көңүл бурсаңар, «Ал бизди

угат» деген сөз Кудай биз сүйлөгөн сөздөрдү жөн эле угат дегенди билдирбейт, бирок, Ал аларды да угат. Бул жерде Ал биздин ишибизди карап жатат деп айтылат. Эгерде сиз кандайдыр бир ишти алганда жеке сезимдери менен эмес, мыйзамдын чегинде ишти караган сот жөнүндө ойлосоңуз (жок дегенде, ошондой болушу керек), анда сиз бул аятты түшүнөсүз. Кудай бизди угат - ал биздин ишибизди карайт жана биз мыйзам боюнча акыйкаттык ишке ашырылып жаткандыгына толук ишенсек болот.

Урматтуу досторум, менин оюмча, азыр бул жерден токтоп, ушул аятты дагы бир жолу жай окуп чыгышыңар керек. Эгерде, силер азыр гана окуганыңар чын болсо, ал чын эле ошондой, анда силердин жашооңор кубанычтан ашып-ташып турушу керек! Мындай түшүнүгү жок сыйынган адамдарда ишеним жок; алар жөн гана сыйынуудагы сөздөрдү кайталашат. Ыйса Матай 6: 7-13тө бизге мындай деген:

> *Бутпарастарга окшоп ашык сөздөрдү айтып сыйынбагыла. Себеби алар: «Көп сүйлөсөк, сыйынуубуз угулат», - деп ойлошот.*
>
> – Матай 6:7

«Ашыкча сүйлөө» деген сөз айкашы сөздөрдү же үндөрдү ойлонбостон эле кайталоону билдирет. Көпчүлүгү так ушинтип сыйынышат. Алар сот адилеттигине болгон мыйзамдуу укуктарын жана Кудайдын аларга Падышачылыкта буга чейин эле берип койгон нерселерин билишпейт. Ансыз деле сизге таандык нерсени сурап, жалынып-жалбаруунун кажети жок!

Жолдо турган полиция кызматкерин элестетип көрсөңөр. Ал жүк ташуучу унааны текшерүү үчүн токтоткусу келип, ыйлап баштайт: "Суранам, токто! Мага ырайым кыл! Сураныч, сүйүктүүм, токто! « Мындай кылык-жорук кабыл алынгыс деп эсептелип, Кошмо Штаттардын жана биздин укук коргоо тутумунун беделин

түшүрмөк. Жок, милиционер өзүнүн боюна тик туруп, жүк ташуучу унааны токтогула деп так айтат жана ал токтойт, анткени ал ушул өлкөнүн өкмөтүнүн өкүлү болгон офицерге баш ийиши керек.

Кудайдан ырайым сурап жалынган адамдар Анын Падышачылыгынын мыйзамы жана өзүлөрүнүн ээлеген орду жөнүндө эч кандай түшүнүккө ээ эмес. Эгерде полиция кызматкери жүк ташуучу унаанын айдоочусунан токтотуп коюуну өтүнгөн болсо, анда бул мамлекет үчүн уят иш болмок, анткени, бул мамлекеттин эч кандай мыйзамы же кадыр-баркы жок экендигин көрсөтмөк. Мындай мамлекетте анархия бийлик жүргүзмөк. Машайакчылар Кудайга кайра-кайра жалынганда, бул Кудайдын Падышачылыгын аларга эч кандай жооп бербеген, алсыз деп көрсөтөт. Бул адамдардын Кудайдын аларга жардам берүүгө даяр экендигинен же жөндөмдүүлүгүнөн күмөн санаттырат, бирок, чындыгында алар сураган нерсесин алууга укуктуу. Ыйса бизге «Муну кылба!» деп, боор ооруга мажбурлап сыйынуубузга болгон мамилесин ачык, даана көрсөтүп берет:

> *Бутпарастарга окшоп ашык сөздөрдү айтып сыйынбагыла. Себеби алар: «Көп сүйлөсөк, сыйынуубуз угулат», - деп ойлошот. Ошондуктан алардай болбогула, анткени эмнеге муктаж экениңерди Атаңар сурай элегиңерде эле билет.*
>
> *Силер болсо мындай сыйынгыла: «Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун. Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын. Бизге күнүмдүк наныбызды бер. Бизге жамандык кылгандарды кечиргенибиздей, Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечире көр. Азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта».*
>
> – Матай 6:7-13

Бул аятта Ыйса бизге кантип сыйынууну үйрөткөндүгүн унутпагыла. Тилекке каршы, көптөгөн адамдар бул сөздөрдү кооз жээкчелерге (рамкаларга) салып, өз үйлөрүндөгү дубалга илип алышканы менен, маанисин таптакыр түшүнүшпөйт. Бул сыйынуу «Атабыз биздин» деп аталат, анын жардамы менен Ыйса шакирттерине сыйынууну үйрөткөн. Ал көп учурда жыйындарда айтылып жүргөндөй, так ушул сөздөр менен гана сыйынуу керек деп айткан эмес. Эгер жөн гана кандайдыр бир сөздөрдү айтып койбостон, натыйжага жетүүнү кааласаңар, бул сөздөр, сыйынууга жетектөөчү иш-аракеттердин жетектемеси катарында керек болот.

«Сенин Падышачылыгың келсин*; Сенин эркиң,* асмандагыдай эле жерде да болсун», - бул сыйынууга карата көрсөтмө. Сыйынганда биз Кудайдын эркин Асмандан жер жүзүндөгү чындыкка жана жашообузга, турмушубуздагы кырдаалга алып келишибиз керек. Анда, эмне жооп? Кудайдын айткандары силерге таандык экендигине ишенип жана Асман Падышачылыгындагы ыйгарым укуктарыңарды пайдаланып, силерге жана айланаңардагы башка адамдарга керектүү нерселерди берүү үчүн, Асманды жердеги чындыкка алып келүү.

Бир мүнөткө токтоп тургула, бул жөнүндө ойлонуп көрөлү. Эгер силердин сыйынууңар натыйжалуу экендигин билсеңер жана аны бүткүл Асман колдой тургандыгынан эч күмөн санабасаңар, анда бул сыйынууңарга ынаным кошор беле? ООБА!!! Асмандын жараны катары, силер мыйзамдуу укуктарыңарды жакшы билип, силерге мурун эле берилген нерселерди түшүнүп, аны кабыл алуунун жол-жобосун түшүнсөңөр, анда силер бул мыйзамдардын артыкчылыктарынан пайдаланып, кемчиликсиз жаңы жашоо - Падышачылыктын жашоосу менен ырахаттанып жашайсыңар. Ошондо силердин коркунучуңар эмне болмок? Же ишенбестигиңер? Бул билим силердин келечегиңерге карата кантип ишенимди арттырат жана катуу шамал учурунда жан

дүйнөңөргө кантип тынчтык берет? Биз Дренда экөөбүз аны өзүбүзгө карата ачканыбызда, Падышачылыктын бизге тийгизген таасири да дал ушундай. Бизди көп учурда ачылыштарыбыз таң калтырды. Жок, сөзүмдү башкача түрдө айтайын: биз өзүбүздүн ачылыштарыбызга такай эле таң калып жаттык! Андан тышкары, Кудай жыйынга ал аркылуу иш алып баруу жана жер жүзүндө өз башкаруусун жүзөгө ашыруу.

*Анткени Машаяк Ыйсадагы жашоо рухунун МЫЙЗАМЫ мени күнөө менен өлүмдүн МЫЙЗАМЫНАН бошотту.*

– Римдиктерге 8:2

Биз «күнөө менен өлүмдүн мыйзамынан» кутулуп, Падышачылыкка жана «жашоо рухунун мыйзамына» ээ болдук деген чындык бизди каптап, толтуруп турду. Бул мыйзам биздин жашообузда Падышалыктын адилеттүүлүгүн кандайча өрчүтүп жаткандыгын байкай алгандыгыбыз бизди ого бетер таң калтырды.

Падышачылык мага физикалык жана эмоционалдык дарыланууга мүмкүнчүлүк берди - мен жаңы үмүткө ээ болуп, антидепрессанттардан эркин болуп калдым. Ал мени 1800-жылдардагы эскилиги жеткен үйдүн ижара акысын төлөө керек болгондуктан, ар бир 300 доллар үчүн күрөшкөн жакырчылыктан чыгарды жана жаңы, аянты 700 чарчы метр, 23 гектар эң сонун жери бар болгон үйдү, куруп жана толугу менен анын баарын төлөп бүтүү мүмкүнчүлүгүн берди. Менин аялым дагы мени көбүрөөк сүйө баштады! Күн сайын бузулбай турган татыктуу унааларды айдай билүү да – бул баа жеткис нерсе! Бир нече жыл мурун, мен Жакшы Кабарды айтууга жүз миңдеген доллар берем деп ойлогон да эмесмин. Падышачылыктын өмүрү жана жарыгы караңгылыкты кууп чыкты; Кудай Башталыш китебинде жараткан нерселерин карап жатып: «Абдан жакшы!»

– дегендей, мен дагы өз жашоомду таң кала карап туруп, анан : “Жакшы! Абдан жакшы!» деп айтам.

Дренда экөөбүз ушунчалык шыктангандыктан, Падышачылык жана өз таржымалыбыз тууралуу угууну каалагандардын баарына эле айтып берип жаттык. Биздин жыйындагы адамдар да «толкунду кармап калышты» жана алар ушундай эле натыйжаларга ээ болушту; алардын бири биздин 12 жаштагы кызыбыз болчу. Ал Кудайдын канчалык көп иш жасагандыгын көрүп жана Падышачылыктын бузулгус мыйзамдары биздин жашообузда кандайча иштеп жаткандыгын дайыма көрүп турду. Анын бизди карап туруп, ушул мыйзамдар жөнүндө билгенин билем, бирок, бир жолку окуя анын көп нерсени үйрөнгөнүн көрсөттү.

Бир күнү кызымдын бөлмөсүнө бейпил түн каалаганы кирип калып, жаңы бир нерсени көрүп калдым. Анын дубалында иттин сүрөтү, кичинекей шпицтин сүрөтү илинген эле. Жок дегенде бир аз гана тажрыйбасы бар ар бир ата-эне үчүн бул белги - жакында ал сизден ит сурай башташына даяр болуңуз дегенди билдирет. Үйгө дагы бир иттин кереги жок деп ойлоп, алдын алууну чечтим. Поллиде, Кирстендин эжесинде буга чейин эле ити бар болчу, ал алардын жалпы бөлмөсүндө жашачу, башкача айтканда, Поллинин ити дайыма Полли менен Кирстендин жанында жүргөн.

Мен акырын Кирстенге сүрөт абдан кооз экендигин айттым, бирок, үйдө бизге дагы башка бир иттин кереги жок экендигин да айттым. Эгерде ал ит менен ойногусу келсе, анда ал эжесинин ити менен көбүрөөк убакыт өткөрүшү керектигин айттым. Ошол күнү кечинде Кирстен мага эч нерсе айткан жок, ал жөн гана уккандарын кабыл алды. Суроо жабык деп ойлочумун, бирок, бир-эки күндөн кийин мен андан померандар жөнүндө: «Эргежээл Помераньян болсо, жакшы болмок», «Алар ушунчалык жакшы жана жумшак» деген сөздөрдү уга баштадым. Анан, албетте, ал мага Интернеттен

тапкан ушул иттердин сүрөттөрүн көрсөтө баштады. Кайрадан, мен жөн гана «жок» дедим. Мен үйдүн башчысы болгондуктан, бизге дагы башка иттин кереги жок деп ойлодум.

Мен бул маселе жабык деп ойлогондугумду кайталагым келет. Бир айдан кийин биз жыйындан үйгө келип, Кирстендин жүзүндөгү ишенимдүүлүк жана жылмаюу менен: «Ата, бүгүн мен сиздин окутканыңыздай, ишеним менен менин шпицимди кабыл алдым!» дегенин уктум. Мен үйдөгү башка ит жөнүндөгү мурунку чечимимди анын эсине салууга аргасыз болдум. Жүзүнөн жылмаюу кетпестен, ал: «Бирок ата, апам: "Кудай падышанын жүрөгүн да өзгөртө алат" деди го," - деп айтты. Анын сөздөрү мага каршы чыккан эмес. Ал жөн гана апасынын айткандарына макул болуп, Кудай менин жүрөгүмдү өзгөртсө экен деп сыйынган. Мен кармалдым. Эми мен анын апасы экөө бардык нерсени сүйлөшкөнүн жана апасы аны Кудай чындыгында менин оюмду өзгөртө алат деп шыктандырганын түшүндүм.

Ушул колдоого шыктанган кызым ошол күнү эртең менен жыйында ишенимин бошотуп, үрөн септи жана ишеним менен ит алгандыгын мойнуна алды. Бирок, мен кежир элем - аны сүйгөнүмө ишендирип, дагы бир жолу өз позициямды билдирип: «Биздин үйдө башка ит болбойт» дедим. Мен аябай өкүнгөнүмдү айттым, бирок, андай болбойт. Менин сөздөрүмө ал өзгөчө тынчсызданган жок окшойт, жылмайып эле кетип калды. Мен дагы бир жолу маселе акыры чечилди го деп ойлодум.

Бир айга жакын убакыт өткөндөн кийин, мени Миссисипидеги кичинекей жыйынга окутууга чакырышты. Бул гектарлаган талаалар менен курчалган чакан айылдык жыйын эле. Биринчи кечтин аягында кайтаруучу менин жаныма келип, жолугушуу учурунда Теңир аны менен сүйлөшкөнүн айтты. Ал: «Бул жөнүндө уккан-укпагандыгыңды билбейм, бирок, мен карлик шпицди багып жатам, Теңир мага сага күчүктөрдүн бирин бер деп айтты.

Азыр алар алты айлык жана жаңы үй табууга даяр» деди. Мен оозумду ачып туруп калдым. Мен дагы эле итти албайм деп чечкиндүү болуп, «ойлонушум керек» дедим. Мен анын иттерди багып жаткандыгы жөнүндө түшүнүгүм да жок болчу жана албетте, биздин Кирстендин күчүккө ээ болгусу келери жөнүндө да эч нерсе айткан жок элем.

Акыры, мен Дрендага болгон окуялардын бардыгын айтып бердим жана үйгө жаңы ит алып баргым келбей жаткандыгын да айттым. Ал мага карап: «Кызыңдын ишенимин четке каккың келеби» деди. Дренда деле экинчи итке ээ болуу идеясын жактырган жок, бирок, Кирстенди ашыкча жаныбар жараткан ыңгайсыздыктардан да көбүрөөк жакшы көрөр эле. Ошентип, Кудай биздин кыздын ишенимине жооп катары ит берип жатса - мен кантип баш тарта алат элем? Натыйжада, мен кайтаруучуга күчүктү алып кетеримди айттым.

Кирстенге эч нерсе айткан жокпуз, бир гана эжеси бизди тосуп аэропортко келгенде Кирстенди алып келүүсүн сурангaнбыз. Кирстен аэропортко келди, биз учактан түшүп, ага күчүктү ташуу үчүн атайын сатылып алынган чакан идишти сундук. Кичинекей Шпицти көргөндө Кирстен ыйлап жиберди. Бүт айлана токтоп калды. Бул көрүнүштү байкап көрүү үчүн жанында тургандардын бардыгы токтоп калышты. Алар көпкө токтоп турушуп, биздин кыздын күчүгүн кучагына кысып, кандайча ыйлаганын сүйүү менен карап турушту. Дренда Кирстендин ишенимине жооп катары Кудай бизге бул итти кантип бергенин баарына айтып берди.

Анан мен эгерде колуңарда кичинекей ит болсо эле, аэропортто деле жандандыруучу чогулуштарды өткөрүүгө болорун түшүндүм! Бардык адамдар күчүктү көргүсү келип, аэропорттогу бүт эл Кирстен менен кошо ыйлап жатышты, ал тургай коопсуздук кызматкерлери дагы. Ошол учурда мен өзүмдү жаман атадай сездим. Бул күчүк менин кызыма канчалык кубаныч алып келгенин

жана Кудай анын ишенимине кантип жооп бергенин эстегенде, мен күтүлбөгөн жерден минтип ойлондум: мен ал үчүн ушунчалык кымбат болгон нерсеге кантип каршы чыктым экен! Ал күчүктүн атын Шекспир деп атагандай – күчүк ушунчалык сүйкүмдүү болчу. Ал биздин үй-бүлөнүн чыныгы мүчөсү болуп калды. Ал өтө көз карандысыз күчүк болсо да, Кирстен кайда барбасын, күнү-түнү анын изинен калбай ээрчип жүрдү.

Бул таасирдүү окуяны айтып жатып, мен жооп бериш керек болгон бир суроону беришим керек жана чындыгында бул китептин максаты да ошол эмеспи: бул ит кантип пайда болгон? Анткени, буга чейин эч кимге, эч качан күчүк алуу сунушун кылган эмесмин. Анан кантип мага так ошол менин кызым кыялданган жана Кудайдан сураган тукумду сунуштап калышты? Бул кокустан дал келүү беле? Албетте, жок. Бул Кудайдын Падышачылыгынын жана анын мыйзамдарынын иштешинин түздөн-түз натыйжасы болгондугу биздин үй-бүлөбүздүн жашоосунда айкын болду. Алар ишенимдүү жана Падышачылыктын бийлигин бошоткон ар бир адам үчүн, ар дайымкыдай эле, натыйжаларды берди. Жердеги чындыктагы макулдашуунун күчү.

Бул итти бизге Кудайдын Падышачылыгы гана бергендигин моюнга алабыз. Бирок, бул кандайча болду? Кандай мыйзамдар бул кыймыл-аракетти ишке кыргизишти? Бул китепти окуп жатып, Кудайдын Падышачылыгынан ырахат алууга силерге жардам бере ала турган так жооптор болот деп ишенем. Силе ушул Падышачылыктын жараны экениңерди жана мыйзамдуу укуктарыңар менен артыкчылыктарыңар бар экендигин унутпагыла! Бирок, алгач, үй-бүлөбүздө болгон Падышачылыктын дагы бир окуясын айтып берейин.

4 – бөлүм

# ЭБЕГЕЙСИЗ ЧОҢ БАЛЫК

Дренда экөөбүз биз ээ болгон Кудайдын Падышачылыгы жана биз жерде ээ болгон күчүбүз жөнүндө билгенибизде, адамдар кандайча жашаарын өзүлөрү аныктай тургандыгына көбүрөөк ишенип калдык. Кудайдын Падышачылыгы биздин жашообуздун ар бир тармагына таасирин тийгизип жатты, бирок, биз муктаж болгон же алууну абдан каалаган баталарды гана жер жүзүнө бошотушубуз керек эле. Бул өзүнөн өзү болгон жок. Кызыбыздын ити жөнүндөгү окуя Падышачылыктын бийлигине берүү үчүн эч нерсе маанисиз болбостугун бизге көрсөттү.

Муну түшүнгөндө, биз үчүн мүмкүн эмес же кол жеткис эч нерсе калган жок. Мен өмүр бою Кудай бизге Падышалыкты – БҮТКҮЛ ПАДЫШАЧЫЛЫКТЫ - ырахат алуу үчүн бергенин билбептирмин жана түшүнгөн эмес экенмин. Ошондуктан, Кудайдын Падышачылыгы биздин жашообуздун ар кандай чөйрөлөрүнө, атүгүл кичинекей жана маанисиз нерселерге да кандайча таасир этерин көрүү абдан кубанычтуу. Буга мисал келтирүү үчүн, мен силерге дагы бир окуяны айтып бергим келет. Бул эбегейсиз чоң балык жөнүндөгү окуя. Бул үй-бүлөбүз менен Аляскада эс алып жүргөндө болгон. Ал жакка баргандыгыбыздын өзү менин кыялдануумдун ишке ашуусу болду. Биз Анкориджге учуп келип,

үч жумага автофургонду ижарага алып, батыш жээкти бүтүндөй кыдырып чыктык. Бул эң сонун болду! Бир жолу Кенай жарым аралынын жээгин бойлой бара жатып, кайыктардын биринде бир чоң балыктын турганын байкадык. Портто көптөгөн чартер кайыктары болгон жана ошол эле жерде чоң балыктар илинип турган. Сырткы көрүнүшү боюнча, алар ири камбала сыяктуу эле. Ошол учурда, мен эч качан палтусту көргөн эмес элем, ал жөнүндө эч нерсе билген да эмесмин, бирок, бул балыктар абдан чоң болчу. Биз таң калып, кайыктан кайыкка суктануу менен айдап жүрдүк, ал эми баарында палтус балыгын уулоого жарнамалар илинип турду. Бир маалда аялым мага кайрылып: «Менин палтус кармагым келет, бирок, ушул капитан менен балык уулагым келет» деп бир жарнаманы көргөздү. Ал жерде машайакчылардын белгиси болгон балыктын сүрөтү түшүрүлгөн жарнама бар болчу. Алгач мен таң калып: «Сен эмне, палтус кармагың келеби?»- дедим. Ал буга чейин бир да жолу балык уулоону каалаган эмес. Бирок, бул жолу ал талап кылып жатты, ошондуктан биз унааны токтотуп, кеңсеге кирдик.

Кеңсе кызматкерлери дагы бир кардар менен алек болушкандыктан, бир аз тегерете карап, дубалга жарыяланган маалыматтарды окууну чечтик. Алардын биринде, аягына чыгууга аз калган - «Палтус Дерби» жөнүндө окудук. Мунун эмне экендигин биз билген эмеспиз, силер дагы балким, билбейттирсиңер, андыктан мен түшүндүрүп берем. Бул «Палтус Дерби» деген - бир айдын ичинде эң чоң палтус балыгын кармаган чартер кемелеринин капитандарынын ортосундагы мелдеш экен. Жеңүүчүнүн сүрөтү гезитке чыгат жана чек алат. Дренда экөөбүз мелдешке кошулуу жөнүндө сүйлөштүк, анткени баары бир балык уулоону чечтик. Катышуу үчүн бир аз өлчөмдө акча салышыбыз керек болчу, анан ошол кезде баары болду.

Дренда ушунчалык таттуулук жана назиктик менен мага кайрылып: бул капитандын бизнеси жалпыга таанылышы үчүн,

сынакта жеңишке жетүүгө даярмын, анткени ал машайакчы экендигин жана ал аркылуу Кудай даңкталарын айтты. Ошентип, катталуу кезеги келгенде, Дренда тайманбастык менен туруп, Палтус Дербисин жеңе тургандыгын жарыялады: бул жеңиш аркылуу Кудай даңкталмак жана ал капитандын компаниясы анын машайакчылык бизнеси болгондуктан, белгилүү болуп калмак. Албетте, бул капитандын башына кандай ойлор келгенин элестетсеңиз. Албетте, бул мелдеште бардыгы жеңишке жетүүнү каалашат жана ал балык уулоого алып барган туристтердин бардыгынан болбосо дагы, көпчүлүктөн ушундай сөздөрдү уккан деп ишенем. Бирок, Кудайдын даңкы үчүн жеңишке жетерине ишенгендер аз болгонуна дагы ишенем.

Кандай болгон күндө дагы, капитан Дренданын айткандары жана атаандаштык жөнүндө көп сүйлөгөн деле жок. Биз деңизге чыгып, чоң балык уулай баштадык. Дренда кеменин ээси болгон капитандан мелдеште жеңишке жетүү үчүн палтус канчалык чоң болушу керектигин такай сурап турган. Ал жөн гана балыктар биз кармаганга караганда чоңураак болушу керек деп айтты, ошондуктан, Дрэнда кезектеги балыкты кармаган сайын ушул суроону кайра кайталап турууга туура келди. 20 кг салмактагы балыкты кармаганда, ал бул жетишээрлик чоң эмес деди. Андан кийин ал 30 кг салмактагы балыкты кармады, бирок, ал да чоң болгон жок. Албетте, анын даамдуу балык экендигин бардыгы билишет жана биз бул балыкты үйгө жөнөтүүнү каалаадык. Чектөө бир туристке эки балыктан туура келгендиктен, 30 кг галибутту өзүбүзгө калтырдык.

Күн кечке жакындап, караңгы кирип келе жатты. Уулум Том, кызым Полли жана мен буга чейин эки балыктын чегине жеткен элек. Калган эки бала, Эми жана Тим конференцияга жетиш үчүн үйгө эрте учуп кетишти, алар биз менен эмес эле. Албетте, Дренда 30 кг салмактагы балыктын ээси болду, бирок, кармалган балыктардын бири дагы мелдеште жеңишке жетмек эмес. Бирок, Дренда өзүнүн алп балыктарын кармай тургандыгына

эч күмөн санаган жок. Күүгүм түшүп жатыптыр, капитан бизге жабдыктарыңарды жыйыштыргыла деди. Бизге портко кайтып келе турган убак келди. Капитан биздин таяктарыбыз менен шаймандарыбызды жыйнаганга жардам берип жатканда, Дренда капитандын буйругун уккан жок. Ал жок дегенде ага дагы бир нече мүнөт убакыт берүүнү суранып, балыкты - кармай тургандыгын, Палтус Дербинин жеңүүчүсү болоорун дагы бир жолу жарыялады. Капитан бир нече мүнөт күтүп туруп, андан кийин ага: «Кечиресиз, бирок, биз чындыгында сүзүп кетишибиз керек», - деди.

Ал Дренданын кайырмагынын таягын кармай электе эле, таяк кескин жулкунуп кетти. Кайырмактын кыйшайып, чыңалуудан улам катушканын аянычтуу сыдырылганы боюнча, бул чоң балык экени анык эле. Капитан балыктын салмагын сезүү үчүн таякты кармалап көрүп, бул чоң балык эле эмес, сыягы, акула экенине макул болду. Бул балыктын кайырмакты тартканынан эле көрүнүп турат деди ал. Бул балыкты жүз метрдей тереңдиктин түбүнөн алып чыгуу үчүн Дрендадан бир топ убакыт жана бүткүл күчү талап кылынды. Балык суу үстүндө пайда болгондо, ал Дренданын өзүнөн да чоңураак болгон балык экендиги көрүндү.

Балыкты кемеге сүйрөп бара жатышканда, капитан аны тирүү калтырып коюу үчүн, ал өтө эле чоң экендигин айтты: ал тыбырчыламак жана мындай өлчөмү менен ал адамдарга дагы, кайыкка дагы зыян келтириши да мүмкүн эле. Анын ушундай чоң балыктар үчүн атайын “электрошокери” бар экен. Капитан таң калтырган “электрошокерди” балыктын башына багыттады, бирок, ошол маалда балык катуу жулкунуп жиберип, аракет максатка жеткен жок.

Чыккан үндөн улам балык кайрадан бар күчү менен жулкунуп, анан суу алдында жоголуп кетти. Ушул убакытка чейин 100 метрлик саптын катушкасы күркүрөп айланып жатты жана биз кайырмактын сабы сынып кетеби деп чочуладык, анткени балыктар суу астында

укмуштуудай кыймылдарды жасап жатышты. Дренда бул дөө балыкты бүт күчү менен кармап турду. Ал кармаганын коё бербөө үчүн аябай аракет кылды; биз төрт колдоп кайымакты кармап, балыкты акырындык менен жер бетине чыгарышыбыз үчүн, мен аны артынан кучакташым керек эле. Бул жолу капитан палтусту кемеге чыгарып алды жана баарыбыз анын көлөмүнө таң калдык.

Балыктарыбызды өлчөө үчүн жетиштүү өлчөмдөгү тараза бар болгон шаардын аянтына кармалган балыкты алып бардык. Чоң балыктын салмагы 55 килограммды түзүп, Дренданын өзүнө караганда узунураак эле. Биздин балыкты таразага тартып көргөн адам бул мелдеш башталгандан бери алып келинген эң ири балык экендигин айтты. Бирок, «Палтус Галибут Дерби» дагы эки жума улантылышы керек болчу жана биздин балык жеңишке жетеби же жокпу, биз али так билген жокпуз. Силер божомолдогондой, биз көп өтпөй Дренданын атына жазылган чекти, ошондой эле анын сүрөтү менен кошо гезиттеги макаланын көчүрмөсүн алдык. Биз кубандык!

Кудайдын Падышачылыгы кайрадан аракетте эле! Анан кайра эле мен бул суроону берем: “Ал балыкты кантип кармады?” Мен Дренданы чогуу жашаган мезгилимден бери эки жолу гана балык уулоо сапарына алып баргам жана бул албетте ал эмес экендигине көзүм жеткен. Ал балык уулаганга барып жана палтус кармагысы келгенде, мен абдан таң калдым. Анын үстүнө, ал жеңишке жетүүнү чечти! Ал жеңди! Аляскадагы капитан менен коштошуп жатканымда, биз ага Кудайдын Падышалыгы жана балыкты кантип карматканыбыз жөнүндө айтып беришибиз керек болчу. Азырынча жеңүүчү расмий жарыяланбаганы менен, биздин балыктар анын көңүлүн бура тургандай чоң эле. Албетте, ал аягында жеңди!

Биздин балыктар менен, тагыраак айтканда Дренданын балыктар менен болгон окуясы ушул жерден бүттү деп ойлойсуңарбы? Кимдир бирөө ал жөн гана бактыга ээ болду деп айтат, бирок, андан кийин мына дагы кандай болду. Беш жыл

өткөндөн кийин, Дренда экөөбүз, кайтаруучу досубузду, биз менен кошо балык улоого Аляскага келүүгө чакырдык. Биздин үй-бүлө автофургон менен саякаттап жүргөндөн бери ал жакка барган эмеспиз жана ал жакка кайра кайтууга эч кандай себеп таба алган жокпуз. Ошентип, биз дагы келип, фургонду ижарага алып, балык уулоого жөнөдүк, анткени лосось кызып турган маал болчу. Балык уулап жатып, досубузга Дренданын чоң балыкты кантип кармагандыгы жөнүндө айтып бердик. Ал буга чейин чоң балык кармаган эмес, андан кийин биз: «Демек, баштоого убакыт келди» дедик. Биз, албетте, ал дагы деле ушул бизнесте болсо, ошол эле жерге, ошол эле капитанга барууну чечтик.

Биз ал жакка барганыбызда, анын жок экендигин түшүндүк, анан башка капитан издешибиз керек окшойт деп ойлодук. Бирок, алгач биз билген капитандын атын интернеттен издеп көрүүнү чечтик, анткени анын кайыгынын же компаниясынын аты эсибизде жок болчу. Бир аз изденгенден кийин, Дренда жана анын кубогу жөнүндө макаланын көчүрмөсүн беш жыл мурунку сүрөтү менен табууга жетиштик. Ал жерде кайыктын жана компаниянын аты аталган экен, ошондуктан биз үчүн телефон номерин таап, чалуу кыйын деле болгон жок. Компания өз ишин жүргүзүүнү улантып эле жаткан, бирок, алар башка жакка - жети чакырым алыстыкка көчүп кетишкен экен.

Биз кеңсеге кирсек, дасторкондо отурган аял - капитандын аялы жана компаниянын ээси бизди көрүп: “Галибут балык кармоодо жеңүүчү!” – деди. Анын кандай болгонун жана өткөн беш жыл ичинде эмне болгонун биз кубанып талкууладык. Ошол мезгилде экономикалык төмөндөө болуп, бизнес оор мезгилдерди башынан өткөрүп жаткан. Анын айтымына караганда, азыр адамдар саякатташпайт жана мурдагыдай балык уулоого акча коротушпай калгандыгын айттты, ал эми күйөөсү дагы капа болуп жатыптыр. Биз ага Кудайдын Падышалыгын эскерттик, бирок, ал аялдын күйөөсү Кудайга кызмат кылуудан алыс деп жооп берди.

Биз кемеге түшкөндө, ал дагы Дренда менен чоң балыкты эстеди. Менин аялым андан балык уулоо кандай жүрүп жаткандыгын сурады, ал эми алар азыр “Палтус Дербисинде” кармаган балыкка салыштырмалуу кичинекей балыктарды кармап жатабыз деп жооп берди. Анын айтымында, бул жерде деңиз анчалык терең эмес жана чоң балыктар жок. Бирок, ал өз бизнесин Дренда жеңүүчүсүн кармаган жерден жана тереңирээк болгон жерден алысыраак жылдырууга мажбур болду, анткени ал жакта акулалар толтура болчу. Акулалар жемди тереңдикке түшүргөнгө чейин эле жегенге жетишкен, ошондуктан алар жемге көбүрөөк акча коротууга аргасыз болушкан жана ушундан улам көп убакытты жоготушкан.

Бул жерден кандай көлөмдөгү балыктарды кармашат деп сурадык, ал 10-15 килограммдан ашпасын айтты. Ошондо Дренда аны карап: «Бүгүн мен чоң балыкты кармайм, Кудай ишенимдүү экенин билишиңер үчүн, эң чоң балыкты кармайм. Бирок, ал буга жөн гана күлүп койду. Күнү бою капитан айткандай, 10 кг салмактагы лосось менен балык уулап, күн бою Дренданы чоң балыктары менен шылдыңдады. Мурунку балык сценарийи кайталанды.

Күндүн аягында капитан жабдыктарыбызды чогултуп алалы деди, Дренда болсо өткөн жолу айткандай, чоң балыкты кармоо үчүн дагы бир-эки мүнөт убакыт керек деп анын сөздөрүнө көңүл бурган жок. Дагы кайрадан капитан бир аз күтүп, аягына чыгууга убакыт келгенин айтты. Дал ушул учурда кайырмактын сабы созулуп кетти, кыскасы, Дренда 35 килограммдык балыкты кармады. Капитан дагы аябай таң калды.

Балык кармагандан кийин ресторанга барганда дагы бир капитан менен сүйлөштүк, ал дагы ошол жерде кечки тамакты жеп отурган. Дренданын 35 кг салмактагы балыкты кармаганга жетишкенин укканда, ал ишене албай турду. “Кайсы жакка балык ууладың эле? Кайсы тереңдикте?» Ал мындан ошондой чоң балыкты так

кайсы жерден кармоого болорун билгиси келди. Ресторандан чыгып, биз балык уулаган компаниянын кеңсесинин жанынан өтүп, балыктарды үйгө жөнөтүү үчүн арыз толтурууну чечтик.

Капитандын кетеринен мурун дагы бир мүмкүнчүлүктү колдонуп, биз ага Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө айтып бердик. Мен аны карап: “Чындыгында, ал ушул эки балыкты кантип кармагандыгын табышың керек. Падышачылыктын мыйзамдары “акча маселесин» чечүүдө да иштейт» дедим. Бул жолу биз анын көңүлүн бурдук, жок дегенде сөздөрүбүз аны кызыктырды. Биз ага «Акча маселесин чечүү” деген китебимди берип анан кетип калдык.

Дренда кармаган ошол эки балык кокустук беле же Падышачылык мыйзамынын натыйжасы беле? Буга ишенүү же ишенбөөнү сиз чечесиз, бирок, Дренда экөөбүз бир топ жыл мурун бир чечимге келгенбиз. Биздин балык уулоодогу окуяларыбыз гана эмес, карыздан кутулуубуз да, айыгуубуз да - Кудайдын Падышачылыгы боюнча баштан өткөргөн окуяларыбыздын бардыгы толкундатаарлык кызыктуу жана жашоону өзгөртүүчү болду. Башка адамдар да Падышачылыкты башынан өткөрүшкөн. Мына, бул Дренданын таржымалын уккан аялдын каты.

> Салам, Гэри жана Дренда!
>
> Дренданын палтус балыгын кантип кармагандыгы жөнүндөгү китебиңизди окуп чыккандан кийин, мен дагы балыкка байланышкан окуяны сиз менен бөлүшсөм деп ойлодум. Жакында Флорида штатындагы Канаверал майрыкындагы Коко-Бичте үй-бүлөлүк эс алууда болдук. Менин күйөөм Роберт суусу терең жерден балык уулап, анан мүмкүн болсо, балыкты үйүнө Колорадо шаарына алып кеткиси келди. Сапарды бир нече ай мурун эле пландаштырганбыз, анан качан ал балык уулагысы келгенин айтканда, мен: «Ооба! Жакшы кайырмак салуу, уулоо болот

деп Кудайга ишенели!» дедим. Мен Бобтон Флоридада биз кайырмак салганы аткан жерде кандай балыктар кездешет экен деп сурадым. Ал мага атаган балыктардын ичинен мен алп кызыл кулак үчүн сыйынууну жана ишенүүнү тандадым.

Көптөн күткөн күн да келди, капитан жана экипаж бизге көрсөтмө берген учурда биз бортто турдук. Мен килейген кызыл снайперди кармайм деп айтууну уланта бердим, капитан сүйлөп жатканда менин толкунданууm күчөдү. Капитан бир нече балыктын атын атап, аларды бортко жүктөөгө жана уулоонун натыйжасы катары калтырууга болбостугун айтканда, менин канчалык капаланганымды элестетип көрсөңөр! Алар: басс, камбала жана кызыл снайпер! «Мейли,- деп ойлодум, - ал жакта мен ишене ала турган дагы кандай балыктар бар болду экен?» Ишенимимди сынап көрүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгаргым келген жок. Мен: “Теңирим, мен ири кызыл снайперди кармайм деп ишенгем. Ылайым, ошондой эле болсо экен. Үйгө дагы башка бир балыкты алып келермин!

«Палубада туруп, мен 8 жаштагы кызым Рейчелге кайрылып: “Эсиңде болсун, сен сыйынып жана Кудайга ишенсең болот, бүгүн балык кармайсың. Сен ишенесиңби?» Ал жылмайып, башын ийкеп макулдугун билдирди. Мен ушундай эле бекемдөө сөздөрүн улуу кызым, 21 жаштагы Джорданга дагы айттым. Ал мени таң кала карап калды, бирок, макул болду. Мен Бобко карап туруп: «Ийгиликтүү балык кармоого ишенели!»-дедим.

Бир нече саат өттү, биздин кайырмактын сабы бир да жолу кыймылдап койбоду. Бирок, күтүлбөгөн жерден Рейчелдин сабы кескин тартылып кетти, ал аябай кубанып, атасын жардамга чакырды. Бир нече мүнөттүн ичинде алар Атлантикалык акуланы сууруп чыгышты! Мына сага! Рейчел өзүнүн жообун алды! Биз аны мактадык. Мына сага, балык кармоо!

Бирок, мен бул ойлорду токтотуп, балыктарымды алдым деп жарыялай баштадым. Мен жайбаракат отуруп, Кудайдын айтканын уктум: «Эгер тынчтанып, Мага балыкты сага алып келүүгө мүмкүнчүлүк берсең, сен аны аласың». Албетте, мен балыкчы эмес экенимди билчүмүн жана кандай болгон күндө да, өз жөндөмүмө таянбашым керек болчу. Мен отуруп, терең дем алып, Кудайга ишенүү менен, күтүп отурдум. Жыйырма-отуз мүнөттөн кийин менин кайырмагым бир нерсеге урунду окшойт, бирок ал балык экен.

Күйөөм мага эмне кылышым керектигин айтты, андан кийин капитан сөзгө аралашты. Качан мен балыкты өйдө көтөргөндө, менин кайырмагымдын илмегинде чоң балык бар экен, кыязы, ал алп кызыл кулак балык окшойт деди ал. Анын кандай балык экендигин көрө электе эле билгенине аябай таң калдым! Ошентип, мен тарта бердим, анан менин 10 кгдык салмактагы кызыл снайперим суунун үстүндө пайда болду! Кудайга ушунчалык кубаныч жана толкундануу менен ыраазычылык билдирдим! Менин ишеним тутумумда бир жылыш болгонун билгем. Мен Дренданын ишенимин эстей берчүмүн жана мен дагы ушундай ишенимге жана ынанууга ээ боло алам деп ойлодум. Ошентип мен каалаганымды алдым, ал ошого татыктуу болду.

Сиздердин кызматыңыздар үчүн жана китептериңиздерди жазганыңыздар үчүн, анын ичинде “Ишеним менен аңчылык” деген китебиңиздер үчүн ырахмат. Чоң баталардын чегине өткөнгө жардам берген кызматыңар үчүн Кудайга терең ыраазычылыгымды билдирем. Мен келечекке дагы көбүрөөк ишеним жана шыктануу менен карайм. Бул тажрыйба биздин үй-бүлөгө кандайча жардам бергенин дагы билем!

Урматтоо менен,

С. Т.

5-бөлүм

# БУЛ ТАНДОО КИМДИКИ БОЛГОН?

Буга чейинки окуялардын баарында биз Кудайдын Падышачылыгы жердеги чындык турмушта кантип ит, балык, ипотека төлөө үчүн акча келтиргенин, жашоо үчүн, үч баланы куткаруу үчүн керектүү болгон унаалар менен үйлөрдү төлөө үчүн каражаттарды бергендигин, ж. б. көргөнбүз. Бул окуялардын бардыгын Кудайдын Падышачылыгы ишке ашырганын, же болбосо, аны өзүмдүк кылып айта турган болсом, биздин Кудайыбыздын Падышачылыгы аркылуу ишке ашырылгандыгын айта алабыз! Биз таң калбашыбыз керек, анткени, Анын Падышачылыгы улуу жана ченемсиз.

Экинчи Петир 1: 3тө минтип айтылган:

> *Анын кудуреттүү күчүнөн бизге жашоо жана такыбаачылык үчүн зарыл нерселердин бардыгы берилди.*

Биз карап чыккан окуялардын бардыгында бир маанилүү суроону бергим келет: «Бул кимдин тандоосу болгон?» Менин

айтайын дегеним: Кудай күтүлбөгөн жерден менин аялым Дрендага балык, Кирстенге итти белекке берүүнү чечкени кандай болду экен? Кудай Өзүнүн эгемендүү эрки менен буларды биз үчүн ишке ашырууну чечкенби? Же мындай көрүнүштүн башка себептери болгонбу? Жооп көпчүлүктү таң калтырат деп ойлойм. Ал мени да шок кылгандыктан улам билем.

Бул суроого жооп алуу үчүн, 8-бөлүмдө Лукадан Жакшы Кабарда жазылган Ыйык Китептеги окуяны карап көрөлү.

> *Анткени анын он эки жашар жалгыз кызы өлүм алдында жаткан. Ээрчиген элдин көптүгүнөн Ыйса кысылып бара жатты. Топ элдин арасында он эки жылдан бери кан кетип, азап чегип жүргөн бир аял бар эле. Болгон мүлкүн дарыгерлерге жумшаган ал аялды эч бир дарыгер айыктыра алган эмес. Аял арт жактан келип, Ыйсанын кийиминин четине колун тийгизди. Ошол замат андан кан кетпей калды. Ошондо Ыйса: «Мага ким колун тийгизди?» – деди. Бардыгы: «Мен эмесмин», – дешкенден кийин, Петир жана Анын жанындагылар: «Устат! Эл Сени тегеректеп, кысып турса, "Мага ким колун тийгизди?" – дейсиң», – дешти. Бирок Ыйса: «Кимдир бирөө Мага колун тийгизди. Анткени Мен Өзүмдөн күч чыкканын сездим», – деди. Аял болсо жашырынып кала албасын билип, калтырай басып келип, Ыйсанын бутуна жыгылды. Анан бүт элдин алдында Ага эмне себептен колун тийгизгенин жана ошол замат айыгып калганын айтты. Ыйса ага: «Коркпо, кызым. Сени ишенимиң куткарды, тынчтык менен бара бер!» – деди.*
>
> – Лука 8:42-48

Библияда Ыйсаны ар тараптан кысып турушканы, ал тургай Анын: «Мага ким тийди?» деген суроосуна Петирдин таң

калганы да айтылат. Руханий изилдөөчү катары, эмне себептен башка эч ким эмес, так ушул аял айыгып кеткенин билгим келет. Эмне үчүн майлоо ошол учурда ага гана агып кетти, Ага тийип тургандардын баарына эмес? Жооп так ушул жерде, бирок, силерге аны берерден мурун дагы бир суроо берейин. Ошондо Ыйса ага кызмат кылганбы? Ага колун койду беле? Жооп: жок, андан тышкары, Ыйса ал аял ал жерде экенин билген да эмес. Майлоону ким өзүнө тартып жатканын Ал сурашы керек болчу, анткени, Ал аны көргөн жок. Ошентип, анын ошол күнү айыгып кетиши кимдин тандоосу болгон?

Суроону башкача коюуга мага уруксат бергиле. Ошол учурда аны айыктырууну Кудай чечтиби же Кудайдан шыпаа алууну ал аял чечтиби? Бул абдан маанилүү суроо, анткени, көптөгөн адамдар жашоосунда Кудайдан бир нерсе күтүшөт. Ыйсанын аялдын ал жакта жүргөнүн билбегени да, аны айыктыруу Анын чечими эмес, айыгуу чечими аялдан болгонун далилдейт деп эсептейм.

Андай болгондо, бул бизге укмуштай маанилүү бир аянды көрсөтөт жана ал төмөнкүдөй: Кудай мезгил-мезгили менен бир адамды айыктырып, башка бир адамды айыктырбоону чечпейт. Ал буга чейин эле биздин баарыбызга мыйзамдуу түрдө Падышачылыгыгында жашоого мүмкүнчүлүк берүү менен, айыгууга жол ачып койгон. Ошентип, чындыгында биз тандайбыз. Бирок, мен анын бул бийликке кандайча «кошулганын» билгим келет? Ал аял кандайча айыгууну кабыл алууну чечти? Ыйса Падышачылыктын бийлиги менен күчүнө кандайча кошулганын так айтып берет. Ал:*“Кызым! Сени ишенимиң куткарды; тынчтык менен бара бер»*деди. Бул сүйлөмдө биз билишибиз керек болгон нерселердин бардыгы айтылат; бул эмне үчүн ошол күнү башкалар эмес, ушул аял гана айыгып кетти деген суроого жооп берет. Келгиле, руханий изилдөөчүлөр катары, бул окуяны кылдаттык менен карап чыгып, ал аялдын Кудайдан керемetti кандайча кабыл алгандыгына жооп издөөгө аракет кылып көрөлү.

Биринчиден, Ыйса аны кызым деп атап жатат, демек, ал аял ысрайыл элинин бөлүгү болгон. Башкача айтканда, ал Кудай менен келишим түзгөн. Ошондой эле, ал ысрайылдык адам катары, Кудайдан бир нерсе алууга Асман алдында мыйзамдуу укугу бар деп айтууга болот. Бул факт бирден-бир себеп болушу мүмкүн эмес, анткени ошол күнү Ыйсаны кысып жанында турган адамдардын бардыгы бирдей эле мыйзамдуу укукка ээ болушкан.

Кудайдын күчүн ага тийгизген дагы бир нерсе болушу керек эле. Ыйса анын айыгып кетишинин экинчи себебин айткан. Чындыгында, Ыйса анын дал ушул себептен улам жооп алганын айткан. Ал аялды айыктырган анын ишеними болгонун айтты.

Ошентип, эми биз аялдын кантип, эмне себептен улам айыгып кете алгандыгын билдик. Биринчиден, ал Кудайдан бир нерсе алууга мыйзамдуу укуктуу болгон, анткени, ал Ыбрайымдын кызы болгон; экинчиден, анын ишеними ошол маалда анын денесине Кудайдын күчүн төгүүгө мүмкүнчүлүк берген "которгуч" болгон. Анын Ыбрайымдын кызы экендиги, анын Ыбрайымдын Кудай менен түзгөн келишиминен улам, Асман алдында тура алаарын билдирген жана муну силердин үйүңөргө зымдар аркылуу өткөн электр энергиясы менен салыштырууга болот. Бирок, ушул нерсе эле силерде электр жарыгы болот дегенди билдирбейт. Жарыктын пайда болушу үчүн, силер дагы которгучту басышыңар керек. Ошентип, азыр билишибиз керек болгон нерсе, которуштургуч кайда, же эмне которгуч болуп эсептелет. Ыйса бул анын ишеними деп айткан, бирок, ишеним деген эмне жана мен аны кантип жандырам? Бул биз жооп табышыбыз керек болгон маанилүү маселе.

## Ишеним деген эмне?

Ишеним - бул Ыйсанын жолдоочулары оңой эле айта бере турган сөз. Көпчүлүгү, көпчүлүк болбосо дагы, көптөрү ишеним деген эмне жана аны кантип табууну билишпейт деп ишенем. Эгер

ишеним ошол аялды айыктырган ачкыч болсо, анда биз ишеним маселесин жакшылап карашыбыз керек! Римдиктер 4: 18-21ден ишенимдин аныктамасын таба алабыз. Мен билип турам, силер: “Жок, Гэри. Еврейлерге 11: 1де ишенимдин аныктамасы берилген,» деп айтышыңар мүмкүн деп ойлойм.

> *Ишеним – бул үмүттөнүп күтүп жаткан нерсенин ишке ашарынан шектенбөө жана көрүнбөгөн нерсеге бекем ишенүү.*
>
> – Эврейлерге 11:1

Ооба, бул салттуу жооп, бирок, жакшылап окуп чыксаңар, Еврейлер 11: 1де ишенимдин чынында эмне болуп эсептелери жөнүндө эмес, анын артыкчылыгы жөнүндө сөз болот. Римдиктерден алынган үзүндү бизге ишеним деген эмне экендигин так чагылдырып берет деп ойлойм.

Менин сөздөрүмдүн жакшы иллюстрациясы бар, ал көпчүлүгү ишенсе да, ишенимде болбой тургандыгын көрсөтөт. Мисалы, жакында эле мен асман адамдар айтып жүргөндөй, көк эмес экендигин, бирок, чындыгында көк деп аталган нерсе сары экенин билгенимди айтсам кандай болот? Башкача айтканда, мен силерге өмүр бою бизге туура эмес нерселерди үйрөтүп келишкендигин жана көк чындыгында көк эмес эле, сары түстө экен деп айттым дейли. Силер эмне кылмаксыңар? Таң калып, таңданып, уюлдук телефонуңарды тез эле ала калып, биринчи мугалимиңерге чалып, туура эмес түстөрдү үйрөтүп, силердин өмүрүңөрдү сындырды деп айыптайсыңарбы? Мен антип ойлобоймм. Силерде эч кандай эмоциялык реакция, эч кандай драма болбойт эле. Силер мени жөн гана акмак деп чечип, менин акыл-эсим жок деп эсептегендиктен, жазган комментарийиме көңүл бурбай, жасаган ишиңердиди уланта бермексиңер. Эмнеге? Анткени, силерде көк түстүн көк экенине толук ишенимиңер бар!

Келгиле, эми менин мисалымды ишеним маселесин талкуулоо менен салыштырып көрөлү. Кудай сизди айыктыруу жөнүндө айтып жатат деп толук ишенсеңер, дарыгер болсо рактан өлүп каларыңар тууралуу айтып жатсачы? Дарыгерди карап, аны акмак деп ойлойсуңар, анткени сен билесиңер: мындай болушу мүмкүн эмес. Эмнеге? Анткени, Ыйса силердин айыгып кетишиңер үчүн толук баасын төлөгөнүнө толук ишенесиңер. Түшүнүп жатасыңарбы? Албетте, көптөгөн адамдар сыйынышат, бирок, изилдеп чыккандан кийин, мен алардын иштин жыйынтыгына толук ишене албагандыктарын, сыйынгандары - ишеним эмес, үмүт гана экендигин көрдүм. Досум, ушундан улам өзүңдү Кудайдын Сөзү менен бекемдөө маанилүү. Анын айткандарына толук ишенүү үчүн, ошондой эле, Анын каалоосу болбогон бүт нерселердин бардыгын четке кагуу үчүн, Кудайдын эрки эмне экендигин билишибиз керек. Кудайдын жашоо жөнүндө айткандары менен азыктануунун маанилүүлүгүн көрсөткөн

өзүмдүн жашоомдогу бир мисалды айта кетүүгө уруксаат эткиле.

Мен чарчап калгам, бизнес ээси катары бир нече оор жумаларды баштан кечирген элем (бул мен жыйындын кайтаруучусу болгонго чейин болгон). Менин күн тартибим сатуу боюнча сүйлөшүүлөр менен тыгыз толгон эле жана албетте, менин пайыздык көз карандылыгым үчүн каржылык кысым да болгон. Мен тишиме “пломба” койдуруу үчүн тиш доктурга бардым. Дарыгер новокаинди колдоно баштаганга чейин бардыгы жакшы болуп жатты. Ал ийнени сайганда, мен катуу секирип кеткенимди сездим, жаагым ошол замат уктап калгандай болуп калды - укол сайгандан кийин акырындык менен уктап калгандагыдай, адаттагыдай эмес. Мен таң калып, болгон окуяны доктурга айттым. Ал: «Ой, мен нервге тийип алдым окшойт» деди. Мен дароо андан сурадым: «Бул нормалдуубу?» Ал бул сөздөрдү айтты: «Ооба, адатта мындайды айыктырса болот.» Эмне? Мен аны туура уктумбу? “Доктор, бул адатта айыгат деп айтканда, эмнени айткыңыз келди?” Ал: «Ооба, мындай учурлардын 80-85 пайызын кесепеттери жок толугу менен айыктырса болот»,- деди.

Эмне? Менин ичимде күтүлбөгөн жерден коркунуч пайда боло баштады. Эми эмне болот? Ал таптакыр жок болуп, өтүп кетеби? Менин башыма үрөй учурган ойлор чабуул коё баштады. Дарылоодон кийин менин бетим сезбеген бойдон калды, адатта тиш доктурга баргандагы акырындык менен жоголуп, тарап кеткендегидей эмес сезим болуп жатты. Тиш доктурунан бир саат өткөндөн кийин мен кардар менен жолугушууга барышым керек эле, ошондуктан эмне болгонун ойлонууга жетиштүү убакыт бар эле. Бирок, жолугушууга чейин мен кыйналып тынчым кетти, оорудан улам кыйналган жокмун, бирок, менин башымда тынчтык жок болуп жана коркуу сезими айланып турду.

Кийин, ошол жолугушуудан үйгө кайтып келе жатып, бир досума токтодум. Менин бетим дагы деле уктап турган анан мага

бул өтүп кетет деп ишендире турган адам керек болчу. Менин катачылыгыма көңүл бурсаңар: мен Кудайдын Сөзүнөн колдоо сурап кайрылган жокмун, адамга кайрылдым, ал ал тургай, бекем ишенимдеги адам да болгон эмес. Мен болгон окуяны досума айтып бердим жана жооп катары: «Баары жакшы болот, Гэри, сен жакшы болуп кетесиң» деген жоопту күттүм. Мунун ордуна мен тескерисинче: “Оо, жок! Менин досум бар, аны менен да ушул эле сеникиндей окуя болгон, ошондон бери бети-башы шал болуп калган”,- деди. Укканыма ишене албай койдум! Менин акылымды коркунуч курчап алды. Баары жакшы болорун билгендей реакция кылып, убактысы үчүн ага ыраазычылыгымды билдирдим. Айласыздан башка досторумдун үйүнө келип токтодум, ушул эле суроону берип, ошол эле жоопту укканда аябай таң калдым. «Оо, жок,- дешти алар, - бизде ушундай болгон бир досубуз бар, анын жүзү али күнгө чейин калыбына келе элек, дагы деле шал бойдон”.

Бул сапардан кийин мен аябай таң калдым. Мен Кудайдын айыктырарын билчүмүн (аң-сезимимде), бирок, жөн гана коркуу сезиминен арыла алган жокмун. Менин жүрөгүмдө сөзсүз деген ишеним жок болчу. Мен ошол түндү азап менен өткөрдүм! Акылымды коркуу сезими каптады, бетим тиш доктурдун кабинетиндегидей абалда уйкуда эле. Уктайм деп жатып, оң кулагымдын астынан ооруну сезип баштадым. Андай болушу мүмкүн эмес! Менин атам буга чейин бир-эки жыл мурун беттин нервинин перифериялык шал оорусу менен күрөшүп келген жана мунун баары кулактын астындагы бир аз оору менен башталган деп айткан. Беттин булчуң шал оорусу качан беттеги булчуңдарды башкарган жана кулактын ылдый жагындагы сөөктүн кичинекей тешигинен өткөн нервге инфекция киргенде же сезгенгенде пайда болот.

Мен жатып уктайын деп аракеттенип жатам жана ичимен: «Сиздин бетиңиздеги перифериялык нерв шал оорусу дагы, так

эле сиздин атаңыздыкындай» деген сөздөрдү түзмө-түз угуп жатам. Эртең менен ойгонгондо, менде толугу менен бетимдеги нервдин шал оорусу болгон! Азыр менин жаагым гана эмес, оң жагымда менин бүт жүзүм уктап калгандай болуп, жансыз эле көзүмдү да, оозумду да жаба албай калгам. Баары аябай жаман болчу. Мен толугу менен чөгүп кеттим.

**ОШОЛ УЧУРДА, МЕНИН БИР ГАНА ҮМҮТҮМ КУДАЙДЫН СӨЗҮ ЭКЕНДИГИН БИЛДИМ.**

Шектенгенимди тастыктоо үчүн, жергиликтүү дарыгерге бардым. Текшерүүдөн кийин ал чындыгында бет нервимдин шал оорусу менен ооруганымды айтты. Мен: «Кийин эмне болот?» - деп сурадым. Ал: «80-85 пайыз учурларда, оору шал оорусун калтырбай өмүр бою өтүп кетет» деди. Мага ошондой сезилдиби же ал чын эле ушуну айттыбы?

Ошол учурда мен кыйынчылыкка туш болгонумду билдим. Мен шайтан ушуну менен эле токтоп калбастыгын билчүмүн, мени дагы эмне күтүп турганы жөнүндө ойлонгум да келбеди. Мен туура эмес жолго түшүп баратканымды билиш үчүн, руханий согуш жөнүндө жетишерлик эле билчүмүн. Эсиңердеби, бул мен мындай нерселерди билгенге чейин көп жыл мурун болуп өткөндүгү. Бирок, мен анын үстүнөн жеңишти колго алгым келсе, анда руханий ыкмалар менен күрөшүшүм керектигин жетиштүү деңгээлде эле билгем. Ошондой эле, чарчап-чаалыгып, эч кандай кыйынчылыкты каалабай тургандыгымдан улам, мени күтүлбөгөн жерден кармап калуу жиндердин тузагы экендигин да түшүнүп турдум.

Ошол учурда менин жалгыз гана үмүтүм Кудайдын Сөзү экендигин билдим. Акылымды каптаган коркууну өз алдымча токтотууга эч кандай мүмкүнчүлүгүм жок болчу. Ошондуктан, мен айыктыруу жөнүндө аяттарды кичинекей карточкаларга жазып,

жүрөгүмдө ишенимди өөрчүтө баштадым. Ишенимдин өсүшү үчүн жүрөгүмө Сөздү отургузушум керек экендигин билдим жана күнү бою ошол Кудайдын Сөзү жөнүндө ой жүгүрттүм.

Башында эч нерсе өзгөргөн жок. Менин бетим уктаган бойдон калып, коркунуч менен дайыма күрөшүп жаттым. Болжол менен бир жумадан кийин, бетимде эч кандай өзгөрүү болбогон кезде, бул болду! Марктан Жакшы Кабардын 4-бөлүмүндө айтылгандай, мен жүрөгүмдө Сөздү сепкенден бери, менде ишеним пайда боло баштады: алгач жашылча, андан кийин кулак, андан кийин кулакка бышкан дан.

Ушул убакыт аралыгында, бир пикирге келе элек кезде, демек, ал убакта али ишеним да жок болчу. Анан да, мен өзгөрүүнү көргөн жокмун жана Марктан Жакшы Кабар 4-бөлүмүнө ылайык, бул процесс кандайча иштээрин билген жокмун, чынында эле баары өзгөрдү. Мен айтып жаткан өзгөрүү ачык физикалык дүйнөдө болгон жок - бул жүрөктөгү өзгөрүү болду. Эгер биз Сөзгө бекем кармансак, ал бара-бара жүрөгүбүздүн ишеним тутумун өзгөртөт жана өзүнөн өзү бизди ишенбестиктен Асман менен макулдашууга алып келет. Менин ишимде, менин бирден-бир гана жообум Сөз экендигин билип, мен Ага бекем жармаштым.

Бир жолу мен Ыйык Жазуудагы айыктыруу жөнүндөгү карточкалар илинип турган үйдү аралап жүрүп, буга чейин жүз жолу көргөн бир аятка көзүм түштү. Бирок, бул жолу мен ага карадым - жана МЫНА САГА! Майлоо күтүлбөгөн жерден менин үстүмө түшүп, коркуу сезими заматта жоголуп, айыгып кеткенимди БИЛДИМ. Ооба, жүзүм дагы деле болсо уйкудагы бойдон калган эле. Сырткы өзгөрүү болгон жок, бирок, мен айыгып кеткенимди билдим. Эки сааттын ичинде бетим толугу менен кадимкидей болуп, шалданган сезим жоголуп кетти. Кудайга шүгүр! Сөз иштейт!

Кайдыгерликтин жана бошобостуктун таасиринен рухий жашоомду алсыратууга жол бергенимди билдим, андан кийин

натыйжада катамды түшүнүп, өзүмдүн акмактыгыма өкүндүм. Бул менде ишенимдин кандайча иштей тургандыгын жаңы эле байкап жүргөнүмдө, бул жаатта тажрыйбам аз кезде болгон эле. Жасаган ишиме көз чаптырсам: акылы жок адамдай болуп, түз эле Кудай Сөзүнө баруунун ордуна, мен эмне болуп кетем деп адамдардан сурап жүрүптүрмүн да. Эмне болуп жаткандыгын түшүнүп, ишенимдүү түрдө Сөзгө кайрылдым. Тилекке каршы, көптөгөн адамдар бул процесске ынанышпайт. Анткени, эч ким аларга ишенимди жана бул кандайча келерин үйрөткөн эмес. Алар процессти билбегендиктен, кысымга алынганда, Сөздү унутуп калышат да, анан Сөз иштебей жатат деп ойлоп калышат.

## Шайтандын чабуулдарын түшүнүү менен

Кристин биздин жыйынга Кудай жөнүндө көп билбестен эле келген эле. Ал кайрадан жекшемби күнкү кызматта жогорудан төрөлдү жана анын жашоосу түп-тамырынан бери өзгөрдү. Биздин жыйында биз адамдарды Кудайдын Падышачылыгы менен тааныштырган сабактарды өткөрөбүз. Биз сүйлөшүп, үйрөтүп жаткан темалардын бири – бул айыгуу алганга карата мыйзамдуу укук. Кристин көп жылдан бери угуу кыйынчылыктарын баштан кечирип келет. Анын үстүнө, ал 40 жыл бою угуу аппаратын кийип, угуу жөндөмүнүн 50 пайызын жоготкон. Анын апасынын кулагы укпайт эле, анан анын агасынын да кулагы начар уккан. Кристин ишенимдүү адам катары айыгууга мыйзамдуу укугу бар экендигин укканда, аябай сүйүнүп кетти!

Сабак учурунда менин аялым ага колдорун коюп, кулактары ачылып кетишин тилеп сыйынганда, бир заматта ал эң сонун угуп калды! Кристин кыйкырып, ыйлап, Кудайды даңктай баштады. Жубайым Дренда менен Кристин келип, мага ушул жакшы кабарды айтышканда, мен Кристинге шайтандын чабуулдары болоору жөнүндө эскертүү керек экендигин сездим.

Мен Дрендага Кристинде оорунун белгилери кайталана турган болсо, анда ал тайманбастык менен көйгөйлөргө кетүүгө буйрук кылышы керектигин жана айыгып, шайтанды жок кылыш керектигин айт деп айттым. Эртеси эртең менен сыноо келди. Анын угуусу кадимкидей уга албаган абалга келди. Ошентип, ал биздин айтканыбызды так аткарып: "ЖОК шайтан, мен муну кабыл албайм. Мен азыр айыгып кеттим, ошол учурдагыдай айыктым, Ыйсанын аты менен!»- деп жарыялады. Ошол замат анын кулактары ачылып, ошол учурдан тартып азыркыга чейин ачык бойдон калды.

Шайтан катуу чабуулдарды жасап, кайрадан аймакты басып алууга аракет кыларын унутпагыла. Ага жол бербегиле. Кудайдын Сөзү боюнча жашагыла!

Мен ушул бөлүмдүн бир бөлүгүн ишенимдин негизги принциптерин түшүндүрүп берүүгө арнадым: ал кандайча иштейт, ишенимде экенибизди же ишенбегендибизди жана ишенимди кайдан алабыз? Кудайдын Падышалыгы силердин жашооңордо иштеши үчүн, силер муну билишиңер керек. Ыйсанын аялга: «Сени ишенимиң куткарды» деп айтканын эстейсиңерби? Силер үчүн да ушундай эле болот: силердин ишенимиңер, жүрөгүңөр, Асмандын айткандарына толук ишенсе жана орокту колдонсоңор, анда жашоодо ар кандай кыйынчылыктарга же муктаждыктарга жооп берсеңер болот.

6-БӨЛҮМ

# Теңирдин батасы

Мен ресторанда аялым жана биздин жыйынга насаат айтууга чакырылган коноктор менен отурганбыз. Кечки саат ондор чамасы болуп калган, бизде кечке чейин күчтүү кызмат болгон. Буйрутманы алуу үчүн официант бизге кайрылды, биз сүйлөшүп баштадык. Коногубуз бул кызматтын кандай сонун болгонун айтып, жыйын жөнүндө да сүйлөй баштады. Андан кийин ал официанттан: «Сиз аңчылыкты жактырасызбы?» – деп сурап калды. Ал сүйөм деп жооп берди. Коногубуз ар дайым менин мергенчилик окуяларыма суктанар эле, айтмакчы, ошол эле күнү кечинде, анын досторунун бири үчүн «Ишеним боюнча мергенчилик» деген китебимди белек кылдым. Бул китеп менин жанымда турган эле.

Официант сөзүн улап, улам-улам аңчылык кылганын, бирок, ал кийикти ала албагандыгын айтты. Ага коногубуз экөөбүз Кудайдын Падышалыгы кандайча иштей тургандыгын жана мергенчиликке барган сайын кийикти атып аларыңа кантип ишенсе болорлугун түшүндүрө баштадык. Ал бизди такыр түшүнгөн жок. Бирок, жанымда жүргөн китебим эсиме түшүп, ага белекке берүүнү сунуштадым. Коногума дагы башка бир нускасын берем дедим, ал макул болду. Официант мага ыраазычылыгын билдирип, китепти

кароону убада кылды, бирок, мен аны акыркы жолу көрүшүм болсо керек деп ойлодум. Бирок, андай болбой чыкты.

Бир жылдан кийин, ошол эле коногубуз биздин жыйында насаат сөз айтып, анан бир жыл мурун барган ресторан ага аябай жакканын айтты жана биз ал жакка дагы барсак болобу деп сурады. Биз ошондой кылдык. Дасторконго отуруп, бизди так эле бир жыл мурдагы официант тейлегенине таң калдык. Жакындап келип, ал: «Саламатсыздарбы, силер бир жыл мурун ушул жерде болгонсуздар жана биз бугуларга аңчылык кылуу жөнүндө сүйлөшкөнбүз» деди. Биз: «Ооба, эсибизде» дедик. Ал: “Силер берген китепти окуп, анан ошол жерде айткандай кылдым. Былтыр эки марал алдым, быйыл дагы бир баш кийик алам деп турам», - деди. Биз анын окуясын укканда аябай кубандык, бирок, эч таң калбадык. Анткени, Кудайдын Падышачылыгы ар дайым иштейт!

Мен 25 пастор менен жолугушуу өткөрүп жана аларга Кудайдын Падышачылыгы кандайча иштээрин түшүндүрүп бердим. Бул сонун жолугушуу болду. Жолугушуу бөлмөсүнөн чыгайын деп жатсам, кызматкерлерим тазалап башташканда, пасторлордун бири кайтып келди. Ал аялы менен Дрендага келип, биз менен сүйлөшсөк болобу деп сурады. Пастор жуманын аягында 6900 долларды төлөбөсө, анын үйүн карыздар үчүн алып коюша тургандыгын айта баштады. Анын колунда кармап турган 100 доллардан башка акчасы жок экендигин түшүндүрдү. «Менде бар болгон нерсе ушул, - деди ал, - бирок, мен аларды бүгүн силер бизге үйрөткөндөй кылып сепким келет жана ушул жумада биз керектүү акчага ээ болорубузга сенден жана жубайыңдан макул болууну суранам». Биз баарыбыз кол кармашып сыйынып, Кудайга акча үчүн ыраазычылык билдирдик.

Болжол менен бир айга жакын убакыт өткөндөн кийин, мен бул пасторду дагы бир иш-чарада көрдүм, ал мага аябай кубанып

чуркап келди. «Мен сизге эмне болгонун айтып беришим керек» деди ал. «Бул жөнүндө мен өткөн жолу айтпаптырмын, бирок, жубайым экөөбүздүн гаражда маал-маалы менен жасай турган, футболкаларга сүрөт басып чыгаруу боюнча бир аз кошумча бизнесибиз бар. Бизде чоң көлөмдөгү иш жок болчу, бирок, кээде кандайдыр бир буйрутмаларды алчубуз. Ошентип, сиз менен болгон сүйлөшүүдөн кийинки күнү бизге бир нече буйрутма берилди, алардын суммасы 8900 долларды түздү. Ошол жумада бизге көп иштешибиз керек болду, бирок, жума күнгө чейин ижара акысын төлөөгө керек болгон 6900 долларды алдык. Ырахмат сизге!»

Мен Түндүк Каролина штатындагы пасторлордун конференциясында 500 башка пастор менен болдум. Мен спикер болгон жокмун - жөн гана катышуучу. Мага бир киши келип: «Мен сени менен сүйлөшүшүм керек» деди. Бул Германиядан келген пастор болчу жана ал мага кызыктуу окуя болгонун айтты.

Анын өспүрүм баласына кандайдыр бир жол менен менин дисктерим тийип калат. Аларды уккандан кийин, ал PlayStation 3тү алууга акчасы жок болгондуктан, ишеним менен алууга болот деп чечти. Менин оюмча, PlayStation 3 эмне экендигин баары билишет (эгер андай болбосо, бул оюн консолу). Пастор мага бир күнү уулу кеңсесине келип, PlayStation 3 жөнүндө сүйлөшүүгө макул болосуңбу деп сураганын айтты. Уулу атасына менин дисктеримди угуп жаткандыгын жана үрөн себип, атасы менен ушул маселе боюнча сыйынгысы келгенин айтты. Атасы ал жөнүндө көп деле ойлонбогонун, бирок, пастор катары уулунан алынган үрөндү жыйынга каржылык жардам катары кабыл алгандыгын айтты. Ал уулу менен чогуу тиленип, баланын ошол учурда PlayStation 3тү алганына макул болуп, бул маселени эчак эле чечилгендей кабыл алат.

Эртеси күнү жыйындан бир адам пасторду чакырып, жардамга

муктаж болгон кыска мөөнөттүү долбоору болгондуктан, анын уулу ага жардамдашып, акча тапкысы келеби деп сурады. Уулу аябай кубанып, эки күндүн ичинде PlayStation 3тү сатып алганга жетишти.

Бул баласынын көңүлүн абдан буруп, бир-эки жумадан кийин, ал дагы кайра атасынын кеңсесине келип, аны менен дагы бир нерсе жөнүндө макул болсом болобу деп сурады. Пастор ага: «Албетте» деп жооп берди, бирок, уулу андан күчтүү булчуңдарды бериши үчүн, андан макул болууну суранып жаткандыгын айтканда, бир аз таң калды. Пастор уулуна бул өтүнүчкө кантип жооп берүүнү так билбегендигин айтты. Акырында ал эгерде уулу күчтүү булчуңдарды сураса, анда ал жумуштун бир бөлүгүн жасашы керек жана эгер уулу муну түшүнсө, анда ал менен чогуу сыйынууга даярмын деп жооп берди. Уулу макул болду. Ошентип, ал күчтүү булчуңдарына үрөн септи, алар макул болуп сыйынышты.

Эртеси пастордун үйүнө машина келди. Бул жыйындагы бир үй-бүлө болгон. Пастор алар менен сүйлөшүү үчүн чыкканда, алар гараждарын тазалап жатышканын айтышып, пастордун уулуна керек болушу мүмкүн деп эсептешкен штангалардын топтомун табышкан. Эгер керек болбосо, анда пастор жок дегенде, жыйындан аларды алып кетүүнү каалаган бирөөнү таанышы мүмкүнбү деп сурады. Пастор мага уулунун булчуңдарды өстүрүүнү каалаганын эч ким билбегендигин жана алар бул жөнүндө бир күн мурун сыйынганын айтты. Пастор аябай таң калды! Ал үйгө кирип, уулуна: «Ал CD-дисктер кайда?» – деп сурады.

Буга окшогон таржымалдар мага тааныш. Мен аларды ар дайым угам жана алардын силер үчүн да адатка айланышын каалайм. Ушул убакка чейин, силер менен Кудайдын Падышалыгы иштеген бир нече негизги принциптерди, ошондой эле, жер шарынын мыйзамдуу негиздерин же юрисдикциясын алуу үчүн, Асманга биздин ишенимдеги макулдугубузду зарыл экендигин тастыктап, талкууладык. Эми келгиле, андан ары жылалы да,

ушул Падышачылыктын мыйзамдары биздин каржы жаатында кандайча жардам бере аларын карап көрөлү.

> *Теңирдин батасы - ал байытат жана өзү менен кошо кайгы алып келбейт.*
>
> – Накыл сөздөр 10:22

Качан мен Жазуудагы бул аятты биринчи көргөндө: «Албетте, бул жерде бул жазылган нерсени билдирбейт» деп ойлодум. Бирок, мен так эле ушуну айткым келгенин түшүндүм! Бул үзүндү эмне жөнүндө болуп жаткандыгын түшүнүү үчүн, биз эң башына, адам жаралган учурга кайрылып барышыбыз керек.

> *Бирөө бир жерде мындай деп күбөлөндүргөн экен: "Сен унутпагыдай адам ким? Өзүң келип тургудай адам баласы ким? Сен аны periштелердин алдында бир аз убакытка эле басынттыңАга урмат менен атак-даңкты таажы кылып кийгиздиң. Аны Өз колуң менен жасагандарыңдын үстүнө башчы кылып койдуң. Бардыгын бут алдына жыгып, багындырып бердиң. Ага багындырылбаган нерсе калган жок, бирок баары Ага багындырылганын азырынча көрө элекпиз...*
>
> – Эврейлерге 2: 6-8

Бул үзүндүнү биз буга чейин эле окуп келгенбиз, бирок, азыр биздин талкуубуз үчүн абдан маанилүү. Адам жаратылганда, жер бетиндеги бардык нерселер анын бийлигинин астына берилген. Ага баш ийбеген эч нерсе калган эмес. Ал жерде өзү ыйгарым укуктуу болгон бийликтин таажысын кийип, ыйгарым укук берилген бийликтин өкүлү катарында кызмат кылган. Ал майлоо жана сый-урмат менен сыйланып, кызмат ордуна коюлган. Кудайга каршы чыккан шайтан Адам пайда болгонго чейин эле, жерге куулуп чыгарылган. Шайтан адамды Кудайдын бийлигине

ээ болуп, анын үстүнөн бийлик жүргүзөрүн түшүнгөндүктөн, аны жек көргөн. Шайтан эми табигый, жаратылган, физикалык абалы боюнча өзүнө караганда кыйла алсыз болгон бул жаратылганга баш ийиши керек болчу. Руханий жактан Адам ата айткан ар бир сөз Кудай өзү айткандай күчкө ээ болгон. Кудайдын уулу болгон Адам жерди ошол эле улуу күч жана улуулук абалынан башкарган.

Ошентип, шайтан адамды жек көрүп, анын жер үстүндөгү бийлигин эңсеген. Анын бир гана жолу - бул кандайдыр бир жол менен адамдан ушул таажыны алып, аны ушунчалык жогорку кызматтан ажыратуу болгон. Бир кичинекей эле көйгөй бар болчу. Шайтандын Адамдан таажыны тартып алууга күчү жеткендей бийлиги жок болчу; анын жалгыз үмүтү - кандайдыр бир жол менен Адамды алдап, анын өзүн таажысын чечүүгө алып келүү болчу. Шайтан Обо энени Кудайга ишенбөө керектигине жана жашоо Кудай бергенден алда канча көп нерсени тартуулай алаарына ынандырган анан Адам ата менен Обо эне Кудайга караганда шайтанга көбүрөөк ишенишип, Кудайга чыккынчылык кылышкан. Акыры, Адам ата менен Обо эне Кудайдын Падышалыгындагы бийлик укугунан ажырап, Пабыл II Корунттуктарга, 4-бөлүмдө айткандай, шайтан бул дүйнөнүн кудайына айланган:

**ТЕҢИРДИН БАТАСЫ БАЙЫТАТ ЖАНА ӨЗҮ МЕНЕН КОШО КАЙГЫ АЛЫП КЕЛБЕЙТ.**

**– НАКЫЛ СӨЗДӨР 10:22**

> *Кудайдын бейнеси болгон Машайактын даңкын жарыялаган Жакшы Кабардын жарыгын көрүшпөсү үчүн, бул дүйнөнүн төрөсү ишенбегендердин акылын караңгылатып койгон.*
>
> – 2 Корунттуктарга 4: 4

Адам козголоң чыгарардан мурун, ал Кудайдын уулу болуу

артыкчылыгына ээ болгон. Кудайга жаккан нерселердин бардыгы Адамга ырахат алуу үчүн берилген жана ал өмүрүндө эч качан бир күн да муктаждыкты билген эмес жана бир да жолу коркуу жөнүндө ойлонгон эмес. Жер планетасында жашоосу үчүн ага керектүү нерселердин бардыгы ал жаратыла электе эле жайгаштырылган.

Эгерде биз Башталыш Китебиндеги жаратуунун алтынчы күнүн эстесек, адам алтынчы күндүн аягында жаратылганын, башкача айтканда, Кудайдын жаратуу планынын жыйынтыктоочу бөлүгү болгонун көрөбүз. Анын тагдыры Кудай эс алуу күнү деп жарыялаган жетинчи күнү жашоого туура келген. Бул күн Кудай чарчагандыктан эмес, Анын ишин бүтүрүп, бардыгы бүткөндүктөн эс алуу күнү болгон. Бир азга ойлонуп көрсөңөр, Кудайдын адам үчүн түзгөн улуу планы боюнча эмне кылгандыгы жөнүндө бир азга ойлонуп көрсөңөр. Тилекке каршы, Адам мунун баарын берип жиберип, натыйжада Падышачылыктагы мыйзамдуу ордун жоготуп койгондугу абдан кейиштүү.

Кудай Ага баш ийбөөнү чечкенден кийин Адамга кайрылганда:

> *...“Аялыңдын тилин алып, “андан жебе” деп, Мен сага уят кылган дарактын жемишинен жегениң үчүн, сенин айыңан жер каргышка калды.Сен эми өмүрүң өткөнчө жерден азап менен азыктанасың. Жер сен үчүн тикенек, отоо чөп өстүрүп чыгарат. Талаа өсүмдүктөрү менен азыктанасың. Өзүң алынган жерге кайра барганыңча, маңдай териң менен нан таап жейсиң, анткени сен топураксың, топуракка кайра барасың.*
>
> – Башталыш 3: 17-19

Мен силерге эң биринчи кезекте, жерди Кудай каргаган жок, - аны Адам жасады. Анда жерди толугу менен башкарганга бийлиги бар болчу. Ал жердин үстүндөгү башкаруучу болгон. Жер үстүнөн толук жана чексиз бийликке ээ болуп, Адам ата Кудайдын бийлигине

чыккынчылык кылат жана Кудайды иш жүзүндө четке кагат. Бул чечим Адамга гана эмес, бүт жер жүзүнө, ошол күндөн баштап жер бетинде жашаган ар бир эркек жана аялга эбегейсиз кесепеттерди алып келген. Кудай ага берген жер үстүндөгү өкүмдарлыкты сактап калса дагы, Адам бир кезде өзү өкүлү болгон жана анын бийлигин колдогон башкармалыктын позициясынан бийлик кыла албай калды. Адам жашоодон өзүнчө бөлүнүп калган - эми ага жат түшүнүк болгон өлүм өз укугунан пайдаланып баштады.

Кудай Адамды кылган иши үчүн ашкерелеп, эми күнөөнүн айынан биринчи кезекте Кудайдын башкармалыгындагы мыйзамдуу ордун жоготту деп айтты. Адам бул башкармачылыктын Жер планетасындагы өкүлү болгондуктан, Асман өзүнүн мыйзамдуу өкүлчүлүгүн жоготту, ал аркылуу алардын жер шарындагы юрисдикциясы жүзөгө ашырылды. Экинчиден, ал жердин өзүнө таасир этип, жер мурдагыдай, Эйден багындагыдай болуп зарыл болгон азык-түлүктү бербей калган. Эми жер Адамга керектүү азыктарды берип, ал тирүү калышы үчүн, анын өзүнүн маңдай тери менен мээнет талап кылынат. Талаада тикенек менен чырмооктор өсө баштайт, жашоо оор болуп, өмүр үчүн күрөшүү жашоо образына айланат.

Мен аны Адамдан кийин төрөлгөн ар бир адамга оор болгон коркуу жана өлүм руху менен булганган оор абалдагы жашоо образы жана тирүү калуу үчүн күрөшүү менталитети деп атайм - бул жердеги каргышка калган система. Дал ушул системада сиз экөөбүз чоңойдук жана ушул жашоо тутумун баарыбыз жакшы билебиз. Дөөт аны 22-забурда өлүм көлөкөсүнүн өрөөнү деп атаган.

> *Өлүм көлөкөсүнүн өрөөнүндө жүрсөм да, мен жамандыктан коркпойм, анткени Сен мени мененсиң. Сенин бийлик таягың менен койчу таягың жанымды тынчтандырат.*
>
> – Забур 22: 4

Өлүмдүн коркунучу жер жүзүнө жайылды. Бирок, мунун дагы бир терс кесепети бар. Адам Кудай менен болгон мамилесин жоготту жана ошонун натыйжасында ал өзүн-өзү билбей калды - ал кандай максат менен жаратылганын да унутуп калды. Адам жаратылганда ага карата максат болгон жана ага тапшырма берилген. Ал Кудайдын ысымынан жерди башкарышы керек болчу. Башкача айтканда, анын Кудайдан берилген миссиясы жана жашоодогу максаты бар болгон. Бирок, эми азыр адамдын бүтүндөй ой жүгүртүүсү эптеп күн көрүп жашоо дегенге өттү. Эптеп күн көрүү адамдын максаты жана тагдыры болуп калгандай.

**БУЛ КАРГЫШКА КАЛГАН ЖЕРДИН СИСТЕМАСЫНДА ТИРҮҮ КАЛУУ ҮЧҮН, БААРЫ ЧУРКАП ЖҮРҮҮДӨН ЧАРЧАДЫ.**

Эми адам чыгарган ар бир чечим, ушул аман калуунун каргышынын элеги аркылуу өтүп, же издеш керек же камсыздык үчүн чогултуу керек болуп калгандай. Азыр тынчтыкка орун жок жана ар бир күн маңдай тер менен мээнеткечтикке толуп кетти. Тирүү калуу үчүн келемиштердей чуркоо аракетинен кутулуу үчүн же кандайдыр бир жол менен чуркоону токтотуу үчүн - жетиштүү каражат топтоо гана акыры бул чуркоолорду токтотуунун ыкмасы болуп саналат деп ойлошот.

Бул күнөөгө чалынгандан берки ар бир эркек менен аялдын кыялындагы нерсе, эң биринчи максат - чуркоону токтотуу.

Кошумча камсыздоону алуу бактысына ээ болгон ар бир адам эми аны сактоодо жана коргоодо өтө этият болушу керек. Адамдар байлыгынан айрылып калуудан коркуп, байлыгын карманышат, анткени аны жоготуп алышса, анда кайрадан кайгы-капага түшүшөт, себеби кайрадан тер төгүп эмгектенүүгө аргасыз болушат.

Мен айткандай, адам кандайдыр бир жол менен тынчтыкты

издеп, аман калуунун кулу болуп чуркоону токтотуу үчүн жетиштүү шарттарды табуу – бул адамдын кыялы. Мен бул чындыкты так түшүнгөнүңөргө ынангым келет: каргышка калган жердеги тирүү калуу системасында, ар ким ар жакка чуркай берүүдөн тажады.

Бир күнү эртең менен бир пастор менен отурганым эсимде. Ал мага күн сайын эртең менен туруп, эсептеринин абалы кандай экендигин, карыздарын жана акчанын жоктугун эстегенге чейин кызмат кылганды абдан жакшы көрөрүн айтты. Анын айтымында, анын каржылык көйгөйлөрү анын жашоосун ууландырып, аткарган иштеринен кубаныч алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан. Мындай ийгиликсиздикке туш болгон бир гана пасторлор эмес. Бул көпчүлүк үй-бүлөлөрдүн жашоо образы, анткени алар айлыктан айлыкка чейин карызга батып жашашат.

Баардыгы чыгуунун жолун издешет, ал эми чыгуу жолу бирөө гана – ал жетиштүү нерседен да ашкан каражатка ээ болуп жашоо. Каргышка калган жердеги тутумга ылайык, адамдын касиети колунда болгон нерсеге жана ал иштеп тапкан акчасынын көлөмүнө жараша бааланат. Биринчиден, адам айласыздан өзүнүн жылаңачтыгын жабууга аракеттенип, чыныгы максатын жана маңызын жоготуп алып, анан аларды жашырганга аракет кылып, жасалма нерселерге жабышып алат. Эми ал качандыр бир кезде аны ушундай даңк менен жаап турган Кудайдын майлоосу менен алмаштырууга аракет кылып жатат. Экинчиден, ал ошондой эле Кудайдын Падышачылыгындагы башкарган даңктуу абалды дүйнө сыймыгы жана адамдарга үстөмдүк кылуу каалоосу менен алмаштырууга аракет кылат. Эми адам бир гана максатка - байлыкты издөө жана сактап калуу дегенге оп тартылып кетүүдө. Эми анын маңызы анын канчалык бай экендигине жана башка адамдардын үстүнөн кандай бийликке ээ экендигине жараша болот. Бүгүнкү күндө жыгылган адамдын өзүн-өзү сыйлоосу үчүн коомдогу абал жана позиция абдан маанилүү.

Бул жөнүндө ойлонуп көргүлө. Адамдар адатта бири-бирине биринчи кандай суроону беришет? «Эмне кылып жатасың?» Эмнеге? Биз чындыгында эле буга ошончолук маани беребизби же бизди ушунчалык кызыктырабы? Такыр эле андай эмес, бирок, адамга болгон урмат-сыйыбызды ушул суроо аныктайт. Башкача айтканда, биз өзүбүздөн: бул адам ким деп өзүбүздөн өзүбүз сурап жатабыз. Ал адам жер шарында кандай позицияны же статусту ээлейт? Ага канчалык сый-урмат көрсөтүшүбүз керек? Аялдар, мен азыр эркектердин көз карашы менен айтып жатам. Аялдар инсанды кабылдоонун таптакыр башка позициясынан өз ара аракеттенишет деп түшүнөм.

Каргышка калган жер системасы бүгүнкү күнгө чейин күчүндө! Адамдар өзүлөрүнүн бардык чечимдерин акча издөө жана аны сактоо чыпкасы аркылуу өткөрүшөт. Адамдар өзүлөрүнүн жаралгандагы максаттарын ойлоп да коюшпай, жакшы акы төлөнүүчү жумушка орношуу үчүн башка штатка көчүп кетүүгө да даяр турушат. Баардыгы рок жылдыз болгусу келет. Эмнеге? Кызмат абалына жана байлыгына байланыштуу.

Бир нече миң ортоңку звенодогу класстын окуучуларынын арасында чоңойгондо кандай кесиптик иш менен алектенүүнү каалаары жөнүндө изилдөө жүргүзүлгөн. Сурамжылоого катышкандардын 65 пайызы - алардын кесиптик максаты атактуу болуу экендигин айтышкан. Белгилүү болуубу? Менин оюм боюнча, атактуу болуу такыр эле кесип деп эсептелбейт.

Дагы бир изилдөө көрсөткөндөй, жумушчулардын 30 пайызы өз жумуштарын жек көрөт, дагы 40 пайызы жумуштарын жактырбайт. Жалпысынан бизде АКШда иштеген адамдардын 70 пайызы өзүлөрүнүн жасаган иштерин жактырышпайт! Анда эмне үчүн алар ошол жерде иштешет? Бирок, алар тиричиликтин кулу болгондуктан, жан кашайткан тер менен, кыйынчылыктар менен эмгектенишет. Эмне үчүн жаралгандагы максаты бул адамдар

тарабынан негизинен эске алынбайт; эсептерди төлөө түрткү берүүчү фактор болуп саналат. Каржылык муктаждыктын кулу болуп турганыңарда, тандоо мүмкүнчүлүгүңөр аз болот. Ал эми, ар дайым эң көп акча төлөгөн жеңүүчү болот. Бул келемиштер жарышы деп аталат! Биз силер менен так ушундай абалда жашап жатабыз. Элестетип көрсөңөр, хомяк өзүнүн дөңгөлөгүндө мүмкүн болушунча ылдамыраак чуркайт, бирок, эч жакка чуркап кетип калбайт. Биз күлүп карап туруп, анан аны сүйкүмдүү деп ойлойбуз. Бирок, реалдуу дүйнөдө ал сүйкүмдүү эмес, таптакыр андай эмес. Адамдар ушул дөңгөлөктө эч качан умтулган нерсесине жетпей, акыры каза болушат.

> *Ошондуктан силер: “Эмне жейбиз же эмне ичебиз?” – деп ойлонуп, тынчсызданбагыла. Бул дүйнөнүн адамдары ушунун баары үчүн түйшүк тартышат. Ал эми силердин бул нерсеге муктаж экениңерди Атаңар билет.*
>
> – Лука 12: 29-31.

Кайгырып жана тер төгүү менен иштөө - бул биз билген бирден-бир система. Эгер мен карыздан кутулуу керек, башкача айтканда, бир жылдын ичинде андан кутулууңар зарыл, эмесе анда бүт үй-бүлөңөр менен бирге түбөлүккө Түндүк уюлга жөнөтүлөсүңөр деп айтсам (бул жерде мен өз оюмду жеткирүү үчүн экстремалдык ыкмаларды колдондум), анда силер эмне кылмаксыңар? Мен силерге эмне кыларыңарды айтам: силер дароо дагы да тердөө жана андан да тез чуркоо планын түзүп баштамаксыңар. Силер: “Мен дагы бир нече толук эмес жумуш күнү менен жумушка орношсом болмок. Ошондой эле, аялым да бир нече жерде жарым-жартылай иштөө графиги боюнча аракеттенсе болот, балдар да жардам бере алышат» демексиңер. Көрдүңөрбү, бул силер билген бирден-бир колдоо тутуму - кайгы

менен, маңдай териңер менен иштөө. Бул тутумдун дагы бир мисалын көрсөтөйүн.

Мисалы, мен силердин көчөдөн чуркап келе жатам дейли, анан үйүөрдүн маңдайынан он миллион доллар салынган сумканы таап алдым. Мен абдан бактылуумун, бирок, тапкан нерсем жөнүндө билдиришим керектигин билем. Мен силерди тааныгандыктан, силерге чуркап барып, телефонуңардан колдонууга мүмкүнчүлүк сурадым. Мен полиция бөлүмүнө чалып жатсам, сиз катарымда туруп угуп турасыз. Мен аларга эмне болгонун айтып берем. Бир аз тыныгуудан кийин, алар өз жазууларын текшерип туруп, эч ким акчанын жоголгонун жарыялаган жок деп билдиришти, ошондуктан мен аларды өзүмдө калтырып коё алам (алар мындай деп айтышпайт деп ойлойм, бирок, бул вариант менин мисалыма ылайыктуу). Алар мага ошондой жооп айтышканда, мен кубанып секирип, кыйкыра баштайм. Анан мен алардын жообун силерге да айтып, абдан шаттанып, кубанам.

Мен өзүмдүн кубанычымды билдирип, ушунун бардыгын айтып жатканымда, силер мага сылык-сыпаа жылмайып жатасыңар. Бирок, силердин оюңарча, кечинде кечки тамак учурунда аялыңызга ушул окуяны кайра айтып берип жатканыңарда эмнелерди айтаар элеңер? Сиз жылмаясыңарбы? Мен антип ойлобойм. Силер: «БУЛ _______________!» Силер бул баракчаны толтурдуңар, туурабы? АДИЛЕТСИЗДИК деген сөз туура жооп экенин кайдан билдиңер? Мен силерге кайдан экенин айтып коёюн: силер ушинтип чоңойгонсуңар. Бул силер чоңойгон система. Баарын ушундай кылуу керек, кайгы менен, маңдай тер менен эмгек кылуу керек.

Менин мисалымда мен эч кандай кыйынчылыксыз акча таптым, бул болсо иштеп жаткан системаны алдоо. Бул адилеттүү эмес. Мен бул акча үчүн иштеген жокмун, анткени мен аны жөн гана таап алдым деген үчүн, акыйкатсыздык. Сиз эч качан мындай

бактыга жете албай тургандыгыңызды билесиз жана ичиңиз ачышып, ачууңуз келип, аман калуу үчүн өмүрүңүз аргасыз кулчулукка кептелип өтүүдө деген түшүнүккө ээ болосуз.

Салыштыруу үчүн: эгер мен бир күнү жыйынга эски, эскилиги жеткен кийим менен келип, анан мен алдыга чыгып, адамдарга: “Биз муну жасадык! Акыркы он жылдан бери Дренда экөөбүз күнүнө 22 сааттан иштеп, акыры үйдүн ипотекасын төлөп бердик», - деп айта турган болсом, адамдар кызуу колдоп жана кол чабышмак. Эмнеге? Анткени, кимдир бирөө муну жасады жана бардыгы шыктанмак. Кимдир бирөө ийгиликке жетишти демек, чыгуунун жолу бар экен да! Кыязы, биз тишибизди кычыратып, курду бекем бууп, баасын төлөшүбүз керек, ошондо биз эркин болот экенбиз. Бирок, эмне үчүн мен жолдо жаткан акчаны таап алсам эч ким кол чаап, кыйкырбайт? Ошол бош жерди толтуруу эмне үчүн ушунчалык оңой болду? Анткени, силер да ушундай ойлойсуңар жана ушул жөнүндө кыялданасыңар. Адилеттүлүк - бул биздин терибиз акканча кыйналып иштөө, биз баарыбыз муну жакшы билген эмгек системасы. Талыкпаган эмгексиз алынган акча – адилетсиздик деп көнүп калганбыз.

Бирок, маңдай тери менен оор жумуштун тутумунан чыгуу - бул ар бир адамдын кыялы. Бай болуу, миллионер болуу көпчүлүктүн жүрөгүн ооруткан ой. Миллион доллар мурунку акчадай күчкө ээ болбой калды, бирок, ушул сөз айкашы өзү дагы эле байлык жөнүндө сөз болгонун билдирип турат. Байлык бизге эркиндикке мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылат жана көпчүлүк адамдар жашаган күнүмдүк турмуш менен карама-каршы келет. Баары ары-бери чуркагандан тажап, акыры өзү эмнени каалаunion, ошону менен алектенсе болот. Бул тууралуу ойлонуп көрсөңөр: лотереянын кызыктыруусу эмнеде? ЭРКИНДИКТЕ! Тандоо эркиндиги, мында эсептерди төлөө же күнүмдүк тиричиликте бир учунан бир учуна чоюу жөнүндөгү ойлор биринчи орунга чыкпаган чечимдерди кабыл алууга ээ болуу.

«Ким миллионер болгусу келет?» көрсөтүүсү абдан популярдуу. Бул көпчүлүктү өзүнө тартып турат, анткени ар бир адам ушундай эркиндикти кыялданат. Адамдар шоуну көрүшөт, алар эмоционалдык маанайда болушат, катышуучуларды колдоп-кубаттап турушат, жеңишке жетишсе деп үмүттөнүшөт.

Кыска мөөнөткө теманы өзгөртүп, уурдоо да эмгексиз каражат алуу деп айтар элем. Бузук мааниде алып караганда, ал да каргышка калган жер системасынан эркиндикти сунуш кылат. Келгиле анда, баардыгы эле чуркоону токтоткусу келет дегенге макул бололу! Бирок, мындан чыгуунун жолу барбы? Азыр ашыкча акча схемалары пайда болду. Мага дүйнө жүзү боюнча күнүнө жок дегенде он кат келип турат, алар мага 20 миллион долларды кантип мурастап алгандыгы жөнүндө жүрөктү козгогон окуяларды айтып беришет жана бул акчаны коопсуз жерде сактоого жардам берүүчү адамды издешет. Мен алардын акчасын алып, аларды катып берем десем, алар мага жарымын гана сунушташат. Албетте, анда алар менин электрондук почта дарегимди билип, документтерди таркатуу, жеткирүү, камсыздандыруу үчүн бир аз сумма салууну сурашат, ушул чыгымдарды алар эмне деп аташса дагы, аларга мурас берилишин каалашат. Кантесиңер, ай? Мен эмне, акмакка окшошмунбу?

Бир жолу бир кардар мага телефон чалды, ал инвестиция боюнча кеңеш алгысы келди. Мен адаттагыдай суроолорду берип, анан анын ал беш миллион долларга жакын инвестиция салгысы келгенин билдим. Анын айтымында, ал учурда анын акчасы жок болчу, бирок, алар мурас расмийлештирилгенден кийин келиши керек болчу. Мен мурас боюнча маселени чечүүнү качанкыга үмүттөнүп жатканын сураганымда, ал эки жуманын ичинде деп жооп берди. Ошентип, эки жумадан кийин мен ага чалдым, ал бул нерсе дагы да бир аз көбүрөөкк убакытты талап кыларын айтты.

Бул адам мурас сакталган европалык банк аркылуу мурасты

алууда көйгөйлөргө туш болгон. Бул менин көңүлүмдү бурду, андыктан суроолорду бере баштадым. Окуя анын Францияда каза болгон делген таякесине байланыштуу болгон. Ошол тайкеси ага беш миллион доллар таштап кеткен экен Бирок, бул мурас үчүн дагы деле болсо 50 миң доллар өлчөмүндө салык төлөмдөрүн төлөө керек болчу жана ал мурас алынганга чейин төлөнүшү керек болчу экен. Ал дагы деле акча чогултууга аракет кылып үйүн күрөөгө коюп, насыя алуу үчүн кайрылгандыгын айтты.

Ал бул ишке юристтерди тартып жатабы деп сурасам, ал: «Ооба, бул иш менен менин Франциядан чакырган юристим алектенип жатат,»- деп жооп берди. “Демек, Америкада бул ишти караган адвокатыңыз жокпу?” дедим. Ал: «Жок, менин Франциядан чакырган адамым гана» деп жооп берди. Андан ары ал 50 миң доллар чогултуу кыйын болгондуктан, Франциядан келген адвокат менин кардарым акчасын алаары менен кайтарып бере турган сумманын жарымын өз ыктыяры менен төлөп турарлыгын түшүндүрдү. “ Жок, - дедим мен, - бул көз боёмочулук!” Бул адам бул болжолдуу тайке жөнүндө буга чейин эч качан уккан эмес, бирок, ал чын эле бар деп ишенип алган. Эки жумадан кийин мен ага дагы бир жолу чалдым, ал банкка которуу үчүн дээрлик бардык сумманы чогултканын айтты. Мен ага дагы бир жолу айттым: “Аларда беш миллион доллар бар. Эгерде алар салыктын акчасына аябай муктаж болушса, анда алар кол коюп берген баракчаңызды электрондук почта же экспресс почта аркылуу жиберип, колдорунда бар болгон акчанын 50 миң долларын кармап калуу укугун сурап, кол коюп беришиңерди сурашмак,-» дедим. Бирок, ал мага ишенбей, алардын чындыкты айтып жатканына көзү жетип турганын айтты.

Өткөн жекшемби күнү эле менин жыйынымда ушундай окуя болду. Жакында Европадан мурас боюнча ала турган каражаттарды инвестициялоо боюнча мага бир жигит кайрылды. Анын сөзүнүн аягына чейин чыгаруусуна да жол берген жокмун.

Мен: «Билем, билем, алар сенден акча которууулары үчүн, сенин бир аз өлчөмдө акча жиберишиңди каалашат, туурабы?» - «Дегинкиси ооба, ушундай. Бирок, сиз кайдан билдиңиз?” Мен ага дагы ошол эле нерсени айттым: алар алдамчылар деп. Ал дагы каза болду делген туугганы менен тааныш болгон эмес жана анын да АКШда адвокаты жок болчу, ошентсе да, ал бул акчанын чындыгы жөнүндө мени менен талашып-тартышты. Эмне үчүн эл ушунчалык ач көздүк кылат? Аткени, алар эркин болууну каалашат! Алар аны өткөрүп жибергилери келишпейт, анткени аларда миллиарддаган мүмкүнчүлүктүн бир гана бөлүкчөсү болсо да, ошону чындык деп кабыл алышып, андан пайдалангылары келишет, аны колдон чыгаргылары келишпейт.

Дагы бир мисал келтирейин. Дренда экөөбүздүн каржылык кызмат көрсөтүү бизнесибиз бүтүндөй Америка Кошмо Штаттарын камтыйт. Бул сонун бизнес! Биздин компаниянын мүмкүнчүлүктөрү чын, адамдар жылына миңдеген доллар иштеп табышат. Бирок, менин бизнесимде үйрөнө турган көп нерсе бар. Сиз бейтааныш адамдардын акчасын башкарасыз. Сиз билишиңиз керек болгон мыйзамдар жана ээлик кылууңуз керек болгон каражаттарды пландаштыруу стратегиялары бар.

Бир нече жаңы талапкерлерди тапкым келгендиктен, Колумбус шаарында (Огайо штаты) жергиликтүү машайакчылык радиостанциясына радио жарнама берип, резюме кабыл алынарын жарыяладым. 50дөй адам келди. Дароо эле маектешүүгө барбастан, жакынкы мейманканада таанышуу жолугушуусун өткөрүп, ошол эле замат талапкерлердин айрымдарын тазалап салууну чечтим.

Жолугушууда компаниянын рыноктогу чоң мүмкүнчүлүктөрү, каржы менен иштөөнүн принциптери жөнүндө гана үйрөтпөстөн, муну машайакчылык дүйнө таанымдын көз карашы менен айкалыштыруу жөнүндөгү позициябыз жөнүндө сүйлөшүлдү.

Ошондой эле, биз жол-жоболор, компенсациялар, окутуу жана лицензиялоо талаптарына байланыштуу компаниянын позициялары жөнүндө да сүйлөштүк. Көптөгөн талапкерлер жылына 200 миң доллар киреше тапкан жумуштун көлөмүн көрүп, окуудан чыгып кетишерин мен өз тажрыйбамдан билет элем.

Жолугушуудан кийин мен мейманкананын фойесине өтүп барсам, чоң банкет залы миңге жакын адамга жык толгон экен. Бардыгы бир себептен келишкен: популярдуу көп деңгээлдүү компания бизнеске кирүүнү каалагандар үчүн презентация жасап жаткан. Бирок, менин элүүмө караганда ал жакта эмне үчүндүр көп адамдар бар эле? Жооп жөнөкөй гана: акча! Тилекке каршы, ошол көп баскычтуу компания аны чындыгында эле талап кылбаса дагы, анын ишмердүүлүгүн кабыл алуу мындайча эле: «Эгерде мен аларга кошулуп, андан кийин үч кишини алып келсем - бам, мен миллионермин» деп түшүнүшкөн. Бирок, мен көп деңгээлдүү бизнес чөйрөсүндө чоң киреше тапкандар көп иштешерин билүү үчүн, каржы чөйрөсүнө көптөн бери аралашып жүрөм! Ооба, бул жерде потенциал бар, бирок, бул акча оңой эледей кабылданат: «Эгерде мен бул мүмкүнчүлүктү колдонбосом, анда - өмүр бою мүмкүнчүлүгүмдү колдон чыгарам, бул адамдардын бардыгына карап гана көрсөң!» Сураныч, мени туура эмес түшүнүп албагыла. Ушул сыяктуу компанияларда миллиондогон акча тапкан жакшы досторум көп жана жакшы MLM компаниялары бар. Мен жөн гана орточо MLM компаниясынын мүчөсүнүн ойлоо образын көрсөтүп жатам. Оңой акча табуунун убадасы, бул каргышка калган жердеги эптеп тирүү калуу.

**АКЧА МАСЕЛЕСИН ЧЕЧПЕСЕҢЕР, ӨМҮРҮҢӨРДҮН АКЫРЫНА ЧЕЙИН БУЛ КАРГЫШКА КАЛГАН ЖЕРДЕ ЭПТЕП ТИРҮҮ КАЛУУ ҮЧҮН АРАКЕТТЕНҮҮ МЕНТАЛИТЕТИНИН ЖЕТЕКТӨӨСҮНДӨ КАЛАСЫҢАР.**

Бир мүнөткө токтоп туруп,

өзүңөрдөн акча жөнүндө канчалык деңгээлде көп ойлонооруңар тууралуу сурап көрсөңөр, - аны кантип алууга болот же колуңарда барын кантип сактап калууга болот деп сурасаңар, таң каласыңар. Менин сөзүмдү түшүнүшүңөр үчүн дагы бир жолу кайталайм: бардыгы чуркоону токтоткусу келет, бардыгы эптеп күн көрүү үчүн жашоодон тажашты!

Дем алыштын керемети - токтой алгандыкта. Каникулдун же өргүүнүн керемети - токтой алгандыкта. Пенсияга чыгуунун керемети - токтой алгандыкта жана каалаганыңды жасай алгандыкта. Мени туура эмес түшүнүп албагыла. Көптөгөн адамдардын жашоосуна көз чаптыруу эч нерсе жасабай эле отура берүү эмес. Ошондой эле, силердин жашооңор үчүн Кудайдын эрки мына ушунда турат деп да айта албайм. Жок, биз өз тапшырмабызды аткарууда жигердүү болуш үчүн жаратылганбыз, биз үчүн атайын иштелип чыккан максаттарыбыз бар. Тилекке каршы, көптөгөн адамдар чуркап жана жашоо үчүн бир нерсе жасоо менен алек болуп атып, алар өз кыялдарынан эчак эле баш тартып кетишкен.

Кимдир бирөөнүн айтканын укканыңыңарга ишенем, же балким өзүңөр минтип айткандырсыңар: «Мен жумушка барышым керек». Силер буга чейин өзүңөр билип тургандай, бир нерсе жасаш керек болгондо адамдар көбүнчө оң маанайда болушпайт. Бирок, алар жумушка каалоо жана ынтаа менен барышканда гүлдөп өсүшөт. Бирок, көпчүлүк адамдардын жашоосунда андай эмес. Анын ордуна тескерисинче, алар дагы эле: «Мен жумушка барышым керек» деп жатышат. Айлык алуу үчүн, кеңседе дагы бир күн иштеш керек, эптеп тирүү калуунун дагы бир күнү, кандайдыр бир жол менен жетишүү үчүн аракеттенүүнүн күнү. Көпчүлүгү жакшы башташат, жашоосу дүркүрөп өсө баштайт. Эсептерди төлөө үчүн гана орношкон жумуштары алар кандайдыр бир жыйынтык чыгарганга чейинки убактылуу гана көрүнүштөй. Анан алар чыгарган тыянак бул болот - жашоо тумандагыдай таң калыштуу абалда өтүп кетти

деп, кырктын кырына келгенде гана, бул туңгуюктан чыгуунун жолу жок деп түшүнүшөт. Бул качан адамдар өмүрүндө биринчи жолу тузакка түшкөндүгүн түшүнүшкөндөгү учур –жашоонун ортоңку курактагы кризиси деп аталат.

Достор, бул Кудай алдын ала биз үчүн белгилеп койгон өмүр эмес. Сиз муну буга чейин эле билесиз. Ушундай аянычтуу келечектин алдын алып, Дренда экөөбүз көп жылдан бери айтып келе жаткандай, эгерде акча маселесин чечпесеңиз, эч качан өз максатыңызды таппайсыз, жашооңуздун өзгөчө максатын билбей каласыз. Акча маселесин чечпесеңиз, анда өмүрүңүздүн акырына чейин каргышка калган жердеги тирүү калуу үчүн күрөшүү менталитетинин жетегинде кала бересиз.

Эгерде сиз акча менен болгон маселени чечпесеңиз, анда сиз кандай максатта жаралганыңызды эч качан таба албайсыз!

Салыштыруу үчүн, сиздин жашооңуз кандай көрүнүшү мүмкүн экенине токтололу. Хоббиңиз жөнүндө ойлонуңуз. Бул мисалы, гольф деп коёлу. Кимдир бирөөнүн: «Ии-ий, бүгүн гольф ойношум керек эле», - дегенин уктуңар беле? Же бирөөнүн: “Ии-ий, бүгүн жума күндүн кечи. Жума күндүн кечин жек көрөм. Бүгүн дүйшөмбү күндүн эртеңи болгон болсо, мен дагы жумушка бармакмын да” дегенин уктуңар беле? Же болбосо, хоббиңиз балык уулоо деп коёлу. Балким, мен сизден ушул сыяктуу бир нерсени уга алат белем: «Ии-ий, бүгүн дагы балык уулоого барамбы?» Жок, мен андайды угарыман күмөн санайм, анткени силерде балык уулоого карата кумарданую бар. Кылган ишиңизге да ушундай кумарлануу жана ынталуулук менен карап жашап жана ошол кумарыңызга көңүл буруп, ошол учурда андан кыйналбай, ырахат алууну тапсаңыз кандай болот? Үй-бүлөңүздү багууга жана каржылык стресстен алыс жашоого жетишерлик өлчөмдө керектүү акчаңыз болсочу? Чындыгында эле ушундай мүмкүнчүлүк барбы? Дренда экөөбүз “ооба” деп эсептедик!

> *Теңирдин батасы - байытат, өзү менен кошо кайгы алып келбейт.*
>
> – Накыл сөздөр 10:22

Эми Ыйык Жазуудагы бул аятты жай жана кылдаттык менен окуп чыккыла. Байыркы еврей тилинен сөзмө-сөз которгондо: «Теңирдин батасы оор эмгек жумшалбаган байлыкты алып келет» дегенди билдирет. Силер муну аласыңарбы? Кудайдын Падышачылыгы Адам атанын бизге калтырган тер төккөн оор эмгектен арылуунун жолун сунуш кылат. Бул аят балким, чындыгында эле анда айтылгандарды билдириши мүмкүнбү? Эгер силер макул болсоңор, анда силер узак убакыттан бери эң жакшы жаңылыкты окуп турасыңар. Дал ошондой! Мына ошондуктан да, Ыйса жана анын кызматы жөнүндө Ышая китебинин 61-бөлүмүндө пайгамбарлык түрдө айтылган экен да:

> *Теңирдин Руху менин үстүмдө, анткени Теңир мени жакырларга жакшы кабар таратууга майлады...*
>
> – Ышайа 61: 1

Каргышка калган жер системасынын тузагында эптеп тирүү калууга аракеттенип жаткан адам үчүн жакшы кабар эмнеден турат? Албетте, каржылык эркиндиктен! Ыйса Кудайдын Падышачылыгы биздин маңдай терибиз менен эмгектенип жаткан каргышка калган ушул жердеги тутумдун чектелген чегинен чыгып кете турган чараларды көрөрүн сөзмө сөз эле айтып жатат. Келгиле, чындыктын көзүнө карайлы. Сиз белгилүү бир ылдамдыкта гана чуркай аласыз жана көпчүлүк адамдар канчалык ылдам чуркаганда да, бул эркиндикке жетүү үчүн жетиштүү эмес экендигин түшүнүшөт. Дренда экөөбүз карызга батып кеткен тогуз жылдын ичинде мен болушунча тез чуркадым. Акыркы 27 жылдын ичинде биздин компанияга келген

көптөгөн кардарлардын тобу да болушунча тез чуркашты. Бирок, жасалган аракеттерге карабастан, алар дагы деле каржылык кулчулуктун туткунунда кала беришкен эле. Алардын бардыгы каржылык жактан үмүтсүз болуп, үрөй учурарлык жыйынтыкка келишкендиктен, финансылык көз карандысыздыкка жетүүгө болгон кыялдары барган сайын татаалдашып бараткандыгынан жана алардын аян-ачылыштарынын эптеп тирүү калуу үчүн жашоо менен алмашып калгандыгынан улам бизге чалышкан эле.

Келгиле, “камсыз кылуу” деген сөздү карап көрөлү. Камсыздоо бизге аянды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Каражат болбосо, адамдар жашоого болгон көз карашын жоготушат, анткени камсыздоо болмоюнча негизги аян-ачылыш камсыздоо болуп кала берет. Көпчүлүк адамдар ушундайча жашашат – көрүнүшү б. а. аян-ачылышы жок жашоо. Бул абдан алдамчы түрдөгү кулчулдук.

## **7** - бөлүм

# ЭШИК

Келгиле, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө билгендерибизди кыскача карап көрөлү. Биринчиден, биз адам жерге бийлик кылуу үчүн жайгаштырылганын билдик. Эврейлерге 2: 7-8ден жер бетинде адам жеңе албаган, адамга баш ийбеген эч нерсе жок экендигин көрдүк. Демек, ушуга ылайык адам жер жүзүндөгү чындыктын ачкычы же эшиги болуп калгандыгын байкайбыз. Шайтан муну билген, ошондуктан ал жер үстүндө бийлик жүргүзүү максатында Адам ата менен Обо энеге кол салган. Адам ата менен Обо эне анын алдамчылык планына баш ийишкенде, алар күнөө кылып, жашоолорунда Кудайдын мыйзамдуу бийлигинин ишке ашуусунан бөлүнүп калышкан. Аларды жаратууда каптап турган Кудайдын Руху артка чегинүүгө мажбур болду. Алар физикалык жактан гана эмес, руханий жактан да жылаңач болуп калышты. Кудайдын Руху алардан алыстап кеткенде, алар кандай гана эстери оогондой таң калышканын элестете алам. Ыйык Китепте алар өзүлөрүн жылаңач сезгендиктен, токтоосуз түрдө анжир жалбырактарын алып, өзүлөрүн жаап-жашыруу үчүн тигип башташканы айтылат.

Адам жаралганда эле ага берилген жерди башкаруу позициясында калса дагы, ал руханий чөйрөдөгү бийлиги менен

күчүн жоготту. Ал тандоо жасап, шайтанга ишенип, Кудайга каршы чыгуу аркылуу, Кудай менен эмес, шайтан менен макулдашкандыгы үчүн, ал шайтандын бийлигине өтүп, ошого жараша асмандан куулганда шайтан (Люсифер) сыяктуу эле болуп, соттолгон. Бул өкүм ал азап чегүүчү жай - тозок болгон жана ал Кудайдын алдынан түбөлүккө айдалган. Белгилей кетүүчү нерсе, тозок адам үчүн жаратылган эмес жана ага арналган эмес. Ал жакка адамдардын эч кимисинин кетишин Кудай ниет кылган эмес.

> *Анан сол жагындагыларга мындай дейт: "Каргышка калгандар, Менин жанымдан кеткиле! Шайтан менен анын жиндери үчүн даярдалган түбөлүк отко түшкүлө.*
>
> – Матай 25:41

Адамды аны күтүп турган тагдырдан куткаруу үчүн, Кудай жер үстүндө өз бийлигин калыбына келтириши керек болчу. Ал шайтан тартып алган бийликти кайтарып алуунун ыкмасын табышы керек болчу. Бул жерде бир гана ыкманы колдонсо болмок. Күнөөсү жок кимдир-бирөө өз ыктыяры менен Адамдын ордун ээлеп, өлүм жазасын өзүнө алышы керек болчу. Бирок, бул планды ишке ашыруу үчүн бир аз көйгөй бойдон калды. Адам атанын тукуму болгон, жерде жашаган ар бир адам күнөөгө чалдыккан эле, ошондуктан Кудайдын Рухун жана Анын күчүн көтөрүүгө жөндөмсүз болгон. Бирок, Кудайдын бул көйгөйдү жеңүү планы бар болчу. Бул план Анын адилеттүү стандарттарын жана мыйзамдарын жер жүзүндө орнотууну жана жазууну талап кылган жана ушул мыйзам боюнча, жер бетинде жашаган адам, күнөөсүз деп табылат, албетте эгер бул мүмкүн болсо. Ошондон кийин гана, мына ошондон кийин гана бул адам өз ыктыяры менен, Адамга тиешелүү болгон жазаны өзүнө алуу менен Адамдын ордун ээлемек.

Бирок, бул идеяда чыныгы көйгөй бар болчу, анткени бул курмандык планын аткара алган адам Адам атанын тукуму болбошу керек эле, анткени анын тукуму бүт бойдон күнөө менен булганган жана Кудайдан бөлүнүп калган болчу. Ошентип, бул куткаруу планы кандайча мүмкүн болду? Муну ишке ашыруу үчүн, Кудайга Адамдын тукуму болбогон, адамдар үчүн өзүн курмандыкка чалууга даяр турган адамды жерге жайгаштыруу керек болчу. Бирок, жер шары Адамдын жана анын урпактарынын колуна өткөрүлүп берилген, ошондуктан, легалдуу статуска ылайык, бул мыйзамсыз болмок. Муну жасоонун бир гана жолу бар болчу. Адам жерде төрөлүшү керек болчу, бирок Адам атанын тукуму болбошу керек эле.

Бир караганда, бул мүмкүн эместей сезилет. Бирок, техникалык жактан мындай жол бар болчу. Кудай жер жүзүндө аялга эркек тукумун мыйзамдуу түрдө жайгаштырса, эгер Кудай аны жасай алат деп ишенген эркекти тапса, анан ушундай жол менен гана ага мыйзамдуу укук берсе болот. Жердеги сферанын ачкычы ошол адамда экендиги эсиңердеби? Жердеги чындыкка жетүү үчүн жана Адамдан жер үстүнөн бийлик жүргүзүүнүн рухий абалын уурдап алуу үчүн, шайтан ошол эле ачкычты колдонгон. Кудайдын планы ишке ашышы үчүн жана бул пландын мыйзамдуулугун, албетте доомат коё турган шайтанга аны далилдөө үчүн, Кудай Ага бала тууралуу ишене ала турган эркекти жана аялды табышы керек болчу, ал эми ошол эле учурда мындай балалуу болуу алар үчүн таптакыр мүмкүн эмес эле. Алар мүмкүн эмес нерседе Кудайга ишеништери керек болчу.

Бул баланын төрөлүшү, ошондой эле, анын тагдыры үчүн айтылган убаданы аткармак. Ушул санжыра аркылуу бардык элдер бата алышы үчүн жана анын тукуму аркылуу Кудай Ыйсаны бул дүйнөгө алып келиши үчүн мыйзамдуу негизге жана укукка ээ болот деген убадасы аткарылмак. Эгерде Кудай муну кыла алат деп ишене турган жубайлар табылган болсо - жансыз

жатында баланы бойго бүтүрүп, ошондой эле, ушул бала аркылуу бардык элдер бата алышат жана анын төрөлүшү аларга деңиз жээгиндеги кумдан да көп урпак алып келет деп ишенсек, анда Кудай кийинчерээк өзүнүн ал тукумун Ыйсанын энеси Мариямга жайгаштырышы керек болчу. Кудай ушундай адамды таба алдыбы? Анын аты Ыбрайым болчу - ал биздин ишенимибиздин атасы.

> *Ыбрайым үмүттөнгөндөй эч нерсе жок болгон учурда да, "Сенин тукумуң ушунча көп болот" деп айткан сөзгө ишенгендиктен, көптөгөн элдердин атасы болуп калды. Жүз жашка жакындап калган Ыбрайым балалуу болуу курагынан өтүп кеткенин жана Сааранын бала төрөө курагынан өтүп кеткенин көрсө да, ишениминен тайыган эмес. Ишенбестик кылып, Кудайдын убадасынан шектенген эмес, тескерисинче, бекем ишенип, Кудайды даңктаган. Кудайдын Өз убадасын аткарарына толук ишенген.*
>
> – Римдиктерге 4: 18-21

Ыбрайым менен Саара Кудайга ишенип, Ыскакты төрөп беришкен, анткени алар карып калышкандыктан, бала төрөй ала турган куракта эмес эле. Ыбрайым Кудайга ишенген, ал убада так ошол алар ачкан эшик аркылуу келиши мүмкүн болчу. Ыйса Ыбрайымдын тукумунан келиши керек болчу. Мага баарын тактап берүүгө уруксаат эткиле. Кудай Ыйсаны бул дүйнөгө алып келиши үчүн, ал Ыбрайымдын тукумунан келиши керек болчу. Ал болушу керек эле! Ыбрайым аркылуу келүү бирден-бир мыйзамдуу жол болгон. Ошондуктан, Матайдан Жакшы Кабардын 1-бөлүмүн карасаңар, анда баланча баланчаны туудурган деген кызыксыз тизмени көрө аласыңар. Бул бөлүм белгилүү бир себептен улам биринчи орунга коюлган. Бул, мына ушул жерде Ыйса

Ыбрайымдын тукуму болгонун тастыктайт. Муну шайтан өзүнүн мыйзамдуу күчү менен өкүмдарлыгын талап кылып турган ушул жерде, белгилөө керек болчу. Эгер бул тизме туура эмес болсо же Ыйса Ыбрайымдын тукумунан чыкпаса, анда шайтан Ыйсанын төрөлүшү жана жашоосу алдамчылык болгон деп айта алмак жана Ал биздин күнөөбүз үчүн кун төлөөдөгү негизге ээ болбой калмак.

Эсиңерде болсо, Израилдиктерде алардын элинен болбогон бирөөгө үйлөнүүгө каршы көптөгөн мыйзамдар берилген. Адамга алардын уруусунан тышкары нике кыйылса, өлүм жазасы каралган. Эми бул кан сызыгы эмне үчүн таза бойдон калууга аргасыз болгонун жана эмне үчүн аны ушунчалык кылдаттык менен сактаганын түшүнүп жатасыңарбы. Ооба, Жериходо жашаган жана жерди чалгындоо үчүн жиберилген чалгынчыларды жашырган Рахапка окшоп, ысрайылдыктарга күйөөгө чыккан башка улуттагы аялдар үчүн өзгөчө жагдайлар болгонун көрө аласыңар. Ооба, ал Матай китебинин 1-бөлүмүндө айтылган жана ал ысрайылдыкка турмушка чыккан. Бирок, бул жерде жүйүт маданиятында тукум улоо эркек киши аркылуу жүргүзүлгөнүн түшүнүү керек.

**ЫБРАЙЫМ ЖАНА АНЫН МУРАСКОРЛОРУ МАҢДАЙ ТЕРЛЕРИН ТӨККӨН ООР ЭМГЕКТИН КАРГЫШЫНАН ТЫШКАРЫ ЖАШАШКАН.**

Бир азга темадан сырткары ой жүгүртүп көрөйүн. Бүгүнкү күндө адам жер бетинде канча жашаары жөнүндө көп талкуу жүрүп жатат. Деги эле, жооп таба алганга мүмкүнчүлүгүбүз барбы? Ооба! Мен силерди бир нерсеге ишендире алам: тигил Матай 1деги тизме так болушу керек эле. Эч кимди өткөрүп жиберүүгө мүмкүн эмес эле, антпесе силер менен биз бүгүнкү куткарылуудан ырахат ала алмак эмеспиз. Шайтан дооматтарды айта баштамак. Бул тизме кемчиликсиз болушу керек болчу! Ушунун негизинде, силер

болжол менен адамдын жерде болгон жалпы убакытын эсептей аласыңар. Мен жөн гана сизге ушул ойду айтам деп ойлогом.

> *Мен сени улуу эл кылам, сага батамды берем, атыңды даңазалайм, сен арк ылуу башкалар бата алышат. Сага бата бергенге Мен батамды берем, сени каргаганды Мен каргайм. Жер жүзүндөгү бүт элдер сен аркылуу бата алышат.*
>
> – Башталыш 12: 2, 3

Бул аяттан көрүнүп тургандай, Ыбрайым ачкан жердеги чындыктын эшиги Ыйса Машайактын кийинчерээк кирип, жер жүзүндөгү бардык урууларга батасын бериши үчүн мыйзамдуу жол болуп калды. Ыбрайым жана анын мураскорлору Кудайга өзүнүн бийлигинин күчүн жана Анын таасиринин бийлигин кайрадан жерге алып келүү үчүн мыйзамдуу негиздерди жана зарыл болгон укукту беришкенине карабастан, Кудай Ыйсаны бул дүйнөгө Ал Адам атанын күнөөсү үчүн кун төлөшү үчүн алып келмейинче, адам күнөөнүн тузагында кала берген. Камсыздоо жагынан алып карганда болсо, сүннөткө отургузуу мөөрүн баскан Ыбрайым жана анын мураскерлери гүлдөп өнүккөнүн көрөбүз. Эми алар тер агызган оор эмгектин каргышынан тышкары жашап калышты.

> *Ыбрам малга да, күмүшкө да, алтынга да аябай бай эле.*
>
> – Башталыш 13: 2

Ыйык Жазуунун ушул үзүндүсүнөн биз ушул келишимдин камсыздоо жаатында жасалган олуттуу өзгөрүүлөрүн көрөбүз. Кудайдын Башталыш 3: 17деги Адамга айткан сөзүнө салыштырмалуу, бул жерде Кудайдын Ыбрайымга айткан

сөзүнүн айырмасын көрдүңөрбү? Эсиңердеби, Адам ата күнөө кетиргенден кийин, Кудай ага эми кайгы-капа менен тер төгүп иштейсиң деп айткан? Бирок, Ыбрайымга карата биз өзгөрүүнү көрөбүз. Кудай «Мен сенден улуу эл чыгарам» дейт. Ыбрайымга маңдай тер менен талыкпай эмгектенип, баарына өзү жетишүүсү керек деп айтылган эмес. Бул жерде эми Кудай аралашып жатат деп айтылат. Ал: «Мен жаратам!» деп жатат. Ошентип, андан кийин Ыбрайым эптеп, бир учун бир учуна чоюп күн көрөрүн элестете алабызбы? Андай болушу мүмкүн эмес!

Ыбрайым бай эле! Анын балдары да бай болушкан! Ыбрайым каргышка калган жер системасынан тышкары жашаган. Анда баары жетиштүүдөн да артык болчу! Адамдар өзгөрүүнү көрүү үчүн көпкө күттүргөн жок. Бул өзгөрүүлөр анын бардык тукумунда байкалган. Чынында эле, бир нече муундан кийин, Ыбрайымдын чөбөрөсү Жакып кайнатасы Лабан үчүн иштеген. Лабан Жакыпка кандай бата бергенин көрүп, аны гүлдөп-өсүүсүнөн алдап кетүүгө аракет кылды. Бирок, Кудай Лабандын планын өзгөртүп, Жакыпка чоң байлык берди. Айтайын дегеним, адамдар анын батасын токтотууга аракет кылышканда дагы, алар ийгиликке жете алышкан эмес. Ыбрайымдын мураскорлору өз келишимдерине бек туруп, Кудайга табынып турушканда, Ал аларга өркүндөө берди.

**ТЕҢИР СЕНИН ЖЕРИ НЕ ӨЗ УБАГЫНДА ЖАМГЫР БЕРИП ТУРУШ ҮЧҮН, СЕНИН ИШТЕРИҢЕ БАТАСЫН БЕРИП ТУРУШ ҮЧҮН, ӨЗҮНҮН БЕРЕКЕЛҮҮ КАЗЫНАСЫ БОЛГОН АСМАНЫН АЧАТ. ОШОНДО СЕН КӨП ЭЛГЕ КАРЫЗ БЕРЕСИҢ, ӨЗҮҢ КАРЫЗ АЛБАЙСЫҢ.**

**– МЫЙЗАМ КАЙТАЛОО 28:12**

Менин айткандарымдын маанисин ойлонуп көрсөңөр! Мага ар кандай каттар жана электрондук билдирүүлөр келип турат, анда адамдар мага акча жөнүндө көп сүйлөрүмдү айтышат. Алар

мага гүлдөп-өнүгүү Кудайдын каалоосу эмес экендигин жана Кудайга кызмат кылууда биз бул жашоодо кымбат баада азап чегишибиз керектигин айтышат. Мен бул сөзгө жарым-жартылай кошулам. Марк 10: 30да Ыйса чындыгында эле биздин гүлдөп-өсүшүбүз бизди куугунтукту баштан кечирүүгө мажбурлаарын айткан. Тилекке каршы, Ыйсанын көптөгөн жолдоочулары Кудай катаал кожоюн деп эсептешет жана биз эптеп күн өткөрүү үчүн өмүр сүрүп, жакырчылыкта, оору-сыркоодо жана чарчап-чаалыгууда жашоого убада берип жатабыз деп ишенишет. Жок, бул бата эмес, жердеги каргышка калган система! Кудай сиздин каржыңызды бекемдөөнү каалайт.

## Кудай силерди бекемдөөнү каалайт!

Эгерде силердин каржыңар камсыздалбаса жана бекемделбесе, анда силер рухий мандатыңарды аткара албай, өмүр бою тирүү калуу режиминде жашоого аргасыз болосуңар, негизи, кулчулукта жашайсыңар. Мыйзам 28: 8-13төн Кудайдын Ыбрайымдын урпактарына эмне деп айтканын карасаңар.

> Теңир сенин кампаларыңа, бардык иштериңе батасын берет. Кудай-Теңириң Өзү берип жаткан жерде сага батасын берет. Эгерде сен Кудай-Теңириңдин осуяттарын аткарсаң, Анын жолу менен жүрсөң, Өзү сага убада бергендей, сени Өзүнүн ыйык эли кылып алат. Сен Теңирдин ысымы менен аталып жатканыңды жер жүзүндөгү бардык элдер көрүп, сенден коркуп калышат. Теңириң Өзү ата-бабаларыңа убада кылып, сага берген жерде сени укумдатып-тукумдатып көбөйтөт, малыңдын төлүн жериңдин түшүмүн – бардыгын мол кылат. Теңир сенин жериңе өз убагында жамгыр берип туруш үчүн, сенин иштериңе батасын берип туруш үчүн, Өзүнүн берекелүү казынасы болгон

асманын ачат. Ошондо сен көп элге карыз бересиң, өзүң карыз албайсың. Эгерде сактагыла жана аткарагыла деп мен бүгүн берип жаткан Кудай-Теңириңдин осуяттарын аткарсаң, Теңир сени куйрук эмес, баш кылат, төмөн жакта эмес, жогору жакта болосуң.

– Мыйзам Кайталоо 28:8-13

Көңүл бурсаңар, алар убадага ээ болушканына карабай, алар жаңы жерде али орной элек болчу. Бирок, Муса Кудай аларды тастыктайт дейт! Мунун кандай болушу мүмкүн экендигин жана Кудай аларга эмнени айткысы келгенин түшүнүү үчүн, эмен жөнүндө ойлонуп көргүлө. Эмен көчөт маалында турганда, ал бекитилбейт. Ар бир адам аны каалаган убагында жана каалаган жерине жылдырат. Бирок, эмен өсүп жетилген бакка айланганда, ал бакты эч ким кыймылдата албайт. Ал бекитилген.

*Теңир сенин кампаларыңа, бардык иштериңе батасын берет. Кудай-Теңириң Өзү берип жаткан жерде сага батасын берет. Эгерде сен Кудай-Теңириңдин осуяттарын аткарсаң, Анын жолу менен жүрсөң, Өзү сага убада бергендей, сени Өзүнүн ыйык эли кылып алат.*

– Мыйзам 28: 8, 9

Ошентип, каржылык жактан бекитилген деген эмнени билдирет? Кудай бизге ушул жерде 12, 13-аяттарда мындай дейт:

*...сен көп элге карыз бересиң, өзүң карыз албайсың. Эгерде сактагыла жана аткарагыла деп мен бүгүн берип жаткан Кудай-Теңириңдин осуяттарын аткарсаң, Теңир сени куйрук эмес, баш кылат...*

*Кудай аларды ушунчалык баталагысы келгендиктен,*

*алар эми карыз беришет, бирок, эч качан өзүлөрү карыз алышпайт. Куйрук эмес, баш болушат. Куйрук кайда баратканын айта албайт жана ал башы жетектеген жерге гана барат.*

*Бай адам кедейге үстөмдүк кылат, карыз болгон адам карыз бергендин кулу болуп калат.*

– Накыл сөздөр 22: 7

Карыз адамдар бекем бекитиле (орной) алышпайт. Алар эркиндиги жок кулдардай иштеп, насыя берүүчүнүн ырайымына көз каранды болушат. Бирок, Кудай: «Жок! Мен аларды бекитким келет!» деп айтып жатат. Акчаны төлөп берип койгон болсоңор, эч ким силерди үйүңөрдөн чыгып кет деп айтпайт. Толугу менен төлөнсө, машинеңерди эч ким албайт. Дасторконуңарда тамак жетиштүү болот жана силер толугу менен сатып алган жериңерде жашап, Кудай берген тапшырманы аткарып, каржы дүйнөсүндө толугу менен кемчиликсиз болосуңар. Сен бекитилесиң!

**Кудай сенин гүлдөп өсүшүңдү каалайт!**

8 – бөлүм

# МАКУЛДАШУУНУН КҮЧҮ

Силер азыр окуй турган нерсе - Кудайдын Падышачылыгынын абдан күчтүү принциби, ушунчалык күчтүү болгондуктан, мен аны ушул китептин кичи темасына айландырдым. Биз аны Ыбрайымдын небереси Жусуптун тарыхынан жана жашоосунан таба алабыз. Таржымалды эсиңерге салайын: Жусупту бир туугандары жек көрүп, андан кутулгулары келген. Жалпысынан алар аны өлтүргүсү келишкен, бирок, бир туугандардын бири анчалыкка барууга даяр болгон эмес, ошондуктан, Жусупту өтүп бара жаткан соодагерлерге сатып жиберишти. Ал эми ал, Мисирге алып барылды, ошол жерде фараондун жансакчыларынын башчысы Потипарга сатышты.

*Жусуп болсо Мисирге жеткирилди. Аны алып келген Ысмайыл уулдарынын колунан фараондун сарай кызматчысы, сакчылардын башчысы, мисирлик Потипар сатып алды. Теңир Жусуп менен болду. Ал иштеринде ийгиликке жетти, мисирлик мырзанын үйүндө жашады. Теңир Жусуп менен экенин, кандай иш кылбасын, Теңир анын колуна ийгилик берип жатканын мырзасы көрдү.Ошентип, Жусуп мырзасынын алдында ырайым таап, ага кызмат*

*кылып жүрдү. Ал Жусупту өз үйүнө башкаруучу кылып койду, өзүнүн колундагысынын баарын ага тапшырды. Ал Жусупту өзүнүн үйүнө, колундагысынын баарына башкаруучу кылып койгондон тартып, Теңир Жусуп үчүн мисирлик мырзанын үйүнө батасын берди. Теңирдин батасы анын үйүндөгү жана талаасындагы бардык мал-мүлкүнүн үстүндө болду. Ошентип, ал колундагысынын баарын Жусупка тапшырды. Анын барында ал жеген нанынан башка эч нерсе менен иши болбоду. Жусуп болсо келишимдүү, сулуу жигит эле.*

– Башталыш 39:1-6

2-аяттын экинчи бөлүгүнө көңүл бурсаңар: «Теңир Жусуп менен болду; ал өз иштеринде ийгиликтүү болду». Бул эмнени билдирет? Кудай эмне, биздин баарыбыз менен болбойбу? Мурунку бөлүмдөрдө тукум жөнүндө айткандарыбыздын контекстинде, «Жок» деп жооп берет. Эсиңердеби, Ыбрайымдын ишеними жана андан кийинки келишим Кудайга мыйзамдуу жолду Ыбрайымга жана анын мураскорлоруна гана берди. Ошондуктан, Кудай биздин ар бирибиз менен болору тууралуу айтып жатып, муну Кудайдын ар бирибизди сүйөөрү менен алмаштырып албоо керек, ал эми биздин ар бирибизди сүйөөрү анык. Бирок, мыйзамдуу түрдө Кудайдын алдында тура албагандар үчүн Анын колу байлануу.

*Ошол мезгилде силер Машайаксыз элеңер, Ысрайыл коомчулугунан четтетилгендер элеңер, келишимдердин негизинде берилген убадаларга чоочун элеңер, бул дүйнөдө үмүтсүз жана кудайсыз элеңер. Бир кезде алыс болгон силер Машайак Ыйса аркылуу, Машайактын каны аркылуу азыр жакын болуп калдыңар.*

– Эфестиктер 2:12, 13

Ушул жерге көңүл бурсаңар, Ыйык Китепте биз эч кандай келишим түзгөн эмеспиз, башкача айтканда, Кудай жана Анын күчү бизден мыйзамдуу түрдө бөлүнгөн. Эмнеге? Себеби, адам менен макулдашуу же келишим болбосо, анда Кудай жерде иш алып барууга мыйзамдуу негизи жана юрисдикциясы жок болуп калат. Бул аятта, келишимсиз адамдар бул дүйнөдө үмүтсүз жана Кудайсыз жашап жатышат деп айтылганы менен, муну ачык-айкын көрсөтөт. Ыйса биз үчүн жаңы келишимди түзгөндүктөн, биз Кудайдын үй-бүлөсүнүн мүчөсү, Анын улуу Падышалыгынын жарандары болгонубузду унутпайлы (Эфестиктер 2:19). Ошентип, Башталыш китебинин 39-бөлүмүндөгү аятка Жусуптун жашоосуна өзүнүн чоң атасы Ыбрайым менен түзгөн келишими аркылуу мыйзамдуу негизде таасир эте алат. Бул келишим, Кудайдын батасы менен таасиринин иштешине жол берип, жердеги тер төккөн оор эмгек системасын жеңип чыккан. Кудай Жусупка батасын бериши керек болчу.

**АДАМДАР МЕНЕН МАКУЛДАШУУ ЖЕ КЕЛИШИМ БОЛМОЮНЧА, КУДАЙДЫН БУЛ ЖЕРДЕ ИШ АЛЫП БАРУУГА МЫЙЗАМДУУ НЕГИЗИ ЖАНА ЮРИСДИКЦИЯСЫ БОЛБОЙ КАЛАТ.**

Кудай Ыбрайымга мурун эле: «Мен сенден...» деп айтканын эстейсиңерби? Кудай Жусуп менен болгондуктан жана ага жашоодо жардам бергендиктен, ал бардык ишинде ийгиликке жеткен, ошондуктан анын бутпарас кожоюну Потипар Жусуптун жөндөмдөрүндө башка көптөгөн адамдарга салыштырмалуу чоң айырмачылыктарды байкаган. Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, биз Кудайдын жардамы менен ийгиликке жеткен кезде, каргышка калган жердеги тирүү калуу системасында жашаган адамдар айырмачылыкты байкашат! Потипар ушунчалык таасирленгендиктен, Жусупту үйүндөгү башчылыкка дайындаган. Бул аятта Падышачылыктын көптөгөн

принциптери бар, бирок, алардын негизгиси төмөнкүлөр. Мен муну «макулдуктун күчү» деп атайм, «Потипардын принциби» деп атаса да болот. Бул Башталыш 39: 5те жазылган:

> *Ал Жусупту өзүнүн үйүнө жана колундагысынын баарына башкаруучу кылып койгондон тартып, Теңир Жусуп үчүн мисирлик мырзанын үйүнө батасын берди. Теңирдин батасы анын үйүндөгү жана талаасындагы бардык мал-мүлкүнүн үстүндө болоду.*
>
> – Башталыш 39: 5

Бул жерде болуп жаткан окуялардын так сүрөттөмөсүн көрүшүңөрдү каалайм. Бул күнү Жусуп баарынан жогору коюлган эмес, бирок, ал кийинки күнү коюлган. Ыйык Китепте мындай өзгөрүү болгон учур белгиленет. Потипардын бардык жагына, анын бүт мүлкүнө, Теңирдин батасы тийди! Бирок, Потипар Жусуптун Кудайын билген эмес жана Ысрайыл элинин бир бөлүгү болгон эмес. Анда, бул кандайча болушу мүмкүн жана бул эмнени билдирет? Мен силерге жооп берем. Потипар бүт үйүн Жусупка башкарууга бергенде, ал аны билбей туруп эле, Жусуптун Кудай менен түзгөн келишиминин аракеттенүүсүнө өткөрүп берген.

## Потипардын менчиги, мүлкү, жери падышачылыкты өзгөрттү!

Көрдүңөрбү, аны Жусуп башкарып калганга чейин Потипардын мүлкү мыйзамдуу түрдө каргышка калган жер системасына таандык болгон. Качан Потипар өз мүлкүн Жусуптун карамагына өткөрүп бергенде, аны Кудайдын батасынын таасири астына жайгаштырып жаткандыгын түшүнгөн да эмес. Ыйык Китепте Жусуп үйүн башкарып турган маалда, Потипардын жеген тамактан башка эч нерседен кабатыр болбогону айтылат. Ал эч нерседен кабатыр болгон жок! Эч кандай кооптонбостон,

Потипар Мисирдин жансакчыларынын башчысы болууга, өзүнүн алдындагы тапшырмаларын жана максаттарын жүзөгө ашырууга толугу менен көңүл топтой алмак. Бул жерде бир топ маани-маңыз жашырылган, бирок, Потипар өзү билбей туруп эле, башынан кечирген нерсе Эврейлерге жазган каттын 4-бөлүмүндө жазылган, анда ишембини эс алуу деп атаган, ооба, ал Жаңы Келишимге ишенгендер үчүн жеткиликтүү болгон.

Эгер ишембинин темасын изилдеп көрсөңөр, анда ошол күнү Кудай ысрайылдыктарга эч кандай жумуш кылууга уруксат берген эмес, эч кандай тер төгүлбөйт же кара жумуш талап кылынбайт. Албетте, ишемби жуманын жетинчи күнү болуп, дүйнө жаралган күндүн жетинчи күнүнө туура келет. Эсиңерде болсо керек, Кудай жаратуунун жетинчи күнүн эс алуу күнү деп жарыялаган. Бул күн Кудай чарчагандыктан эмес, ал жумушту бүтүргөндүктөн эс алган күн болду. Баардыгы толук кандуулукка жеткен болчу. Жетинчи күн алгач адамдын жашоосу алдын-ала аныкталган күн болгон - адам кооптонбогон күн, адам түйшүккө түшпөгөн күн, адамга керектүү нерселердин бардыгы ага муктаж боло электе эле бар болчу. Бирок, албетте, Адам ата Кудайга каршы чыкканда, бул тынчтыкты жоготконун билебиз. Кудайга каршы чыгуу менен, Адам Кудай берген ырыскысынан, Кудайдын камсыздоосунан өзүн бөлүп койгон, б. а. ажыраган. Ошентип, Кудай ага алдын ала белгилеп койгон ушул жайдан айрылды. Эми Адам жанын багууга аргасыз болуп, тирүү калуу үчүн бардык убактысын маңдай тер менен мээнетке жумшоого аргасыз болгон.

**ИШЕМБИ КҮН АДАМ ТИРҮҮ КАЛУУ ҮЧҮН КАЙГЫ-КАПАДА, МАҢДАЙ ТЕРИН ТӨГҮП ИШТӨӨНҮН КАЖЕТИ ЖОК БОЛГОН, ЖӨН ГАНА ЖАШАЙ ТУРГАН УБАКЫТТЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ БОЛУП КАЛДЫ.**

Бирок, Кудай адамды үмүтсүз калтырган жок. Ал ага бир кезде аны Ишемби деп атап коюп, адамга эптеп тирүү калуу үчүн, тер

төгө кайгырып иштебестен, тынчтана турган күндү калыбына келтирмекчи болгон күндүн чагылдырылышын берген. Потипар Кудай менен болгон келишиминин аркасында Жусуп ага өткөрүп берген Теңирибиздин батасына киргенде, ал Жусуп аркылуу Кудайдын камсыздап берген ырыскысына кошулуп, тынчтык тапкан. Баары көзөмөлдө болчу, анда эч кандай убаракерчилик болгон жок.

> *Ошентип, ал колундагысынын баарын Жусупка тапшырды. Анын барында ал жеген нанынан башка эч нерсе менен иши болбоду. Жусуп келишимдүү, сулуу жигит эле.*
>
> – Башталыш 39:6

Ишемби күндүн маанисин, Кудай аны адамга өзүнүн мисалы менен көрсөткөн чындыкты түшүнүү үчүн, бир жөнөкөй суроону берип көрүү керек: ишемби кандайча мүмкүн болуп калды? Айтайын дегеним, каргышка калган жер бетиндеги системада болуу менен, адам күн сайын жашоо үчүн күрөшүп келген. Эгер ошондой болсо, анда адам кантип ишембиде иштебей калышы керек? Иштей албаса, ишемби күнү анын муктаждыктары кандайча канааттандырылган? Бул суроого жооп алыш керек, жоопто биз Жусуп жашаган Теңирдин батасы жөнүндө толук ачылыш алабыз.

Менин оюмча, бул принциптин эң сонун көрүнүшү Кудай Лебилер китебинин 25-бөлүмүндө Ысрайыл элине юбилейлик жылдын эрежелерин түшүндүргөндүгүндө камтылган. Юбилейлик жыл ар бир 50 жылда бир келип тураарын жана ушул жылга чоң маани берилгендигин түшүндүрүп берейин, мен азыр буга тереңдеп кирбейм. Бирок, мен силерге көрсөтүп бере турган чындык - ысрайылдыктар ошол жылы өз талааларын эге алышкан эмес. Чындыгында, алар 49-жылы деле талааларына эгин эге

алышкан эмес, анткени ал жыл ишемби жылы болгондуктан, талаа себе алышкан жок. Ошентип, мен силердин так түшүнүк алышыңарды каалайм: Ысрайылга 49-жана 50-жылдары үрөн себе албайсыңар деп айтылган. Анан алар 51-жылдын аягына чейин, себилген түшүмдүн бышып жетилишин күтүүгө аргасыз болушкан. Башкача айтканда, Кудай аларга үч жыл бою оруп-жыюу мезгили болбой турганын айткан. Эгер силер үч жыл бою айлык албайсыңар десем, анда силер да бир аз кооптонмоксуңар. Ошондо Ысрайыл да тынчсызданды. Албетте, бул мүмкүн эмес болчу. Бирок, Кудай аларга бир нерсени көрсөтүп жатты.

> *Эгерде жетинчи жылы: "Же үрөн сеппесек, же түшүм жыйнабасак, эмне жейбиз?"- дей турган болсоңор, Мен алтынчы жылы силерге батамды беремин, ошондо жер үч жылдын түшүмүн берет. Сегизинчи жылы үрөн себесиңер, бирок тогузунчу жылга чейин, анын түшүмүн жыйнаганга чейин, мурунку жылдын түшүмүнөн жейсиңер.*
>
> – Лебилер 25:20-22

Ишемби күнү эс алуу Кудай алтынчы күнгө эки эсе батасын бергени үчүн гана мүмкүн болгон, башкача айтканда, ал күнү ашыгы менен берген. Ушул сөз айкашы эсиңизде бир аз бекемделип калган болсун. Чынында эле, жетишээрлик көп болуш үчүн, ар бирибиздин эңсегенибиз ушул эмеспи? Кудай алтынчы күнү адамга тиешелүүсүн эки эсе бергенде, Ал алардын камсыздоочусу экендигин эскертип, Ал ошону менен ар дайым жетиштүүдөн да көбүрөөк берерин эскерткен. Келгиле, чынчыл бололу: эгерде силерде жетиштүүдөн да көбүрөөк болсо, ал силерди келемиштер жарышынан бошотот, кулчулуктан тандоо эркиндигине өткөрөт. Андан да маанилүүсү, бул биздин максаттарыбызды жана каалоолорубузду табуу жана аларга

жетишүү үчүн эркиндик берет. Потипар так ошонун өзүн алды. Эч кандай кабатырчылык жок. Анын бардык муктаждыктарына буга чейин эле кам көрүлгөн. Бир гана көңүл буруугa туура келген нерсе - анын чакырылуусу болду. Дагы бир кайталай кете турган нерсе: «Каржы маселесин чечмейинче, көздөгөн жериңерди таба албайсыңар» деп Дренда экөөбүз ар дайым айтып келебиз. Бирок, менде жакшы жаңылык бар! Ишемби күнкү эс алуу биз үчүн дагы деле болсо жеткиликтүү - ал жерде биздин бардык муктаждыктарыбыз үчүн кам көрүлөт жана биз эптеп эле тирүү калуудан гүлдөп-өнүгүүгө өтө алабыз.

> *Демек, Кудайдын эли үчүн ишемби күн али алдыда. Кудай Өзү иштерин бүтүргөндөн кийин эс алгандай эле, Анын бейпил кирген адам да өз иштерин бүтүргөндөн кийин (эптеп күн көрүү үчүн тер төгүп эмгектенүүдөн) эс алат.*
>
> – Эврейлерге 4: 9, 10

Потипардын жашоосунда, Кудайдын Падышачылыгы жердеги чекеден тер төгүп натыйжа алган эмгектин мыйзамын жеңип чыккан жана силер үчүн да ушундай кыла алат. Кудайдын Падышачылыгынын таасири астында кыймылдаганга үйрөнсөк, максаттарыбызды таап, ийгиликке жете алабыз. Жашоо кубанычка, кумарланууга жана көңүл ачууга толоору чын!

> *Теңирдин батасы - ал байытат жана өзү менен кошо кайгы алып келбейт.*
>
> – Накыл сөздөр 10:22

Теңирибиздин батасы байлык алып келет жана Кудай ага оор эмгекти кошпойт! Башталыш 3: 17де айтылгандай, маңдай терибиз төгүлгөн оор эмгексиз деле жашай алабыз. Кудайдын

Падышачылыгы кандайча иштээрин билгенге чейин, мен ушул эптеп тирүү калуу тутумунда көп жыл жашадым. Сиз дагы билип алсаңыз болот. Кудай силер менен! Ал силерге жардам бере алат! Силер өнүгө аласыңар. Жок, муну дагы бир жолу айтып берейин: силер ийгиликке жетише аласыңар. Кудайды билбеген жана үмүтсүздүктүн каргышынан талкаланган, оор эмгектин натыйжасында эптеп тирүү калууга аракеттенген бул дүйнөнүн Потипарлары силерге карап турушат.

**АЙЛАНАҢАРДАГЫ КҮМӨН САНОО ЖАНА ИШЕНБӨӨЧҮЛҮК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУНУ ТОКТОТКУЛА. ПАДЫШАЧЫЛЫКТЫ АЛМАШТЫРГЫЛА ЖАНА КУДАЙДА СИЛЕР ҮЧҮН БОЛГОН НЕРСЕЛЕРДЕН ЫРАХАТ АЛГЫЛА!**

Аларга силердин диниңер, жыйын өтчү имараттарыңар же Ыйык Жазуу таасир этпейт, анткени, силердин жашооңордо жооп жоктугунан аларды көрүү кыйынга турат. Кудай улуу деп айтканда, силерди угушат деп күтүүгө болбойт, ал эми өзүңөр да ошол эле каржылык стрессте жашап, алар сыяктуу жашап кетүүгө аргасыз болуп жатасыңар. Жок, силер Жусупка окшоп Кудайдын Падышачылыгы кандай экенин көрсөтүшүңөр керек. Мен орой сүйлөгүм келбейт, бирок, адамдар акылсыз эмес. Аларга жооптор керек.

Көп жылдар бою менин эч кандай таасирим болгон эмес. Мени эч ким телевизорго чакырган жок, мен миңдеген адамдары бар жыйынды да жетектеген жокмун. Эмнеге? Анткени, менин айта турган сөзүм жок болгондуктан, эч кандай чечим, жооп жана күбөлүк Кудайдын тирүү экендигин, Анын мени менен экендигин далилдеген эч нерсе жок болчу. Жөн гана эптеп тирүү калуу үчүн деп туугандарымдан карызга акча алдым. Менин унаам, менин үйүм жана жалпы эле менин жашоом талкаланган эле. Анан менин Кудайым канчалык улуу экендигин ким эле уккусу

келсин? Ооба, мен асманга бара жаткам, ал эми асман - бул эң жакшы жер, бирок, силер асманды жерде көрсөтмөйүнчө, адамдар асман кандай сонун экендигин угушпайт. Менин айткым келген нерсени уккула: эгер Кудай Кудай болсо жана Анын сөзү чындык болсо, анда ал иштеши керек. Биздин жашообуз башкача көрүнүп, башкача болушу керек! Биз бул муунга Кудайдын Падышачылыгынын чындыгы менен таасир этишибиз керек. Потипарлар бизге карап турушат.

Ошентип, эмне үчүн мен «макулдашуу принцибин» ушунчалык маанилүү деп эсептейм? Анткени, Потипар Кудайдын Падышачылыгынын таасири астында болуп, Ишембиде эс алуудан ырахат алган, ал жердин жашоо образына тер төккөн эмгек кирбейт, ал жерде коркуу сезими да жок, бирок, дүйнөнү башкарат. Ал жерде эптеп тирүү калып жашоо максат жана кумар менен алмаштырылат, ал эми жакырчылыкты камсыз кылуу жутуп кетет. Ал муну кандайча мындай кылды? Ал өзүнүн көйгөйлөрүн жана убаракерчиликтерин Кудайдын Падышачылыгынын карамагына өткөрүп берген. Чындыгында, **ал** эмне кылып жатканын түшүнбөй туруп эле, **Кудай менен биригип-байланышты.** Ал Кудайдын Падышачылыгынын карамагында болуп, аны менен макулдашкан. Потипар жетишээрлик эле акылдуу болгондуктан, бардык ишти Жусуптун колуна тапшырган, анткени ал жоопторду көргөн. Муну силер дагы жасай аласыңар, Дренда экөөбүз да ошону кылдык. Мына ошол кийиктер да, биз ушунчалык муктаж болгон акча, машиналар жана үй да кантип пайда болгонун көрдүңөр. Андыктан, силерге бир аз кеңеш берейин. Эгерде, Кудай силерге арнап берген нерселердин бардыгынан ырахат алгыңар келсе, анда падышачылыкты өзгөрткүлө. Айланаңардагы күмөн саноо жана ишенбөөчүлүк менен байланышууну токтоткула. Падышачылыкты өзгөрткүлө жана Кудай силер үчүн эмнелерди кылган болсо, ошолор менен ырахаттангыла!

9 – бөлүм

# СИЛЕР АЛАРГА ТАМАК БЕРГИЛЕ

Дон менен жолукканда, ал менин иш бөлмөмө аябай капаланып, карызга белчесинен батып келген. Ошол учурда анын жашоосунда эч нерсе өнүкпөй жаткандай сезилди. Мен отуруп, аны менен сүйлөшкөндө, ал үч-төрт айдан бери ижара акысынын жана дээрлик башка эсептерди да төлөй албай, карыз болуп жүргөнүн билдим. Никеде дагы көйгөйлөр болгон: анткени анын аялы каржылык кыйынчылыктардан тажап, беш баласын бага албагандыгы үчүн, Донго карата сый мамиледе боло албай калган. Чындыгында, Дон өзү да өзүн сыйлай албай калган. Ал суроолорго толуп кеткен эле.

Анын иши Огайо штатындагы медициналык камсыздандырууну сатуу менен байланыштуу болчу, бирок, ийгилик жок болгондуктан, тез арада эле ал каргашалуу каржылык абалга алып келген.

Дон менен болуп жаткан бардык окуяларга карабастан, мен андан потенциалды көрдүм. Ал окууга да, иштегенге да даяр болчу. Бул айкалышуу аны жумушка алып жана аны анын келечегинин жыргалчылыгына жумшоо үчүн колдонууга мени аябай кызыктырды. Акыры жүрүп отуруп, бул экөөбүзгө тең чоң

дивиденддерди берген инвестиция болду.

Менин жаңы жана тездик менен өсүп келе жаткан компаниям жакында эле биздин кызматташтардын бирине Гавайиге барууга чакыруу алган эле, ошондуктан мен бул Кудайдын Падышалыгы жөнүндө Донго айтууга сонун мүмкүнчүлүк болот деп ойлодум. Дон Ыйсанын жолдоочусу болсо дагы, ал мен билгендей түшүнүккө ээ эмес эле. Мен аны менен Кудайдын бул жааттагы принциптерин бөлүшүүгө бир нече жолу аракет кылсам да, ал менин айткандарыма ишенбей калгандай болгон.

Мен Дондун көңүлүн буруу үчүн, ал дагы Кудайдын Падышалыгы кандайча иштей турганы жөнүндө билимге ээ боло аларын билиши үчүн, мүмкүнчүлүк издедим. Анткен менен, Дон ушунчалык көңүлү калгандыктан, чындыгында эле өзгөрүүлөр болот деп ишенүү ага кыйынга турду. Гавайиге баруу менин мүмкүнчүлүгүм деп билдим.

Дон экөөбүз кетээрден эки жума мурун, ал жакта эмнелерди көрүп, эмне кылаарыбызды сүйлөштүк. Бир нерсе Донду аябай кызыктырып калды. Ал Тынч океандын керемет сууларынан көк марлин кармагысы келген. Дон шыктануу менен мындай деди: “Гавайи дүйнөнүн көк марлин балыгын уулоочу борбору катары эсептелет. Мен дайыма аны кармагым келген. Бул менин кыялым болчу.» Бир нече жумадан кийин мен биринчи жолу Дондун көзүнөн жылтылдаган учкундарды көрдүм. Акыры бир нерсе ага дем берди, мен бул илхам маанилүү сабактын эшигин ачарын билдим.

> *“Дон, - дедим мен, - сен билесиңби, эгер сен Кудайдын Падышачылыгынын таасири астында калсаң, Гавайиде көк марлин кармаарыңа үмүттөнбөй, кармаарыңды билип каласың? Бир аз уялып, бирок, кызыгып калган Дон көбүрөөк маалымат алгысы келди, мен болсо ага Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө айта бердим“.*

*Марк 11: 24төн цитата келтирдим, анда мындай делет: "Кудайдан эмнени сурасаңар да, алаарыңарга ишенгиле - ошондо силерге берилет".*

**...КУДАЙДАН ЭМНЕНИ СУРАСАҢАР ДА, АЛААРЫҢАРГА ИШЕНГИЛЕ, ОШОНДО СИЛЕРГЕ БЕРИЛЕТ.**

**– МАРК 11:24**

Дон үчүн баарына ишенүү өтө эле жакшыдай сезилген. Мен ага Падышалыкты жана ишенимдин жолдорун түшүнүшүнө жардам берүү үчүн, бир аз убакыт бөлдүм. Биз сапарга чыккыча, ал жубайы экөө үрөн септи, менде бугу менен болгон окуялар сыяктуу, макулдашууда болуп сыйынып, алар көк марлин алдык деп ишеништи.

Ошол эле учурда Дон түшүм алууда өз милдетин аткаруу үчүн бардыгын жасады. Кайсы кайыктарды, кандай баада ижарага алса болорун билип, акырында, эң жаккан капитан менен кайыкты брондоп койду. Бардык уюштуруу маселелери чечилип, Гавай аралдарынын көгүлтүр сууларына баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонубузга абдан кубандык.

Сууда сүзүү күнү келип, биз кайыкка түшүп, капитанга шыктануу менен бул күн так ошол көк марлини кармай турган күнүбүз экендигин айттык. Ал жалпысынан балык уулоодо бизге ийгиликтерди каалады, бирок, ошол күндөрдө көк марлинди кармоо мүмкүнчүлүгү анчалык деле ынанымдуу эмес экендигине ишендирди. Акыркы төрт айда күн сайын экскурсияга чыккан эки кайык бирден гана көк марлин алып келген. Бу марлин мезгили келе электиги себеп болгондугу менен аныкталган, анткени бул - жер которуучу балык. Бирок, биз көңүлүбүздү калтырган жокпуз жана бардык даярдыктарды көрүп, капитанга сый менен гана ошол күнү сөзсүз бир марлин алганы бараткандыгыбызды билдирдик.

Алты сааттык балык уулоодон кийин бизде эч нерсе болгон жок, мен кандайдыр бир аракеттин болбой калышы Дондун ишенимин солгундатып жибереби деп тынчсыздана баштадым. Ойлонуп жатып, мен ага көпүрөдөн жогору жактан кыйкырдым: “Дон, мен сага бир суроо берейин. Бул көк марлинди сен сыйынып жатканда эле алдың беле же пайда болгондо аласыңбы?» Дон ишенимдүү жооп берди: “Гэри, бул жөн гана. Мен аны сыйынган кезде алгам» деди. Анын жообун укканда аябай кубандым. Ошол учурда мен Дон менин көрсөтмөлөрүмдү олуттуу кабыл алып жана ал марлин алганга бел байлаганын түшүндүм.

Бир нече мүнөттөн кийин Дондун кайырмагы ылдый-сууга тартылды, ал эми биздин жаныбыздагылар: «Келе жатат!» деп кыйкырып жиберишти. «Өтө бактылуу болбогула, - деп эскертти капитан. - Ооба, бул чоң балык, бирок, албетте, көк марлин эмес. Марлиндер суунун үстүнө чейин сүзүп, суунун үстүнөн укмуштай секирик жасашат, ал эми бул балык болсо тереңдикте калат”. Мүнөттөр өтүп жатты, Дон дагы эле балыктар менен күрөштү улантып жатты, алар көрүнүп тургандай абалга чейин суунун бетине жакындаган жок. Дондун чарчап-чаалыгуусу менен, балыктар да ого бетер чарчап, көп өтпөй алар күрөштөн баш тартышты. Ал ушул чоң, кооз көк марлинди бортко сүйрөп чыкканда, Дон экөөбүз эч кандай таң калган деле жокпуз, ал эми кайыктагылардын бардыгы таң калышты.

Ишенимдин күбөсү жана Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө ар дайым эскертип туруучу катары Дондун балыктар менен түшкөн сүрөтү менин иш бөлмөмдө дагы эле илинип турат. Сыртынан караганда бул жөн гана балык, бирок, Дон үчүн марлин көп нерсени билдирип турат. Эгер Кудайдын Падышачылыгы марлин үчүн иштеген болсо, анда жашоодогу ал муктаж болгон бардык нерселер үчүн да сөзсүз иштейт. Дон үчүн бул, Кудайдын Падышачылыгы анын жашоосуна кандай таасир этиши мүмкүн экендигин түшүнүүнүн башталышы эле.

Келгиле, эки миң жылдык тарыхка кайрылып, Ыйсадан Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө сураган Никедим деген киши жөнүндө билип алалы. Жакандан Жакшы Кабардын 3-бөлүмүндө, Теңирибиздин жообу жазылган: *«Рух каалаган жеринде дем алат, ал эми сен анын үнүн угасың, бирок анын кайдан келип, кайда кеткенин билбейсиң: Рухтан төрөлгөн ар бир адамда ушундай болот».* Дон менен кайыкта болгон ошол таң калыштуу күн, ушул чындыктын эң сонун мисалы болуп калды.

**ШАМАЛ КӨРҮНБӨЙТ, БИРОК, АЛ ЧЫНЫГЫ ЖАНА ФИЗИКАЛЫК ДҮЙНӨГӨ КӨРҮНГӨН НАТЫЙЖАНЫ БЕРЕТ, ОШОЛ СЫЯКТУУ ЭЛЕ, КУДАЙДЫН ПАДЫШАЧЫЛЫГЫ ДА ЧЫНДЫК ЖАНА ФИЗИКАЛЫК ДҮЙНӨГӨ ТААСИР БЕРЕ АЛАТ.**

Дон экөөбүз Кудайдын Падышачылыгынын көрүнүштөрүн физикалык түрдө көрө албаганда дагы, ошол марлин пайда болгондо, анын таасирин сездик жана күбө болдук. Шамал көрүнбөйт, бирок, ал чыныгы жана физикалык дүйнөгө таасир бергендей эле, Кудайдын Падышачылыгы да табийгый чөйрөдө чыныгы жана физикалык дүйнөгө таасирин тийгизет. Кудайдын Падышачылыгын башкарган мыйзамдарды билүү менен, биз да ошол күндөгү Дон сыяктуу болуп жашообузду өзгөртө алабыз.

Ошентип, эми суроо туулат: бул марлин кайдан келди? Бул суроонун жообу бар. Кудай жасады деп жөн эле айта албайсың. Анын пайда болорун кандайча билгенибизди билүү маанилүү. Сиз чындыгында эле муну билип алышыңыз керек, анткени сизге да качандыр бир кезде көк марлин, же көк унаа же жөн гана азык-түлүк керек болгон күн келет. Чындыгында, эми окуя мындан ары балык уулоо жана менин бугуларга аңчылык кылуу жөнүндө болбойт. Тарых бизге Кудайдын Падышачылыгы жана анын кандайча иштеши жөнүндө чындыкты ачып берет. Көк

марлиндин пайда болушуна себептер бар болчу. Ыйса Машаяк шакирттерине Кудайдын Падышачылыгынын принциптерин үйрөтүүгө көп убакыт сарптаган, бирок, Падышачылык жөнүндө окутуудан тышкары, Ыйса ошондой эле, аны көрсөткөн дагы.

Силерден көңүл буруууну суранам. Кудайдын Падышачылыгы силер өсүп-чоңойгон жер системасынан такыр башкача иштейт. Бирок, ал таптакыр башка мыйзамга негизделген жана биз бул мыйзамды биле алабыз. Сиз муну акылыңыз менен толук түшүнө албайсыз. Ыйса кайда жүрбөсүн, убактысынын көпчүлүгүн ушул Падышачылыктын мыйзамдарын түшүндүрүп-үйрөтүүгө жумшаган. Ыйса Кудайдын Падышачылыгын иш жүзүндө көрсөткөн менин эң жакшы көргөн окуяларымдын бири Марктан Жакшы Кабардын 6-бөлүмүндө жазылган. Бул Ыйса беш миң кишини беш нан жана эки балык менен тойгузган белгилүү таржымал. Мен кичинекей кезимден бери эле бул таржымалды жыйындан миллион жолу уккам, бирок, эч ким мага Ыйсанын аны кантип жасагандыгын так айтып берген эмес.

> *Бир топ убакыт өткөндөн кийин, Анын шакирттери жанына келип: "Бул ээн талаа экен, кеч да кирип кетти. Элди тарат, алар тегеректеги айыл кыштактарга барып , өздөрүнө нан сатып алышсын, алардын жей турган эч нерсеси жок",- дешти. Ыйса болсо: "Аларга тамакты силер бергиле",-деп жооп берди. Шакирттери Ыйсага: "Биз, эмне, аларды тамактандыруу үчүн, эки жуз динарийге нан сатып келелиби?"- дешти. Ыйса аларга: "Силерде канча нан бар? Барып карагылачы", -деди. Алар билип келип: "Беш нан, эки балык бар экен",- дешти. Ошондо Ыйса аларга элди топ-топ кылып бөлүп, чөптүн үстүнө отургузууну буйруду. Эл жүздөн, элүүдөн болуп, катар-катар отурду. Ыйса беш нан менен эки балыкты алды да, асманды карап, Кудайга*

*ыраазычылык билдирди. Анан нанды сындырып, элге таратыш үчүн, шакирттерине берди. Эки балыкты да бардыгына бөлүп берди. Баардыгы тое жешти. Артып калган нан менен балыкты чогултканда, он эки себет толду. Тамактангандан эркектердин саны беш миңге жакын эле.*

– Марк 6:35-44

«Ыйса, бизде көйгөй бар. Элдер ачка, биз азыр аларды коё бербесек, алар үйлөрүнө кечигип барышат. Биз ошон үчүн тынчсызданып жатабыз.» Ыйса аларга эмне деди? «О Кудай, туура айтасыңар. Убакытты такыр эсептебептирмин. Келгиле, чогулушту тезинен бүтүрөлү” деп айттыбы? Жок. Ал жөн гана: «Аларга силер тамак бергиле» деп айтат. Эмне? Библияда ал жерде беш миң эркек бар эле деп айтылат, эгерде аялдар менен балдарды эсептесе, анда жыйырма миңдей адам болушу мүмкүн. Ушунча сандагы адамдарды, бардык ресурстар колдо турганда деле тойгузуу оңой эмес, мүмкүн да эмес эле. Ыйсанын айткандарына шакирттер ишене алышпаганына көзүм жетип турат. Алардын Анын сунуш кылган чечимине болгон мамилелери жердегидей ой жүгүртүүнүн так сүрөтүн берет. «Бирок, Ыйса, ал үчүн сегиз айлык киреше талап кылынат! Биз эмне, ушунча акчаны барып тамак-ашка коротушубуз керекпи?» Биринчиден, бул азык-түлүк тартыштыгын кантип тез арада чекеден тер агыза иштөөнү өзүнө камтыган дүйнөдөгү каргышка калган экономикалык системага айландырышканын байкап көрүңүз, тактап айтканда сегиз ай бою.

Бир күнү мен сыйынып жатсам, Кудай мага денелик ой жүгүртүү болуп жаткандыгын айтты. Мен түшүнбөй калдым. Бул эмнени билдирет? Менде кумар көйгөйү барбы? Жок, Ал менин ой-жүгүртүүмдү айтып жатат: мен канчалык чектелгенмин, анткени дүйнөдөгү каргышка калган ой жүгүртүү тутуму менин келечегимди чыпкалап, бардыгын менин күчүм менен салмактап

жатат. Биз баарыбыз муну жасайбыз. Эгер бизге жаңы үй керек болсо, анын баасын билип туруп, ага мүмкүнчүлүгүбүз барбы же жокпу, дароо эсептейбиз. Адатта биз кантип эсептейбиз? Өз мүмкүнчүлүктөрүбүз деп түшүнгөн каргышка калган жердеги түшүнүк аркылуу эсептейбиз. Мисалы, мен саатына 15 доллар, аптасына 40 саат иштеп жатам дейли, анан ... «Охо-о, мен бул үйдү жөн эле ала албайм.» Ошентип, силер бул вариантты мүмкүн эмес деп четке кагасыңар. Эгерде биз ар бир идеяны өзүбүздүн мүмкүнчүлүктөрүбүздүн чыпкасы аркылуу чыпкалап алсак, анда биз ЭЧ КАЧАН Кудайдын Падышачылыгынын жашоо образына өтпөйбүз, анткени Кудай ал системага туташкан эмес. Кудай мага минтип айтты: эгерде мен Кудайдын Падышачылыгын таң калтыргым келсе, анда Падышачылыктын пикири менен ойлоно башташым керек: бардыгы мүмкүн!

«Буга сегиз айлык эмгек акысы талап кылынат» дешкенде шакирттер кайда болушту эле. Чындыгында эле алар, ушунча адамды тойгузууну өтө эле колдон келбес иш дешти.

Ыйсанын: «Аларга тамакты силер бергиле», - деген сөзү аларга кандайча угулгандыгын көрсөтүп берейин. Мен силердин пастор экенимди элестетип көрсөңөр жана ипотека насыясы боюнча кыйынчылыктарды баштан кечирип жатасыңар. Төлөмдөрдү төлөөдөн үч айга кечиктиңер жана үйүңөрдөн айрылып калуу коркунучу турат. Силер мага келип, жыйын кечиктирилген төлөмдөр боюнча силерге жардам бере алабы деп сурап жатасыңар. Мен силерге өтө жайбаракаттык менен минтип айтам: “Менде бир жакшы идея бар. Эмнеге ипотека насыясын толугу менен төлөп бербейсиңер жана эч кандай төлөмдү калтырбай койбойсуңар?» Ошондо силер мага: «Ал менин айткандарымды таптакыр түшүнгөн жок» деген ой менен карап калмаксыңар. «Жок, пастор, силер мени туура эмес түшүндүңөр деп ойлойм. Бизде такыр эле акчабыз жок, ошондуктан, сизге кайрылдык. Биз жетишпей жаткан төлөмдөрдү төлөп берүүгө жыйын жардам

бере алар бекен деп кайрылдык». Мен кайра эле силерди өтө камарабастык менен карап туруп: «Жок, мен силердин айтканыңарды жакшы түшүндүм жана силерге эң сонун чечим бердим. Силер үйдүн акчасын толугу менен төлөшүңөр керек, анан силерде эч кандай төлөм болбойт» деп айтам. Силер анда мени жинди деп ойлошуңар мүмкүн.

Мүмкүн, шакирттер ушуну сезиши керек эле. «Ыйса, Сен биз жыйырма миң адамды тойгузуубуз керек деп олуттуу айтып жатасыңбы? Бул жөн гана мүмкүн эмес. Бул үчүн бизде таптакыр каражаттар жок. Сенин планыңды кабыл алып, жетиштүү акча табыш үчүн, жанталаша чуркап аракет кылсак дагы, арабаларды жана адамдарды уюштуруп, көп тамак-аш менен кайтып келгенге чейин, бардыгы өлүп калышат да. Акчабыз болсо дагы, анын баарын жасаганга убактыбыз жок.” Жүзөгө ашыруунун жолун көрбөй жатканда, жердеги мааниде мүмкүн болбогон жагдайларга карата биз ушундай мамиле кылабыз. Эгерде биздин камсыздообуз болбосо, биздин аян-ачылышыбыз өлөт.

Ыйса ошол кырдаалда шакирттерин жоопсуз калтырган эмес жана эгерде мындай жол жок болсо, элди тойгузгула деп айтмак эмес. Ал иш жүзүндө аларга дагы бир тутумду - Кудайдын Падышачылыгын иш жүзүндө көрсөтмөк болду. Шакирттеринин башы айланып, дүрбөлөңгө түшүп калган кезде, Ыйса баарын Өз көзөмөлүнө алды.

«Силерде эмне бар? Баргыла, көргүлө, - деди Ыйса. Шакирттер Ыйсага кайтып келип: «Биз беш нан жана эки балык таптык», - дешти. Беш нан жана эки балык табылар замат, Ыйса шакирттерине аларды алып келүүнү буйруду. Нанды жана балыкты алып, аларга батасын берип, дароо кайра берет. Албетте, табийгый планда эч нерсе өзгөргөн жок, бирок, руханий жактан абдан маанилүү бир нерсе болду - бул Падышачылык жөнүндө түшүнүгүбүздүн ачкычы. Ыйса шакирттерине нан менен балыкты таратууну буйруду жана

алардын көз алдында тамак-аш көбөйүп, жыйырма миң кишини азыктандырды. Эмне болду? Бул кандайча болду?

Муну түшүнүү үчүн бир аз артка кайрылып, ушул окуянын чоо-жайын кылдаттык менен карап чыгышыбыз керек. «Бата берүү» деген сөз түзмө-түз «бөлүп коюу» же «ыйыктоо» дегенди билдирет. Ошентип, Ыйса сыйынуу сөздөрүн тамактын үстүнөн жарыялап, ага батасын бергенде, нан менен балыктар бир падышачылыктан бөлүнүп, экинчисине өткөн деп айта алабыз. Дүйнөдө, жыйырма миң адамды беш нан жана эки балык менен тойгузуу мүмкүн эмес. Бирок, Кудайдын Падышачылыгында бардыгы мүмкүн. Окуя ушуну менен эле бүтпөйт. Шакирттер калган нандарды дагы он эки себетке чогултушту. Беш нан жана эки балык жетишпей жаткан абалдан, жыйырма миңдин курсагын тойгузганга чейин жетип, андан кийинки артып калгандарынын саны алгачкыларынан ашып кетти. Бул, жетишерликтен да көбүрөөк болгондук - Падышачылыктын жолдору!

Руханий изилдөөчү катары мен бул кырдаалды кылдаттык менен изилдеп көрүп, Кудай мага берген бугу менен болгон окуялардагы формуланы көрдүм. Бугулардын аңчылыгынын аркасында, Кудай мага биринчи кезекте өзүмө керектүү нерселердин бир бөлүгүн Кудайдын Падышачылыгына себүүнү үйрөттү. Бул баладагы беш нан жана эки балык менен болгон нерседей болду. Ал аларды Кудайдын Падышачылыгынын башкаруусуна жайгаштырган жана алар көбөйүп, жыйырма миң адамды тойгузушкан. Нанга нан, балыкка балык көбөйгөнүнө көңүл буруңуз. Бул так ушундайча иштейт. Мен кыла алам. Бул кандайча иштейт. Мен Кудайдын Падышачылыгына балык сепсем болот, ал балык түрүндө көбөйөт.

**КУДАЙ БААРЫНАН МУРДА, МАГА КЕРЕКТҮҮ НЕРСЕЛЕРДИН БИР БӨЛҮГҮН КУДАЙДЫН ПАДЫШАЧЫЛЫГЫНА СЕБҮҮНҮ ҮЙРӨТТҮ.**

Мага балык керек болсо, бирок, менде үрөн катары балык жок болсочу? Жооп: акча! Акча бартердик система экендигин унутпаңыз. Сиз жана мен күн сайын акчаны “атайбыз”. Биз аларды сүт, үй, кийим-кече, нан жана башка керектүү нерселер деп атайбыз. Акча биз муктаж болгон нерселер болуп калат. Ошентип, үрөн себүү менен, биз бул акчага ат бере алабыз. Балык себүү үчүн, дүкөнгө барып, балык сатып алуунун ордуна, биз жөн гана акчаны ушундай деп атасак болот. Бул сиздин тартууңуз үчүн иштейт, бирок, ондук үчүн эмес, анткени Кудай буга чейин эле ага ысым берип койгон. Ушул эле көбөйтүү мыйзамы Лукадан Жакшы Кабарда 5-бөлүмдө кандайча иштээрин көрөбүз.

> *Ыйса Генисарет көлүнүн жээгинде турган эле. Кудайдын сөзүн угуш үчүн, Анын жанына эл үйүлүп калды. Ал көлдө турган эки кайыкты көрдү. Кайыктан түшкөн балыкчылар болсо торлорун жууп жатышкан. Эки кайыктын бири Шымондуку эле. Ыйса анын кайыгына түшүп, андан жээктен бир аз нарыраак сүзүп баруусун өтүндү. Анан Ал кайыкка отуруп алып, элди окута баштады. Ал сөзүн бүткөндөн кийин, Шымонго: «Көлдүн терең жерине сүзүп барып, торлоруңарды салгыла», – деди. Шымон Ага: «Устат, биз түнү бою эмгектенип, эч нерсе кармай алган жокпуз. Бирок Сен айтып жаткан соң, торду салайын», – деди. Алар торду салып, абдан көп балык кармашты. Балыктын көптүгүнөн тор айрыла баштады. Ошондо алар кол булгап, экинчи кайыктагы жолдошторун жардамга чакырышты. Алар келип, балыктарды салышканда, эки кайык тең толуп калды. Кайыктар чөгө баштады.*
>
> – Лука 5:1-7

Руханий изилдөөчүлөр катары, ушул окуяны кылдат карап чыгалы. Бул балык кантип пайда болгон? Силер аны көрдүңөрбү?

Ыйса жээкте жүрүп, кайыкты көрүп, элге насаат айткысы келет. Ал кайыктын ээси Петирден кайыкты колдонсо болобу деп сурайт жана Петир макул болот. Кандай болгон күндө дагы, кайык колдонулбай калды, алар түнү бою балык уулап, эч нерсе кармашкан жок. Ыйса кайыкта насаат айткандан кийин, Петирге артка кайтып барып, торду тереңдикке ыргыткыла дейт. Бул өтүнүч Петирдин таң калуусун жаратканын билем: «Ыйса, биз түнү бою иштеп, эч нерсе кармаган жокпуз», - деп жооп бергенинен улам, бул күтүлбөгөн жерден болгонуна ишенип турам. Петир кесипкөй балык кармоочу болгон жана балык кармоону билген. Ал тажрыйбасына таянып, ал балыктар жөн эле жок экендигин билген. Табигый мааниде алганда, ал жакка такыр эле баруунун кажети жок болчу. Алар буга чейин шаймандарын чечип, торлорду тазалап бүтүшкөн.

Менин оюмча, Петир эч качан болуп көрбөгөндөй таасирленип Ыйсанын бир саатка созулган насаатын укпаганда, буга макул болмок эмес. Ошондуктан ал: «Бирок, Сен ушуну айтып жатканыңдан кийин, мен торду ыргытам» дейт. Петир кайтып келип, ушунча көп балык кармашты, ошондуктан торлор үзүлүп, кеме чөгүп бара жатыптыр. Үмүтү үзүлүп, дагы деле болсо жээктеги өнөктөштөрүнө жардам сурап кыйкырды, бирок, алардын да торлору үзүлүп, кеме чөгүп бара жатты. Ыйык Китепте Петирдин таасирленүүсү сүрөттөлөт: ал аябай таң калды!

Бул кандайча болду? Кандайдыр бир ачкычтар барбы? Аларды тааный алабызбы? Кыскасы, бул биримдиктин күчүнүн принциби, биз жогоруда айткан Падышачылык менен болгон келишим. Петир Ыйсага өзүнүн балык уулоочу кемесин колдонууга уруксат бергенде, кайык дагы, анын иши дагы падышачылыкты өзгөрттү. Бизнес каргышка калган жер системасынын карамагынан чыгып, Кудайдын Падышачылыгынын карамагына кирген. Ошондой эле, ал Кудайдын Падышачылыгынын карамагына өткөндө, Кудай билим сөзүн жарыялоого жана Ыйсага балыктардын так

жайгашкан жерин көрсөтүүгө укуктуу болгон: «Тереңдикке сүз» деген.

Келгиле, ушул окуяны талдап көрөлү. Ыйса Петирге балык кармоочу кайыкты убактылуу пайдаланууга берди, ал болсо эми эле узун түндү жемишсиз балык уулоо менен аяктаган. Ушул алмашуу аркылуу кеме Кудайдын Падышачылыгынын карамагына өткөрүлөт. Ыйса Ыйык Рухтун жардамы менен балыктардын так жайгашкан жерин билет. Ыйса Петирдин кайыгын ушул жерге багыттайт жана ал түзмө-түз балыктарга толгон. Ошентип, балыктар кандайча кармалган? Жөнөкөй сөз менен айтканда: Асмандан келген түз оозеки көрсөтмөлөр аркылуу. Чынын айталы, балык кайда экендигин билсе, аны ар ким эле кармай алат. Менин азыр айтканым жөнүндө ойлонуп көрсөңөр. Кудай бардыгын билет, Ал силерге жардам берип, эмне кылуу керектигин айта алат.

Дренда экөөбүз кыйроого учурап, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө жаңыдан билип баштаганда, Кудай мага түш берип, бизнес баштоону айткан, мен аны кантип баштоону таптакыр билбейм. Бул бизнес дагы деле иштеп жатат; 28 жылдан кийин ал жылына жүз миңдеген доллар таза киреше алып келет. Ушул 28 жылдын ичинде, ал мага адамдарга кызмат кылуу жана жардам берүү үчүн миллиондогон үрөндөрдү себүүгө мүмкүнчүлүк берди. Кантип? Мен Асмандын сөзүн уктум, силер дагы уга аласыңар! Мен силерге бир мисал келтирейин.

Бир нече жыл мурун мен Кудайдын Падышалыгы боюнча беш күндүк конференция өткөрдүм. Экинчи күндүн аягында Крис аттуу адам келип, менин ал үчүн сыйынышымды өтүндү. Мен андан сыйынуу жардамына муктаж болгон жерди сурадым. Андан кийин ал мага өзүнүн таржымалын айтып берди. Ал алардын бизнес акчасын чачкан адам менен бизнес жүргүзүп, бизнестин төмөндөшүнө алып келген. Крис төртүнчү жолу үйлөнүп,

никедеги иштери да жаман болуп жатты, ал болсо болгону кырк гана жашта болчу. Анын айтымында, ушунчалык депрессияга кабылгандыктан, октолгон тапанчаны алып, аймакты кыдырып жүрүп, акыры өзүн-өзү өлтүрүү максатында май куюучу жабык жайга токтогон.

Түнкү саат үчтөр чамасында, ал октолгон тапанча менен ошол жерге отурганда, уюлдук телефону шыңгырап калат. Ал номурду дароо тааныды. Бул анын мурунку өнөктөшү болгон. Ал, албетте, аны менен сүйлөшкүсү келген жок, андыктан чалуууга жооп берген жок. Телефон кайра-кайра чырылдады. Чындыгында, ал Крис акыры жооп берүүнү чечкенде, ал он бир жолу чалды. Мурунку өнөктөшүнүн оозунан чыккан биринчи эле сөз: «Кайдасың, эмне кылып жүрөсүң?» деген сөз болду. Крис ага жооп бергенде, мурунку өнөктөшү: “Кыймылдаба! Мен дароо азыр келем!» деди. Көрүнүп тургандай, мурунку өнөктөшү Кудайга өмүрүн арнап, аны Крис менен бөлүшкүсү келген. Таң калыштуусу, ал Кристи түнкү саат үчтө тезинен табыш керек деп ойлоп, Крис жооп бербегендиктен, ал чала берген.

Кристин өнөктөшү келгенде, ал аны Теңирибизге алып барды жана Кристин жашоосу түп-тамырынан бери өзгөрүлдү. Баары жакшыра баштады. Ал жакшы жыйынды тапты. Анын никеси да жакшыра баштады. Кирешеден башкасынын бардыгы оңолуп жатты. Кристин жумушу жок болчу жана ал менден сыйынуумду суранды. Ошол конференциянын жүрүшүндө мен ушул китепте азыр айтып жаткан нерселерим жөнүндө: Кудайдын Падышачылыгы биз үчүн биздин колубуздан келбеген укмуштуу нерселерди жасай тургандыгы жөнүндө айтып бердим.

Крис Ыйык Рух бизди кандайча жетектеп, кандайча багыт жана ой жүгүртүү менен жардам бере алат деп ойлонуп жатканда, күтүлбөгөн жерден бир ой пайда болду. Анын чындыгында каржылык мүмкүнчүлүктөрү көп болгон эмес. Бирок, ал мыкты

быштак жасоону билген. Ал ден-соолукка пайдалуу тамак принциби менен бышырган, чындыгында эле ал буга чейин татып көргөн эң мыкты сыркейк болгон. Чындыгында, Крис досторунун арасында дүйнөдөгү эң мыкты быштактарды жасагандыгы менен белгилүү болгон. Ал ден-соолукка пайдалуу азык-түлүк дүкөнүнө бир нече жолу барып, алардын бышырылган тамактарын сынап көргөн, бирок, анын бир нерсеси жетишпей жаткандыгын түшүнгөн. Кристин мүмкүнчүлүктөрү бир аз бар болчу, бирок, кийин ал быштактарды сатуу мүмкүнчүлүгү болгонун сезди. Эгер ал өзүнүн быштактарынын бирин ушул ден-соолукка керектүү азык-түлүк дүкөнүнө алып барса, алар аны сынап көрүшсө, алар сатууну каалашаарына толук ишенген. Крис жасаган быштак, алардын өзүлөрүнүкүнө караганда жакшы сатыларына ишенген. Ошентип, ал так ушундай кылды: быштак жасап алып, эч кандай эскертүүсүз ден-соолукка кам көргөн азык-түлүк дүкөнүнө алып барды. Укмуштай кокустуктан, ден-соолукка кам көргөн азык-түлүк тармагынын башкаруучу директору Крис кирип бара жатканда ошол дүкөнгө келди. Директор быштакты байкап көрүүгө макул болуп, андан кийин өз оюн айтты.

Жолугушуудан кийин бир күнү кечинде Крис мени менен сүйлөшүү үчүн сахнага түшүп келди. Ал мага эмне кылганын айтып, ден-соолукка пайдалуу азык-түлүк дүкөнү менен түзүлгөн келишим жөнүндө дагы бир жолу сыйынышымды өтүндү. Ошентип, эртеси Крис дагы келди - сен аны көрүшүң керек эле, ал аябай толкунданды! Анын айтымында, башкаруучу директор андан быштак жасап көрүүнү суранган, бирок, ал суранган дүкөн үчүн гана эмес, алардын тизмегиндеги бардык дүкөндөр үчүн жасоосун суранган. Ал дагы Криске дагы эмне тамак жасай аласың деп сурады. Крис таң калды! Конференциянын акыркы түнү ошол башкаруучу жолугушууга келип, алдыга чыгып, жүрөгүн Теңирге арнап, Ыйык Рухта чөмүлтүлгөнү таң калыштуу болду. Эки жумадан кийин, мен андан кат алдым, ал өз кезегинде Кудайдын

Падышачылыгына сепкиси келерлиги жөнүндө айтты. Ал өзүнүн компаниясынын капиталынын он пайызын биздин Faith Life Now кызматына бөлүп берди. Бул укмуш! Кудай бир идеяны алып туруп, жоктон бардыгын жасай алат.

10 – бөлүм

# ТЕРДЕБЕШ КЕРЕК, ЖЫЙНАШ КЕРЕК!

Жайдагы узак жүгүрүүдөн кийинки жылкыларды көрдүңөр беле? Алар тер менен капталган, мындай самындуу терди (аны көбүк деп да аташат) көрүп, ат жакшы иштеди деп айтууга болот. Мага «Гэри, сен эмне, менин иштебешим керек деп жатасыңбы?!» деген суроону дайыма берип турушат. Жок, мен муну айткан жокмун, ошондой эле, Кудайдын Сөзүндө да ал жөнүндө айтылган эмес. Бирок, алар менен силердин иштөө ыкмаңарда чоң айырмачылык бар. Мисалы, Петир менен анын шериктеринин эки кайыкты сууга чөгүп кеткенге чейин балыкка толтурган окуясын алалы. Алар түнү бою балык кармаганга аракет кылышкан, бирок, натыйжа болгон жок. Ошондо Ыйса пайда болуп, билим сөзүн колдонуп, аларга балыктардын кайда экендигин көрсөттү. Ошол учурда алар дагы иштешти, бирок, ал буга чейин таптакыр башка эмгек болгон. Бул балыктардын бардыгын кайыкка тартып жатканда, алар албетте көп иштешти. Бирок, алар балык кармашты беле?

Мен буга чейин силерге айтып өткөндөй, мергенчиликке барганда, кырк мүнөттө кийикти алам. Бирок, мен аңчылык кылып

жатамбы? Башкача айтканда, сиз балыктын кайда экендигин билсеңиз, анда ал балык уулоого жатабы? Эгер мен кийик алаарымды билсем, анда аңчылык кыламбы? Сиз муну айырмалай билишиңиз үчүн гана айтып жатам. Ооба, мен эмгектенип жатам, бирок, аны түнү бою жасаган жокмун, жада калса майнап чыккан жок. Биринчиден, жашоого керектүү нерселердин бардыгына ээ болуп, Кудайдын Падышачылыгы үчүн иштеп, Атамдын иши жана алдыга койгон максаттарымдын аткарылышы үчүн кам көрө алам.

**Мен муну түшүм жыйноо деп атайм.**

Матай 17: 27де Петир Ыйсага салыкты кантип төлөөнү сурап келгенде, Ыйса мындай деди:

> *“Бирок, салык жыйноочулар кыжырланбашы үчүн, көлгө барып, кайырмак сал. Кармаган биринчи балыгыңды тартып алып, оозун ачсаң, статирди көрөсүң. Аны алып, экөөбүз үчүн берип кой», – деди.*
>
> – Матай 17:27

Байкасаңар, Ыйса: «Эми, Петир, биз салык төлөшүбүз керек. Мен сага мына мындай деп айтам: “Шааргa үч айга барып, акча тап, андан кийин биз үчүн салык төлөгөндө, командага кайтып кел”. Жок, Ыйса муну айткан жок. Эмнеге? Себеби, анда Петир кызматын таштап, акча издеп чуркап, каргышка калган дүйнөдөгү ой жүгүртүү тутумуна кайтып келиши керек болчу. Тескерисинче, Ыйса Кудайдын Падышачылыгы кандай иштээрин жана ушул жердеги чындыкта биз кандай иш-аракет кылышыбыз керектигин көрсөттү. Петирге берген жооп - бул силерге да берилген жооп. Ыйса Петирге анын камын көргөн жерин көрсөтүп, аны кандай ыкма менен алуу керектигин ачып берди жана ал так эмнени издей тургандыгын көрсөттү. Петирге барып, аны алуу гана керек болчу.

Эгер Ыйсанын шакирттерин карап көрө турган болсок, алар

Кудайдын Падышачылыгы иш-аракет кылып жатканын көрүп, ар дайым таң калышып, оозуларын ачып калышкан. Ыйык Китепте Ыйса сөздөрү менен анжыр дарагын кургатканда, Петирдин аябай таң калгандыгы айтылат. Төрт күндөн бери өлүп жаткан Лазар мүрзөдөн чыкканда, шакирттери да таң калышты. Петир, Жакып жана Жакан ушунча көп балык кармаганда, таң калышты. Дренда экөөбүз да таң калып оозубуз ачылып, акыркы жылдары бири-бирибизге тынымсыз: «Муну көрдүңбү?» – деп, Кудайдын Падышачылыгы кандай иштээрин көбүрөөк моюнга алуудабыз. Силдердин батаңарды Ыйык Рухтун жардамы менен чогултуу жөнүндө айта турган болсок, мен силерге Матайдан Жакшы Кабардын 6-бөлүмүн көрсөтүшүм керек. Менин Библиямда бул үзүндү «Тынчсызданба!» деген теманын астында турат. Ал мага абдан жагат.

> ***Эч ким эки кожоюнга кул боло албайт. Бирин жаман көрүп, бирин жакшы көрөт; бирине жан-дили менен берилип, экинчисин барк албайт. Бир эле учурда Кудайга да, байлыкка да кызмат кыла албайсыңар.*** *Ошондуктан силерге айтарым: “Эмне ичип, эмне жейбиз?” – деп, жаныңар үчүн; “Эмне киебиз?” – деп, денеңер үчүн түйшүк тартпагыла. Тамакка караганда жан, кийимге караганда дене кымбат эмеспи! Асмандагы канаттууларды карагылачы! Алар эгин экпейт, оруп-жыйбайт, кампага жыйнабайт, бирок Асмандагы Атаңар аларды азыктандырат. Алардан силер канча эсе артыксыңар! Кимиңер түйшүк тартуу менен боюңарды бир чыканак өстүрө аласыңар?Кийим үчүн эмнеге түйшүк тартасыңар? Талаадагы лилия гүлдөрүнүн кантип өсүп жатканын карагылачы! Алар эмгектенбейт, жип ийрибейт. Бирок силерге айтып коёюн, атүгүл, атак-даңктуу Сулайман да булардын бириндей кийинген эмес. Бүгүн талаада өсүп турган, эртең болсо отко ыргытыла турган чөптү*

*Кудай ушундай кийиндирсе, силерди алардан артык кийиндирбейби, ишеними аздар! Ошондуктан: "Эмне жейбиз, эмне ичебиз?" же "Эмне киебиз?" – деп түйшүк тартпагыла. Анткени бутпарастар булардын баары үчүн түйшүк тартышат. Ал эми силердин ушунун баарына муктаж экениңерди асмандагы Атаңар билет. Баарынан мурда Кудайдын Падышачылыгын жана адилеттигин издегиле, ошондо мунун баары силерге кошулуп берилет. Ошондуктан эртеңки күн үчүн түйшүк тартпагыла. Эртеңки күн өзү үчүн өзү түйшүк тартат. Ар бир күндүн өз түйшүгү өзүнө жетиштүү.*

– Матай 6:24-34

Ыйса эки кожоюнга кызмат кыла албайсыңар дейт. Силер мүмкүн деп ойлойсуңар, бирок, андай эмес. Силер бирөөнү, бирөөнү гана сүйөсүңөр. Мен анын кайсынысы экендигин айтам: муктаждыктарыңарды камсыз кылууну тапшырганды. Эски ферма үйүндө Теңир мага сүйлөп жатканда, Анын Падышачылыгы кандай иштээрин билүүгө убакыт бөлбөгөдүгүм жана билүүгө аракеттенбегендигим тууралуу айтып, муну менен Ал чындыгында менин Кожоюнум Ал эмес экендигин көрсөттү. Мен үчүн, Ал менин толугу менен ишенгеним жана кызмат кылганым болгон эмес. Оо, албетте, мен жыйынга бардым, кең пейил адаммын, Кудайды сүйчүмүн жана бейишке бара турганымды билчүмүн. Бирок, мен эч качан Кудайдын каржы тутумун жана Анын Падышачылыгы иштеп жаткан принциптерди изилдөөгө убакыт бөлгөн эмесмин.

*Анткени байлыгыңар кайсы жерде болсо, жүрөгүңөр да ошол жерде болот.*

– Лука 12:34

Аны жай окугула: «*Анткени байлыгыңар кайсы жерде болсо, жүрөгүңөр да ошол жерде болот".* Сенин байлыгың кайда болсо,

анда сенин жүрөгүң дагы ошол жерде болот». Көпчүлүк адамдар ушул сөз айкаштарын алмаштырып: «Жүрөгүң кайсы жерде турган болсо, байлыгың да ошол жерде болот» деп айтканды жакшы көрүшөт. Бирок, бул ал жерде айтылгандар жана иштегендер эмес. Адамдар бул деген, демек жекшемби күнү эртең менен Кудайды сүйө алабыз жана байлыгыбыз ошол жерде болот деп ойлошот. ТУУРА ЭМЕС! Силердин байлыгыңар силер муктаж болгон нерселерди камсыз кылуу үчүн ишенген тутумда.

Ыйса бизде баары тескери алмашылып калган дейт! Кудай биздин жашообузда биринчи акча эмес, Ал болушун каалайт. Эгер акча - биздин байлыгыбыз болсо, анда ал биздин убактыбызды, артыкчылыктарыбызды жана берилгендигибизди талап кылып, биринчи орунда туруп калат. Салык төлөй турган маалда Петир кызматын таштап, акча табуу үчүн сыртка чыкпаганынын себеби ушул. Ошондуктан да, Кудай бизге «тердегенди эмес, жыйнаганды» үйрөтүшү керек. Ыйса бизге Кудайдын Падышачылыгынын жолдорун, бизди камсыздоосуна Ага кантип ишенүүгө болорун жана ошону менен бирге эле Кудайды чын жүрөктөн сүйүү үчүн, жүрөктөрдү бошотуу керектигине үйрөтүшү керек! Ыйса: *«Жан тамактан, дене кийимден артык эмеспи?»* деп айткан. Анын айтымында, жашоо - бул бир нерсеге ээ болуу эмес. Жашоонун максаты - силерге жана силердин жердеги миссияңарга кызмат кылуу.

**ЭГЕР АКЧА - БИЗДИН БАЙЛЫГЫБЫЗ БОЛСО, АНДА АЛ БИЗДИН УБАКТЫБЫЗДЫ, АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫБЫЗДЫ ЖАНА БЕРИЛГЕНДИГИБИЗДИ ТАЛАП КЫЛЫП, БИРИНЧИ ОРУНДА ТУРУП КАЛАТ.**

Ошол эле учурда, биз эмнени көрөбүз? Көпчүлүк адамдар материалдык нерселерге кызмат кылуу менен, чуркап эле жүрүшөт. Алар ипотекалык насыяны, автоунаа насыясын, эсептерин төлөөгө аракет кылып чуркап жүрүшөт. Ыйса бул жашоо

эмес дейт! Бирок, эми мага: «Карачы, Ыйса Өзү бир нерсеге ээ болуу – бул жаман эмес деп айтат» деген сөздөрдү жаадырбагыла. Жок, Ал муну айтып жаткан жок. 33-аятта Ал биринчи кезекте Кудайдын Падышачылыгын жана анын адилдигин издесеңер, анда мунун баары силердин жашооңорго кошуларын айткан. Маселе, көйгөйдү кайдан издөөдө эмес – маселе жүрөктө. Эгер Кудай биздин бир нерсеге ээ болушубузду каалабаса, анда Ыйса ошентип эле айтмак. Тескерисинче, эгерде биз Кудайдын жолуна ылайык жашасак, анда дүйнө эмне издесе, ошонун баары бизге кошуларын айткан.

Башкача айтканда, жашоо бир нерсеге кызмат кылууда эмес, тилекке каршы, адамдар так эле ушундай кылышат. Аларда башка жол жок, алар кулдар. Эки кожоюнга кызмат кыла албайсың, ал эми бир буюмдарга кызмат кылуу – бул жашоо эмес. Ыйса андан башка система - каржы дүйнөсү жана жашоо эркиндигин камсыз кылган жай бар экендигин түшүндүрдү. Ал Кудайдын Падышачылыгы деп аталат. Ыйса бизге Матайдан Жакшы Кабар 6-бөлүмдөгү Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү Анын окутуусундагы эки мисалды келтирген. Ал мындай дейт: «*Асмандагы канаттууларды карагылачы! Алар эгин экпейт, оруп-жыйбайт, кампага жыйнабайт, бирок Асмандагы Атаңар аларды азыктандырат. Алардан силер канча эсе артыксыңар!*» (26-аят.)

**Канаттуулардын курт багып өстүргөн чарбалары жок!**

Алар күнүмдүк муктаждыктарын камсыздоо милдетин өзүлөрүнө алышпайт. Жок, аларды Ата багат. Алар жөн гана күн сайын керектүү нерселерди чогултушу керек. Көрдүңөрбү? Алар өз өмүрлөрүн камсыз кылуу үчүн кайгыруу менен эмгектенип, маңдай терлерин төгүшпөйт. Алар чогултушат!

**Гүлдөр иштебейт жана токушпайт!**

> *Кийим үчүн эмнеге түйшүк тартасыңар? Талаадагы лилия гүлдөрүнүн кантип өсүп жатканын карагылачы!*

*Алар эмгектенбейт, жип ийрибейт. Бирок силерге айтып коёюн, атүгүл, атак-даңктуу Сулайман да булардын бириндей кийинген эмес.*

– 28, 29 - аяттар

Гүлдөр маңдай тер менен талыкпай эмгектенишкендиктен кийинишпейт. Жок, аларды Ата кийинтет. Ыйса силер менен бизге жооп берип сүйлөп жатат. Жашоонун дагы бир жолу бар - Кудайдын Падышачылыгынын жолу! Ал мындай дейт: *«Баарынан мурда Кудайдын Падышачылыгын жана Анын адилеттигин издегиле, ошондо мунун баары силерге кошулуп берилет»* (33-аят). «Кудайдын Падышачылыгын издөө» деген эмнени билдирет? Бул анын кандай иштээрин аныктоо дегенди билдирет! Аларга тиешелүү мыйзамдарды, Кудайдын системасы кандайча иштээрин билип алгыла!

Эгерде мен силерди учак менен мурда болуп көрбөгөн өлкөгө алып барсам, анда силердин биринчи милдетиңер ушул «падышачылыктын» кандайча иштээрин билүү болмок: алар кандайча тамактанат, кантип сатып алышат жана сатышат, алардын өлкөсү кандай мыйзамдар менен иштейт. Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө да ушуну айтууга болот. Жарандык артыкчылыктардан ырахат алуу үчүн анын кандай иштээрин билип алышыңар керек. Кудайдын Падышачылыгы кандайча иштээрин билбей жүрүп, канчалык көп нерсени колдон чыгарып жибергенимди өз тажрыйбамдан билем. Жооп жөнөкөй эле. Силерге каржылык төңкөрүш керек. Ыңкылаптын жүрүшүндө адамдар болуп турган башкаруу формасына каршы чыгып, жаңысын орнотушат. Силер дагы ушундай кылышыңар керек. Каргышка калган дүйнө түзүлүшүнүн эски эрежесин жокчулук жана үмүтсүздүгү менен кошо жок кылып, жаңы жашоо ыкмасынан - Кудайдын Падышачылыгында, жаңы мыйзамдар менен, муктаждыгы жок, бирок, чоң кубаныч менен ырахаттануунар керек!

11- бөлүм

# БАСКАНГА КАРАГАНДА УЧКАН ОҢОЙ!

Эгерде силер мурдагы мезгилде жашап, Нью-Йорктон Сан-Франциского барууну каалаcаңар, анда кеме менен сүзүп өтүшүңөр керек болчу. Панама каналы ачылганга чейин, бул жолду басып өтүү бир жылга созулуп, Түштүк Американы айланып өткөн. Кийинчерээк, Орегон жолу салынганда, бул сапар төрт айда аяктачу. Бүгүнкү күндө болсо, ал жерге төрт сааттын ичинде жетсе болот. Кандайча? Жаңы мыйзам - аэродинамика мыйзамынан пайдаланып. Бул мыйзам ар дайым бар болгон - канаттуулар аны күн сайын колдонушкан, бирок, адамдар аны түшүнүшкөн эмес. Аэродинамиканын табигый мыйзамы сыяктуу эле, көпчүлүк машайакчылар Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамдары жөнүндө билишпейт, бирок, алар жөнүндө өмүр бою окуп келишет. Кудайдын Падышачылыгы ушул жерде, ал силердин ичиңерде жана анын артыкчылыктарынан пайдаланууга мыйзамдуу укугуңар бар. Аэродинамиканын мыйзамдары жаратылыш дүйнөсүндө тартылуу мыйзамын жокко чыгарбайт, алардан ашып түшөт. Башкача айтканда, силер учуу эрежелерине ылайык иш алып барып жаткан болсоңор, анда тартылуу күчү дагы деле болсо иштеп жатат. Төрт саат учуу кеменин бир жыл сүзүп барганына караганда алда канча

оңой экенине макул болушуңар керек! Ооба, анда тез ыкма менен байланышып, эски, жай ыкмаларды таштап салгыла.

Силер качандыр бир кезде монарх көпөлөктү көрдүңөр беле? Күзүндө бизде Огайо штатында кыш мезгилинде кыштоо үчүн, ушундай жүздөгөн көпөлөктөрдүн түштүккө учуп кетип бартканын көрө аласыңар. Алар Мексикага учуп кетишет, жол болсо эки миң чакырымга жакын. Бирок, бул жерде таң калыштуу болгон нерсе: бул көпөлөктөр буга чейин ал жакта болгон эмес! Алар кайда жана качан учарын кайдан билишет? Эгер Кудай монарх көпөлөктүн аман калышын камсыз кылган болсо, анда Анын силер үчүн да жолдору бар. Көпөлөк муну кантип жасайт?

Бул метаморфоз деп аталат. Бул сөздүн уңгусу – морф -, ал «өзгөрүү» дегенди билдирет. Көпчүлүк адамдар монархтар өз жашоосун көпөлөк болуп баштабай тургандыгын билишет. Жок, алар өз жолун курт катары башташат. Алар курт фазасында жүргөндө, эйфорбия деп аталган өсүмдүктө жашашат жана акыры, жашоосунда чоң өзгөрүүлөргө жеткенге чейин өсүшөт. Белгилүү бир өлчөмгө чейин өсүп, курт 7 - 15 күндүн аралыгында катылып тура турган куурчакчаны түзө башташат. Андан кийин куурчакчадан көпөлөк пайда болот, ал курт фазасында кандай жүргөнүнөн такыр башкача көрүнөт жана өзүн алып жүрөт. Ал жашоонун жана калыптануунун таптакыр жаңы деңгээлинде жашай баштайт. Ал учат! Бир гана куурчакчанын ичинде чектелип калбай, ал эми каалаган жагына учуп кете алат. Ал сулуу, анын жаратылышта эч жерде кездешпеген ырайымы жана сулуулугу бар.

Бирок, ал ээ болгон эң бир укмуштуудай чеберчилик – бул жагымсыздыктардан учуп кетип, кутула билүү. Көрдүңөрбү, монарх көпөлөгү башкалар үчүн нормалдуу сезилген түндүк климаттык шартта болгон сууктагы кыш мезгилдерине чыдай алмак эмес. Ал өлүп калмак. Бирок, Кудай бул жандыктын эки миң чакырым аралыкты басып, учуп өтүп, көпөлөк мурда болуп көрбөгөн жерге учуп кетишине жол ачкан. Ал бул жолду кайдан

билет? Ал аны кантип жасайт? Метаморфоза. Ыйык Китепте баяндалгандай, силер да, монарх көпөлөктөй болуп, эмне кылууну билбей калган учурларда дагы, ошол эле процессти колдонуп, көйгөйлүү кырдаалдардан учуп өтө аласыңар.

Менин досум Стив бир күнү кечинде унаасы менен үйүнө келе жатып, кийикти сүзүп кетет. Унаа калыбына келтирүүгө болбой тургандай болуп талкаланып калат. Тилекке каршы, алардын үй-бүлөлүк унаасы катары калган жалгыз унаанын да бир жумадан кийин кыймылдаткычы учуп кетет. Стивдин камсыздандыруу компаниясы аларга унаа жоготконуна байланыштуу эки жумага бекер унаа берди, бирок, үй-бүлөлүк унаа эч кандай камсыздандырууга же компенсацияга ылайык келген жок. Стив менен Карен эмне кылышты билбей турушту. Стив соода иши менен алектенип, күнүгө кечинде келишим түзүүгө чыгып жүргөндүктөн, анын бизнеси унаанын болушун талап кылган.

Алар Кудай алардын жообу болгонун билиши үчүн, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү окуу менен бир топ убакыттан бери эле таанышып келишкен. Ошол учурда алардын автоунааларды алмаштырганга акчалары жок болчу. Ошондуктан, алар Кудай жана анын Падышачылыгы алардын жалгыз үмүтү экендигин билишкен. Эки жумалык акысыз ижара тез арада аяктады, бирок, дагы деле болсо жооп болгон жок. Таң калыштуусу, Стив ижарага алган унааны кайтарып берерден мурунку түнү ага бир адам телефон чалып, белек кылайын деп жаткан унаасы бар экендигин айткан. Ал Стивдин биздин жыйынга барарын билгендиктен, ал жыйында унаага муктаж болгон үй-бүлөнү билесиңби деп так эле анын өзүнө чалып сураптыр. Стив өзүнүн абалын тез түшүндүрүп, өзү жана үй-бүлөсү үчүн ушул машинени алып берсе, аябай ыраазы болорун айтты. Абдан сонун болду, бирок, Стивдин алты баласы бар эле, бир кичинекей унаа алар үчүн дагы деле жетишсиз болчу. Бирок, бул унаанын пайда болушу аларды аябай шыктандырды.

Кийинки жекшембиде Стив менен Карен жыйында

менин жаныма келишип, алардын кийинки машинеси үчүн сыйынышымды өтүнүштү. Карен: «Пастор, биз Хонда Одиссейди ишеним менен аларыбызды билебиз, биз үрөн сепкибиз келет жана сенин биз менен чогуу макулдашууда сыйынууда болушуңду суранабыз» деди. Мен: «албетте» деп жооп бердим. Ошентип, биз сыйындык. Азыр канча убакыт өткөнү такыр эсимде жок, анча деле көп эмес, балким үч-төрт жума, бир күнү алардын үйүнүн жанына келип токтодук. Биз аларга барганыбызда ашканага киргенде, муздаткычтын эшигинде Хонда Одиссейдин сүрөтүн көрдүк. Карен муздаткычты ачкан сайын, колун сүрөткө коюп, машина үчүн Кудайга ыраазычылыгын билдирди.

Болжол менен бир жумадан кийин катчым мага телефон чалып: “Пастор, бүгүн бизге кызыктуу чалуу болду. Ал чалган киши өзүнүн унаасын жыйынга бергиси келет «деди. Ошол учурда Карен менен Стивдин жаңы унаага ишенээрин же кандай унаа каалаарын эч ким билген эмес. Ошондуктан, мен катчыдан:

- Кандай унаа?- деп сурадым.

- Хонда Одиссея, - деди ал.

- Анан ал кандай абалда экен?

Анын айтымында, ал киши унаанын абалы мыкты, эч кандай чийилген жери жок, болгону 70 миң чакырым аралыкты басып өткөн деп айткан. Мен бул унаа кимге арналганын билем деп жооп бердим. Мен Дрендага баарын айтып, андан Каренге чалышын сурандым. Телефон чалып, Дренда Каренден жаңы унаа менен эмне болуп жатканына кызыгып, бул маселеде кандайдыр бир ийгиликтер барбы деп сурады. Карендин биринчи сөзү: «Ооба, мен жоопту алаарыма дагы бир күн жакын калдым!» деген болду. Дренда: “Билесиңби, сен ойлогондон дагы жакыныраак. Келгиле да, аны алып кеткиле»,- деди.

Мен ушундай окуяларды аябай жакшы көрөм, силерчи? Окуя Стив менен Карендин Падышачылыкта биздин камсыздообуз камтылгандыгы тууралуу көбүрөөк ишенип калышканынан

кийин уланат. Ошол эле мезгилде, Стив менен Карен үй курууну каалашкан. Алар бир нече жыл бою үйдү ижарага алып жашашкан жана өзүлөрүнүн жеке менчик үйү болгонго убакыт келгендигин сезишкен, бирок, алгачкы төлөм үчүн алардын акчасы жок болчу.

Алар жер алуу маселеси менен кайрылып, сансыз банктардан өтүшкөн, бирок, бардык жерде эле бир нерсе талап кылынган - 50 пайыз алдын ала төлөө. Ошол учурда алардын жаш үй-бүлөсүнүн жашоосунда мындай акча жөн эле жеткиликсиз болду. Карен капа болуп, мени менен ал жөнүндө сүйлөштү. Биз Кудай аларга жол берет деген ишеним менен макулдашканбыз. Ошентип, алар ар кайсы жерди жана үйлөрдү карай беришти.

Жер тилкелеринин бири алардын көңүлүн бурду. Ал так ошол алар үй курууну каалаган аймакта болгон жана 55 сотых, 55000 долларга бааланган. Бирок, кайра эле алгачкы төлөм үчүн аларда акча жок болчу. Бирок, мен алардан эки сааттык аралыкта жайгашкан алыскы банктын кыймылсыз мүлк ээсинин үлүшүн жер үчүн аванс катары кабыл алып жаткандыгы жөнүндө уктум. Бул жерди сатып алуу үчүн, өтө адаттан тышкаркы нерсе болгон. Мен бул жөнүндө Стив менен Каренге айткам, алар банкта жолугуушууга макулдашышты. Жер 100 миң долларга бааланып, аларга эч кандай алдын-ала төлөө талап кылынбагандыгын айтышкан. Ошентип, алар бул жерди сатып алышты жана айылдын кооз жерине, эч кандай алгачкы төлөмсүз эле сонун үй курушту. Стив менен Карен бүгүнкү күнгө чейин, Дренда

**БИЗ КӨП УЧУРДА КЕЛЕЧЕГИБИЗДИ МҮМКҮН БОЛГОН НЕРСЕЛЕР АРКЫЛУУ ӨЛЧӨӨ МЕНЕН ЧЕКТЕЛЕБИЗ. БИРОК, КУДАЙДЫН СӨЗҮНӨ БИЗДИН ОЙ ЖҮГҮРТҮҮБҮЗДҮ ӨЗГӨРТҮҮГӨ МҮМКҮНЧҮЛҮК БЕРСЕК, ОШОНДО ГАНА КУДАЙ МЕНЕН БААРДЫГЫ МҮМКҮН БОЛОТ.**

экөөбүз сыяктуу эле, Кудайдын Падышачылыгынын бардык принциптерин сактап, гүлдөп-өсүп келе жатышат.

Менин жыйынымда мындай окуялар көп жана мен чын жүрөктөн силердин жашооңордо да ушундай окуялардын болушуну чыдамсыздык менен күтөм. Кудай биздин муктаждыктарыбызды канааттандыруу үчүн укмуштуу жана кээде таң калыштуу нерселерди жасай алат. Биз көп учурда келечегибизди мүмкүн болгон нерселер менен гана өлчөө менен чектелебиз. Бирок, Кудайдын Сөзүнө биздин ой жүгүртүүбүздү өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк берсек, ошондо гана Кудай менен баардыгы мүмкүн болот.

> *Бул дүйнөгө ылайыкташпагыла, тескерисинче, Кудайдын жакшы, Өзүнө жаккан жана жеткилең эрки эмне экендигин таанып билүү үчүн, акыл-оюңарды жаңылантып туруу аркылуу толугу менен өзгөрүлгүлө.*
>
> – РИМДИКТЕРГЕ 12:2

Биз, ишенгендер катары бул дүйнөгө ылайыкташпашыбыз керек. Пабыл бул жерде каргышка калган жердеги система жана дүйнө жашоосу, айрыкча биздин ой жүгүртүү жөнүндө сөз кылат. Көйнөктү кыйкымдардан тигип же чиймеге ылайык бир нерсе куруп көрдүңөр беле? Эгер ошондой болсо, натыйжа силерге жакпагандай болуп калса, ошол эле схемага ылайык, дагы бир жолу кайталасаңар эмне болот? Силер ушундай эле натыйжага ээ болосуңар. Ошондуктан, Пабыл бизди акыл-эсибиздин жаңылануусу менен өзгөрүшүбүз керектигин, башкача айтканда, жашоо мүнөзүбүздү өзгөртүүбүз керектигин айткан. Биз дүйнө ойлогондон башкача ойлонушубуз керек.

«Өзгөрүлүү» деген сөз - биз жакында эле сөз кылган *морф* дегендей эле сөз, бул «өзгөрүү» дегенди билдирет. Бизге метаморфоз керек! Биз Кудайдай ойлонушубуз керек. Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө ойлонушубуз керек. Кыштын суугунан

өлүп кала турган, чектелген курттардын позициясынан ой жүгүртүүнүн ордуна, таптакыр жаңы жашоо образы менен Кудайга ишенишибиз керек. Ошондо, ошондо гана биз бардык көйгөйлөрүбүздүн үстүнөн учуп өтүп, ар кандай кырдаалда Кудайга жаккан жана жеткилең эрки эмне экендигин түшүнө алабыз. Эгерде биз ой жүгүртүүдөгү өзгөрүлүүнү кабыл ала албасак, анда эски ой жүгүртүү дайыма бизге: “Жок, жок, мен муну жасай албайм. Жок, мен мунун кантип болоорун билбейм» деп айтып турат.

Кебетеси суук курт качандыр бир кезде ушундай ырайым жана артыкчылык менен учат деп ким ойлоптур? Куртту карап, эки миң чакырым аралыкты өтүү жөнүндө ойлонуп жатып, жөн гана башыңарды чайкап: «БУЛ МҮМКҮН ЭМЕС!» демексиңер. Бирок, Кудайдын Падышачылыгында бардыгы мүмкүн. Мага карагыла. Менин телекөрсөтүүдөгү программам башталганда, мени финансылык эксперт катары тааныштырышат. Кээде «курт болуп жүргөн” күндөрүмдү эстеп: «Бул укмуш!» деп коём.

Учуу жөнүндө айтсам ... Дренда экөөбүз Кудайдын Падышачылыгы кандай иштээрин изилдей баштаганда, мен учак алууну чечтим. Мен 19 жашымдан бери учкуч болуп иштейм жана ар дайым учактарды ижарага алып турам, бирок, алардын эч бирине ээ болгон эмесмин. Албетте, эмне үчүн экенин билесиңер: менде буга акча жок болчу. Ошондуктан, бир күн бул абал туура эмес деп чечтим, Кудайдын Падышачылыгы үчүн учак оор эмес. Эмне үчүн мен Кудайды өзүм үчүн мүмкүн деп ойлогондой чектедим? Ошентип, мен чек жазып, «Менин учагым үчүн» деген жазууну коюп, деталдарын сүрөттөдүм. Анан мунун баарына колумду коюп, Марк жазган Жакшы Кабарга ылайык, өзүм сыйынган учакты алган өңдүү ишеним менен жөнөттүм 11:24:

> *Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле, ошондо силерге берилет.*

Бир айга жетпей, мен доктурга күндөлүк текшерүүдөн өтүп койгону бардым, анан эч кандай себепсиз эле дарыгерим: «Учак сатып алгысы келгендерди билесиңби?»- деп калды. Мен аны таң калыштуу деп ойлодум. «Ал кандай самолет?» - деп сурадым. Мен сыйынганда так ушул самолетко сыйынганымды эстеп, таң калдым. Ошентип, мен аны кайдан көрө алаарымды сурасам, алар менин үйүмдөн анча алыс эмес жерде, биздин райондун аэропортунда экендигин айтты. Түшүндүрүп берүүгө уруксат эткиле. Менин үйүм округдун аэропортунун четинде жайгашкан. Ал жерге конгон ар бир учак так эле менин үйүмдүн үстүнөн учуп өтөт. Мен учактардын эртеден кечке келип-кетишин көрө алам жана учуп-конуу тилкеси менин үйүмдөн бир чакырым алыстыкта жайгашкандыктан, менде жөн гана учак болушу керек болчу!

Ошондуктан, мен өмүр бою учкан, ошондой эле инструктор учкуч болгон досума чалып, учакты көрүү үчүн мени менен келүүсүн сурандым. Биз учакты карап чыкканда, ал менин учагым экендигин билдим: мыкты экен! Бул менин эңсегеним болчу. Бирок, бир көйгөй бар болчу - мен буга чейин бир нече жылдар бою туш болуп келген көйгөй: ал үчүн менин акчам жок болчу. Сизде ушундай көйгөйлөр болгон жокпу? Бирок, бул жолу мен коркуп артка чегинген жокмун. Мен бул менин учагым экенин билчүмүн, бирок, Кудай мага акчаны кантип так бере тургандыгын билген эмесмин.

Бир-эки ай мурун, Дренда экөөбүз компаниябыз үчүн кеңсе бөлмөлөрүн издедик. Биз бул бизнес кайсы жерде болушу керектигин билгенбиз, бирок, ал аймакта сатыла турган эч нерсе жок болгондуктан, башка жакты издей баштадык. Биз сатып алууга даяр болгон бир-эки үйдү таптык, бирок, муну жасоонун кажети жоктугун рухтун күбөлөндүрүүсү менен сездик. Ыңгайлуу орун табабыз деген үмүт менен кеңсебиздин болушу керек болгон аймакка кайра кайттык. Ушул чечим тууралуу сурап сыйынганыбызда, бир күнү атам мага телефон чалып, мындай деди: “Мен сенин “бул Кудай” деп айтарыңды билем, бирок, биз апаң экөөбүз сүйлөшүп, өзүбүздүн имаратыбызды силердин

кеңсеңер кылып берүүнү чечтик”. Алар ээлик кылган имарат так ошол биз жаңы кеңсебизди табабыз деп үмүттөнгөн жерде эле. Мен таң калдым!

Анда эмне болгонун түшүнүү үчүн, менин атам ал кезде Кудайга ишенген эмес экендигин билишиңер керек. Кимдир бирөө Кудайды эскергенде, ал дайыма аябай ачууланып кетчү. Баары ушунчалык жаман болгондуктан, мен аны менен Кудай жөнүндө сүйлөшө албай койдум. Мен атүгүл, Машаяк жөнүндө ага кабар айтуу үчүн, Кудай кимдир бирөөнү жиберип койсо деп тиленчүмүн. Мен ага жете албай турганымды билдим. Бирок, менин атам бир нече жылдан кийин, 80 жашында куткарылды. Таң калыштуусу, ал биздин телекөрсөтүүбүздүн программасын көрүп жаткан маалда, Кудай жасаган бардык кереметтүү иштерин көрүп туруп, анан куткарылды. Ал жашоосунун акыркы үч жарым жылын өзгөрүлгөн адам катары өткөрүп, ар бир дем алыш күндөрү жыйынга барчу.

Бир жолу, жыйында чогулуш бүткөндөн кийин, мен фойеге чыгып, атам биздин жыйындын мүчөсү болгон жана көп жылдар бою тааныш болгон бир адам менен сүйлөшүп жаткандыгын көрдүм. Аларга жакындаганда, мен ал кишинин атамдан эмне үчүн жыйынга бара баштаганын сурап жатканын уктум. Атам түшүндүрүп айтып бере албай турган нерсени көп көрдүм деп жооп берди. Кудайга шүгүр! Бул так эле ушундай болушу керек.

Бирок биз, атам куткарылууну кабыл алганга чейин болгон кеңсе жөнүндөгү ошол телефондогу сүйлөшүүгө кайтып баралы. Дренда экөөбүз анын ал жерди бергенине аябай таң калдык. Албетте, биз анын Кудай экенин билип, атама телефондон жооп бере алабыз: «Ооба, ата, туура айтасыз, бул Кудай!»

Имаратты соода деңгээлине шайкеш келтирүү жана кеңсе катары колдонуу үчүн, аны оңдоп-түздөө керек болчу. Бул имаратты атам бизге бергенде, декабрь айы болчу, мен оңдоп-түздөөнү баштайын деп жазга чейин күтмөкмүн. Имарат кышка жабык болчу, аны эч ким колдончу эмес, атам сууну толугу менен өчүрүп салганын айтты.

**БИР КЕЗДЕ ЭПТЕП ТИРҮҮ КАЛУУ ЖАНА КОРКУУ МЕНЕН ЧЕКТЕЛГЕН МЕНИН ЖАШООМДУ ЭМИ КУДАЙДЫН ПАДЫШАЧЫЛЫГЫ ӨЗГӨРТТҮ. АНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА ТУТАШУУ МЕНЕН, МЕН ЧЕКСИЗ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРГӨ ТОЛГОН ЖАШООГО ЭЭ БОЛО АЛДЫМ.**

Ошентип, мен учакты көргөнгө чейин, кыш бою имарат турду. Ошол учурда агам мага чалып, ушул имаратка келишим керектигин айтты, анткени андан көчөгө суу агып жаткан экен. Эшикте күн жылып кетти, албетте менин атам адашыптыр: суу кышка өчүрүлгөн эмес экен. Мен унаа менен барсам, экинчи кабаттагы даараткандан суу бир нече күн, ал тургай, бир нече жума бою агып жаткандыгын көрдүм. Биринчи кабаттагы шыбактар сыйрылып түшкөн.

Бул окуя бир караганда жакшы эмес туюларын билем, бирок, сиз билбеген жана менин агам билбеген бир нерсе бар эле, мен буга чейин бүт имараттын шыбагын алып салып, сыртынан капталын алып салып жана эки жуманын ичинде толугу менен башкача пландаштыруу иштери башталышы керек болгон келишимге кол коюп койгон элем. Ошентип, суу ташкынынан келтирилген зыян эч кандай көйгөй жараткан жок, мунун баары кандай болгон күндө дагы, алынып салынышы керек эле. Бирок, буга кулак төшөгүлө: камсыздандыруу компаниясы зыяндын ордун толтуруу боюнча мага учакты сатып алууга жетиштүү болгондой өлчөмдө чек жазып берди!

Мен жаңы эле учакты жана кеңсемди алдым жана алардын баарын карызсыз жана ары-бери чуркоосуз эле алдымбы? Ооба, так ошондой! Эми мен ушул учак менен дыйканчылык талааларынын үстүнөн учуп жүрүп, бул учуулар - Кудайдын Падышачылыгы сыяктуу экенин эсиме салам. Анын иш-аракеттери жана мыйзамдары бизге башка бир өлчөмдө жашоого мүмкүнчүлүк берет. Бул курт жана көпөлөк сыяктуу: курт эч качан Мексикага

жетүү үчүн курт буттарын ылдамдата албайт. Бир кезде аман калуу жана коркуу менен чектелген менин жашоомду эми Кудайдын Падышачылыгы өзгөрттү. Анын мыйзамдарына туташуу менен, мен чексиз мүмкүнчүлүктөргө толгон жашоого ээ боло алдым.

Ушул китептин аяктап жатып, мен силерге бир аятты сунуш кылгым келет. Өмүрүңөрдө силер бул аятты бир эмес, бир нече жолу укканыңарга ишенем. Бирок, ал силер үчүн таптакыр жаңы мааниге ээ болот деп ойлойм.

> *Чарчап-чаалыккандар жана түйшүк тарткандар, баарыңар Мага келгиле, Мен силерге тынчтык берем. Менин моюнтуругумду алып, менден үйрөнгүлө, анткени Мен жоошмун жана момунмун. Ошондо жаныңарга тынчтык табасыңар. Анткени Менин моюнтуругум жакшы, жүгүм жеңил.*
>
> – Матай 11:28-30

Ыйса биздин моюнтуругубузду - бул каргышка калган жердеги түзүлүштөгү маңдай терибиз менен талыкпаган эмгекти алуу үчүн келди. Эми биз Анын жүгүн көтөрүп алышыбыз керек (бул аткарылды!) жаныбызга тынчтык табышыбыз (Жетинчи күн, чыныгы Ишемби).

Кудайдын Падышачылыгында жашоо жолун жолдоп, Потипардын кылганын жасоо менен, ьиз жашоодогу укмуштуу учурларды баштан өткөрө алабыз. Бүгүн Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамдарына ылайыкташып, анын баталары менен байланыша баштагыла. Каржылык төңкөрүштү жасап, эски жашоо образын, эски башкарууну, жакырчылыктын, оорунун жана үмүтсүздүктүн каргышка калган жердеги тутумун таштагыла. Эски курт издерин таштап, Ыйса бизге берген Падышачылыктын мыйзамдарын колдонуп уча башта. Сен ушул Падышалыктын жаранысың. Сенин мыйзамдуу укуктарың бар!

Эгер силерге бул китеп кызыктуу болуп көрүнүп, Кудайдын Падышачылыгынын шакирти болууну чечкен болсоңор, анда мен силерди GaryKeesee.com сайтына багыттайын. Ал жерден силерге жардам берүүчү жана Падышачылыктын жолуна багыт алган маалыматтардын китепканасын таба аласыңар. Ошондой эле, силерди атайын иш-чараларга жана окутуу семинарларына мүмкүнчүлүк ала турган Team Revolution.дин өнөктөшү боло аласыңар деп шыктандыргым келет.

Каржы жаатында жеңишке жетүү үчүн, руханий билим да, жердеги табигый билим дагы керек. Менин Forward Financial Group компаниям тарабынан иштелип чыккан карыздан кутулуу жана карызды калыбына келтирүүнүн акысыз планын алуу жөнүндө 1-800-815-0818 номерине чалгыла.

Пенсияңарды коргоо, эмгек акы алуу сыяктуу эле маанилүү, айрыкча каржылык баш аламандык болуп жаткан азыркы мезгилде өтө маанилүү. Менин компаниям адамдардын коопсуз инвестиция салуусуна жардам берүүгө багытталган. Акыркы 15 жылда кардарларыбыз салган 100 миллион доллардан ашык каражаттын өлкөбүздөгү каржылык башаламандыкта бир тыйыны дагы жоготулган жок. Консультация сыяктуу эле, чалуу да акысыз. Маалымат алуу үчүн 1-800-815-0818 номерине чалгыла.

Дренда экөөбүз жеке адамдарга жана үй-бүлөлөргө жашоодо жеңишке жетүүгө жардам берүүгө өзүбүздү арнаганбыз. Ошондуктан, менин аялым **«Дренда ТВ»** деп аталган теле. көрсөтүүнү чыгарат. Бул программа ар кандай курактагы аялдар үчүн үй-бүлөлүк жашоого жана илхамга багытталган. Көбүрөөк маалымат алуу үчүн, Drenda.com сайтына баш баккыла.

Акырында, Дренда экөөбүз силерден дүйнө жүзү боюнча жыйындарды жана пасторлорду колдоо жөнүндө ойлонушуңарды каалайбыз. «Н-3» евангелисттик долбоор аркылуу, биз жашообуздун практикалык жагында адамдарга

жардам берүү менен жүрөгүбүздүн каалоосун аткарабыз. “Н-3” долбоору жыл сайын дүйнө жүзү боюнча пасторлорго он миңдеген окуу материалдарын берет. Ошондой эле, биз ачка адамдарды багууга, көптөгөн өлкөлөрдөгү адам сатууну токтотуу үчүн аракеттенип жаткан кызматтарга колдоо көрсөтөбүз, балдар үйлөрүнө жардам беребиз, көптөгөн өлкөлөрдөгү пасторлорду каржылайбыз жана Огайодогу аялдардын кайрымдуулук үйүн камсыздандырабыз. Биздин максатыбыз - дүйнө жүзүндөгү адамдарга Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө билүүгө жардам берүү, аларга эркиндикте жашоону жана канааттануу жөндөмүн үйрөтүү, анткени биз үчүн Кудай ушуну каалайт.

Силер мага өзүмдүн укмуштуу окуяларым менен бөлүшүүгө уруксат бергениңер үчүн чоң ырахмат. Эми барып, Кудайдын Падышачылыгында өзүңөрдүн жекече укмуштуу окуяларыңарды түзгүлө.



**“Силердин каржылык төңкөрүшүңөр”**
**деп аталган сериядагы**
**Гэри Кисинин башка китептери**

Макулдашуунун күчү

Тынчтыктын күчү

Стратегиянын күчү

Камсыздоонун күчү

Марттыктын күчү

# СЕНИН КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШҮҢ

## МАКУЛДАШУУНУН КҮЧҮ

**Эгерде силер...**

**КАРЖЫЛЫК КӨЙГӨЙЛӨРДӨН ЧАРЧАГАН БОЛСОҢОР,**
**КАРЫЗДАРДАН КУТУЛГУҢАР КЕЛСЕ,**
**ЭМНЕДЕН БАШТООНУ БИЛБЕЙ ТУРСАҢАР,**
**ӨЗҮҢӨРДҮ БАЙКУШТАЙ СЕЗИП ЖАТСАҢАР,**
**бул китепти окуп чыккыла.**

Анын каржылык абалы тогуз жыл бою ушунчалык кейиштүү болгондугунун айынан, Гэри Киси эмоционалдык тири-укмуш нерселерди башынан өткөргөн кырдаалда болгон. Кредиторлордун чалуулары, бажы кызматынын доолору, соттук токтомдор жана уяка калуу сезими бул жашоонун ажырагыс бөлүгү болуп калган. Бирок, бир күнү мунун баары өзгөрүлдү – Кудай Гэри менен каржы тууралуу сүйлөшүп, ага жашоосун радикалдуу түрдө өзгөртө турган чындыкты ачып берди! Гэри карыздарынан кутулуп, көп миллиондогон кирешелерди алып келген компанияны ачты жана азыркы учурда Гэри “Акча маселесин чечүү” деген теле программасында өз жашоосундагы сабактар менен бөлүшөт. Ал күн сайын дүйнөнүн бардык жерлеринде көргөзүлөт. Гэри жекече жолугушууларды жана конференцияларды өткөрүү менен, дүйнө жүзү боюнча жүз миңдеген адамдарга ушул принциптерди үйрөтөт. Адамдар өз жашоолорунда ийгиликке жете турган көптөгөн принциптер бар экендигин ал билет. Бирок, эгерде ошолордун бирөөсү менен гана бөлүшүүгө туура келе турган болсо, анда, ал ушул китепте жазылган принцип болмок. Гэри каржылык төңкөрүшкө жана Кудайдын Падышачылыгынын принциптерине ылайык, силерди каржылык абалыңарды радикалдуу өзгөртүүгө чакырат.



**Гэри Киси** адамдарга өзгөчө ишеним, үй-бүлө жана каржылык жактан жардам бергиси келген автор, спикер, ишкер, каржылык эксперт жана пастор болуп эсептелет. Гэри жана анын аялы Дренда бир нече ийгиликтүү компанияларды түзүшкөн жана “Ишенимдеги азыркы жашоо” деген кызматтын негиздөөчүлөрү, алар “Акча маселесин чечүү” жана “Дренда” деген эки теле программаны эфирге чыгарышат, бүткүл дүйнө боюнча конференцияларды өткөрүшүп жана практикалык каражаттарды сунушташат. Кисилер ошондой эле, Огайо штатындагы Коламбус шаарынын жанындагы “Ишенимдеги жашоо” Жыйындарынын пасторлору болуп саналышат.

GKM GARY KEESEE MINISTRIES

garykeesee.com